Скрп.
Т-13

Жеңиш ТАГАЕВ



Кунназар баатыр

Жеңиш ТАГАЕВ

Кунназар баатыр

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. №50545

Ош, 2017-жыл.

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4

Тагаев Жеңиш:
Т 13 «Кунназар баатыр» Ош: 2017.- 480 бет

ISBN 978-9967-18-358-2

Автордун бул китебиндеги негизги каарман "Кунназар баатыр" өз убагында Мергендин үулу Мамырдын аскер башчысы болуу менен дене сакчысы да болгон. Ички жана тышкы дүшмандардан коргогон. Чачкын жайгашкан элдерди бир жерге бириктирип баш коштурган. Дыйканчылыкты төмөнкү чөлкөмдөрдөн алып келген адамдардын жардамы аркылуу үйрөткөн жана тегирмен курдурган. Темир иштете турган ишканаларды салдырган. Аскердик ар кандай машыгууларды өткөрүп, жер-жерлерге жөндөмдүү жаштарды башчылыкка дайындаган. Кокон хандыгынын сыранычы боюнча үч жолу элдерге зыянын тийгизген ач жолборсторду өлтүргөн. 156 жылдан кийин Кунназардын кош мүйүздүү канжары Үч-Теректин "Такталык" деген жеринен табылган. Кокон хандыгына бычактын курч мизиндей көрүнгөн бул адам эки жолу куугунтукталат. Жакын досу Осумбектин жардамы менен Кокон хандыгынын эшик агасы (Алымкул аталыктан) бүт күнөөлөрү кечирилип, Ачы, Акман элдерин 22 налогдун түрүнөн бошотот. Бул китеп эч кандай архивдик изилдөөсүз, элдик санжырачылардын айткандарынан баяндалган. Акман, Ачы элдеринин санжыралары берилди.

Абдрахманов Азат Асылбековичке
китепке көмөк көрсөткөндүгү үчүн терең ыраазычылык билдирем.
(Автор)

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4

Т 4702300100-17

ISBN 978-9967-18-358-2

© Ж.Тагаев, 2017.

Чаңкаганга булакмын,
Чарчаганга кубатмын.
Чыйрыкканга дабамын,
Чыр чыгарса суракмын.



Жеңиш Тагаев – 1947-жылы 17-августта Сузак районуна караштуу Чыны-Булак айылында туулган. Жогорку маалыматтуу. Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү.

"Бир жылда эки жаз келбейт", "Терезеден күлгөн ай", "Жаз коштогон ырлар", "Айылдаштар", "Нази", "Ален ырчы" китептеринин автору.

НИЭТ

Өтө мээримдүү Аллах тааланын аты менен, Кудай таалам ушул китепти окуган ар бир мусулман пендесине жакшылык жазган болсун!

«Сыйга сый, сыр аякка бал» дегендей ниеттин мөмөсү сооп алуу, күнөөгө батуу, сыйга татуу, андан куру жалак калуу, себеби амалды дурустап аткарып коюу менен эле пенде соопко ээ боло албайт. Ниет деген эмне?

Ниет – Аллах тааланын ыраазычылыгын табуу үчүн, кайсы бир аракет ишке, амалга карай жүрөктүн багыт алуусу. Ниеттен болгон негизги максат – ибадаттарды адаттардан айырмалоо. Ниеттин орду жүрөк, жүрөк менен айтылган ниет гана көңүлгө, этибарга алынат. Жүрөктөн чыккан ниетти тил менен айкалыштырып акылга жуурулушуп орношуусу үчүн тил менен айтып берүүнүн зыяны жок. Ар ким өзүнүн ниетине жараша жашоо кечирет. Амалдын кандай гана түрү болбосун, анда ниеттин орду бар, мааниге ээ. Дүйнөдөгү насибаңды унутпа. Дүйнө иши менен акырет иши туш келгенде, акырет ишин алдыга койсоң утуш сеники. Аллах таалам өзүңдүн буйругуң менен Ачы өрөөнүндө төрөлүп күн кечирген бир пендең тууралуу тырмак алды эмгегимди жазууга жол ачып бердиң, ыраазы бол. Пешенеме, тагдырыма кандай буйруктарды берип жаздырсаң өзүмдүн акыл-туюмума жараша кабыл алдым. Ашыкча апыртып, колуна кол улап, күчүнө күч кошуп ашыра албадым. Бала кезиндеги жүзүн ачыктай албай, бойго жеткенден кийин баатырдын жүзүн көрсөтө албай калсам, биринчи Алдах таалам өзүңдөн, экинчи баатырдан, үчүнчү келечек окуучуларыман кечирим сурайм: Пенденин алкоосуна татыктуу инсандардын катарына кошпой, өзүңдүн алкооңо ээ боло турган пенделериңдин катарына кош. Өзүңдүн алкооңо ээ болуп, эл арасына аба менен суудай сиңип кетсе, тагдырыма күн нурун, ай нурун тийгизген болоор элең. Рамалык атам менен апам намаз окуган адамдар эле. Атайын билими жок болсо да атам Тагай эсепчи, мал ферма, кой ферма башчысы болуп иштеп, Ачы элинде өзүнүн эмгеги менен айтылуу «Көк аты» деген ат ме-

нен эл оозунда айтылып калды. Апам 13 бала төрөп 12син үйлөп, турмушка чыгарды. «Баатыр эне» наамын алды. Атам да «Кызыл жылдыз» орденинин ээси болуп, баатыр наамына ээ болбосо да, өз кадыры-баркы менен өттү. Чоң атам Манас колунда бар, соодагер адам болгон экен. Эки жолу кулакка тартылыптыр.

Төртүнчү атам Молтой, анын атасы Атаке сопулар алдын-ала көрө билген олуя, жаачыл адамдар болгон экен дешет. Манастын экинчи аялынан Рахман деген уулу согушка кетип жок болуп кетти. Төкмө ырчы адам болгон экен. Азыркы учурда деле биздин уруубуздун адамдары комуз чертип, ырдай билишет, 2 сап ыр, 4 сап ырды ойлонбой уйкалыштырып аткара алышат. Каныбызда барбы, же Кудай тааланын кудурети көңүлүн бөлдүбү – мага 63 жашка чыкканда ыр өнөрүн тартуулады. Азыркы учурда 69 жаштамын. 4 китептин ээси болдум. «Бир жылда эки жаз келбейт», «Келечекти жүрөгүнө түнөткөн айылдаштарым», «Жаз коштогон ырлар», «Терезеден күлгөн ай» аттуу жыйнактар чыкты. 2014-жылы 18-майда Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзуна мүчө болдум. «Кунназар баатыр», «Ален ырчы» деген китептерди эл оозунан топтоштуруп өзүнчө көлөмдүү китеп кылып чыгардым.

Пайгамбарларыбыздын акыркы элчиси болгон Мухаммед пайгамбарыбызды (алайхис салам) Алла таала ардактоонун бардык жолу менен сыйлады. Бул заттын жашоосунун өтө кичине көрүнүштөрүнөн бери эн жогорку чеберчиликте көркөм сыпатталып, таасын айтылган. Пайгамбарыбыз Мухамеддин жашоосун чагылдырып берүү үчүн канчалаган ааламдар өмүрүн арнашкан. Бул аалымдар ушул илим жолун аркалагандарды мухадистер же хадис риваятчылар деп билишет.

Менин да пешенеме туш келген, Аллах тааланын буйругун жазуу өнөрүмдү Кунназар баатырга туш келтирип койгондугун мен үчүн эч кандай жаңылык катары көрбөй, жазууну ылайык көрдүм. Буйрутманы берген Алла таалам менин оюма келбеген жолдорду ачып, тийиштүү айтып берээр пенделерге туш келтирди. Сүйүндүрдү, күйүндүрдү, ыйлатты. Олжого тунсам сүйүнбөдүм. Жок болсо күйүнбөдүм. Аллах тааланын кыйноосуна оорусам да токтолбодум. Түн жарымында таңга маал, күндүзү

жаздырды аргам жок, баш ийип жаздым. Жазбай коюп тынч отурууга менде мүмкүнчүлүк жок эле. Аллах тааланын алдында кулу катары кызмат болуп, баш көтөрбөй иштедим. Бир жыл убакыттын ичинде Аллах тааланын шыбырын угуп калгандарымды кагаз бетине түшүрүп, китепче кылып алдыңыздарга тартуулап олтурам көңүл буруп окуп коюңуздар. Мендеги ыйык ниет – шарттуу түрдө бардыгыңыздарды 1820-жылдан 1891-жылга чейин Кунназар баатыр жашап өткөн доорго алып баруу болду. Ошол доордогу ата-бабаларыбыздын өңдөрүн көрүп баарлашсын дедим, кымызын ичип суусунуңуздар кансын дедим. Салт-санааларын, үрп-адаттарын билсин дедим. Биримдиктин күчү эмнеде экенин сезсин дедим. Ата-бабаларыбыздын жоомарттыгын көзүңүздөр менен көрсүн дедим. Сиздер ыраазы Аллах таала ыраазы. Өз доорунда Кунназар баатырды пир туткан Беш топ Бообек элинен чыккан чыгаандарды да сүрөттөп жаздым. Санжырасын колумдан келишинче бөлүштүрдүм, тактадым. Катасы болсо баатырдын атынан, өзүмдүн атыман кечирим сурайм. Акылым жетпеген окуяларды менден кийинки уул-кыздарым улаарына көзүм жетет. Айтылбай калган жабык эшик ичиндеги окуялар айтылып, адамзатты кубантыш максатында таза ниет кылып иш кылса, албетте, Аллах таала ага да эбегейсиз соопторду жазат. Курани каримде: «Ким пайгамбарга итаат кылып муюган болсо, ал Аллах таалага итаат кылып муюптур»,- деп айтылат. «Кудай деген кур калбайт» фалсафасы мына ушундан жарыкка чыгат. Оо, Кудайым! Кулагыма шыбырап күнү-түнү аян берген аманатыңызды жаздым. Асмандан жерден келе турган балээлериңден, адамдардын күнөөлөрү, себебинен түшүрө турган азабыңдан сакта! Адал ырыскыңды бер! Арамдыктан алыс кыл! Абийирибизди сакта! Өз элин бага албаган, бирөөгө көз каранды болгон тилемчи чоңдордон сакта! Аллах таалам ырайымдуулардын ырайымдуусу өзүңсүң, сугун арткан кара жериңден сакта! Тагдырга жазылбаган татаал окуялардан сакта! Омийин! Жолун шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун.

Азиз бурадар, төмөндө алда качан ааламдан өтсө да, ысымы эл ичинде сакталып калган ыйык бабаларыбыздын арбагы козголот, ошондуктан төмөндө келтирилген сүрөөлөрдү жат окуп, сообун аларга багыштап койгонуңуз дурус:

Аьуузу биллахиминаш шайтанир-ражим. Бисмилла иррахманир-рахиим. Алхамду лиллахи раббил ьааламиин. Аррахманир-рахиим. Малики ямиддин.

Ийакка наьбуду ва ийака настаьиин. Ихдинас сыротал – мустакийма, сыротал лазийна аньамта алейхим, гайрил магзууби ьалейхим ва лаззалиин Омийин.

* * *

Санжыра кылымдар бою кара сөз жана ыр түрүндө уланып, өткөндү укумдан-тукумга кабарлап келген. Санжырачылар ар бир адамга ата-тегин билүүгө жардамдашат. Бул байыркы заманда бери кыргыздарга адат болуп калганы өзүнчө кыскача тарых. Ар бир уруунун пайда болушу тарыхтагы болгон окуяларга байланыш экендиги талашсыз. Оозеки тарых менен жазуу түрүндөгү тарыхты айкалыштырганда чындыкка жакын болооруна шек жок деп айтсак болот. Алар жөнүндө тарыхта өзүнчө түрдүү маалыматтар бар. Көчмөн кыргыздардын көп эле уруулары далай чабуулдарга катышып, душман менен чабышкан учурлары тарыхта көп кездешет. Чындыгында тарыхта көчмөн турмушта болгон мезгилдер кыргыздардын ар бир уруу-уруктары жалпы кыргыз элинин башынан өткөргөн окуяларга бирге катышып, тарыхта өзүнө жараша из калтырган. Азыркы мезгилде кыргыз тарыхына үңүлө кирип уруулардын санжырасын жазуу иши тарыхчылар, жалпы эле тарыхты сүйүүчүлөр тарабынан изилдөөлөр колго алынып келүүдө. Кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө, уруулардын тарыхысыз аны жазуу мүмкүн эмес.

Байыркы заманда бери адам баласынын башынан өткөргөн окуялары, тарыхта калтырган изи жана салымы оозеки айтылып, же жазылып келе жатат. Байыркы элдердин бири катары кыргыздар көп жылдар бою көчмөн турмушта болуп, уруу-уруктардын биригип келишинин негизинде өзүнүн мамлекеттүүлүгүнө жетише алган. Көчмөн кыргыздардын алгачкы мамлекеттүүлүгү анчалык көп эмес уруулардан түзүлгөн. Алар чоң уруулардын аттарына сиңип кетишип, өзүнчө ээлеген ата мекени болуп, мамлекет башында уруу башчылары – кандар, бийлер, бектер турушкан. Тарыхый окуяларга көрүнүктүү ролду ойногон инсандар

айрым уруулардын өкүлү катары айтылып келүүдө. 18-кылымда төрөлүп мундуз уруусунун атактуу баатыры аталган Ботобай уруусунан чыккан Кунназар жөнүндө азыркы күндө оозеки айтылып, баатырлыгын санжыра түрүндө эскерип келишүүдө. Ал эми тарыхта Кунназардын баатырлыгы жөнүндө кабар жокко эсе экен.

Эч кандай тарыхый китептерде, же болбосо оозеки чыгармаларда да жок экен. Тарыхта изи бар, аты өчүп кеткен бул инсандын баатырдыгын, эл үчүн кылган жакшылыктарын издештирүү бизди оор кырдаалга келтирип туңгуюкка такап койду. Өз мезгилинде баатыр менен бирге болуп, уруулардыбириктирүүдө башынан өткөргөн тарыхый окуяларга күбө болгон инсандар жок болгондон кийин биз эмнени жазмак элек деп жаман акыбалда калдым. Кайсыл жерде туулган, кимдин баласы, канча аялы, канча баласы болгон, кандай эрдиктерди кылган, Кокон хандыгына каршы кимдер менен көтөрүлүшкө чыккан, жолборсту өлтүргөнү чынбы? Кандай эр сайыштарга түшкөн, замандаштары кимдер болгон, айтор, толгон-токой суроолор... Кайсыл жерде өлгөн, кайсыл жерде коюлган, тууган-уруктары кимдер, элин кантип баккан, койчу, жүздөгөн суроолордун кучагында өзүбүзгө-өзүбүз суроо берип жоопсуз калдык. Ата-теги улам алыстаган сайын, туугандык сезимдери деле басаңдап, айрым инсандар тегин унуткан учурлар да аз эмес. Жалпы кыргыз элине илгертен бери ар бир адам жети атасын билүү мүнөздүү болуп калганы талашсыз. Айрыкча, башка кыйынчылык түшкөндө туугандарыңдын жардамына муктаж болот экенсиң. Жоону да көптөп чабуу жеңишке жеткире тургандай, көпчүлүктөн көп ойлор, көп пикирлер чыгарын жүрөгүбүздөн сезип турдук. Тууган-урукка жан тартуу илгертен бери эле, салт болуп калган эмеспи. «Тууң жыгылса, тууган изде» бекер айтпаса керек. Мындай жөндүү ой-толгоолордун айланасына уйгактай жабышып, жакшылыктан үмүт үзбөй, элди аралап издөө салып жүрө бердик. Баатыр тууралуу эки ооз жакшы сөз уксак, жаныбызга тирилип келгендей сүйүндүк. Ар кандай улут, уруу үч нерсени сактап калса жок болбойт. Биринчиси – тил, экинчиси – тарых, үчүнчүсү – дин. Улуттук тил – улуттун эс тутумун бекемдейт, улуттук дүйнө таанымды өстүрөт.

Сынбасты уста жаратпаптыр, өлбөстү кудай жаратпаптыр. Тамырымда кан толкуп турган жаш кезимде, оозуман чыккан жел жер өрттөп турган ооматым бар кезинде Кунназар баатыр тууралуу атам рамалык Манасов Тагайдын айткан сөздөрү кумга сиңген бир тамчы суудай болуп кетиптир. Көккө атылган жаанын жебесиндей белгисиз тарапка кеткен экен. Жок дегенде ошол учурда атамдын айтканын эле жазып алганда мага кыйла кубат, эми гана бүчүр жарган гүлдөй болуп санжыра көзүмө көрүнүп турмак. Ошол гүлдүн жытын жыттап Кунназардын жытын жыттагандай моокумум канат эле. Аттигиниң дүнүйө. Кудайга миң мертебе жалынсак да жаштыкты, өткөндү кайтарып алыш кыйын. Атам кайра тирилип бешенемен сылабайт. Бараар жери, токтоор жери белгисиз. Бир алыс сапарга чыккан өзүмдүн акыбалымды өзүм аяп бара жаттым. Беймаалда болбогон ойдун этегин кармап Кунназардын жашап өткөн жери Кой-Ташта жүргөн бул бечара ким дегендей мени таңыркоо менен карап жаткандай болду. Шылдың сөздөргө моюн бербедим, өзүмдү-өзүм алга жетелеп, өзүмө-өзүм кайрат айтып, алдыга умтула бердим. Жерге тизелеп мүдүрүлсөм да ордумдан туруп алгаладым. «Жашың жетимишке барып калды, өзүң да оорулуусуң, жөн эле элдей жашооңду улантпайсыңбы. Сага эмне мынчалык кыйынчылык түштү», - деп далыман таптаган адамдар да болду. Колуңдан келбейт, ырыңды жазып жүрө бербейсиңби деп кытмыр күлгөн достор да болду. Аларга капа болбодум, кайра жашоомо кубат алып, кайратыма, намысыма келдим. Коконго барып, Алма-Атыга барып архив аңтарып издебегенден кийин, кантип эле мындан 200 жылга жакын аралыкта жашап өткөн туугандары жайгашкан кенен Ачыдан таппай калайын деген ой кайратыма келтирип турду.

Дөөлөт уруусунан чыккан санжырачы Султан Абдрахманов Кунназар баатырдын аты тарыхта калбай калгандыгын айткандан кийин үмүтүм үзүлүп, элдик санжырачыларды, куйма кулак адамдарды издей баштадым. Туңгуюк эле бир абасыз мейкиндикте каалгып жүргөн аянычтуу жеңил бир аппак бечара баракатай шамал кайда айдаса, ошол жакка ыктап жүрдүм. Өзүмдүн күндөлүк жашоомо анчалык көңүл бурбай болгон күчүмдү дараметимди Ален ырчыга буруп, булуттун кучагынан бир көрүнүп

жылмайган күндөй болгон бир-эки сап ырларды топтоштуруп жүргөнүмдө, Кунназар баатырдын таржымалы ого бетер мени кыйнап, желкемден бир оор жүк тизелетип жерге бүгүп жүрдү. Өйдө, ылдыйдан түздөн, адырдан топтоштуруп бүтүүгө жакындап калган Ален ырчы Кунназар баатырга тууган экенин кийин билдим. Экөөнүн атасы бир тууган экен. Алендин атасы Кулчак баатыр, Кунназардын атасы Карга баатыр. Өчүп бара жаткан чырагыма май тамып, Аленди баяндап ырларын айтып берген адамдарга кайрылып Кунназардын тарыхын сураштырдым. Кунназардын тарыхын билгендерден билбегендери көп болуп чыкты. Эми гана от алган күйгөн үмүтүм өчүп калабы деп кайрадан коркунучтун кучагына калдым.

Ален ырчынын уулу Эмиштин ырларын да издештирип, Алендин замандашы болгон Кашкар уулунун уругу Соку-Таштын тургуну Өмүралиев Бекташ ырчынын да ырларын изилдеп жүргөн элем. Ошентип ансыз деле убактым тартыш болуп жүргөндө Кунназардын тарыхы эки эселенген күч менен мени кыйнап турду. Алендин, Эмиштин, Бекташтын эл оозунда калган ырларын кичине боёк берип кооздоп койсо болот, Кунназарды кантем? Мага ушул кишилер дөөлөт күтүп, мүлк жыйган эмес, үй-бүлө күтүп, турмуш мыйзамын улантып, жазда келген булбулдай жүргөн жерлери дайыма ыр-тамаша, барган жерлери той-топур, күндө сый үстүндө жүрүшүптүр.

* * *

Илгерки заманда адамдар: «Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт», - дешип жамаатташып жашашкан. Биринден, элинен ажыраган киши жоонун колуна түшүп, туугандарынан ажырачу. Бир урууга караштуу жерлерди уруу ара урук-урук, айыл-айылга бөлүп алышчу. Ал бөлүнгөн жерлер атадан балага кала берчү. Жыл мезгилине жараша жер төмөндөгүдөй бөлүнгөн: кыштоо, жаздоо, жайлоо, күздөө. Эл көчкөндө айылы менен чогуу көчүп, бирге жүрүшкөн. Жайлоо, кыштоолор кайсыл айыл экенине карабай жалпы пайдаланылып, бирок ар кимдин өз конушу, үйү болгон, эл ошого карай ыкташып жайгашкан. Мал жайытын

пайдалануу ошол айылдын бийинин айтканындай чечилген. Эгин айдоого, чөп чабыкка ылайык жерлер тартыш болгондуктан, жылкысы барлар, ошол минген атына ылайык эгиндин үрөнүн куржундап ташып эгип алышчу. Чөп оруп-жыйноо дээрлик болгон эмес.

«Жылкыны эр багат, койду кары жок кара жер багат»,- деген сөз ошондон калган. Кой менен уй аз болгон, себеби аларды айдап жол арбытыш кыйын. Аларга сырттан эмес, ичтен чыккан уурулар гана тийишкен. Алыстан келген уурулар көбүнчө жылкыны сүрүп кете турган, ошондуктан аны сак кайтарбаса, алдырып ийген. «Жылкыны эр багат» деген кептин насили кыштын кыраан чилдесинде. Куш уйку, сак жигиттер гана жылкыны сактай алган. Башка уруунун колуна түшүп кеткен мал болсун, адам болсун кайта келип, өз элине кошула алган эмес. Колго түшүп кеткен эркек, аял кул же күң болуп кала берген, алар өлтүрсө кунсуз, сатса пулсуз болгон. Ошол себептен ар бир уруу өзүнө караштуу мал-мүлкүн, адамдарын алдырып жибербөөнү өздөрүнүн негизги милдети катары эсептешип, чып-чатак, аласа-бересе, доо дооламайлардын баары бий алдында чечилген. Уруу адамдары бай-жарды болуп экиге бөлүнгөн, жардылары байларга жалчылык кылган, алардын эмгеги өтө арзан бааланган. Байлардын көбү жалчыдан башка да кул, күң кармаган, аларга акы төлөнчү эмес. Аларды бирөөгө сатып ийсе да, кордосо да, өлтүрсө да өзү билген. Ошол кездеги байлар: ордолуу бай, кордолуу бай, сасык бай деп бөлүнгөн.

Ордолуу байларга укумдан-тукумга байлыгы уланып келе жаткан байлар кирген. Кордолуу байларга ээлүү мүлкү көп, сарамжал байлар кирген. Бар байлыгын чыгарбай битирей бергендерди сасык бай дешкен. «Түтүнү башканын түйшүгү башка» дегендей, ал кезде ар ким өз алдынча тиричилик өткөргөн. Кимдин колунда мал-кели жеткилең болсо, ошол киши кадырлуу, барктуу болгон. Ар ким жакшы жашоону самап, алдыга умтулуп, малды көбөйтүүнүн аракетин кылышкан. Бала-чака канчалык көп болсо, ошончолук көп мал күтүүгө туура келген, ал эми көп малдуунун душманы да көп болгону турган иш. Талаа-түздө жортуп жүргөн бөрү, чөө сыяктууларды жөн койгондо дагы ички, тышкы уурулар аз эмес болгон.

Ар бир уруу урукка, айылга бөлүнүп, чоң айыл, кичи айыл, курама айыл сыяктуу топтордон турган. Мисалы мундуз уруусу беш топ Бообектен бешке бөлүнгөн бир атанын балдары. Эл уруу-уруу, урук, айылга бөлүнүп жайгашканы менен чачыранды болгон. Сыртган келген жоо, же уурулар жылкыларын айдап, адамдарын байлап кете бере турган шартта болгон, себеби беш топ Бообектин балдары ар кимиси бири-бирине тыңсынып турушкан.

«Үйүндө көптү талаада киши урбайт» дегендей букаранын балдары башын бириктирген түптүү элден дайыма коркуп жашашкан. Кайсы жерде болсо да беш топ Бообектин балдары чоңдук кылган, калгандар ийменип турушкан. Эгер кайсы бир урукту жакындары теңине албаса, кордук көргөзсө, таарынып башка бир урууга кетип да калышчу. Минтип өз уруусунан кетип башка урууларды жамынгандарды, адатта, курама урууларга кошушкан. Алар кулдук даражада болбогону менен өз малына, башына ээ боло албай калган учурлары да болгон.

Ачы элинен чыккан Кунназар баатырдын тарыхын тактоодо көп кыйынчылыктарга туш болдум. Өзүмдүн акыл-туюмумда жана элдик санжырачы адамдардын айтуусунда ал чачыранды жашаган элди өз-өз уруусу менен айыл-айылдарга бөлүп жайгаштырган экен, себеби ошол учурда жагдай өтө курч болгондуктан, элдин башын бириктирүү бир жагы зарыл, бир жагы оңтойлуу болгон. Эл арасында чечиле турган ички жана тышкы маселелерди талкуулоого элдин чогуу болгону ыңгайлуу болгон. Колот-колотко бөлүнүп жашаган элди ким келип чаап кеткенин, беркиси кайдан билсин? Ушуга көзү жеткен Кунназар айыл-айылдан акылдуу, алдуу, күчтүү жигиттерден кол курап элин коргогон. Өзүнүн кол алдындагы жоокерлери көзгө атар мерген, чаап бара жатып жерден томпойдой ташты илип кете алган шамдагай жигиттер эле. Алардын саны канча экени толук айтылбаса да, кырктан ашык болгонун болжолдоого болот.

Душмандын душмандыгы белгилүү, андан сак болосуң, ал эми туугандын душмандыгы качан токмогу башыңа тийгенде гана билинет эмеспи, элди топ-топко бөлүп жайгаштыруунун бир себеби ушунда болгон. Арадан пикир келишпөөчүлүк чыкса, уруунун башчысы же бийи өзү эле ич ара тыйып койгон, аларды жараштырган, кун төлөткөн, айтор бир жыйынтык чыгарган.

Беш топ Бообек уулунан таркаган Эшпердин уулу Ботобайдан таркагандар көбүнчө Кой-Таш аймагында жашашкан. Дөөлөт уулунан таркагандар Алмалуу-Булактын айланасында, Манас уулунан таркаган Акылбектин уулдары Ак-Булак, Кара-Көл, Ак-Терек, Алчалууда жайгашкан. Казыбектен таркагандар Кочкор-Ата, Чыны-Булак, Үч-Кызыл, Кедей-Таппас Акчалууда болушкан. Өмөрбектен таркагандар Ак-Теректе жайгашкан.

Ар бир уруунун башчылары дайындалып, аларга эл арасындагы колунда бей-бечераларды колдоого алуу үчүн бай адамдарга каралашып, азык-оокат, кийим-кече менен камсыздоону милдеттендирген. Ал эми жардылар байларга жалданып, мал багып, отун алышкан, аялдары оокат кылып,, кирин жууп, кызматчылык кылышкан. Кыштын күнү байлардан саан алып, кой-эчкилерин алып тең шерикке баккан учурлар да болгон. Колунда анча-мынча малы барлар орто байга жетүүгө шарт түзүлгөн. Жигит кармаган Кунназар баатырдын айылына кийинчерээк сырттан уурулар деле даап келе албай калышкан. Уурулар баатырдан коркушкан.

Санжыра китептерди баратап окуп Кунназарды таппадым. Илимий даражасы бар, санжыраны семичкедей чаккан адамдар да билишпейт экен. Сөздүн кыскасы, тарыхта орду калбай калган бир бечара адамдай бул дүйнөгө бир келип жоголгон, дайыны билинбеген жанды элестете каңырыгым түтөдү. Мындайда Кунназар баатыры жок эле үйдө тынч олтургун да келип кетет экен. Ар бир көркөм чыгарма өз мезгилине, өз элине чөйрөсүнө тийиштүү болуп, тарыхый жан башка максаттарды көздөйт эмеспи.

Адамдардын ортосунда жигердүү мамиле түзүп, элди ички жана тышкы душмандардан коргогон баатырдын дарегин Ачыдан, же беш топ Бообек элинен таппай кыйналдым. Акыл калчап, тарыхтын ар барагын көз алдыма келтирип, айтып берер адамдын бар экендигине күдөрүм жете бербесе да, үмүтүм үзүлбөдү. Эл аралап жоготконум жок болсо да көп нерсесин жоготкон адамдай издөөмдү уланта бердим. Күн менен кошо сабалап сапарын алга улаган өмүр өтүп жатты. «Тай сурасаң бээ берген, суу сурасаң бал берген» адамдардын жолугуп каларын билгендей алгалай бердим. Ачы элинен чыккан бул чыгаан баатырдын ичкен суусу тайыз, көргөн жерлери жапыз эмес экендигин, басып өткөн жолу кыска болбогондугун жүрөгүмдөн сезип билдим.

Тескей тоо менен күңгөй тоонун ортосунан орун алган Ачы жери мал киндиктүү болгондуктан, эки тоонун ортосунда ары-бери айдалган мал, жылкы биздин жер аркылуу өтөөрү белгилүү эле. Тескей жана Күңгөй тоонун жакшылыктары да, жамандыктары да Ачынын билермандарына берилип, иштери бүтүп турган. Чоң-чоң мааракелер Акманда жана Ачыда болуп, элдин жадында көп окуялар калгандыктан, табиятында баатырдык шыгы бар бул инсандын унутулуп, өткөн күндөр менен жуурулушуп кетерине ишенген эмес элем.

Баатырын жаза албаган мендеби арман,
Баяндап бере албаган сендеби арман.
Жер куйдай жутуп кеткен жердеби арман,
Жоолашып кыргын болгон элдеби арман.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Ачыны алты аңтарып издөө салдым,
Ачыдан көчкү көчүп азап тарттым.
Аңдабас жолоочунун кагуусун жеп,
Ашуудан ашып-ашпай туруп калдым,
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Козголбос таштай болуп туруп калган,
Кунназар көзүн жарган жердеби арман.
Караңгы-Колот болсо өз мекени,
Козголуп чыкпайт неге арманынан.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Чагылганын көрөм деген өткөндүн,
Чалагайым бир бечара экенмин.
Кой-Таш турат козголбостон ордунан,
Кулагыма шыбырабай бир сөзүн.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Көзүмдөн жаш чубуруп ыйлап турам,
Кунназар жалган эмес, улуу инсан.

Курчтугу, таамай сөзү, өткүрлүгү,
Кокондун бошоткон көп салыгынан.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Кулдук уруп алдыңа чөгөлөйүн,
Кунназарым догуңду да төлөйүн.
Кой-Ташыңа баатырлардай бир келип кет,
Көксөөмдүн бир деңизинен өтөйүн.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

Комузда баян кылып өлбөстүктү,
Кылымдын күүсүн кайта чертейинби.
Көөдөнүм ызы-чууга толуп кетти,
Көрсөтчү Кунназарым өз жүзүңдү.
Арман ай, арман, арман, арман ай, арман…

***

Дин башкармалыгы тарабынан уламалар кеңешинин мүчөсү, «Ислам шарияты» китебинин автору Нематулла ажы Жээнбеков 1999-жылы Нарынга казылык кызматка жиберилет.

Тилинде мөөрү, дилинде динге берилген аппак жүзү бар Нематулла ажы өз ишин губернатор, университеттин ректору, мектептин директору, айылдын молдолорун чогултуп ыйман сабагын өтүү менен баштады. Бул окуяга таң калган Нарындын эли бара-бара көндү. Жума намазга атайын өзү барып өкүлдөрдү чакырып келип жүрдү. Өзү менен кошо иштеген таксырлар да казынын оюна туура түшүнүп иштерин айылдарда, шаарда окуу жайларда, көчөдө жүргүзүштү.

Шарияттын жолу кенен ачылып, адамдардын жүзүн мечитке бура баштады. Көчөдө өз алдынча себепсиз жүргөн жаштардын агымын өзүнө, мечитке чакырды. Эки жылга жетип-жетпей жума намаз болгондо эл мечитке батпай, сыртка да толуп кала турган болду. Мектеп окуучулары да келип ислам жөнүндө түшүнүк ала баштады. Губернатор Аскар Салымбеков менен сүйлөшүп дин башкармалыгынан уруксат алып мечиттин алдында медресе окуу жайын ачтырды. Ага илимдүү, атайын билими бар

мударистерди ишке койду. Нарындыктар диндин шаарда, айылдарда, көчөлөрдө, окуу жайларда, мектептерде, ар бир үйдө кулач жайып бара жатканын жүрөктөрү, ыймандары, жан дилдери менен кабыл алышты.

Тарыхта алтын тамгалар менен жазылып, өз ордун тапкан 2002-жылы болуп өткөн Тайлак баатырдын 200 жылдык маараке-сине, бир эле Нарындын эли эмес жети дубандан эли келди. Акмөөрдөй сулуу жүзүн чайган айтылуу Соң-Көл ушул күнү башкача бир маанайда эле. Акмөөрү тирилип келгендей кубаныч-та жүзүн күнгө чагылтып, чексиз асманга кериле бой керип назданып турду. Биз Соң-Көлгө кандайча барып калдык ушул жөнүндө кыскача маалымат берип кетейин.

Нематулла ажынын атасы Пусурманкул ажы көп жылдан бери өзүнө тилектеш адамдар менен шерине уюштуруп, өткөрүп жүргөн эле. Сиздин шеринеңизди мен өткөрүп берейин, сиздер толук курамыңыздар менен келиңиздер деп 2002-жылдын июль айына чакырган. Шылтоо менен биз дагы Соң-Көлдү, Соң-Көлдө боло турган Тайлак баатырдын 200 жылдыгын көрүп келебиз деп келип калган элек. Июль айынын аптаптуу күнүндө 36 адам болуп Нарындын күзгүсү болгон мечитке бардык. Бизди Нарындын эли кадырлап, кастарлап тосуп алышты. Атайын даярдалып иреттешкен кооз кыргыз үйлөргө бизди киргизишти. Баары өз ордунда, өз жайында. Улуттук кийимдерди кийген жаштар кирпигиң менен кошо сыртка чыгып, үйгө кирип турган таксырларды көрүп ыраазы болдук.

Келиң-келиң, алың-алың деген сөздөр бизде эле бар десек, нарындыктарда деле бар экен. Ат-Башынын бетегесин жеген бир семиз жылкыны биз үчүн сарайга сойдуруп, чучук даярдатып коюшуптур. Алты айлык козунун шорпосун ичип, аксакалдардын сөзүн угуп таңды аттырдык.

Эртеси биз Нарын шаарынын тургуну, уруусу мундуз Рыспай деген аксакалдын үйүндө болдук. Силерди мага Кудай өзү жеткирди деп үч кой сойду. Нарындын Миң-Булак деген жеринде мундуздардын калың жайгашкан эли болгондуктан, өзүлөрүнөн чыккан Асан молдо, Жазуучулар союзунун төрагасы болуп иштеген Асан Жакшылыков бар экендигин сыймыктануу менен айтып олтурду.

АРДАКТУУ ПРОФЕССОР

Эгемендүү Кыргызстанда Ислам динин кеңири жайылтууга, анын асыл баалуулуктарын, түпкүлүктүү руханий мурастарын таанытууга жана Ислам илимдерин окутуп үйрөтүүгө кошкон зор салымы үчүн;

Кыргызстан мусулмандарынын өкүлү катары эл аралык ар түрдүү жыйындарга катышуу менен мамлекетибиздин учурдагы диний көйгөйлөрүн көтөрүп чыгып аларды чечүүгө чечкиндүү аракет жасагандыгы үчүн;

Жалпы Ислам маданиятын жана учурдагы диний маселелерди камтыган китеп жана китепчелерди жазып жарыялагандыгы, ошондой эле, диний ар түрдүү тематикадагы басылмалардын кыргыз тилинде жарык көрүүсүнө көмөк көрсөткөндүгү үчүн;

Мусулман кыргыз элине кызмат кылуу максатында ачылып салмактуу иштерди аткарып жатышкан жергиликтүү жана чет элдик диний кайрымдуулук уюмдарына жакындан колдоо көрсөтүү менен Ислам динининн зоболосу бийиктеп өркүндөп өсүүсүнө кам көргөндүгү үчүн Кыргызстан Ислам Университетинин Илимий кеңешинин 14.12.2005-ж. өткөрүлгөн жыйынынын № 033 протоколунун чечиминин негизинде Кыргызстан мусулмандарынын Азирети муфтийи Нематулла ажы Жээнбековго Кыргызстан Ислам Университетинин АРДАКТУУ ПРОФЕССОРУ наамы берилет.

Кыргызстан Ислам
Университетинин ректору,
Илимий кеңешинин төрагасы — **Нурудин ажы Асомудинов**

Кыргызстан Ислам
Университетинин окуу иштери
боюнча проректору,
Илимий кеңешинин мүчөсү — **Орозали ажы Адранов**

Кыргызстан Ислам
Университетинин
Илимий кеңешинин катчысы — **Улан Усупов**



2002-жылы Соң-Көлдө болуп өткөн Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекесинде Нарын областынын казысы Нематулла ажы Жээнбековдун элге кайрылуусу.



Нематулла ажы Жээнбеков өзүнүн замандаштары менен.



2002-жылы Соң-Көлдө болуп өткөн Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекесинде Нарын областынын казысы Нематулла ажы Жээнбеков туугандары менен.



2002-жылы Соң-Көлдө болуп өткөн Тайлак баатырдын 200 жылдык маарекесинде Пусурманкул ажы Жээнбеков Ак-Талаалык узун Жеңишбектин жанында.

Ат-Башыдан келген Рыскелди деген эң бай адам сыйдын үстүндө толкунданып Нематулла ажыга бир кыл куйрук мингизем деп айтып да жиберди. Биз жөнөрдө Ак-Кыяга чейин узатып келген.

Нарын Мамлекеттик Университетинин мугалими, химия илимдеринин доктору Иманбек агай, Бурулча эжекелер бир кой союп сыйлады. Булар университеттин ыйман жолуна чакырган инсандар эле.

Нарын казысынын орун басары Таалайбек, эсепчи Окен таксырлар «Салкын-Төргө» алып барып сыйлады, ал жердин кооздугун сөз менен сүрөттөп айтыш кыйын. Капчыгайдын ичинен орун алган нарындыктардын бейиш төрү экен. Тирүүлөр жүрө турган жанаттын үйү.

«Майлуу кабырга, жайыл дасторкон» Нарындан чыгып Ак-Талааны көздөй сапар алдык. Муса Баетов айылына жетпестен, Куртка айылынан бурулуп Дубана ашуусуна 10 айлампа айланып чыктык. Төбөбүз көккө тийип кетчүдөй болуп, эңкейе басып жүрүп, анан көнүп кеттик.

Ушунчалык бийик жерде жайгашкан бул ашуудан эңкейип келген жолго көз жибергендеги кооз көрүнүштү сүрөтчү болсом, кагазга эмес жүрөгүмө тартар элем. Карегиме тартылып калган, карагайлуу бул укмуштуу жомокту айтып берүү кыйынга түшүп жатпайбы. Дубана ашуусунан ылдыйлап, Соң-Көлдү көздөй зуулдап, темир аттар менен бара жатсак, алдыбыздан чоң аркар батыштан чыгышты көздөй 10-15 метрдей аралыкты бир секирүү менен багындырып өтүп кетти. Ичибизден алдыбыздан аркар өттү жолубуз болот экен деп сүйүнүп калдык. Соң-Көлдүн чыгыш тарабынан орун алып жайгаштык. Бул мааракени көргөнү келгендер кара таандай көп экен. Тайлак баатырдын 200 жылдыгына жана Муса Баетовдун 75 жылдыгына арналган чогулушту, мааракени биринчи президентибиз ачык деп жарыялап, Тайлак баатыр жөнүндө мазмундуу түшүндүрмө берип жубайы менен атайын орундукка барып отурушту. Жанында Т. Усубалиев да бар эле. Аңгыча эле көл тараптан учактын күркүрөгөн үнү угулуп Россиянын президенти Б. Ельсин келип, көлдүн жээгине конуп, адамдар олтурган жерге даярдалган машиналар менен келип Акаев менен Усубалиевдин жанынан орун алды. Сөз

Усубалиевге берилип той жөнүндө маалымат берип кыргыздын кооз жериндеги Соң-Көлдөгү майрамдын маанисин айтып берди. Оюн-зооктор башталар алдында сөз Нарындын казысы Нематулла ажы Жээнбековго берилди.

- Соң-Көл жердин көзү болсо, Тайлак баатыр элдин көзү, келечектин көзү болуп кала берет. Тарых ал күндү эч качан унутпайт. Жашоо бар жерде Соң-Көл бар, жашоо бар жерде Тайлак баатыр бар деп сөзүн улады,- ал. - Ушул мааракени уюштурган жана демөөрчү болгон Нарын областынын губернатору Аскар Салымбековго миң мертебе рахмат. Элдин ишениминде кала берсин. Бул мааракени өткөрүшкө, каржылашка Тайлактай баатыр керек, бул – Аскар Салымбеков. Соң-Көл десе сулуулукту, Тайлак десе баатырлыкты билсек, Аскар Салымбеков дегенде берешендикти, марттыкты билишибиз керек,- деди. Элүү миңден ашык көрүүчү жана угуучулар казынын сөзүн муюп угушту. Келечекте бир нерсени туюп угушту. Балли, балли деген үндөрдү кол чабуулар коштоп турду.

Элдин батасын алып, нарындыктардын купулуна толгон Нематулла ажы Жээнбеков тез эле муфтийдин биринчи орун басары болуп көтөрүлүп кетти. Соң-Көлдөн калган жакшы элестер гиннес китебине кирген Акталаалык Жеңишбекти көрүп, сүрөткө түшкөнүбүз болду. Дүйнөдө үчүнчү орунду алган анын боюнун узундугу 2 метр 44 см эле. Экинчи жакшы көрүнүш бир тууган эже-синди Раимбековалардын «Соң-Көл» сулуусу деген ырды катар туруп килемдин үстүндө ырдаганы болду.

Чачынын учунан тырмагынын учуна чейин акылга толгон аксакалдар өткөн кеткендерди кеп кылышып, санжыра айтып отурганы мага өтө жаккан. Пусурманкул ажынын жоролорунун саны 22 эле. Баары тең сөздүн каймагын калпып, таап сүйлөгөн адамдар болбосо да, көпчүлүгү сөзгө өтө чебер, куйма кулак адамдар болчу. Аттарын атасак: Пусурманкул ажы, Полотбек ажы, Күрүчбек ажы, Султан ажы, Сейдс ажы, Бурканбек ажы, Мукаш ажы, Эргеш ажы, Сулайман ажы, Ибай ажы, Турат ажы, Урбай ажы, Турдукул ажы, Максат ажы, Калича ажы, Ырыс ажы. Арадан 11 жыл өтүп көпчүлүгү кайтыш болуп кетти.

«Бир жылда эки жаз келбейт», «Келечекти жүрөгүнө түнөткөн айылдаштарым» деген китептердин бет ачар тоюна тааныш-та-

мыр, тууган-уруктарды чакырып той өткөрдүм. Чакан китептин артынан дагы китептер чыга берсин. Өмүрүңүз узун болсун деп Мукаш деген иним ак тилек сөзүн айтып, башыма калпак кийгизип, колума көгүнөн карматканда, ырахматымды айтып, «Тууганың Ален ырчыны жазып бүтүүнүн алдында турам, кандай болгон учурда да тууган сеники адырга батпаган койлоруң, желеге батпаган жылкыларың калат. Үч летрлик идишке, беш летрлик идишке алтын салып көмгөн дүйнөң да калат. Тарыхта дайым алтын тамга менен жазылган сүрөтүң менен атың калсын. Демөөрчү болуп бербейсиңби», - десем, ойлонбой эле макул деди. Мени бир азга тиктей туруп, Кунназар баатырды да жазың эмне десеңиз да макулмун деп күлүп колумду кысып койду. Кайсыл жерде туулуп, кайсыл жерде өлгөнү, Кунназар деген ким, бар инсанбы, же жок инсанбы, - деген ойдо калдым.

Жер менен жексен болуп сөөгү сөпөт болгон Кунназарды кантип жазмак элем десем, «үйдөн чыксаңыз табасыз, кандайча, кантип табарды менден жакшы билесиз. Кунназардын бала чагын, кайсыл жерде туулганын, өлгөн жерин, баатырдыгын, бала-чакалары кимдер, жолборс өлтүргөнү чынбы? Ушуну эле аныктап берсеңиз болду», - деди.

Тойго келип жакшы сөздөрүн айтканына ыраазы болуп, сый тамакка үйгө киргиздим. Ак тилек сөздөр жамгырдай жаап, той да бүттү, эртеси да болду дегендей. Аленди изилдеп жүргөн ара-кеттеримдин эшик-терезелери жабылып, эми Кунназар жөнүндө ойлоно баштадым.

Даарат алып намаз окуп, кудаадан жардам сурадым. Ичимден эзилип калп эле сыртымдан күлүмүш болуп жүрдүм. Кечээ эле Ален ырчы деп жүрүп, бүгүн болсо Кунназар дегени эмнеси деп айтабы деп элден уялдым. Эмнеси болсо да санжырачыларды издеп табайын деген ой пайда болду. Бешенемен сылап билгенин айта турган санжырачылар барбы, жокпу ушул суроо кыйнады.

Өзүм менен өзүм сүйлөшүп, акылдашып, акыры калем менен актай баракларды кара сумкага салып Ымандын уулу Султан ажынын үйүнө көздөй жөнөдүм. Жолдо баратып түрдүү түмөн ойлордо болуп Нарын областынын губернатору Аскар Салымбековдун чоң аталары жөнүндө Нематулла ажынын айтып берген сөздөрү эсиме түштү. Салымбектин чоң аталары өз убагында

алтын кармап, соода-сатык иштерин кытайлар менен жүргүзгөн экен.

Күндөрдүн бир күндөрүндө кытайдан 500дөн ашык жылкы айдап жолдо келе жатса, азыраак жылкы жолдун алдына бөлүнүп калат. Эмне болуп кетти деп жолду караса, аппак сакалы бар, аппак кийинген ак селде оронгон, колунда аса таягы бар адам турганын көрөт. Салам айтса, алиги чал алик алат. Аттан секирип түшүп колунан кармап, «Жол болсун, ээн талаада жалгызсыз, жөө жүрөсүз, кыйналбадыңызбы?» дегенде, «Кыйналдым, мага бир мингич бер»,- дейт. Салымбектин атасы ойлонбой эле алың дейт. Мага алдагы Карагер айгыр жакты дегенде жылкычыларына карматып берет. Жалгыз эмес элем, уулум, биз 12 адамбыз дагы 11 бээ бересиң,- дейт. Чалдын сөзүн эки кылбай жылкычыларына карматып берет. - Мынчалык болду, буларды ноктолой турган жибим жок, жип да бересиң, - дейт. Дайыма өзү менен бирге болгон кыл арканы бар эле ошол кыл арканын берерде кичине ичи ооруп берген экен. Карагер атты ноктолоп минип калган 11 бээни аркандаттырып жылгага көздөй бастырып кетет. Батасын бергенде жолдун үстүндөгү жылкылар сенин ырыскың бала-чакаңа урук-тууганына буйруганы, жолдун астындагы көп жылкы элдики – булар сага буйрубайт, элдик болуп калат.

Мындан биягындагы тапканыңдын көбү сага эмес, элге буйруй берет. Батасын берип жатканда жылкылар да удургуп туш тарапка качпай жоошуп турган экен. Чал көздөн кайым болуп, жылгада да көрүнбөй калгыча карап туруп, анан жылкыларды айдап жөнөгөн экен. Таш-Рабатка келип мен куран окуп чыгайын деп Салимбектин атасы даарат алып, эки ракат намаз окуп чыкса, алиги карагер ат тескейден 11 бээни ээрчитип мойнуна кыл арканы оролуп келген экен. Кийин карагер атка касиет пайда болуп Кызыр Алейки Саламдын дубасы менен кулагына шам күйүп калган дешет.

Мага дагы ушундай кызыр жолукса экен деп Султан ажынын үйүнө барганымды билбей да калыпмын. Ажы менен учурашып, төргө отуруп эсендигин сураштыргандан кийин эмне дээримди билбей мукактанып көпкө отурдум. Кыраакы чал муну сезип унчуккан жок. Акырында чыдай албай: - Султан ажы Кунна-

зар кайсыл уруудан болот?,- десем, Мундуз уруусунан Ботобай уулунан Карганын баласы деди. Сага анын эмне кереги бар эле дегендей мага суроолуу карап калганда, Сизге Кунназар баатыр тууралуу келдим. Баатырдын чын-төгүнүн билейин деп келдим дедим. Кунназардын баатыр экени чын, жолборс чапканы да чындык деди. Сүйүнгөнүмдү айтпа, кандай суроо берип кандай жооп укканымды да билбейм. Кунназардын тарыхы эки эле ооз сөз менен бүтүрүп койчудай шашылганымды айтпа. Эки-үч жолу эмнеге шашыласың, эсиңе сактап турбайсыңбы деп да урушуп жиберди. Султан ажынын үйүнө кайра-кайра бара бердим, барган сайын көп нерселерди жазып билип алдым. Акырында мени Кунназардын тууганы, өзүнүн кайнагасы Төрөбек Мамашовго жөнөттү.

Ошол эле күнү Төрөбек Мамашовдун үйүнө бардык Кунназар баатырдын 5-тукуму Төрөбек ажы мени жылуу маанайда кабыл алды. Эмнеси болсо да бул санжырага аксакал менин алдыга болгон умтулуума даңгыр жолду ачып берди десем жаңылышпайм. Чекемен сүйүнүчтүн тери чыгып сүйүнгөнүмдү айтпа. Бир айдан ашкан убакыт бою тынбай келип кабар алып турдум. Сөзүнө муюп болгонун болгондой жазып алууга үлгүрдүм. Эки аксакал санжырачыны Жалал-Абад курортуна алып барып сүрөткө түшүрүүгө да үлгүрдүм. Мени таң калтырган нерсе эки санжырачынын Кунназар баатырдын үй-бүлөсү эрдиктери жөнүндө айткандары бирдейликтери. Окуяны көрүп тургандай көздөрүн жумуп алып, жаз деп буйрук берип, айткандарынан жакамды кармап, тан бердим. Бир ай, эки ай мурдагы айткандарынан кайтпай, ирети менен кайра кайталап бергени да укмуштуу көрүнүш экен. Көксөөмдүн бир капшыты окуяга толуп, жерде эмес, өзүмдү көктө учуп жүргөндөй сездим. Күн артынан күндөр өтө берди. Жаңы табылгалар, жаңы окуялар биринин артынан бири келип, мени чоң кубанычка бөлөп турду. Кагазга түшүрүлгөн окуялар жоголуп кетчүдөй болуп башыма коюп жатчу болдум. Эл ичинде дүүдүү сөздөр жүрүп Кунназар баатырды жазып жатыптыр, бир-эки ооз сөздөрүбүздү кошуп жардам берели деген адамдардын саны көбөйө берди. Ар кимдер өздөрүнүн билгендерин, уккандарын айтып бутума бут, колума кол бөлүштү. Жалил Жолдош-

баев, Акимбек Акматов, Курманбек Камчыбеков, Сабырбек Жамалдинов, Асилбек Абдырахманов өңдүү улуу- кичүү инсандар акыл эмгегин менден аяшкан жок. Тарыхтын алтын күндөрүн баратап мындан эки кылым артта чегинүү мен үчүн кыйынга турду. Акманда Андалбек Машрапов деген санжырачы агай бар деп элден угуп жүргөн элем. Эбепке-себеп болуп агайдын үйүнө Акимбек Акматов менен барып калдым. Сураштырып отуруп тааныштык. Атамды тааныйт экен. Апамдын классташы болуп чыкты. Жакшы маанайда ысык чайдан ичип отурганда келгенимдин себебин айттым. Мени көпкө карап сынагандай болуп турганда кара сумкамдын ичинен «Бир жылда эки жаз келбейт», «Келечекти жүрөгүнө түнөткөн айылдаштарым» деген эки китебимди ала коюп тартууга бердим. Китепти колуна алып мени көпкө чейин карап туруп, өңүнө кызыл жүгүрүп «Кудага шүгүр», «Кудага шүгүр» өзүбүздөн да калемгер адамдар бар экен деп ордунан тура калып, эки бетимен өөп кайра отурду. Сыртка чыгып кетип бир топ убакыттан кийин кайтып келип жаныбыздан орун алып отурду да, Кунназарды изилдегениң жакшы, билгенимди айтып берем. Ошол заманда Кунназар баатыр менен үзөңгүлөш болуп жүргөн болуштарды бийлерди, казыларды, баатырларды кошо жаз. Беш топ Бообектин мундуздардын башын бириктирген жери Акман экенин унутпа. Кокондун төбөлдөрү да мундуз элин Акман деген ат аркылуу билет деди. Жүрөгүм көөдөнүмө сыйбай турду. Мергендин уулу Мамыр жортуулга чыкканда миң башы болгонун, Кунназардын атан төөнү өлтүргөнүн айтып берди.

Кийинки барганымда «Терезеден күлгөн ай», «Жаз коштогон ырлар» деген ырлар жыйнагымды ала бардым эле. Менин алдыма Акман элинин жаралыш тарыхы «Акман айыл өкмөтүнө караган айылдардын жаралышын, андагы белгилүү адамдарды камтыган кол жазма менен уруулардын бөлүнүүлөрүн схемасын коюп: «Мен карып калдым, бул өмүр бою жыйнаган эмгегимди сага берем, өзүңдүн атыңан чыгара бер, мен ыраазымын», - деп койду. Чочуп кетип, ордуман тура калып болбойт дедим. Айтканыма көнгүдөй эмес, бир азга ойлоно түшүп, агай сиздин мага берген баа жеткис табылгаңызды Андалбек Машраповдун айтуусу боюнча кагазга түшүргөн Жеңиш Тагаев десем боло-

бу дедим. Өңүнө бир аз кызыл жүгүрүп, тилди албадың, мейли деди. Андан кийин да Акимбек экөөбүз үйүнө көп жолу барып олжолуу кайтып жүрдүк. Кунназар баатырдын досу Осумбек жөнүндө да кабарды Асилбек Абдырахмановдон уктум. Жашоомдо эсте калаарлык окуя Кунназар баатырдын заманында болуп өткөн, андан мурдагы диний окуяларды камтыган билдирүүлөрдү, Сулайман ажы жөнүндө кеңири окуяны баяндап берген Абибила ажынын билдирүүсү болду.

Аты аталган адамдардын айткандарын өзүмдүкү кылып айтсам деле болот эле, үстүбүздөн үстөмдүгүн жүргүзгөн Жаратканымдан корктум. Өзүмдүн абийиримди жогору койгум келди. Кудайдан корктум. Атанын наамын алып жүргөн Жеңиш Тагаев деген атты төмөндөткүм келбеди. Элден корктум, келечектен корктум, күнүмдөн, түнүмдөн корктум, чындыктан корктум, арбактардан корктум. Аян берген аянчылардан корктум. Тирүүлөрдөн да, өлгөндөрдөн да корктум. Көзүмдүн курчтугу, жетпей калган жерлери болсо, башымды ийип кечирим сурайм. Аскар Салымбековдун атасына жолуккан Кызыр мага да жолукканын айтып кетейин. Угушума караганда Кунназардын тулпар аттарынын биринде атынын кулагында шам күйүп турганын да уктум. Кунназардын колдоочусу Кудаанын жиберген көз нуру экенин унутпаңыздар.

Ай десе айга тең келген,
Алладан бир берилген.
Айтылуу мундуз эли бар,
Ачы деген жер экен.

Күн десе күнгө тең экен,
Кудайдан бир берилген.
Куттуу мундуз эли бар,
Кут түшкөн Ачы жер экен.

Байыртан тээ байыртан,
Бактылуу күндө жашаган,
Баатыры көп эл экен,
Булактан суусун кандырган.

Этегин кармап акылдын,
Эсебин ачсам акырын.
Эл ичинен көрүндү,
Элеси элдик баатырдын.

Ачынын эли багың бар,
Алдырбас жоого тагыңар.
Алты жүз жыл өтсө да,
Айныбай күйөр шамың бар.

Кылымга кылтак болбогон,
Калкынын камын ойлогон.
Кунназар деген баатырды,
Ким экен ойлоп койбогон.

Кунназар баатыр мундуз журт,
Көбөйгөн күндө жылдыз курт.
Кунназар баатыр, кең Ачы,
Кунназар баатыр аалам журт.

Ачы – Мекке билгенге,
Асманы ачык күнүгө.
Алла көңүл бөлгөн жер,
Атак, даңктуу элиме.

Билгенге Ачы келечек,
Билгенге Ачы темир чек.
Булуттай аппак көктөгү,
Билгенге эне элечек.

Билгин деп айттым баарыңа,
Билгенге Ачы дарыя.
Баатыры жок уруу көп,
Баянын айтар кылымга…

***

Беш топ Бообек элинин,
Баатыры ким экенин.
Баракгап окуп китепти,
Бардык элдер билишсин.
Бириктирген ой-тоону,
Баянын жазган Жеңиштин.

Көрөгөч элдин багына,
Кунназар улуу санжыра.
Кыйынга турду мен үчүн,
Кылымдан алып чыгууга.
Караңгы-Колот, Кой-Таштын,
Коломто отун жагууга.

Жетимиш жашка жетиптир,
Жетимиш жазын көрүптүр.

Жеткирбей жайлуу сексенге,
Жараткан алып кетиптир.
Жайлоодо өтүп өмүрү,
Жайлоого жанын бериптир.

Алладан кабар келиптир,
Ай нурун жерге төгүптүр.
Аюп пайгамбар жанына,
Ардактап эли көмүптүр.
Артында калган мундуз журт,
Алты күн жашын төгүптүр.

Ай, күндү тиктеп, күн санап,
Ачыда ордуң бош турат.
Айланып бир күн келип кет,
Алладан алып уруксат.
Арылайын азаптан,
Акылга кирип күч-кубат…

***

Баарыбызга бир туган

Кылымдын тактап тарыхын,
Калтырбай ачып барагын.
Кунназар баатыр көрүнбөйт,
Карегим талып карадым.

Баатыр деп неге аташкан,
Болсо эгер биздей бир адам.
Булутпу жылган көктөгү,
Бир көрүнүп жашынган.

Айтымында элдердин,
Анык баатыр экенсиң.
Аныктай албай тарыхтан,
Ачыны кезип жүрөмүн.

Бирөөлөр айтат андай деп,
Бирөөлөр айтат мындай деп.
Жолдо жортуп жүгүргөн,
Жолборсту чаап алган деп.

Учурга салсам саресеп,
Уккандын баары ширин кеп.
Убагында өз элин,
Убайдан сактап турган деп.

Акылга салсам саресеп,
Айткандын баары улуу кеп.
Ачынын элин бир кезде,
Ачкадан сактап калган деп.

Тарыхты тарых тактайбы,
Тарыхты тарых сактайбы.
Табылгасын жоготпой,
Тарыхты тарых барктайбы.

Өчүп калган бир кезде,
Отту кайра үйлөдүм.
Отунду жыйнап элимден,
Очокту көздөй сүйрөдүм.

Жалп деп өчкөн бир кезде,
Жалынды кайра үйлөдүм.
Журтумдан жыйнап отунду,
Журтуна көздөй сүйрөдүм.

Көрсөтсүн элге өзүңдү,
Кылымдын көз ирмеми.
Кылычташып чабышпай,
Кадырлашып жүрөлү.

Айтып берди өзүңдү,
Ааламдын көз ирмеми.
Айт майрамда той-тойлоп,
Айылдаштай жүрөлү.

Жомок эмес Кунназар,
Жондоп-жондоп айтылар.
Жалган эмес Кунназар,
Жаакты оорутпай сөз кылар.

Чындыкты чындай айталы,
Чындыкты чындай угалы.
Чырылдашпай болбоско,
Чын-төгүнүн байкайлы.

Чындыктын чындай сөзү бар,
Чындыктын чындай көзү бар.
Чачылтпай элин таруудай,
Чымчыктай кайра терип ал.

Беш топ Бообек элинин,
Беш топ Бообек жеринин.
Баатыры болот Кунназар,
Баардыгың муну билгиниң.

Жети атасы жердеген,
Жери болот Ачы кең.
Жүзүңдү ала качпагын,
Жүздөшсө баатыр сен менен.

Сага да, мага тең тууган,
Сооп жок аны унутсаң.
Сыйың менен барктай бил,
Кунназар бизге чоң дастан.

***

Куу уулдун үчүнчү уулу Мундуздун үч аялынан тогуз уулу болгон, кыргыз аялынан Зулум, Зуркай, Зултай, Шыгай, Лакай, Калдык. Ал эми Заамин менен Шердар өзбек аялынан, тогузунчу баласы Зулдуз уйгур аялынан.

Зулум менен Зуркайдан тарагандар азыркы Ноокен, Базар-Коргон, Сузак райондорунда, Өзбекстандын Анжиян облусундагы Канабад, Жалал-Кудук, Айым райондорунда, Токмоктун Кегетисинде, Таластын Кырк-Казык, Миң-Булак деген жерлеринде, Кара-Кулжа районунун Ажыке, Алайкуу өрөөндөрүндө жашашат.

Зултайдан тарагандар Көл айланасындагы Жети-Өгүз, Ак-Суу, Түп райондорунда, Кеминде, Кочкордо жайгашкан. Шыгайдан тарагандар Аксы районунун Мундуз-Сай, Ак-Суу, Ак-Жол айылдарында Чаткалда бар. Лакайдан тарагандар Тажикстандын Гисар, Гөлөп, Лакшы өрөөндөрүндө турат.

Калдыктан тарагандар Тажикстандын Жерге-Тал өрөөнүндө жашашат, Калдык атага бир аз токтоло кетели, андан эки бала бар: биринчиси – Кара, экинчи баласы – Чабыр. Ошол маалда Орто Азияны кара кытайлар басып турган экен. Чабыр баласын алып, Эне-Сай жээгиндеги Абакан деген жерге көчүп кетет, Ошол жактагы мундуздар так ошол Чабырдан тарагандар болушат.

Карага Калдык атабыз тажиктин Тегин деген кызын алып берген экен. Кара менен Тегин Чоңкыргыз деген бир балалуу болушуп, ал жүгүрүп калган маалда Калдык небересин алып жайлоого көчүп кетет. Ошол күндөрү көнөктөп жамгыр жаап, жамгыр селге айланып, кыштоодо дыйканчылык кылып калган Кара менен Тегинди алып кеткен экен. Ошол күндөн ушул күнгө чейин экөөнү сел алган өрөөн Каратегин өрөөнү деп аталып калган.

Эми Мундуз атабыздын өзбек аялынан төрөлгөн эки уулдан тараган тукумдарга келсек, алар ошол кезде Оро-Дөбө, Заамин жана Санзар дарыясынын боюнда, Макмал тоолорунда жайгашкан. Шейбани хан Самаркандан чыгып, Кокондон Бабур ханды кууганда, Зааминдин балдары менен Шердардын балдары Бабур хан мен сүйлөшүп, тең жарымы кара калпактарды аралап, Арал деңизинин боюнда туруп калышат. Жарымы Бабурга кошулуп

Каратегин тоолору аркылуу Ооган жерине өтүп кетип, жергиликтүү эл менен аралашып, Кундуз деген жерге жайгашкан. Азыр алар тегин унутуп оогандык болуп калышы да мүмкүн.

Бабур Оогандан Индияга өтүп кеткенде ээрчип кеткендер Индиянын Агра шаарына жайгашкан деп айтылат. Ал эми уйгур аялынан төрөлгөн Зулдуздан тарагандар – Кытайда. Кытай кол алдында тогуз уруу сол канат Куу уулдун балдары бар деп да айтылат, бирок алар небере балдары.

Чоң багыштын жети уулу: Азыгалы, Кандабас, Мачак, Пинчин, Кулун, Сарык, Килет. Булардын жайгашкан жери Кытайдын кол астындагы Кызыл-Суу, Кулжа, Текес, Таргытай өрөөндөрү. Ушуну менен Мундуз атабыздын тогуз уулунун жайгашкан жерлери айтылып бүттү.

Эми чоң бала Зулумдан тарагандар, Зулумдан Каба баатыр, Каба баатырдын балдары – Атакан, Акман, Дашман. Атакандан Карача баатыр, Таталай, Жалалбай. Булардын ичинен Жалалбайга токтоло кетели, ал жаштайынан арык чаап, кудук казып, суу чыгарганга маш болуп, жалаң маңдай тери менен балдарын баккан адам болуптур. Карый баштап, 126 жашка чыкканда көзү өтөт, Көзү өткөн соң, ошол өзү мекен кылып турган өрөөн Жалал-Кудук деп аталып калган экен. Азыркы Жалал-Кудук району ошол Жалал атабыздын атынан калган. Жалалбай атабыз карыганда келиндери Желимкөз аке деп тергеп жүрүшүп, ошол боюнча андан тараган урук бүгүнкү күнгө чейин желимкөздөр деп аталат.

Экинчи уулу Акмандан тарагандар боюнча айтсак, анын тун уулу Абакан, экинчиси Алдозбай, үчүнчү уулу – Абышка. Абакандын байбичеси Шайдабүдөн 5 уул болгон – Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көкайдар. Экинчи аялы Орунбүдөн Көкчөгөз, Ожурай, Карагул деген балдары болгон. Бул сегиз баланын лакап аттары – Бээ байлабастын беш уулу, берки үчөөнү кошкондо сегиз болуп, ак үйлүү Баймундуз деп аталат.

Алдозбайдын байбичеси таластык Берен уруусунан чыккан Садабай деген адамдын кызы – Кылымай, ал Бообек деген бала төрөгөн. Алдозбайдын экинчи аялы кушчу уруусунун Кубатбек деген бийинин кызы Өмүркан, ал Өтөмүш деген бала төрөгөн. Мындан тарагандар Өтөмүштүн балдары деп аталат. Үчүнчү

аялы Адигинени Тасма уруусунан Шералы дегендин кызы Жаркынай, ал Жараке деген уул төрөгөн. Андан тарагандар Жараке деп аталышат. Төртүнчү аялы Акталаалык Тагай уругунан чыккан Жаңыбай бийдин кызы Канымай Жаныбек деген бала төрөгөн. Канымай эне Алдозбай бийдин көрөр көзү болуп, арчадан жасалган үкөктө жатчу экен. Эркелиги ашынып, сырттан келген адамдарга башын көтөрүүдөн эринип, баш көтөрбөй бутунун учу менен жаңсап жооп берчү экен. Ошол себептен ал энебизден таркаган балдарды Тыраймалар деп атап калышкан.

Эми Алдозбайдын чоң уулу Бообектин таржымалын айтсак, андан эки уул болгон, чоң уулу – Эшпер, кичүү уулу – Манас. Эшперден Дөөлөт уулу, Ботобай уулу тарайт. Манастан Акылбек уулу, Казыбек уулу, Өмөрбек уулу. (Өмөке уулунан тарагандар Коноке деп лакап аты менен аталат). Мына ушул беш баладан беш топ Бообек уругу тарайт.

(Абдишарип аванын айткандары боюнча келтирилди – Ж. Т.).

Бир кылым ойдун шилтемин,
Бириндетпей жазган ким?
Жети атаңды билгин деп,
Жолуңа жарык жаккан ким?

Сүйүнүп айтам баарыңа,
Сүрөттөп жазган тарыхта.
Абдишарип атабыз,
Белгилүү Мундуз калкына.

Кылымга калса көөнөрбөс,
Мундуз үчүн эч өлбөс.
Жарым жолдо калбайын,
Жардам бергин Кудайым.

Жакпаса жонго чаппагын,
Бутума кишен салбагын.
Тил кесмей жок кыргызда,
Окуучум өзүң улагын.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 50345

Асманда жылдыз көп,
Жерде болсо мундуз көп.
Аталып жүргөн тарыхта,
Санжыралуу накыл кеп.


Аскасы бийик тоодой кеп,
Агыны катуу суудай кеп.
Айтышса сөз жетпеген,
Айдың көлдөй ыйык кеп.

Ак калпагы башында,
Аталар ыйык мундузга.
Элечеги башында,
Энелер ыйык мундузга.
Ак үйдө өткөн өмүрү,
Жалпы журт ыйык мундузга.


Мундуздар ыйык кыргызга,
Кыргыздар ыйык мундузга.
Абалкы эл мундуздар,
Буга күбө жылдыздар.
Баян эткен баарынды,
Санжыранды угуп ал.

Көңүлүңдү буруп ук,
Жүрөгүңдөн муюп ук.
Акылың менен калчап ук,
Ак, караны тактап ук.
Уругуңду жактап ук,
Тамырга кан жүгүртүп,
Санжыранды чаңкап ук...

***




Угузкан атабыз келечекти көрө билген олуя адам болот. Уулу Кыржердиге сегиз аял алып берет. Сегиз аялдан кырк кыздуу болот. Ойлонуп уулсуз өтүп кетеби деп, араптардан Имай деген кызды алып берет. Имай энебиз уул төрөйт. Угузхан кырк кызды тегеретип, кырк бээнин сүтү менен оозандырып, кырк байбичеге кырк күн бактырат. Кырк күндөн кийин кырк булактан суу алпарып киринтип кырк күн той кылып, баланын атын Кыргыз койдурат.


Кыржерди (сегиз аялдан 40 кызы болот. 9 аялы имай арап кызы)
Кыргыз
Казак
Уйгур
Самаршаа
Кадыр
Кан гыр
Кыдыр
Абийир
Сабир
Алияк
Рашидилкан
Андадхан
Барганхан
Кайирхан
Кендирдин
Арстанбий
Кызырбий
Шакирбий
Тиленбий
Атанбий
Синкинбий
Сарыбий
Муратбий
Терек козу
Кыпчак
Майилкан
Сейилкан
Мейилкан
Даилкан
Калпак
Дембалбий
Кулансарык
Куу уул
Наал
Ак уул
Долон
Муратбий
Сабатай
Бабаш
Чуудулат
Ак-Буура

Мундуз бабабыздын үч аялы болгон экен, ошол үч аялынан 9 уулду болгон. Мундуздун биринчи кыргыз байбичесинен алты уулду болгон.



Мундуз бабабыздын экинчи өзбек байбичесинен 2 уулу болгон экен төмөнкү схемасы көрсөңүздөр болот.




Мундуз бабабыздын үчүнчү байбичеси уйгур болуп, андан бир балалуу болгон анын аты Зулдуз.

Ошентип биз Мундуз атабыздын тогуз уулуна токтолуп кеттик.


Жалпы схемасы:



2. Тагай балдары



Ак уулдун үчүнчү кызы Наалы жеден таркагандар:



Долон бийдин экинчи уулу Куу уулдан таркагандар:



Бул схема санжырачы Турдубай Умар уулунун айтуусу боюнча берилди.



Нух пайгамбарды экинчи Адам ата деп коюшат. Жер бетинде жашаган азыркы элдердин баары ушул үч бир туугандын тукуму деп билишет. Биз, Кыргыздар, жана башка түрк элдери, монголдор Жаластан таркаппыз. Жаластан кийин да ондогон аталар өтүп, түпкү атабыз Долон бий дүйнөгө келип, Ак уул, Куу уул, Кызыл уул деген үч уулдуу болот. Ак уулдан кыргыздын оң канаты, Куу уулдан сол канаты, Кызыл уулдан ичкиликтер таркайт. Буларга кеңири токтолуп олтуруунун зарылдыгы жок деп таптык, анткени алар тууралуу көп жазылып, эл таанышып бүткөн.

Эми Куу уулдан (Сол канат) кыргыздын ичиндеги мундуз уруусу жөнүндө сөз болмокчу. Аймагы – Базар-Коргон, Ноокен, Сузак райондору болуп эсептелет. Мундуз уруусунун тарыхы, замандашыбыз, өзү да мундуз уруусунан чыккан Омор Сооронов агабыздын «Мундуздар» деген китебинде эң жакшы берилген, андыктан төмөндө келтирилгендерди ошонун жазганы боюнча берүүнү туура деп чечтик.

***

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАРАЛЫШЫ

(Санжырачы Абдышарип ажы Тургунбай уулунун айтуусу боюнча)

Угуз хандын Чугез, Кыргез деген эки уулу болуптур. Чугезден таркагандар уйгурлар экен. Ал эми Кыргезге келе турган болсок, Угуз хан ага сегиз аял алып берет, сегиз аялдан кырк кыздуу болот. Тогузунчу аялдыкка арабдардан чыккан Имай деген кызды алып берет, Имай ар кандай ырым-жырымдарды колдонуп жүрүп. Уул төрөйт. Буга кубанган чоң атасы кыркы кызды тегеретет, садага кылат. Кырк булактын көзүнөн суу алдырып ооз тийгизет. Кырк бээнин сүтүнөн оозантат, кырк байбичеге кырк күн бактырат. (Кыргыздардын булак башына олтуруп, жылкы

жандуу болуп калганы ошондон деп коёр эле раматылык Абдишарип ажы). Кырк күн бою элге да угузбайт. Кырк күн өткөн соң баланы кырк булактан суу алдырып, кырк кашык сууга баланы киринтип, элге кырк күн той берип, элден балага ат коюп берүүнү өтүнөт. Ошондо эл ичинен бир аксакал суурулуп чыгып, мындай дейт:

-Таксыр! Балаңыздын аты коюлуп калган, кырк кызды садага чалдыңыз, кырк булактын суусунан бердиңиз, кырк бээнин сүтү менен оозантыңыз, кырк күн жашырып бактыңыз, кырк кашык сууга киринтиңиз, биринчиден, өзүңүздүн атыңызга уйкаш, экинчиден, Кыргездин уулу Кыргыз болсун дейт. Ошентип баланын аты Кыргыз болду, Имай энебиз экинчи баласын төрөгөндө Угуз хан Азан айтып, казыналуу казагым болсун деп, атын Казак деп өзү койгон экен.

***

МУНДУЗ УРУУСУНУН ЧЫГЫШЫ ЖАНА БӨЛҮНҮШҮ

Уруубуздун улуу дөөлөтү санжыраны ушундай баштоону туура көрдүм. Жер каймактагандан кийин Алла таала Адам атабызды жаратып жердин чыгышына, Обо энебизди жердин батышына түшүргөн экен. Ал эми 2006-жылы Алма-Ата шаарында өткөн симпозиумдагы араб окумуштууларынын айтымында Адам ата Орто Азия аймагына түшүрүлгөн.

Ыйык кураныбызда айтылгандай, Адам ата менен Обо энебиз «Муз төр» (Муздалифа) тоосунда жолугушканга чейин эки миң жыл өтүптүр. Ошентип жер бетинде адам баласы пайда болуп, не деген жолдорду басып, Алланын амири менен топон сууга кабылат. Топон суунун капташын алдын ала билген Нух пайгамбарыбыздын (Экинчи Адам ата) кемеси курулат. Кеме үч кабат болуп, биринчи кабатта жан-жаныбарлардын бир жуптан, экинчи кабатына Кам, Сам, Яфас деген үч уулу менен үч келинин жайгаштырат. Үчүнчү кабатына бир жуптан канаттууларды жайгаштырган экен.

Мындай жайгаштыруунун себебин чечмелесек, биринчи кабатка жан-жаныбарларды жайгаштырганынын негизги себеби, алар өзүнүн оор салмактары менен төмөндө туруп, кеменин тең салмагын сакташкан, ал эми үчүнчү кабатка канаттууларды жайгаштырганы кургак жер көрүнсө, алар батыраак учуп кетиши үчүн болгон иш экен. Ошентип топон суудан жан-жаныбарлар да тирүү калыптыр, Нух пайгамбардын урпактары да тукумун улайт. Биз, азыркы монголоид расасындагылар, ошол Нух пайгамбардын Жапаз деген баласынан тараганбыз.

Санжыра – кыргыз элинин тээ атам замандан бери айтылып келе жаткан көөнөргүс мурасы. Ал оозеки түрдө да, жазуу түрүндө да атадан балага, укумдан-тукумга мурас катары берилип келүүдө. Түркий тилдерде ал шежире, чежире, чажара деп аталат. «Чажара» деген сөз арабда «дарак» дегенди түшүндүрөт экен. Крыгызча да «санжыра» деген сөз элдин тарыхын даректын бутак-тамырына окшотуп бөлүүнү түшүндүрөт. Санжыраны кээ бир тууганларыбыз туура эмес, тетири ыкмаларда (варианттарда) айтуу менен элибиздин ага болгон ишенимин, мамилесин татаалдаштырып жатышат. Ошондуктан «Ат көрбөгөн минип өлтүрөт» кылбай, билбесе айтпай эле койсо туура көрөт элек.

Түшүнгөн адамга санжыра урук-тууганды так ажыратканга үйрөтүп, түпкү негизибизди бириктирет. Элибиздин уюткулуу экенин далилдейт. Ошондуктан ата мурасты туура аныктап, дитти буруп, санжырага мамилени ондоп, анын таалим-тарбия берүүчү жагын жакшы жолго коюп пайдалансак. Айта кете турган нерсе, бул санжыра кыргыз санжырачыларынын конкурсунун жеңүүчүсү Абдишарип Тургунбай уулунун айтканы, Омор Сооронов агабыздын «Мундуздар» деген китебинен, санжырачы Төрөгул агабыздын айтуусу, эл ичинен чыккан куйма кулак, сөзгө чебер адам Кудайбердиев Бединдин күндөлүк китебинен алынган материалдар жана башка эл арасынан чыккан жөнөкөй санжырачылар Мамашов Төрөбск, Ыман уулу Султан, Машрапов Андалбек, Жолдошбаев Жалил, Акматов Акынбек, Камчыбеков Курманбек, Абдрахманов Асилбек, Жамалдинов Сабырбек, Тагаева Зууракан, Досбаев Полоттун айткандары боюнча түзүлдү.

- Улутум кыргыз, уруум Мундуз, - деп баштаар эле өз санжырасын абабыз Абдышарип Тургунбай уулу. Санжыра – тарыхый

далилдерди, болгон окуяларды, уруулук бөлүнүштөрдү, уруу башчыларынын баяндарын, аты чыккан жакшыларды окурмандарга, угармандарга ачып берет. Ал көркөм ой жүгүртүүдөгү устаттык менен чеберчиликти сынактан өткөрөт. Жаштарга тарбия берет. Ошондуктан санжыра айтылса, кулакты таштап ук, билимиң артат, жарыкка чыкса оку, тарыхтан кабар аласың. Чыгаан адамдардын сөздөрүнө таасирленип, таалим аласың.


Кыргыздар биздин заманга чейинки доордон 2000 жыл мурда эле калыптанган мамлекети болгондугун Кытай архивдеринен далилдеди. Учурунда орто Азия, түндүгү Иртыш дарыясы, Чыгышы Амур бойлору, батышы Орол тоого чейинки зор аймакты ээлеп турган. Элге келет бир дөөлөт, жерге келет миң дөөлөт демекчи көп кылымдар өтүп, көп чыгаандарды таап, Адил баатыр, Барсбек каган, Манаска окшогон чыгаандарынан кайра ажырап, акыры ушул заманга чейин жетип келди.

Жакынкы мезгилге чейин эле санжыра айтуу элди уруу-урууга, жаат-жаатка жиктөө деп түшүнүп жүрдүк. Бул – куру кыйкырык, куру сөз, анын арааны ачылып, түркөйлүктүн кара бороону бабаларыбыз мурастаган асылзаада ойлорду биздин акыл-эсибизден оолактата айдап бара жаткан чакта түзүлгөн пикир. Санжыра чындыгында бир уруу журт гана эмес, бүткүл адамзаттын жашаган жерине, улутуна карабай, топурагы бир, бардык пенде бир атадан келип чыгат деген ойду ырастайт.

***


Коога чыкса мундуздан,
Оомат кетет кыргыздан.


МУНДУЗ УРУУСУ



Коога чыкса мундуздан,
Оомат кетет кыргыздан.

МУНДУЗДАН ТАРКАГАНДАР




Алдозбай
Бообек
Эшпер
Ботобай
Дөөлөт
Баимбет
Осмон
Муратали
Эшимбет
Досумбет
Мамадали
Абдилла
Айтбай
Рыскул
Токтогул
Тойго
Алчыген
Рыскелди
Кошали
Жаркынбай
Чолпонбай
Кайназар
Атабай
Шадын
Чымын
Станбек
Жума
Акматали
Карабек
Каримкул
Мусакул
Бегимкул
Жапаркул
Парпыбай
Токтосун
Манас
Акылбек
Казыбек
Оморбек
Мамеди
Казбек
Таникул
Жолдош
Арзимат
Мамбеткул
Сарымарт
Кудайменде
Көкөн
Сүйөр
Байчек
Чынын
Чүрөк
Алиакпар
Артыкмат
Кудайберди
Ак чал
Түркө
Кыркы
Асан
Пирназар
Эрназар
Мурат
Мусулман
Иман
Жайчибек
Атаке сопу
Тилекабыл

МУНДУЗДАРДЫН КӨРҮНҮКТҮҮ КИШИЛЕРИ

Мундуздун көрүнүктүү кишилеринин алгачкысы катары уламышты айтылып жүргөн Айым чоң энебизден кеп баштайлы. Р. Эгембердиев 1982-жылы 18-мартта «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын 12-санына «Арстанбап баяны» аттуу макаласын жарыялаган. Анда айтылгандай, илгери-илгери, мындан 2000 жыл чамалуу мурунку заманда Жер Ортолук деңиздин боюнда Искендер деген бала төрөлүптүр. Биздин заманга чейинки 356-323-жылдарда жашап өткөн атактуу полководец Искендер Зулкарнайндын (Александр Македонский) аскерлери Ирандан өтүп, Самарканд, Кожент, Фергананы басып алып, эркин сейилдеп жүрүшкөн болот. Ошондо Арстанбап аймагындагы элдер (Ал кезде Арстанбап деген ат бериле элек болгон.) чоң тектирге чогулуп, Искендердин баскынчыларынан кантип кутулуунун масилетин кылышат.

Чоң-Тектир биздин оюбузча Азыркы Жай-Терек болушу мүмкүн. Кийинки күнү да жыйылып, маселени чече алышпай айлалары кетип турганда, ошол жердин эл башыларынын биринин 6-7 ай мурда турмушка чыккан Айым аттуу кызы Искендер менен сүйлөшүүнү өз мойнуна аларын айтат. Жыйылгандар макул болушат.

Айым сулуу кырк атка жаңгак жүктөтүп, жанына аскер албастан, күйөөсү экөө гана Искендерди беттеп жөнөйт. Ошол убакта Искендердин жоокерлеринин ичтери ооруп, Вазил кыштагынын жанында чоң чынардын көлөкөсүндө жаткан болот. Искендер Айымды сырдуу тиктеп, жактырбагандай болуп, -Айылыңарда эркектер жокпу, Сиз келипсиз,- дейт. - Эркек келсе согушканы келет, мени түптүү журтум атайы тынчтыкты көздөп, жолугушуу тынч өтсүн деп жөнөттү, - дейт айым. Сөзгө тан берген Искендер бул боюнда бар аялдын жөнөкөй адам эмес экенин түшүнүп, сый-урмат көрсөтөт. Айым сөз баштайт:

- Урматтуу падыша! Биздин сөздү бүтүндөй бир элдин сөзү деп билиңиз, сиздердин жортуулда экениңиздерди укканыбызга бир топ күн болду. Беттешебиз деп адегенде суусуз чөлдөн

күттүк, андан ашуусу бийик белден күттүк, жаңгагы көп түнт токойлуу жерден күттүк, келбединиздер. Ырас, сиздердин кичиккениздер тынчсыздандырды, бизди алдыда болуучу чоң күчтөрдүн кагылышы, «эр өлүгү зоо, ат өлүгү тоо болгон» кыргындын күтүлүшү тынчсыздандырды. Акырында элибиз чогулуп, акылмандарыбыз кеңешип, бизди жөнөтүштү. Калкыбыз сизге жакшы тилегин билдиришти. Заманга тыныччылык, эки элдин ортосуна ынтымак каалашты. Анан да биздин жоокерлердин ар бири сиздин жоокерлериңизге бирден жаңгак атап, белекке беришти»,- дейт.

Айым ат үстүнөн туруп куржунунан эки жаңгак алып, бул токойдун жемиши, бири сизге, бири канышаңызга. Ал эми ат үстүндөгү калган жаңгактар жоокерлериңизге. Эгер, биздин эл менен тынч байланыш түзүүнү кааласаңыз, анда бул жаңгактын маңызы сиздерди дарттан куткаруучу дары болот деди.

Искендер жаңгакты жоокерлерине таркатууга буйрук кылды. Арадан эки күн өтөт, ал аскерлеринин ичи басылып калганын угат. Өзү да сергек болуп, куландай ыргыштап калыптыр. Анан канча жоокерге жаңгак жетпей калганын сурайт, көрсө жетпей калмак тургай, дагы миңдей жаңгак ашып калган экен, Муну угуп жүрөгү шуу дей түшөт, анткени алар биздин 1000дей адамга артык экен деп ойлойт.

Искендер сыр билгизбей жаңгакты кантип колго өстүрүп алса болорун сурайт. Калган жаңгактарды алып барып Грецияга өстүрүүнү өз кишилерине тапшырат да, өзү Айымга кайрылып согушту туура көрбөгөндүгүн айтып, өз элиңизге ыраазылык билдирип коюңуз деген экен.

Айым күйөөсү экөө кубанычтары койнуна батпай келатышканда, Фергана, Анжияндан өтүп, Кара-Дарыяга жакындай бергенде, эти ооруп, 7 айлык уул төрөп, өзү көз жумат. Ошол Айым өлгөн жер азыркы учурда да Айым кыштак деп аталат. Жети айлык баланы атасы калпагына салып элине келет, атын Арстан коюшат. Арстан жаштайынан жетик, акылы терең, элге кенен, жаманды жакшыга теңеген, жакшыны башчыга теңеген эл башчы болуптур. Азыркы Арстанбап ата деген сөз ошол кишинин атынан коюлган дешет. Арстанбап Арстанга тийешелүү дегенди түшүндүрөт. Октябрь революциясына чейин Арстанбапка түн-

дүк, түштүк эли бүтүндөй сыйынып келишкен. Атактуу адамдар өткөндө сөөгүн Арстанбапка алып келип коюшкан. Буга далил катары атактуу тарыхчыларыбыз Осмоналы Сыдыков менен Белек Солтоноевдин китептеринен шилтеме келтирсек ишенимдүү болот. Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» китебинде: «Кыргыз кээ бир атактуу киши өлсө, болжолу 1820-1825 жылдар чамасына жете, эгер арка кыргызынан болсо да аны Анжияндагы Арстанбапка коё турган»,- деп жазат.

Ал эми Осмоналы Сыдыковдун «Тарыхы кыргыз Шадмания» деген китебинде «Тагайдын балдары» бөлүмүндө «Маматкулдан – Болот, Темир, Болоттон – Тайырбек, Сураке, Айдаке, Эсенкул, Салыбек, балдары «Беш күрөң» аталды. Кымызды көп ичип өлүп калган Болоттун сөөгүн Кетмен-Төбөдөн жүктөп келип, Арстанбап атага койгон экен. «Күрөн болуп уктап калды» дешип, күрөң атагын алган дешет»,- деп жазган.

Мындан биз кыргыздын белгилүү адамдарынын Арстанбап мазарына коюларын билдик, ал эми манасчы Мамбет Чокморов айткан вариантта Манас баатыр Алтайда эмес, Арстанбапта төрөлөт. Окуя мындайча сүрөттөлөт: Жакып хан Талас жергесинен жер кезип Арстанбап тарапка өтүп, укмуштай кооз аймакты көрүп, азыраак, эли жана аялдары менен ушул жерде аштык айдап жүрүп калат. Аталган вариантта Манастын тентектигине жана жиндилигине чыдабаган энесин Жакып энеси экөөнү айдап жиберет. Ал таалим, тарбияны таятасынын хандыгынан үйрөнгөн деп айтылат. Бизге белгилүү болгондой, Базар-Коргондо (мурдагы Калинин, азыркы Карача айылы) Карачадан таркаган эл бар, буга караганда айтылуу Манас мундузга жээн болгондой. Ошондой эле мундуздун ичинде Көкчөгөз айылы, Көкчөгөз уруусу бар экендигин эске алсак, жогорудагы тыянакка кошумча болот. Андан тышкары Күрөбөс жайлоосундагы Манастын кайрагы, Манастын үңкүрү, ат байлаган казыгы (таштан) болгондугу да Манастын биздин жерде болгондугун айгинелеп тургансыйт. Кайракыда кыя жолдон чыга берген жерде, Алмамбет менен Чубактын кош үңкүрү да бар.

Андан кийинки кенже эпос «Саринжи-Бөкөйдө», комузчу Болуш Мадазимов черткен ушундай аттагы күүдө да мундуздардын тарыхы баяндалат. «Саринжи-Бөкөй» эпосундагы окуялар

болжолу он беш – он сегизинчи кылымдардагы калмак доорына туш келет. Абдишарип Тургунбай уулунун айтуусунда Саринжи Бөкөй хандын кысымынан улам Чүйгө кетип, келбей калган. Саринжиден тарагандар белгилүү акын Ысмайыл Борончиев, атактуу коомдук ишмер Султан Ибраимовдор болушат. Өнөр адамдары Ноокендик ожураттардан Карамырза Калыбек уулу 1861, Доорон ырчы, Абдылда ырчы, Шайдан айыл өкмөтүнө караштуу Көлмө айылынан Курбаналы комузчу чыккан. Азыркы таанымал адамдарынан – Абдишарип ажы Тургунбай уулу, Омор Сооронов, жазуучу, Нурак Абдыракманов – комузчу, Кеңеш Жусупов – жазуучу, Султан Абдыракманов – журналист ж.б. адамдар кирет.

***



Мамашов Төрөбек 1925-жылы азыркы Базар-Коргон районуна караштуу Ачы өрөөнүнүн Кой-Таш айылында туулган. 4-класска чейин Акчалууда мектепте окуган, Соку-Таш мектебинен 7-классты бүтүргөн. Мектепти аяктагандан кийин Ак-Теректеги мектепте эки жыл мугалим болуп иштеген. 1940-1943-жылдары Ачыда сельсоветтин катчысы болуп туруп, аскерге чакыртылып, 1943-1948-жылдары адегенде Улуу Ата Мекендик согушка катышып, кийин Советтик Армиянын катарында кызмат кылган.

1948-жылы аскерден келип, 1952-жылга чейин бригадир болуп иштеген, 1959-жылдан почтанын начальниги болгон. Кийин 1985-жылы пенсияга чыкканга чейин кой баккан. Азыркы учурда ардактуу эс алууда, алты уул, эки кыздын атасы., 28 небере, 26 чеберенин чоң ата, таятасы. Байбичеси Үрү менен балдарынын бактысын тилеп жашап келет. 1997-жылы ажылыкка барып келген.

Суудай тунук сөзгө бек,
Санжырачы Төрөбек.
Беш топ Бообек балдарын,
Баяндайт элге билгин деп.

Тоодой бийик сөзгө бек,
Токтоо мүнөз Төрөбек.
Токтобой айтат билгенин,
Тарыхыңды билгин деп.

Ачык мүнөз, сөзгө бек,
Акылдуу жан Төрөбек.
Адашпай айтат билгенин,
Ачынын эли билсин деп.

Сөз кылып эми шашылбай,
Санжыраң керек абадай.
Сулуу таң атсын дайыма,
Сур булут жүзүн жашырбай.

Кунназар баатыр жомокпу,
Кыдырып жүргөн ой-тоону.
Калбаптыр аты тарыхта,
Калкыңдын же шорубу?

Аталар билбей баатырды,
Айттырбай элге калганбы?
Аялуу бир адамдай,
Ашыгып көмүп салганбы?

Айтыңызчы абаке,
Айыбы элге бар беле?
Айыбы элге жок болсо,
Айтылбай калды эмнеге?..

Таамай сөз айтсаң чечен дейт,
Тууруңдан качсаң бечел дейт.
Туура сөздү айталы,
Тарых бизди кечирбейт.

Мундуздан чыккан баатырды,
Муңканбай эле мактайлы.
Сүйлөңүз анда аваке,
Санжыраңыздан баштайлы.

КАРГА БААТЫР, КУЛЧАК БААТЫР

1. Кулчак баатырдан – Тиленбай, Тиленбайдан – Ади, Кайып, Ален. Адиден – Төрөкан, Баракан, Арык, Үркүнбай. Төрөкандан – Көкөн. Көкөндүн биринчи аялынан (Сакенден) – Абдыманап, Абдымиталип, Абдыкалык, Абдыжалил, Абдылла, Паризат, Пазилат. Экинчи аялынан (Бактыкандан) – Нурзат, Бекзат.

Бараканден – Ашир, Темир, Өмөр.

Арыктан – кыздар.

Кайыптан – бала жок.

Үркүнбайдан – кыздар.

Аленден – Эмиш.

Эмиштен – кыздар.

1. Карга баатырдан – Кунназар. Кунназардын биринчи аялынан – Шадыбек, Арап. Шадыбектен – Төрөгелди, Кангелди. Төрөгелдиден – Молдобай, Эшен, Борбу, Жаанбай. Молдобайдан – Абжапар, Орчун. Эшенден – Алиш, Алиштен – Анарбек, Алимбек, Арзыбек.

Борбудан – Ажиман, Ажимандан – Акберди, Эгемберди. Жаанбайдан – Арстанбек, Убай, Таштан.

Кангелдиден – Баймурат, Баймураттан – Бегимкул, Мамаш, Мамыт, Камыт.

Бегимкулдан – жок, Аскерден кайтпай калган.

Мамаштан – Жоробек, Төрөбек, Мырзабек.

Төрөбектен – Бөрү, Жуман, Куламкадыр, Куламсабыр, Шадыбек, Абдыкадыр.

Мамыттан – Тилеш, Дадый, Эркин, Козон.

Камыттан – Нурмамат, Осмон, Айти, Калыбек.

Араптан – Жаркынбай, Ырысбай, Касымбай, Турду.

Жаркынбайдын – Өмөрали, Рустам. Өмөралиден – Жумаш, Чоно. Жумаштан – Чубак, Жолдубай. Ырысбайдан – Адиш, Адиштен – Жумали, Жумалиден – Кадырали, Насирали, Махмуд, Замир, Базарбай. Касымбайдан – Токтон, Өмөн, Ураим. Токтондон – кыздар, Ураимдин 1- аялынан – Төлөнбай, 2-аялынан –

Тиллебай. Төлөнбайдан – Сабыш, Мукаш. Тиллебайдан – Темир. Турдудан – Абдраман, Калык, Кочкор, Абдраим. Абдрамандан – Казы, Казыдан – биринчи аялдан Советбек, Канатбек. 2-аялдан – Мырза. 3-аялдан – Санжар, Рахман, Бактыгүл. Калыктан – Мажит, Жеңиш, Абдыганы, Насы, Абдилаз, Айдарбек. Айдарбектен – Абдылай, Бектен, Абдразак, Нурдин. Кочкордон – кыздар. Абдраимден – кыздар.

Кунназардын 2-аялынан – Табылды, Тагай. Табылдыдан – Камбар, Жусубали, Нуру. Камбардан – Муку, Мойдун, Көчкөнбай. Мойдундан – Сабырбек. Жусубалиден – кыздар, Нурудан – кыздар, Тагайдан – бала жок.

Кунназардын 3-аялынан – Карымшак, Түнкатар. Карымшактан – Пират ажы, Пират ажыдан – Назармат, Назарматтан – Токон, Токондон – Тынычбек, Жунусбек, Атантай. Түнкатардан – Жусупбай, Буудайчы, Жусупбайдан – Темирбек, Буудайчыдан – Алтымыш.

Кунназардын 4-аялынан – Таңатар, Асан. Таңатардан – Мамат, Маматтан – Жетимиш, Байназар, Султан. Асандан – Ыса, Муса, Кубат. Ысадан – Жаныш, Толубай, Адан, Кыргызбай, Убайдулла. Мусадан – Абдыкадыр, Абдыкадырдан – кыздар, Кубаттан – Мурат, Арыкбай, Абдыкаар.

***

БОТОБАЙ УУЛУ ЖӨНҮНДӨ

Илгери, биз бала кезде, башкача айтканда, 1932-40-жылдары айылда аш-той болуп калар эле. Эл жапырт келип калган учурда тойдун (аштын) бийи “Маша аба, элди орунга отургузуңуз”,- деп сунуш кылчу. Маша аба атка ыргып минип, топко жар салчу: -Кана, туугандар, Ботобай уулу биринчи тартыңыздар. Андан кийин Акылбек уулу баштаңыздар,- деп кыйкырчу. Көрсө беш топ Бообектин эң улуусу Ботобай экен. Ботобай уулунун эң аксакалы өргөөгө, же үйгө баштагандан кийин алыстан келген мейманлар киришип, анан бата кылышат эле.

Маша абанын салган ошол жарлыгы кайсы айылда болбосун ошол тартипте колдонулчу, анан тамак тартылчу. Көрсө, беш топ Бообек ушундай ынтымактуу эл экен. (Мамашов Төрөбектин айтканынан).



Чоң багыш уруусунан чыккан Матай паңсаттын балдары – Мамаш, Артык. Мамаштын аялы Кунназардын биринчи аялынан Шадыбек, Шадыбектен – Төрөгелди, Төрөгелдиден – Молдобай, Эшен, Борбу, Жаанбай. Борбунун кызы Толу болот.

Мамаш өзүнүн бир тууган иниси Артыкка келин болуп түшкөн Төрөбек ажынын кызы Тотунун күйөөсүнүн аты – Тагайбек. Тагайбектен – Назгүл, Нургүл, Батма аттуу кыздар төрөлөт. Назгүл Шатырак (Жаңы-Ачы) айылында, Кунназардын төртүнчү аялынан төрөлгөн уулу Таңатардын небереси Жетимиштин уулуна түшкөн. Нургүл – Таласта. Батмасы – бой, анын адепки аты – Токтобү.

Артыкова Батма Тагайбековна Жалал-Абад шаарына караштуу Мундуз айылында 1988-жылы 12-мартта төрөлгөн. Үч бир туугандын кичүүсү. Атасы каза болуп калгандыктан, таятасынын колунда тарбияланды. Апасынын бир туугандары тага ордуна ага болуп тарбия беришти. Жалал-Абад шаарына караштуу №16 орто мектепти 2005-жылы жакшы окуп бүтүргөн, бирок апасынын ден соолугуна байланыштуу окууга тапшыра алган эмес. Учурда апасын карап, анча-мынча ыр жаза коюп жүрөт.

Төрөбек ажынын небереси Батма, Кунназар баатырдын жээни болгондуктан, анын жүздөгөн ырларынан айрымдарын сиздерге сунуш кылып олтурабыз.

Арман

Ушу менин тагдырыма,
Кандай жазуу жазылган?
Атакемден ажырап мен,
Алыс калдым жашымдан.

Ажал деген ушунчалык боору ташпы,
Атакемди жер түбүнө алып калды.

Тагдыр экен... Сүрөтүңдү көргөн сайын,
Токтотуп болбойт экен көздөн жашты.

Сагынганда кайдан издейи сени, ата,
Издесем да таба албаймын сени, ата.
Жүрөгүңүз согуудан калса дагы,
Жүрөгүмдө жашай берчи, жаным ата!

Асыл атам, келбейсизби түбөлүк,
Биз Сизди мин-миң жылдап күтөлүк.
Жыттасам дейм, жыпар жыттуу жытыңдан,
Кантип сизден биз күдөрдү үзөлүк?

ООРУБАҢЫЗ АПАКЕ!

Менин алтындай болгон эң кымбаттуум апам азыркы учурда ооруп жатат. "Жараткан сүйгөн пендесине дарт берет", - дешет эмеспи, апа, буйруса сөзсүз жакшы болуп кетесиз. Сиздин батыраак сакайып кетишиңизди өтө сабырдуулук, чыдамсыздык, зор үмүттөр менен күтүп келем. Сиз болсо, узак мезгилден бери оорудан оолак боло албай келесиз.

Кагылайын апаке, сиздин жаныңыздын кыйналганын көрүп, мен жанымды коёрго жер таппай калам. Сизди кыйналган дартты колумдан келсе, камырдан кыл сууругандай сууруп алар элем. Атаганат, колумдан келбейт...

Аллахтан Сиздин тез сакайып кетишиңизди суранам, узун өмүр сүрүп, биздин убайыбызды көрүңүз".

Энекебай

Айланайын эне деген атыңдан,
Бул ааламда теңдеши жок затыңдан.
Мага бердиң ыйык аппак сүтүңдү,
Тарбиялап алпештедиң жашымдан.

Уйку көрбөй көрдүң түндүн неченин,
Ак сүтүңдү актай алар бекемин?

Бул дүйнөдө Кудай канча жаш берсе,
Сени сыйлап, сага таазим этемин.

Энекебай тарбиялап жашыман,
Коштуң мени бал жашоонун сабына.
Ал, күч берип, коргоп, оору-сыркоодон,
Алпештедиң канат байлап багыма.

Алтын энем аман болгун дайыма,
Ар бир сөзүң жанга дабаа дарыдай.
Ак сүтүңдү бизге бердиң аябай,
Кантип турам сизге өмүр каалабай.

Мен киммин?

Мен киммин,
Мен бир кызмын кейип жүргөн,
Аргасыз ичи муздап араң күлгөн.
Атам жок...
Апам ооруйт... Эмне жорук?
Ойлонсом каным дүрбөп жаным ооруйт...

Айлам жок тагдырыма баш ийемин,
Башкалардын түшүнбөсүн эч билбепмин.
Айтчы Кудай, ким күнөөлүү, эмне себеп,
Куда түшүп апама кимдер келет?
Абалымды сен билбесең, Кудайым,
Кимдер билет?..

Досторума

Жанашып жашыбыздан бирге өсүп,
Жашырбай жан дүйнөнү тең бөлүшүп.
Жамандык жандабасын жан досторум,
Жашайлы жакшылыкты бир көрүшүп.

Өмүрдүн кан жолунда бирге басып,
Кайгыны алыска айдап көңүл ачып.
Бөлүнбөй биримдикте бул жашоодо,
Жүрөлү жүзүбүздөн күлкү чачып.

Достук бул – буюм эмес жолдо жаткан,
Достук бул – сүйүү күчү жүрөк тапкан.
Достук бул – жан дүйнөнүн түпкүрүнөн,
Достук бул – ыйык сезим жан жыргаткан.

Эңсөө

Бала чакта апакемди кыйнаганмын,
Атакемди таап бер деп ыйлаганмын.
Кайдан билдим ошондо өткөндү эстеп,
Апакемдин жалооруп ыйлаганын.

Айылдын шок балдары жетим дешкен,
Бул сокку жүрөгүмдү эзип кеткен.
Ыйлап жатып өзүмө суроо берем,
Ким мени бул азапка салып кеткен?..

Ыйласам да кайгырсам баарын эстеп,
Таппадым бул сурооно жооп издеп.
Билинбей андан бери көп жыл өттү,
Жүрөмүн жакшы күндү дале эңсеп.

Москвада болгондо

Жоголду менин ак майкам,
Таң азан аны ким алган?
Бир паста таппай калдым го,
Жайып койгон ордунан.

Жоголду анан чаар шапкам,
Жаңы эле таза жуун жайган.

Ордуна коюп койгула,
Уят болот таап алсам.

Анча-мынча нерселер,
Жоголуп кетет турбайбы.
Ушинтип жүрсө кыргыздар,
Бирин-бири сыйлайбы?

Заңгыраган бир бөлмө,
Тардык кылчу өзүмө.
Эми минтип отузу,
Жашап жатат бир үйдө.

Коңурук тартып, жөтөлсө,
Кээ бири онтоп, жөөлүсө –
Кыйналып жатып уктайсың,
Ойлорго батып түрдүүчө.

Кыйын экен ойлосом,
Чогулуп жатып уктаган.
Көзүмөн учту Ала-Тоом,
Куруп кетсин Москваң...

***

МЕЗГИЛГЕ ТАРЫХЫЙ БАА

Жашоодо акыл-эс, бийлик, байлык жанаша жүрөт. Байлык акыл-эске таянса эл күч алып, тынчтыкта, ынтымакта жашашат.

Бийлик байлыкка азгырылып, шаан-шөкөткө берилип кетсе, өлкө экономикалык жана саясий жактан кризиске учурап, элдин абалы оорлошот.

Тарыхка кайрылсак, Мухаммед пайгамбарлыкка өтүп, төрт чарыяры менен араб элин адил башкарып, аягы менен тик тургузуп койду. Искендер Зулкарнайн грек элин тарыхка белгилүү кылды, Чыңгыз хан Евразияны бүт каратып, монгол элинин даңкын дүйнөгө чыгарган. Амир Темир көрөгөн Орто Азияны гүлдөттү, Иван Грозный орус элин кулдуктан куткарды. Улуу Петр 1 орус маданиятын көтөрүп дүйнөгө таанытты. Сталин тишине чейин куралданган немецтик фашисттерден сактап СССРди дүйнөдөгү биринчи орунга чыгарды. Неру индия элин кулдуктан бошотту. Азыркы мезгилде деле элин өргө баштаган Кытай, Америка, Орусия, Иран, Германия, Япония ж.б. ондогон мамлекеттердин башчылары акыл-эске баш коюп иштеп жатышат. Ушулардын катарын Казакстан менен Түркмөнстанды да кошууга болот.

Алар өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн эмес, акылга баш коюп, элдин кызыкчылыгы үчүн өмүрүн сарп кылган гений адамдар десек болот. Мисалы Өмөр падышачылык кылып турганда Меккеден бир досу Мединага учурашканы барат. Ошондо күүгүм кирип калган болот. Өмөрдөн суранса, бир аз күтүп турсун, мен мамлекеттин ишин кылып жатам, бир аздан кийин кабыл алам дейт. Бир аздан кийин күйүп турган чыракты өчүрүп, башка чырак жагып, анан досун чакырат. Досу сурайт:

- Ээ, досум, эмне үчүн күйүп турган чыракты өчүрүп, башка чырак күйгүзүп, анан мени чакырдың?

- Мурунку чырактын майы казынаныкы, бул чырактын майы өзүмдүн бешене терим. Эгер, тигил чырактын жарыгында сүйлөшсөм, тигил дүйнөгө барганда Аллага эмне деп жооп берем?,- деп жооп берген дешет Өмөр адыл.

Бул баяндан чыгар жыйынтык, элди башкарган азаматтар таза болушса, байлыкка азгырылбай, акыл-эске баш коюп эмгектенсе, эл оңолуп, жакшы турмушка жетишет. Учурда кыргыз башчылары байлыкка азгырылып, шаан-шөкөткө берилип кткендиктен, кризиске дуушар болдук. Кыргыздын мүлкү, бар байлыгы коррупциялык жол менен таланып жатат. Мамлекетибиз өтө оор абалда калды. Аны мындай акыбалга кептеген коррупция менен трайбализм.


Менин мезгилге тарыхый баа берүүгө аракеттенгенимдин себеби да жөн жерден эмес, мен мамлекеттин өсүп-өнүгүүсү өлкө башчысынын зиректигинен, дүнүйөгө бсрилбей, туура багыт алып, уруу-урууга жиктебей башкара алуусунан болот деп ойлойм.

1840-жылдардан 1890-жылдарга чейинки аралыкта Кунназар баатыр өз элин ички жана сырткы душмандардан коргоп келген тарыхый адам болгон, Ал Кокон хандыгынын запкысынан элин сактап, кетмендеп жер чаптырып, кол менен эгин эктирип, кышкысын төрт түлүк малга тоют камдатып, кыргындан сактаган. Миңдеген түтүн элге ун, туз жеткиртип, тегирмен курдуруп, аттарга така, орок, кетмен сыяктуу шаймандарды жасаткан. Керектүү жерлерге устаканаларды ачтырган. Арык тарттырып, эгилген эгиндерге суу чыгарткан.


Ар бир адамга жөндөмүнө жараша иш бөлүштүрүп, жайлоолорду да сарамжал пайдаланууга үйрөткөн, кыш оор жылдары байлардын малын тең шерикке бактырып, жуттан сактаган. Эч кандай билими болбосо да, өзүнүн тубаса зиректиги менен элин баккан бул инсанга таазим этүү менен азыркы билимдүү төбөлдөрдүн кылганына жаның ачыйт.

***


Шатырак айылында беш топ.
Бообектин бири Ботобайдан таркаган
Кунназар баатырдын уруктары жашайт.




Кунназар атабыздын 1-уулу Шадыбектен таркагандарга токтолсок




Кунназар атабыздын 4-уулу Туңатардан таркагандар




Кунназардын 2-аялынан Таабалдыдан таркагандар




Кунназар атабыздын 3-аялынан Таңатардан таркагандар




Кунназар бабабыздын дагы бир баласы Асандан таркагандар



Кунназар баатырдын 3-баласы Аралбайдан таркагандар



Эми Шатырактагы Ботобайдан таркагандар Бешкемпирдин бир уулу Кулчактан туулган балдарын таралуу схемасы.



Кунназар баатыр 1820-жылдары Азыркы Базар-Коргон районунун аймагындагы Караңгы-Колот деген жерде туулган. Атасы Карга баатыр колунда бар адам болгондуктан, баласын эч нерседен кем кылбай багат. Тескей-Тоонун кызы апасы Асилкан боз үйдүн эшигине туурасынан кирип, туурасынан чыккан алп аял болгон дешет. Төрөлгөн баласын эч кимге көрсөтпөй, далдалап бакан экен, себеби Кунназардын келбети башкача болуп, курсагы чоң, эриндери барбайып, көзүнөн күйгөн оттун элеси көрүнүп турчу экен. Кудай таала ашыкча кудурет, ошондой келбет, сөөлөттү эле бербестен, мусулманчылыктын жолун жолдоп, колун адалдап койгон экен. Бул көрүнүшкө Асилкан таң калбастан, атасын тарткан турбайбы деп ичинен Жаратканга ыраазы болот. Эмчегин соргон кезде энеси чыдай албай кетчү экен. Бала 4-5 айлык болгондо эле жөрмөлөп, 1 жашка жетпей басып кетет, апасы башкаларга "Балам эки жаштан өтүп калды" деп коюшчу дешет.

Баатырдын үйүнө баатырлар, байлар, бийлер көп келишип тургандыктан тилдеринде мөөрү, көзүндө сыйкыры бар адамдардан уулум сак болсун деп тумар тагып коюшат. Асилкан үйүнө келген меймандарга тике карабай, үй кызматкерин киргизип тейлетчү, баласын да чоочун адамдарды караба деп үйрөткөн дешет. Асилкан намаз окуп жатканда боз үйдүн түндүгүнөн кызыл, жашыл түстөгү нурлар түшүп турса, бала ошол кооз түстөрдү кубалап ойночу экен. Кыргыз үйдүн сыртынан туурдукту ачып койгондуктан, көргөн адамдар, айрыкча келиндери таң калышчу. Мындай көрүнүш Асилкан намаз окуганда гана болчу имиш.

Кунназардын жүрөгүнүн тушунда ийненин көзүндөй тешикче пайда болуп, андан жылкынын жалына окшогон түк пайда болгонун энеси байкап жүргөн. Баланын ачуусу келгенде алиги түктөр тик туруп катып калып, жөнөкөй учурда жумшак болуп жатып калчу. Он жашка жетип-жетпей атасы Каргага кошулуп ууга чыга баштайт, атасын туурап, колуна кылыч кармап жүргөндү жакшы көрөт. Атасы менен үзөңгү кагыштыра катар бастырып баратса, артынан чоң эле кишидей көрүнчү.

Талаа-түздө көп жүргөн Карга баатыр баласын сынамакка оор жүктөрдү атка арт десе, токтобой туруп эле жүктү колу менен кармап, жерден жулуп алып, атына артып алар эле. Аш-тойлор-

догу бала күрөштөрдө эч кимди койбогондуктан, акыры даап киши чыкпай калыптыр, ал тургай чоң адамдар менен күрөшкөндө да жамбашы жерге тийген эмес дешет. Эңиш, күрөштөн белгилүү болуп, эч ким чыкпай калгандыктан, атасы Карга, абасы Кулчакка кошулуп Күңгөй жана Тескей тоолорго барып эңишип, намыс алчу болот. Бара-бара андан да ашынып Бала баатыр аттанып кетет.

Кунназар элдин айтымында анчалык узун эмес, бою эки метрдей, кең далылуу, булчуңдуу, салаалары узун, бармактары жоон, бука моюн, белдүү келип, башы чоң адам экен. Адам пенденин үрөйүн учурган, айбандардын үшүн алган чоң коркунуч көзүндө эле дешет, жини келип, бир нерсеге умтулганда көзүнөн сыйкыр чачырап айбандар мындай турсун, уулуу жыланды да качырып жиберер эле дешет. Он төрт жашында атасы Каргага кошулуп ууга чыгып, алдынан чыккан бала жолборсту кулактап, үстүнө минип алган экен, Кунназардын көзүнөн корккон бала жолборс каршылык кыла албай, туруп бериптир. Он эки жашынан намазга жыгылып, алдыңкы аалымдардын таалимин да алган экен, ушуларды мага айтып берген адамдар, даана айтпаса да Кунназардын колдоочусу болгондой деп айткандары эсимде. Колдоочусу болсо болгондур, аны бир Кудай билбесе, бизге белгисиз...

Он төрт жашка чыкканда Кой-Ташка өзү кыргыз үй көтөртүп, мечит курдуруп, балдар окуй турган медресе курдурганы да бекеринен эмес. Санжырачылардын айтымына караганда өз атынан көтөргөн туусу да болгон экен.

Колдоочусу болбосо, эл билбесе, он төрт жаштагы бала кайдан жүрүп баатыр атансын, апасы намаз окуп жатканда нур төгүлүп турганы да бекер жерден чыккан кеп эместир, Касиет апасындабы, же атасындабы, же бала баатыр атанган Кунназардын өзүндөбү, муну мындай-андай деп бир беткей айтыш кыйын. Андыктан көп жыл илгери жашап өткөн Кунназар тууралуу ойлонбой эле нары, же бери деп коюш күнөө иш.

Бул эмне, Кунназарга таңууланып коюлган атпы? Андай экен, ошол заманда жашап өткөн адамдардын бардыгы тең эмне үчүн баатыр атанышпады? Ачыда, анын ичинде Кой-Ташта жашагаганы белгилүү бул инсанды жалган деп эч ким айта албайт. Урпактары жашап жатышпайбы, уучу куру эмес. Кунназардын төрт

аялынан таркагандар Сузак районунун кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн карамагында өмүр сүрүшүүдө. Буга беш топ Бообектен таркаган Ботобай, Дөөлөт уулдарынан тарагандар күбө. Кунназар жомок эмес, чындыгында эле жашаган баатыр экени анык.

Мага келип түшкөн баяндардын бардыгын өзгөртпөй берүү – менин милдетим. Тетири ойлорду турмуш өзү эле тескеп коёт. Кунназар он төрт жашка чыкканда атасы Карга, абасы Кулчак жана башка жоон топ адамдар болуп Кашкарга тойго барат. Бир жумага жакын тойлошуп, көл жээктеп эс алышат. Кайтар мезгил жакындап, эртең аттанабыз дегенде Карга Кунназарды чакырып, бир өспүрүм баланын жанына алып барып: "Бул сенин иниң болот, аты – Кашкар, экөөңөр бир туугандай болуп жүргүлө, урушпагыла. Силер жалгыз эмес, экөөсүңөр",- дейт.

Кара каш, албеттүү, көзүнөн оту жанган, жылдыздуу жигит Кунназарды кучактап көпкө турат. Окуянын чын-төгүнүн аңдай албаган Кунназар да инисин кыса кучактап көпкө коё бербей турат. Балдар бат эле мамыр-жумур болуп кетишет. Эми көлдүн жээгине ойногула деп Карга басып кетет. Кунназар атка минип, сол бутун үзөңгүдөн чыгарып, "Кел, мага учкашып ал",- дегенде иниси Кашкар ойлонбой туруп эле:

Жайып коюң көпчүктү,
Жоорутпасын көчүктү.
Карганын уулу Кунназар,
Бул көчүк сиздики эмес биздики...", - деп жооп берет.

Басмайыл менен бекем тартылган сайма көпчүктү жайып жиберип, инисин учкаштырган Кунназар көлдү карай бастырып кетет. Атам кайда кетти деген ой менен акмалап, бир атлас көйнөк кийген аял менен турганын көрөт. Аялдын бою атасынын далысынан келип турган экен. Инисинин жүзүн бир карап алган Кунназар апасына окшош болсо керек деп ичинен ыраазы болот.

Бир катар күн өткөндөн кийин Кунназар инисин ээрчитип Узун-Колотто жайгашкан Көлбай-Булакка барат. Булактын суусу таза, айланасында түрдүү мөмө-жемиштер көп экен. Теректери көккө бой керип, көлөкөсү коюу, ошонун түбүнө Кунназардын апасы Кой-Таштан жайлоолоп келип олтурган экен. Кыргыз үйдүн ичи кенен, 20-30 киши кенен отургудай эле. Эки атчандын

карааны жакындаганда Асилкан уулу Кунназарды таанып, экинчи баланы боолгой албай коёт.

Кунназар аттан түшүп, апасы менен эсендешип болгондон кийин Кашкарды көрсөтүп, -Тааныйсызбы?,- десе, Асилкан унчукпайт. - Бул менин бир тууган иним Кашкар,- дейт. Асилкан селт дей түшүп, мукактанып... -Айланайын, Кунназар жалгыз деп жүрсөм, эгиз экен. Түгөйү бар турбайбы. Турпатыңдан айланайын, туубасам да тутунган уулум бол,- деп, пияланын көзүндөй болгон сыйкырдуу көздөрүнөн жаш чыгып, Кашкарды бооруна кысат. Көпкө турат. Көзүнөн жашы салаалап, бүткөн бою коргошундай эрип кете жаздайт. "Өз уулум болуп жүр" деп эки эмчегин тең чыгарып эмизет. Ошондо он төрт жыл бала көрбөгөн Асилкандын эмчегинен дирилдеп сүт чыккан экен, оозундагы сүттү жутуп жиберген Кашкар Кунназардын жанына туруп калат.

Ак тилек айткан Асилкан таза идишке суу алдырып тегеретип, толгон-токой ырымдарын кылып, сууну таза жерге төктүрүп, үйгө киргизет. Бул окуяны айтып берген адамдардын айткандарына ишенүү же ишенбөө ар кимдин өзүнүн иши. Бир уруу журттун келип чыгыш тарыхы башкача да баяндалып жүрөт. аны ким тарабынан айтылганын, кандайча баяндалганын, кандайча такталгандыгын, окуянын жүрүшүндө биле аласыздар. Кандай болгон күндө да Кашкардан тарагандар айланып келип эле Ботобайга барып такалат.

***

Кудай деймин

Эки кылым мурдагы,
Элимдин кандай тарыхы.
Алла эле билбесе,
Айтыш кыйын жагдайды.

Эбепке-себеп болсо да,
Этегим ырга толсо да.
Эңкейип кеткен учурду,
Эссбин алыш кыйын да.

Көрөгөч көздүү болсоң да,
Кайраттуу күчкө толсоң да.
Кудайым эле бербесе,
Кайтарыш кыйын алдыга.

Жер тыңшаар азыр Мамыт жок,
Жан берээр ага азык жок.
Жер менен жексен болушту,
Жылдызы жанган тарых жок.

Көрөгөч көздүү Мамыт жок,
Күч берээр ага азык жок.
Кара жер менен жок болду,
Кайраты күчтүү тарых жок.

Кубанта албай тарыхты,
Караңгы-Колот жер калды.
Карга баатыр издерин,
Көрсөтпөй элге сел алды.

Сүйүнтө албай тарыхты,
Сүйүктүү Кой-Таш жер калды.
Баатырдын баскан издерин,
Билгизбей элге сел алды.

Ал дүйнөнүн эрмеги,
Айланып кайра келеби.
Алты кылым өтсө да,
Алланын кыйын бермеги.

Көл дүйнөнүн эрмеги,
Кайрылып кайра келеби.
Кырк кылым кайкып учса да,
Кудайдын кыйын бермеги.

Кунназар баатыр төрөлгөн,
Караңгы-Колот жер экен.
Карга баатыр атасы,
Калкын коргоп жүрчү экен.

Кыйындардын кыйыны,
Карганын чыкпай дайыны.
Кара жердин түбүндө,
Көрсөтпөй жүзүн каттыбы.

Баатырлардын баатыры,
Билинбей элге дайыны.
Баш аламан мезгилде,
Башын жерге каттыбы.

Угулбады дайыны,
Ушул дүйнө жалганбы.
Уучума ыр толбой,
Улутунуп каламбы.

Көрүнбөдү карааны,
Көр дүйнө бул жалганбы.
Кулчак баатыр көрүнбөйт,
Карганын болчу агасы.

Караңгы-Колот жер кезип,
Кыдырганда кудай дейм.
Жүзүн көрбөй Карганын,
Кыйналганда кудай дейм.

Адырлуу жерде жер кезип,
Айланганда кудай дейм.
Аталар жүзүн көрө албай,
Адашканда кудай дейм.

Ачынын ичин айландым,
Алла дедим ыйладым.
Арбагынан кагылып,
Арбагына байландым.

Кенен жерди айландым,
Кудай дедим ыйладым.
Көргөзчү деп баатырды,
Кой-Ташка нечен байландым.

Жетимиш жашка жетипмин,
Жеткилең жаштан өтүпмүн.
Жүгүрүп жетпей кыялга,
Жолуңдан баатыр кечиктим.

Алтымыш жашка жетипмин,
Айбаттуу жаштан өтүпмүн.
Ашыгып жетпей кыялга,
Айылыңан баатыр кечиктим.

Пайгамбар жашка келгенде,
Пайгамбар берип демилге.
Баатырым сени издедим,
Бар дүйнөң кирип түшүмө.

Издетүүгө жаралсаң,
Издейинчи талбастан.
Имерилчи өзүмө,
Из жашырып качпастан.

Баатырдын таппай түнөгүн,
Буулугуп жүрдүм нечен түн.
Төрөбек агам болбосо,
Табылбайт эле чын сөзүм.

Баатырдын айтса дайынын,
Баатырдай балкып жайылдым.
Болжолум чыгып өңүнөн,
Бирөөсүн таптым тарыхтын.

Кошулса бирим экиге,
Кудайладым мундуз журт.
Кош тизгин кармап өзүмө,
Кыйналбадым мундуз журт.

Жылдыздардай көктөгү,
Жымындадым мундуз журт.
Жылгада сууга кошулуп,
Жылжып актым мундуз журт.

Кочкор-Ата көлүндөй,
Көлкүп турдум мундуз журт.
Караңгы-Колот кеңдигин,
Көрүп турдум мундуз журт.

Карга менен Кулчактын,
Көрдүм үйүн мундуз журт.
Көңүлүмө жайгарып,
Кайттым үйгө мундуз журт.

***

Калкым, Ачым сүйлөчү

Беш топ Бообек баянын,
Билгизип элге айтайын.
Кел-келиңе кел заман,
Көргөзүп элге баатырын.

Уучума толбой табылга,
Убарама айланба.
Улуу журттун баатырын,
Угузайын калкыма.

Кемиң толбой өмүрү,
Кейиште жүрүп өтпөчү.
Көргөзчү элге баатырын,
Кой-Ташым жумбай көзүндү.

Кадырды билер элдеби,
Караңгы-Колот жердеби.
Койнуңа сырды катпастан,
Калкыма Ачым сүйлөчү.

Ачынын элин байкагын,
Айланаң тынч Кой-Ташым.
Алты сап ырды жаратчы,
Аңтарып тарых барагын.

Жеткирбей ойдун чегине,
Жүгүртүп мени элиртпе.
Жүгөнсүз кетти шум заман,
Жүгүрүп кыйын жетиш ээ.

Айтканда эмне Кой-Ташым,
Аябай чуркап чарчадым.
Алдыма атын тартпады,
Адашып кеткен баатырым.

Көргөндө эмне Кой-Ташым,
Кыйналып абдан чарчадым.
Короомо келип койбоду,
Күлүгүн минип баатырым.

Келеке кылып тагдырым,
Кой-Ташка неге азгырдың.
Кайратың менче жок беле,
Көрүнбөй неге качасың.

Баатырдын чыкпай дайыны,
Бүлүнтүп салды аргамды.
Билгенге мүшкүл иш болду,
Бул оорудан айыгуу.

Беш топ Бообек журтумдай,
Баатыры бар эл улук.
Батасын берген бир кезде,
Байыркы журтка сөз улук.

Серпилип ойлор туш-тушка,
Сезимди козгоп турганда.
Сагынбай койбойт экенсиң,
Санааңды бөлүп баатырга.

***

Баяндайын силерге

Чын төгүнүн ким билет,
Жашоо өзү керемет.
Жалганы болсо сөзүмдүн,
Жалганчы тарых кечирет.

Барбы, жокпу ким билет,
Тирүүлүк өзү керемет.
Чындыгы болсо сөзүмдүн,
Чырдашпай тарых кечирет.

Көргөнүмдү айтпастан,
Укканымды баяндайм.
Ой чабытты Ачыма,
Кайра-кайра багыштайм.

Сөздөрүнө тойбодум,
Көп нерсени ойлодум.
Кылымдын эки күлүгүн,
Ооздуктай албай толгондум.

Баяндаган тарыхты,
Баянчылар аз калды.
Бакырып ыйлап таппадым,
Баатыры элдин абамды.

Андалбек, Султан, Төрөбек,
Токсондун атын теминет.
Баяндап өткөн тарыхты,
Баатырын элин эскерет.

Ырдагым келсе ырдадым,
Ыйлагым келсе ыйладым.
Багыштайын силерге,
Баянын бул чалдардын.

Караңгы-Колот жериме

Караңгы-Колот багың бар,
Кетпес дөөлөт тагың бар.
Кунназардай уул көрдүң.
Кылымга калаар даңкың бар.

Караңгы-Колот угуп ал,
Кыйышпас эми досуң бар.
Карга атасын тартсын деп,
Кудайдан сурайт адамдар.

Байкагыла учурду,
Баатырдын баатыр туулду.
Бешенесин ач кудай,
Бийлесин мундуз журтумду.

Көрүнгөн көзгө гүл өңү,
Караңгы-Колот жер көрктүү.
Кекилик куштар сайраса,
Күлкү төрдүн дал өзү.

Кайтпайсың жерден көз тойбой,
Кайтпайсың жерден ой тойбой.
Караңгы-Колот жер сонун,
Кудайым жасап койгондой.

Караңгы-Колот жер мүлкүм,
Караңгы-Колот жер күлкүм.
Карга, Кулчак жердеген,
Караңгы-Колот жер сүйкүм.

Таткандай күндө сүт даамын,
Тартылып сага турамын.
Тутунган уулуң баатырга,
Тагдырлаш болгун ылайым.

Келин тойдо

Жер-жерлерге кабарлар,
Күн мурунтан берилген.
Келин тойдо болушун,
Ачынын эли билишкен.
Акмандын эли билишкен.
Бакы байдын үйүндө,
Той мөөнөттү келгенде.
Кара таандай эл келди,
Акман, Ачы бүт келди.
Көрүшкөнү келинди,
Аялдары да келди.
Үзүлбөй койду ал күнү,
Жеңөбизди кандай экен деп.
Көрүшкөнү келишкен,
Кыз, келиндер тизмеги.
Угулуп түрдүү таскагы,
Желеге жылкы батпады.
Кошумчалар көбөйүп,
Короого койлор батпады.
Уйлар мөөрөп бул күнү,
Батпай кетти айылга.
Бакы байдын чөнтөгү,
Толуп кетти алтынга.
Ашыктай алтын беришти,
Казылар келип Бакыга.
Тыйын алтын беришти,
Болуштар келип Бакыга.
Томпойдон күмүш беришти,
Бийлер келип Бакыга.
Бул тойдо кой көп союлду,
Бапырап элдер тоюнду.
Келин кулдук болсун деп,
Өзбектер келишти.
Келин куллук болсун деп,
Уйгурлар да келишти.

Тааныгандар Бакыны,
Баары тегиз келишти.

***

Кайненениң кеңеши

Келериңе келбести,
Келтирип жүр келиним.
Чыгарыңан чыкпасты,
Чыгарып жүр келиним.
Болборуңа болбосту,
Болтуруп жүр келиним.
Толоруңа толбосту,
Толтуруп жүр келиним.
Чаң жолуна Ачынын,
Чыдамдуу бол келиним.
Шор суусуна Ачынын,
Шорлобой жүр келиним.
Шору каптап жүзүңдү,
Торлобой жүр келиним.
Каалап тийген уулумдун,
Көзү болгун келиним.
Көрөңгөсү түгөнбөс,
Сөзү болгун келиним.
Сырттандарга көрүнгөн,
Бөзү болгун келиним.
Белдешкенде майышпас,
Бели болгун келиним.
Алганыңдын багына,
Айы болгун келиним.
Көргөнүңдүн багына,
Күнү болгун келиним.
Саламдашса жалтантар,
Сүрү болгун келиним.
Тамырына жүгүргөн,
Каны болгун келиним.
Таман алдын ысыткан,
Оту болгун келиним.
Тилегине уулумдун,
Таңы болгун келиним.
Уучу толсун уулумдун,
Уул төрөп бер келиним.
Кудаа күтүп сүйүнсүн,
Кыз төрөп бер келиним.
Караңгы-Колот жердесиң,
Корунбагын келиним.
Чамаңа карап күлүп жүр,
Чочубагын келиним.
Билгениңди бегиңе,
Багыштагын келиним.
Тапканыңды бегиңе,
Табыштагын келиним.
Ооматтуу үйдүн бегине,
Ороңдобо келиним.
Куттуу үйдүн бегине,
Короңдобо келиним.
Туткасы үйдүн бегиңе,
Тултундаба келиним.
Шексинип өз бегиңден,
Шукшуңдаба келиним.
Жалган сүйлөп бегиңе,
Жабышпагың келиним.
Муунуңардан ал кетип,
Муңканбагын келиним.
Сөзүн тыңшап бегиңдин,
Сабырдуу бол келиним.
Көзүн карап бегиңдин,
Көрөгөч бол келиним.
Алын карап бегиңдин,
Алгыр болгун келиним.
Табын карап бегиңдин,
Тамырчы бол келиним.

Таамай сөздүү бегиңдин,
Табыбы бол келиним.
Жаркын маанай бегиңдин,
Жарыгы бол келиним.
Ач калтырбай бегиңдин,
Азыгы бол келиним.
Табына карап бегиңдин,
Тамак бергин келиним.
Алына карап бегиңдин,
Азык бергин келиним.
Киши келсе бегиңе,
Кейибегин келиним.
Мейман келсе бегиңе,
Манчыркаба келиним.
Аял келсе бегиңе,
Аландаба келиним.
Бала келсе бегиңе,
Бааланбагын келиним.
Кайырчы келсе бегиңе,
Кыйкырбагын келиним.
Кары келсе бегиңе,
Кадырын ал келиним.

Куттуу болсун келиним,
Каалап келген өрүшүң.
Сыйлуу болсун келиним,
Сыйлап келген өрүшүң.
Барктуу болсун келиним,
Баалап келген өрүшүң.
Ыйык болсун келиним,
Ыктап келген өрүшүң.
Кенен болсун келиним,
Караңгы-Колот өрүшүң.
Белен болсун келиним,
Билип келген өрүшүң.
Ачык болсун келиним,
Ачыдай кенен өрүшүң.

Тактуу болсун келиним,
Тандап келген өрүшүң.
Жайлуу болсун келиним,
Жылып келген өрүшүң.
Нарктуу болсун келиним,
Наар алаар өрүшүң.

Колдоосу көп уулумдун,
Колу болгун келиним.
Буйругу көп уулумдун,
Буту болгун келиним.
Түйшүгү көп уулумдун,
Түркүгү бол келиним.
Көрөрү көп уулумдун,
Көзү болгун келиним.
Ойлору көп уулумдун,
Ою болгун келиним.
Басса бирге жарашкан,
Бою болгун келиним.
Жайык болсун өрүшүң,
Ачык болсун көңүлүң.
Соолубасын булагың,
Көбөйтүп уул, кыздарың.
Теңиң менен теңдеш бол,
Эриң менен эрдеш бол.
Кызыгын көр жашоонун,
Карга менен жемдеш бол.
Кудайым ачсын жөнүндү,
Өткөрөлү тоюнду.
Куттуу үйдө кудуңдап,
Түзөп жүргүн боюнду.
Эмдиги жылы келиним,
Өткөрөлү уул тоюнду.

***

Уул тойдо

Караңгы-Колот жерине,
Кара таңдай эл келди.
Кечээги айткан баатырдын,
Камылгасы көрүлдү.
Секиден күн чыкпастан,
Семиз жылкы союлду.
Ар айылга экиден,
Чучук жасап коюшту.
Сексеңдеген жаш балдар,
Секирип жасап ойношту.
Кой десе болбой баарысы,
Боорсоктон уурдап тоюнду.
Бий, болуштар келет деп,
Алты айлык кара ургаачы.
Козудан онду союшту.
Дасторкондун бетине.
Чачылалар чачылды,
Самарканддын мейизи.
Чөл чөлкөмдүн өрүгү,
Кокондордун жүзүмү.
Намангандын анары,
Баары тегиз коюлду.
Акылы тунук адамдар,
Акылы зирек адамдар.
Карга уулду болду деп,
Карга тондуу болду деп.
Карга колдуу болду деп,
Карга жолдуу болду деп.
Өткөрмөк бүгүн чоң тойду,
Жыгач мисте, бадамды.
Сары капка каптатып,
Оозун ачып коюшту.
Күркүрөгөн күз эле,
Дүңгүрөгөн күз эле.
Тоюндурган күз эле,
Бышыкчылык күз эле.
Коон, дарбызды жүктөтүп,
Араба менен түнкүсүн.
Алдырып келгин дыйканга,
Акысына он койду.
Бердирген Карга баатырга,
Азан айтып бул күнү.
Баланын аты коюлмак,
Сүннөт тоюн шылтоолоп.
Ушул тойго кошулмак,
Айтууга эми кез келди.
Минткенимдин себеби,
Төрөлгөндө балакай.
Белгилүү жери кесилип,
Мусулман болуп төрөлдү.
Таң калышты көргөндөр.
Маң болушту тирүүлөр,
Ушундай болот экен деп.
Тобо деди энелер,
Ак элечек энелер.
Ак кийинген селкилер,
Ишенбей барып көрүштү.
Көңүлдөрүн бөлүштү,
Келмесин ичтен келтирип.
Кармалап да жиберди.
Жаш келиндер күбүрөп,
Көздөрү жанып үлбүрөп.
Ушундай баатыр баланы,
Бизге деле бер дешти.
Денелери титиреп,
Көөдөнүн жүрөк түрткүлөп.
Баланы көрүп коркушту,
Кандай аял тууду деп.
Асилкан башын көтөрсө,
Дөө аялдай туюлду.
Ойноп турган көзүнөн,
Жылдыздары балага.

Жылып ылдый куюлду,
Муну көргөн аялдар.
Жашоосу азыр бүтчүдөй,
Жанып улам мурунду.
Ооздору ачылып,
Көздөрү турду ирмелбей.
Уялбай сөздү айтайын,
Айтпай кантип турамын.
Талуу жери баланын,
Баалуу жери баланын.
Бүлөөдөй эле бар эле,
Көргөнгө көздөр зар эле.
Көрбөгөнгө жомоктой,
Айтылып жүрөт дагы эле.

***

КАРГА МЕНЕН КУЛЧАКТЫН БАЯНЫ

Төрөбек Мамашев менен сүйлөшүүлөрдүн биринде Карга менен Кулчак баатырлар 70 жашка жетпей оо дүйнө салышкан экендигин билдим. Жашаган жери Караңгы-Колот болгон экен. Экөөнүн тең сөөктөрүн Азирети Аюп пайгамбарыбыздын жанына коюшкан экен. Карга менен Кулчакты Кашкарга досу чакырып чоң той өткөрөт. Ошол тойго 14 жаштагы Кунназарды да алып барышкан экен. Ал жактан кайтып келгенден кийин Карга менен Кулчак ар уруудан шамдагай жигиттерден 40 адамды курап элди коргоого үйрөткөн дешет. Тескей менен күңгөй тоонун ортосунда жашашкан Ачы жери аркылуу түрдүү көчтөр – уурулук, туурулук өтүп турган. Ошолорду тескеп жолго салыш үчүн зор күч керек эле. Чөл чөлкөмүнөн өтүш кыйын болгон, себеби түнт токой, камыш эле. Он эки жашынан Кунназар намаз окугандыктан ар кандай оор жагдайдагы маселелерди тынчтык жол менен кан төгүүсүз чечип турган. Ачуусу канчалык келсе да сабыр кылып өзүн токтоткон. Уурулук жол менен колго түшкөн (ууруларды) мал, жылкыларын айдатып ээлерине бердирип турган. Тилин

албаса колу бутунан таңып жабыр тарткан адамдардын колуна салып берген экен. Сырткы жана ички душмандардан өтө сак болушкан. Баарын тегиз жол-жолго, жон-жонго коё берген эмес. Кезектешип турушкан, бошторун тегирменге, устаканага ишттеткен. Колунда жок адамдарга жардам бердирген. Илгери Кунназар баатырдын атасы Карга, абасы Кулчак Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшкө катышып, Кулчак баатыр колго түшүп зынданга салынат. Зынданга алып бара жатканда увазирдин кызы көрүп, кең далылуу бүркүт кабак Кулчакты жактырып калат. Ал кезде увазирдин кызынын да жан сакчылары боло турган. Кандай жол менен болсо да баатырды бошотуп алууну көздөп тымызын адам коюп Кулчак менен сүйлөшөт. Кыз оюн тайманбай айтып, Кулчактын макулдугун алган соң, анын кабарын Карга баатырга билдирет. Өзүнүн жан сакчылары менен кароолду өлтүрүп Кулчакты чыгарып мурдатан даярдалган аттар менен качмакчы болгондо, ордо башчыга кабар жетип калып ал артынан сая түшөт. Карга батыр ит уруш салып улам жакындап келгендерин кайрылып жок кылып коюп жүрүп отурат. Бир күндүк жолго узап кеткенден кийин куугунчулардын аягы үзүлөт. Кутулгандарына көздөрү жеткенден кийин күндүзү эс алып, түнкүсүн жол жүрүп отурушуп, ушул Кой-Ташка келишет. Узун кулак, сөз каймагын калпыган санжырачылардын айтымына караганда Кулчак увазирдин кызынан бир уул, бир кыздуу болот. Ошондон кийин төркүнүмө барып келейин деп кеткен бойдон увазирдин кызы кайрылбайт. Балким, Кулчак баатыр аны айылына алып келбей башка жакка жайгаштырып түтүн булатышканбы деген божомолду айтышат. Анан дагы эң кызык жери – Улуу Ата Мекендик согушка чейин сары түстө "Карга менен Кулчак" баатыр деген орто көлөмдөгү жүз беттен ашыгыраак китепти окуганмын. Ким жазганын билбейт экен. Согуш бүтүп келсем ошол китеп жок болуп калыптыр. Калган китептер бар экен деп айтканы болду. Кайсы жерден чыкты, ким жазды белгисиз бойдон калды. Эми муну туугандары, же өзүм Ош, Бишкекке чейин барып архивдерден издештиришим керек. Ишибиз оңунан чыгып Кунназар баатыр китеби жарыкка чыгып калса. окурмандардын үйүндө болсо да, алып келип береби деген үмүтүбүз да бар. "Эл ичи – өнөр кенчи" - деген сөз бекеринен калбаса керек.

Асилкандын төрөшү

Карга баатыр үйүндө,
Асилкандын толгоосу.
Чай кайнамга созулду,
Ак элечек энелер.
Кыркар тартып отурду,
Кобурашып сүйлөшпөй.
Көңүлдөрү жай турду,
Асилканды төрөткөн.
Бешикке бала бөлөткөн,
Эне келди жанына.
Кара тору бул аял,
Жеңеси эле чынында.
Кулчактын эле аялы,
Сооп ишке көп жарады.
Камырап дагы койбоду,
Көп көргөн үчүн мындайды.
Оңунда болот оңунда,
Ойлонбой чыда баарына.
Ыйынып койгун деп айтты,
Жол ачылсын балага.
Белимчи дагы бир аял,
Бел кубат болуп баарына.
Алла, алла жол ач деп,
Дем болуп турду жалпыга.
Алакан жайып белимчи.
Кыбыланы карады,
Баатырга баатыр уул бер деп.
Кудайдан ыйлап сурады,
Үч аял үйгө батпады.
Ооздору деле тынбады,
Уулдан башка сөз айтпай.
Асилканды арбады,
Курсакта бала уксун деп.
Мылтыкты деле атышты,
Асилкан деди бир кезде.
Кара тору жеңеси,
Баланын кыйын чыгышы.
Аракетти көр деди,
Белимчи жүрдү безилдеп.
Асилканда кастары,
Эптеп төрөп алса деп.
Толготкондой кыйналды,
Асилкандан тер кетти.
Ыйына берип ал кетти,
Мурда төрөп жүрсө да.
Көрбөгөн мындай түйшүктү,
Айылдын баш-аягы.
Токтоп калды карачы,
Баланын үнүн уксак деп.
Тыңшап турат баарысы,
Айлана турат мемиреп.
Сайрабай куштар безилдеп,
Суу да акпай калгандай.
Сулуу жайды энчилеп,
Катыгүн эмне болот деп.
Коркуп калды баарысы,
Кудайдан айла болбосо.
Болбойт дешти айласы,
Аттиң ай эмне болот деп.
Айбыгып турду баарысы,
Алладан айла болбосо.
Табылбайт дешти айласы,
Кайратын жыйып энеси.
Асилкан деп атады,
Белинен салып кош колун.
Ыйын деп катуу бакырды,
Жылытып корккон денени.
Сырттан сыйкыр жел келди,
Асилкан көзүн чоң ачып.
"Апа" деп башын көтөрдү,
Алланын тийип жардамы.

Асилкан эптеп көз жарды.
Кара тору жеңеси,
Эсинен таңып жыгылды.
Баланын үнүн эне укту,
Эненин үнүн бала укту.
Токтоп калган суу акты,
Булбул куштар сайрады.
Ырымын кылып баланын,
Аялдар күлүп чуркашты.
Асилкан көзүн ачпады,
Эси оop көпкө сулк жатты.
Билинип турду а бирок,
Жүрөгүнүн кагышы.
Кулчактын болгон эркеси,
Кара тору жеңеси.
Көзүн ачып бир кезде,
Кызбы, уулбу деп сүйлөдү.
Уул деди баарысы,
Жашы менен карысы.
Жеңенин жүзү албырып,
Абысынын карады.
Кочкордой уулду кудайым,
Берди сага Асилкан.
Көзүңдү ачып карачы,
Арылгын эми санаадан.
Уучуң эми кур эмес,
Көтөр башты Асилкан.
Баатырга баатыр уул бердиң,
Өмүрүн тиле Алладан.
Айыл ичи будуң-чаң,
Жүздөрү жарык кубанган.
Баатыр уулдуу болду деп,
Акманды көздөй шашылып,
Чапкылап кетти бир атчан.

***

Кулболдунун сүйүнчүлөшү

Сүйүнчүлөп барам деп,
Сүйүнчүсүн алам деп.
Ширинчилеп барам деп,
Ширинчилеп барам деп,
Ширинди алам деп.
Аябады өз атын,
Аябады өз башын.
Катуу кетти ал адам,
Караңгы-Колот жеринин.
Сапырып көккө чаңдарын,
Жел менен тең жарышып.
Теминип барат өз атын,
Турса да дене карышып.
Көзүнүн жашы чубуруп,
Ыйлаган үнү угулуп.
Катуулап улам баратат,
Дүйнөнү кенен унутуп.
Сүйүнүчтүн көз жашы,
Жүзүн тегиз каптады.
Кубанычтын көз жашы,
Коюн ылдый кулады.
Карабады ага да,
Кыйкырып барат алдыга.
Көрсөм деп Карга баатырды,
Көксөгөнү алдыда.
Бурулбады башкага,
Бакырып барат талаада.
Баатырымды көрсөм деп,
Бир эле ой санаада.
Артынан сел куугандай,
Алды-артына карабай,
Аптыгып барат ал адам.
Атынын бутун тындырбай,
Өйдө-төмөн карабай.
Өлөмүн деп санабай,

Өкүрүп барат ал адам.
Өрткө урунган адамдай,
Жакшы жолду тандабай.
Теминип атын байлабай,
Түтөп барат ал адам.
Ач жолборстон качкандай,
Минген атын унутту.
Көзүнүн жашын чубуртту,
Ажыдаар соруп кетчүдөй.
Айласын бүт курутту,
Көрүнбөдү көзүнө.
Кучактаган кең дүйнө,
Сезилбеди өзүнө.
Сүйөп турган кең дүйнө,
Билинбеди өзүнө.
Баар алган кең дүйнө,
Урунбады көзүнө.
Уламалуу кең дүйнө,
Бетинин өчүп кызылы.
Бечарадай туюлду,
Жүзүнүн өчүп кызылы.
Жалбырактай туюлду,
Өңүнүн өчүп кызылы.
Өлгөн жандай туюлду,
Ага дагы карабай.
Учуп барат шамалдай,
Өтүп кетти карачы.
Карга менен Кулчакты,
Жолдо турган таанылбай.
Эки баатыр маң болду,
Эстери кетип дал болду.
Бул эмне жорук деп,
Жамандыкты ойлошту.
Токточудай түрү жок,
Теминип атын баратат,
Кылыгы ал туугандын.
Сөөктөн өтүп баратат,
Сүйлөшүп көпкө турбады.
Карга баатыр акыры,
Атынын башын бурду да.
Артынан улай бастырды,
Жетип барып акыры.
Жылоолоп атын кармады,
Сага эмне болду деп.
Тизгинди кагып бакырды,
Ага деле болбоду.
Акылына муз тоңду,
Баатыр, баатыр, баатыр деп.
Бакырып барып токтоду,
Сөзгө Карга келбеди.
Жамандыкты эстеди,
Кулболду ач деп көзүндү.
Аюудай катуу бөкүрдү,
Ага дагы болбостон.
Жаагына уруп жиберди,
Жыгылып аттан кулады.
Топуракты жазданды,
Эсинен таңып Кулболду.
Кайра-кайра жөтөлдү,
Баатырын эми тааныды.
Баатырым деп бакырды,
Башын уруп баатырга.
Ыйлагандан башка сөз,
Баатырына айтпады.
Тили келбей күрмөөгө,
Алы келбей сүйлөөгө.
Карганын чоң мушунан,
Өлүп кала жаздады.
Эсине келип бир кезде,
Бал сөздөр кирип тилине.
Сүйүнчү деди сүйүнчү,
Сүйүнчү берип сүйүнтчү.
Уулдуу болдуң баатырым,
Улай турган дүйнөңдү.

Улай турган өмүрдү,
Караңгы-Колот элине.
Улуулугун көрүндү,
Улуулугун билинди.
Улугум келдим өзүнө,
Укканда бала үнүнү.
Ак жолтой Карга баатырым,
Бергин эми сүйүнчү.
Кулболду турду ордунан,
Жакшы сөз чыгып оозунан.
Айтып сөздү бүткөнчө,
Кулболдуну көтөрүп.
Карга кысты төшүнө,
Көзүнүн жашын агызып.
Кысып-кысып койду эле,
Кулболдудан шай кетти.
Сүйлөй албай бечара,
Өлөөрүн эми эстеди.
Коё бер деп айта албай,
Кызыл тилден ажырап.
Дудук болуп калгандай,
Эсинен танып жыгылды.
Мурдуна ылай тыгылды,
Чаң толуп оозу, көзүнө.
Жаны чыкпай кыйналды,
Байкап калды өндөнөт.
Кулчак түшүп атынан,
Кулболдуга акырын.
Өтөгөндөй жакшы ырым,
Чөл суусунан ичирди.
Бетине суу себилди,
Эсине келди бечара.
Бети, башын тазалап,
Кулболду минди атына.
Бет алып үчөө жөнөштү,
Караңгы-Колот айылына.
Үйүнө баатыр келгенде,
Сүйүнчүлөп жеңеси.
Алдынан чыкты сүйүнө,
Болсун. болсун жеңе деп.
Дем түшүрүп ичине,
Кулундуу бээ алың деп.
Күлүндөп турду жеңеге,
Белимчи эки аялга.
Бердирди эки кунажын,
Он аялга он койду.
Ой-боюна койбоду,
Сүйүнчү деп силерге.
Багына аткан күн болду,
Ичинен баары кубанды.
Баатырга арнап алкоо сөз,
Көңүлдөрү жайланды.
Кааданы Карга ашырды,
Кубангандан жашыды.
Салтты Карга ашырды,
Сүйүнгөндөн жашыды.
Багылып турган аттардын,
Бирин кармап алгын деп.
Кулболдуну чакырды,
Кантсе да тууган эмеспи.
Аябады дүйнөнү,
Өлсө баатыр кокустан.
Сөөгү менен кетмекчи,
Кулчак да карап турбады.
Белимчини баш кылып,
Бирден коюн атады.
Кулболдуну чакырып,
Алгын деди үйдөгү.
Кара кашка кунанды,
Караңгы-Колот сүйүндү.
Караңгы-Колот үмүттү,
Сүйүнүчкө атаган.
Кой этине тоюнуп,
Үйлөрүнө таркашты.

Акман, Ачы элине,
Кабарчылар кетишти.
Сүйүнүчтүү бул күндү,
Бирге өткөрмөй болушту.
Эртеге той болот деп,
Күндү да болжоп чечишти.

Кунназар деп аташты

Жылкынын эти казанда,
Кайнап бышып калганда.
Жыты элди аралап,
Кулкунду тартып турганда.
Калың элди аралап,
Башчысы болгон бул тойдун.
Күнөөкөрү бул тойдун,
Себепкери бул тойдун,
Сөз берилди Каргага.
Баатырым сөзгө жок эле,
Эмне дейт деп агасы.
Басып келди жанына,
Ат үстүнө Карганы.
Көрүп элдер таң калды,
Көздөрү жанып туруптур.
Көрбөгөн эле мындайды,
Окуяны бул жолку.
Агасы Кулчак байкады,
Көздүүдөн кудай сакта деп.
Жетелеп четке чакырды,
Жүзүн сууга жуудуруп.
Арча ысырык алдырып,
Ысырыктап Карганы.
Эл алдына чакырды,
Караңгы-Колот жерине.
Куттук айтып күз келди,
Куттуу элим угуп ал.
Кудайым мага уул берди,
Бүгүн бизде уул той.
Уулума өмүр тилейли,
Айттырып азан молдого.
Өз ысымын берели,
Агасы Кулчак таң калды.
Инисине мактанды,
Тойдо тойдой бололу.
Тоюналы ойнойлу,
Тоок курсактуу болбостон.
Кой курсактуу бололу,
Шорпосу муздап калбасын.
Козунун этин жеген соң,
Балага атты коёлу.
Сөзмөл Кулчак сөз айтты,
Баары макул болушту.
Шорпо ичилип болгондо,
Кампайып курсак тойгондо.
Калың элдин ичине,
Арча ысырык салынды.
Арча жыты элдерди,
Аябай таң калтырды.
Балекет жытты жок кылар,
Балээлүү ошол арча эле.
Шайтан жытты жок кылаар,
Шайтан жыттуу арча эле.
Ууру жытты жок кылаар,
Ууруга камчы арча эле.
Талуу жытты жок кылаар,
Тал чыбыктуу арча эле.
Жыпар жыты аңкыган,
Тойго жагаар арча эле.
Барчылык жыты жыттанган,
Барга жагаар арча эле.
Куттуу тойго аталган,
Кут түшкөн жыттуу арча эле.
Калың элге аталган,
Кайберен жыттуу арча эле.

Кыргыз үйдөн баланы,
Алып чыкты абасы.
Оң кулагын ачышып,
Он молдо азан атады.
Сол кулагын ачышып,
Он молдо азан атады.
Отурушкан көпчүлүк,
Үн чыгарбай угушту.
Аты кандай болот деп,
Кулак түрүп угушту.
Карт молдо туруп кеп айтты,
Кеп атканда деп айтты.
Күн түшүп турат багына,
Ай түшүп турат багына.
Кут түшүп турат багына,
Аты күндөй баланын.
Аты айдай баланын,
Аты куттуу баланын.
Кунназар болсун деп айтты,
Кунназар деди абасы.
Кунназар деди атасы,
Кунназар дешет молдолор.
Кунназар дешти калың журт,
Кунназар дешти мундуз журт.
Кунназар дешти аялдар,
Кунназар дешти жаш кыздар.
Кунназар дешти жаш балдар,
Кунназар дейби деп сурашып.
Кулагы оор адамдар,
Балага ат коюлду.
Бала болду олжолуу,
Асилкан да сүйүндү.
Алысты чарпып ойлору,
Көпчүлүк элди калкалап.
Караңгы-Колот жер турат,
Кунназардай уулуна.
Куттуу тоюн тартуулап,
Мундуз элин калкалап.
Муңайбай кутту жер турат,
Кут түшүрүп тоюна.
Каргага уул төрөлдү,
Эсепсиз элди калкалап.
Эттүү, даамдуу жер турат,
Эсебин берди тоюна.
Элине уулун тартуулап,
Ырын атап ырчылар.
Эл көңүлүн ачышты,
Куттук айтып ак тойго.
Байлар дүйнө чачышты,
Жылкынын эти желинди.
Зардептүү шорпо ичишти,
Ак бата берип балага.
Ак бата берип Каргага,
Ак бата берип Кулчакка.
Элдер тарап кетишти.

Асилкандын бала багышы

Балбан болоор баланы,
Бапестеп эне өстүргөн.
Учаар болоор баланы,
Урматтап эне өстүргөн.
Мундуз журттун ичинде,
Муңайтпай багып өстүргөн.
Көпчүлүктүн ичинде,
Көгөрсүн деп өстүргөн.
Болоор бала жашынан,
Богунан эле билинген.
Муну билип энеси,
Мээнеттен качпай өстүргөн.
Жарчы болоор баланы,
Жарды кылбай өстүргөн.
Жаачы болор баланы,

Жайына коюп өстүргөн.
Көрөгөч болоор баланы,
Көзүнө отун көчүргөн.
Күчтүү болоор баланын,
Күчүнө күчүн көчүргөн.
Сөздүү болоор баланын,
Сөзүнө сөзүн көчүргөн.
Тилдүү болоор баланын,
Тилине тилин көчүргөн.
Айбаттуу болоор баланын,
Алына алын көчүргөн.
Сымбаттуу болоор баланын,
Сынына сынын көчүргөн.
Атасынын кешигин,
Атасындай болсун деп.
Ак тилек ойдо ичирген,
Баатырынын кешигин.
Баатырымдай болсун деп,
Бапестеп эне ичирген.
Караңгы-Колот ичинде,
Каалагандай жүргүзгөн.
Кекилик этке тойгузуп,
Булактын суусун ичирген.

Кунназардын балалык кези

Уугуна күн толуп,
Урушканга болбоду.
Асманына ай толуп,
Айтышканга болбоду.
Кучагына күн толуп,
Курушканга болбоду.
Этегине ай толуп,
Элешкенге болбоду.
Мандайына күн тийип,
Мундуз журтту колдоду.
Желкесине ай тийип,
Жалпы журтту колдоду.
Баатыры жаш кезинде,
Баладай эле болбоду.
Кан чыгарып кармаса,
Кыйын ишке тоорулду.
Өзү муну сезбестен,
Өзөгүнө өрт толду.
Балага балээ биригип,
Белдешпесе болобу.
Белдешип калса кокустан,
Белин үзүп койбойбу.
Асилканды ой басты,
Асилканды жүк басты.
Бүгүн эмне болот деп,
Бирикпес ойдон адашты.
Учуруп турду күнүнө,
Учу жок арсыз санааны.
Көбөйтүп турду күнүгө,
Көбүктү арсыз санааны.
Безилдеп турду күнүгө,
Билдирбей сырсыз санааны.
Баладай балкып сүйүнө,
Бир күнү кирди үйүнө.
Курсагым апа ачты деп,
Көтөрүп жерден апасын.
Эки бутун үздү эле,
Катуу кармап койдуң деп.
Кыйкырып ийди апасы,
Мыкчып кармап койдуң деп.
Мынтыңдады апасы,
Чындап кармап койдуң деп.
Чыңырып ийди апасы,
Байкабай кармап койдуң деп,
Бакырып ийди апасы.
Атайлап кармап койдуң деп,

Айкырып ийди апасы.
Бала ага болбоду,
Курсагым апа ачты деп.
Жаш баладай апасын,
Тегеретип ойноду.
Темирдей катуу колдору,
Кабыргасын оорутту.
Дем ала албай заматта,
Баласын кайра коркутту.
Эмне болду апа деп,
Үшү түшүп тоорулду.
Кере-кере дем алып,
Күч топтоду Асилкан.
Баласына билгизбей,
Безилдеди Асилкан.
Эркелиги ашынып,
Эзилбеди Асилкан.
Айтканы колу-коңшунун,
Анык деди Асилкан.
Баласынын күчүнө,
Эми ишенди Асилкан.
Баралына баланын,
Балкып турду Асилкан.
Турпатына баланын,
Толуп турду Асилкан.
Жүрүшүнө баланын,
Жүзүн бурду Асилкан.
Күлкүсүнө баланын,
Күлүп турду Асилкан.
Катуулугун баланын,
Көрүп турду Асилкан.
Сергектигин баланын,
Сезип турду Асилкан.
Чулулугун баланын,
Чындап билди Асилкан.
Кайтпастыгын баланын,
Карап билди Асилкан.

Балбандыгын баланын,
Билип турду Асилкан.
Көздүүлүгүн баланын,
Көрүп турду Асилкан.
Белдүүлүгүн баланын,
Боолгоду Асилккан.
Чыдамкай чымыр денесин,
Чендеп турду Асилкан.
Балтыр эти толгонун,
Баамдады Асилкан.
Кара күчкө толгонун,
Карап билди Асилкан.
Сынамакка баласын,
Чыканактан кармады.
Апандын алдын тоспо деп,
Айлантып үйдүн ичинде.
Жыгылтууну самады,
Козголуп бала койбоду.
Коргошундай оор болду,
Апа тамак барбы деп.
Ордуна барып отурду,
Ысырык салып үйүнө.
Илинбе деп баласын,
Көздүүлөрдүн көзүнө.
Ичинен келме келтирип,
Басып жүрдү сүйүнө.
Таза идишке суу куюп,
Тегеретип башына.
Суудай тунук болгун деп,
Суудай улук болгун деп.
Суудай күчтүү болгун деп,
Суудай таттуу болгун деп.
Тилек кылды өзүнчө,
Караңгы-Колот жеринде.
Карганын куттуу үйүндө,
Бала ошондо билсеңер,
Он эки жашка жетти эле.

Карга баатырдын кеңеши

Айга колуң серпилсе,
Асилкан келет дебей жүр.
Күнгө колуң серпилсе,
Карга келет дебей жүр.
Караңгы-Колот ичинде,
Каадаланбай өмүр сүр.
Күчүңө кара ишенип,
Көрүнгөндү урбай жүр.
Балдарга балдай ширин бол,
Чоңдорго чоңдой кенен бол.
Энелерге эрен бол,
Келиндерге белен бол.
Кыздарга азыр керең бол,
Элиңе өтө сак болгун.
Жериңе уулум так болгун,
Асманыңдай кенен бол.
Аккан суудай ак болгун,
Алышынды алдырба.
Арыкты уулум кенен каз,
Ашыкча суу бурдурба.
Алып келбейт жакшылык,
Агыны элди каптаса.
Калың мундуз элине,
Карааны болуп көрүнгүн.
Тескей, күңгөй элиңе,
Тегиз болуп көрүнгүн.
Акман, Ачы элиңе,
Айбаттуу болуп көрүнгүн.
Баардык мундуз элиңе,
Бүркүтү болуп көрүнгүн.
Чатыңа башты тыкпастан,
Чилистен болуп көрүнгүн.
Айбаттуу болуп дайыма,
Атанын уулу дедиргин.
Кылды жарган кылычтай,
Кептериң уулуң курч болсун.
Көрө албасты сулаткан,
Күтүлбөгүн муш болсун.
Ийилте тепкен душманын,
Ителгидей куш болгун.
Тооктун көтүн аңдыган,
Койкойгон короз болбогун.
Кунажынга ынтылган,
Букадай күчкө толбогун.
Тууганыңды билип жүр,
Тутумуңа тутуп жүр.
Досторуңду билип жүр,
Досканаңа түйүп жүр.
Күчүңө такыр ишенбе,
Күчүң бербейт эч нерсе.
Калың журтуң болбосо,
Көрүнбөйт күчүң көзүңө.
Өзүңө такыр ишенбе,
Өмгөгүң салып көп элге.
Өлүмгө моюн сунасың,
Өрттөй каптап киргенде.
Эл менен уулум баатырсың,
Элдер болот жакының.
Элиңден кокус бөлүнсөң,
Эрмени жок такырсың.
Өзүңдү бакпай элди бак,
Элиң керек ар убак.
Катынды бакпай калкты бак,
Калкың керек ар убак.
Бүркүттөй тикте алысты,
Бүркүттөй болгун чабыттуу.
Бүрүшүп үйдө жатпагын,
Буудандай этке багылчу.
Калкыңдын корго намысын,
Калкыңа керек адамсың.
Элиңдин корго намысын,

Элиңе керек адамсың.
Журтундун корго намысын,
Журтуңа керек адамсың.
Элдеп уулум бөлүнбө,
Тигишиңден сөгүлбө.
Түнкүсүн жорткон душман көп,
Түн уйкуга берилбе.
Элиңдин уулум көзү бол,
Элиңдин уулум сөзү бол.
Элиңдин уулум таңы бол,
Элиңдин уулум багы бол.
Он эки жашка чыкканда,
От болуп турган убагың.
Оомат тилейм кудайдан,
Ооматтын бер баламдын.
Көңүлдө калып көп ишим,
Кыйын ишке кириштим.
Эмгеги деп Жеңиштин,
Эмгекчил элим билишсин.
Түпкүрдө калып көп ишим,
Түбү жок ишке кириштим.
Тагайдын уулу Жеңиш деп,
Таалайлуу элим билишсин.
Алтымыш адыр Ачынын,
Ашуусун ашып айландым.
Алла берген баатырдын,
Айылын таппай кыйналдым.
Жетимиш адыр Ачынын,
Жайытын тынбай айландым.
Жараткан берген баатырдын,
Жергесин таппай кыйналдым.

АСИЛКАНДЫН ТАРЖЫМАЛЫ

1920-жылдын күз айында Караңгы-Колот деген жерде Асилкандын көз жарышы, Кунназар баатырдын төрөлүшү жөнүндө билдик. Кулагына азан айтылып жалпы мундуз эли той өткөрдү. Той да болду, тойдун эртеси да болду дегендей Караңгы-Колотто күн кечкирген Карга баатыр менен Кулчак баатырдын турган, уруктары өз жашоолорун өткөрүп көңүлдүү жашай беришсин. Биз Асилкан жөнүндө кеп улайлы.

Кызыгын көрбөй бир иштин,
Кызытпа оозун он иштин.
Асилкан кайдан келгенин,
Ачылыктар бүт билсин.
Ооматтын көрбөй бериштин,
Оолукпасын он ишиң.
Мөлмөлдүн кайдан келгенин,
Мундуз журтум бүт билсин.
Сөз көңүлдү сергитет,
Сөз көңүлдү эргитет.
Сөз көңүлдү семиртет,
Сөз көңүлдү элиртет.
Ыр көңүлдүн турагы,
Ыр көңүлдүн куралы.
Ырга ырды улайлы,
Ырдабай элим турбайлы.
Сүлпөтү тоодой көрүнгөн,
Сүйүктүү айым ким десем.
Сүрөттөп жазаар көп акын,
Салам Алик кызы экен.

Карааны тоодой көрүнгөн,
Көркөмдүү айым ким десем.
Кубанып жазар акындар,
Күн чыккан тоонун кызы экен.

Турушу тоодой көрүнгөн,
Тоо мүнөз айым ким десем.
Тизмектеп жазар акындар,
Тескей тоонун кызы экен.

Илгери, илгери Карга менен Кулчак баатырлар өзүнүн үзөңгүлөш адамдары менен жер кезип жүргөн. Күндөрдүн бир күндөрүндө Тескей тоодо чоң мааре кете өткөрүлүп, барып калышат. Маарекеде эңиш, күрөш, эр сайыш болот. Карга баатыр эңиште да, күрөштө да жеңишке жетишет. Көпчүлүктүн суранышы менен эр сайышка түшөт. Эр сайышта Карга баатырдын атаандашы калмактын белгилүү баатыры болот. Өлүм болбосун дешип найзанын учун алдырып коюшат. Биринчи эле беттешкенде Каргa баатыр каршысындагы калмактын баатырын аңтара сайып таштайт. Муну көргөн калган баатырлар Каргага коркуп чыкпай коюшат. Кара-Шоро жайытында өткөрүлгөн бул маарекеде Тескей тоонун көзү ачык билерман адамдары Карганын бой экенин билишип Салам-Алик айылындагы Майкөчүк деген баатырдын кызы Асилканды мундуздун билермандары менен кеңешип куда түшүшөт. Тагдырлары буйруп турганбы, Карга менен Асилкан макул болушат. Он беш жашында бой керип балтыр эттери толгон бул кыз өтө эле олбурлуу эле. Кырдач мурун кара тору жүзү өзүнө жарашып турчу. Тагдыр буйруп Караңгы-Колотко келип жашоосун улантышат. Бир кыздуу болушат. Күндөрдүн артынан күндөр чубап өтүп, жылдар өтөт. Кызы чоңоюп беш жашка чыкканда уулдуу болушат. Бул жөнүндө кабардарсыздар. Карга баатырдын бешенесине бүткөн жалгыз уулу Кунназар эле. Биринчи кызы боюнда болуп калганда Асилкан Карганы чакырып, сиздин жолуңуз бош, жакаңызды агартып жүрүш үчүн өзүңүзгө жаккан бирөөнү колунан кармап, никелеп үйлөнүп алыңыз деп эки жолу айтса да тилин албай койгон экен. Тилинде мөөрү бар бул аялдын сөзүнө Карга ойлонуп да койгон жок. Уулду же кыздуу болсоңуз мага тартынбай алып келиңиз апасы менен кучак жайып тосуп алам десе да укпады. Бул аялдын тулку бою да чоң эле. Карганын тукумдары көбөйүшсүн күнүгө кудадан суранып намазын окуур эле. Караңгы-Колотко аткан таң баткан күнүн санап өтүп жатты. Кунназардын төрөлгөнүнө тез эле күндөр өтүп кырк биринчи таң атканда Асилкан Үч-Булактан суу алдырып,

ысытып биринчи өзүнүн денесин ысырыктап салып тазалап жууп, Кунназарды да жуундуруп алты айлык күрпөң козуну сойдуруп, Карганы баласын көрүүгө чакырды. Козунун эти желип бүткөндөн кийин мейманлар үйлөрүнө кетишти. Карга баатыр жалган түшкө чейин уктап талыкшыган денесин жазып сыртка чыкты. Бети, башын жууп сергигенден кийин үйгө кирсе, ысык табы кайта элек кекиликтин шорпосу менен даяр экен. Асилкан экөө даам сызышып отурушту. Үй кызматын кылган жаш келин бутунун учу менен басып шыбыртын билгизбей кызмат кылып жүрдү. Укмуштуунун төөсү, жорго демекчи Асилкандын тулку боюна жараша эмчектери да аябагандай чоң экен. Кунназар арт жагында турса эмчегин көйнөгүнөн чыгарып далысынан ашырып таштап койчу экен. Баласы эмип моокуму канганда кайра көйнөгүнүн ичине салып койчу дешет. Эңкейип иш кылып жатканда сол жагында болсо сол эмчеги, оң жагында болсо сол эмчегин колтугуна кызып турганда жанынан кыйналбай эме берчү эле дешет. Кунназар кээде эмчегинен катуу соруп ийгенде Асилкан апасы чыдай албай кыйкырып ийчү экен.

Асилкандын таржымалы

Эбегейсиз туурасы,
Эндүүлүгү көрүнгөн.
Кере-кере туурасы,
Кенендиги көрүнгөн.
Белдешкенин койбогон,
Белдүүлүгү көрүнгөн.
Жоолашканын койбогон,
Жолдуулугу көрүнгөн.
Алышканын койбогон,
Алдуулугу көрүнгөн.
Зекиткенин койбогон,
Зиректиги көрүнгөн.
Ойлогонун койбогон,
Ойлуулугу көрүнгөн.
Тиктегенин койбогон,
Тириктиги көрүнгөн.

Билгенин эч койбогон,
Билимдиги көрүнгөн.
Энеликке өмүрүн,
Энчилеген көрүнөт.
Жаап өткөн ак жаандай,
Себеленип көрүнөт.
Агыны күч дайрадай,
Ташкындыгы көрүнөт.
Ашуусу бийик Ачынын,
Адырындай көрүнөт.
Жүрүшүнөн карасаң,
Жорголугу көрүнөт.
Жомоктотпой айтканын,
Жакындыгы көрүнөт.
Бириктирген он ойду,
Биримдиги көрүнөт.

Күрпүлдөгөн сел болбой,
Келишимдүү көрүнөт.
Күнү качкан жар болбой,
Куттуулугу көрүнөт.
Супа таң эми атканда,
Сулуулугу көрүнөт.
Караңгы-Колот жерине,
Кут түшкөндөй көрүнөт.
Баалулугу билинип,
Бааланганда көрүнөт.
Жоромолдоп айтпастан,
Жолдуулугу көрүнөт.
Нурун чачып элине,
Нурдуулугу көрүнөт.
Жаз булактай аңкыган,
Жыттуулугу көрүнөт.
Мөлмөл көзү ачынын,
Мөлмөлүндөй көрүнөт.
Шыңгырама тунук суу,
Шылдырындай көрүнөт.
Жашообузга себепкер,
Жандуулугу көрүнөт.
Тартылган жаа жебедей,
Тууралыгы көрүнгөн.
Ак куусу Кочкор-Атага,
Ай-чырайы көрүнөт.
Чыгыштан таң аткандай,
Чын сөздүгү көрүнөт.
Үйүн мыкты кармаган,
Үлгүлүгү көрүнөт.
Чеберлиги укмуштай,
Чексиздиги көрүнөт.
Акыйкатты пир туткан,
Адалдыгы көрүнөт.
Таарынычты билбеген,
Таасирлиги көрүнөт.
Таза-Булак суусундай,
Табияты көрүнөт.
Чыны-Булак суусундай,
Чын сөздүгү көрүнөт.
Ак-Булактын суусундай,
Ак сөздүгү көрүнөт.
Жаз-Кечүүнүн суусундай,
Жай сөздүгү көрүнөт.
Кочкор-Ата суусундай,
Көл сөздүгү көрүнөт.
Жан-дилиңди кызыткан,
Жандуу сөздүү көрүнөт.
Эссбине шайма-шай,
Элпек сөздүү көрүнөт.
Түз тиктебей кишини,
Түрүнөн билет көрүнөт.
Көтөрүлбөй сыпайы,
Көңүлдү алат көрүнөт.
Үргүлөтпөс адамды,
Үлгү сөздүү көрүнөт.
Алланын сүйгөн момуну,
Амалы башка көрүнөт.
Карап турган пендеге,
Көзүнүн оту көрүнөт.
Жаңы менен жакындаш,
Жөлөмөсү көрүнөт.
Жакшылыктын белгисин,
Жашырбай айтат көрүнөт.
Жамандыктын белгисин,
Жашырып салат көрүнөт.
Күндөрдөн алып ишарат,
Күлүп жүрөт көрүнөт.
Түндөрдөн алып ишарат,
Түздөп салат көрүнөт.
Караңгы-Колот жерине,
Капилеттен келбеген.
Караңгы-Колот элине,
Кызыры экен бир келген.

Каргага жуп бул кызды,
Коюндаш кылып ким берген?
Кайсы жердин кызы экен,
Кайсыл жердин жүзү экен.
Каргага баатыр абаңдын,
Кайын журту ким экен.
Өйдөлөсөң билесиң,
Өрүшүн кенен Өзгөндүн.
Бара-бара билесиң,
Байлыгын кенен Өзгөндүн.
Сурай-сурай билесиң,
Сулуулугун Өзгөндүн.
Жүрө-жүрө билесиң,
Жүзүмдөй жүзүн Өзгөндүн.
Улай-улай билесиң,
Улуулугун Өзгөндүн.
Көрө-көрө билесиң,
Көркөмдүгүн Өзгөндүн.
Ойлой-ойлой билесиң,
Ойчулдугун Өзгөндүн.
Кызыл-Үңкүр суусунан,
Кыя өтпөй ичкен ким.
Арстанбап ата жерине,
Айланчыктап жүргөн ким.
Базар-Коргон жерине,
Баар алып жүргөн ким.
Айланып Ачы жергесин,
Алганын элге берген ким.
Аландаган душмандын,
Азабын колго берген ким.
Селдей толкуп душманды,
Сергүндөтпөй жеңген ким.
Караңгы-Колот жерине,
Караан болуп турган ким.
Каршылашкан душмандын,
Катыгын колго берген ким.
Элине тийген пайдасы,
Эл атасы Каргабы.
Журтуна тийген пайдасы,
Журт атасы Каргабы.
Караңгы-Колот элинин,
Каргага көөнү толуптур.
Кара-Таңдай мундуз журт,
Каршылыгын жоюптур.
Карга, Кулчак баатырдын,
Кадыры сыйга толуптур.
Кең пейилдүү элиме,
Кенендигин айтайын.
Кочкор-Ата көлүндөй,
Тереңдигин айтайын.
Беш топ Бообек элине,
Берендигин айтайын.
Адырлуу Ачы жериме,
Ачыктыгын айтайын.
Жанын үрөп элине,
Жар болгонун айтайын.
Бар байлыкка курушпай,
Бар болгонун айтайын.
Эрегишти күчөтпөй,
Эл болгонун айтайын.
Беш топ Бообек элине,
Бел болгонун айтайын.
Муңдууга берген азыкты,
Мүрөктүгүн айтайын.
Бооруна кыскан өз элин,
Бүркүттүгүн айтайын.
Теңдештирген жалпыны,
Туугандыгын айтайын.
Бириктирген жалпыга,
Берендигин айтайын.
Көк-Арт дайра суусундай,
Кенендигин айтайын.
Айтылуу Мундуз элине,
Айттырып жакшы демилге.

Асилкандай сулууну,
Алгандыгын айтайын.
Көрктүү мундуз элине,
Көтөрүп жакшы демилге.
Канзаададай сулуунун,
Келгендигин айтайын.
Бар, жогуна түтпөсө,
Баар алышып жүрбөсө.
Басыздын кызы мундузга,
Баргандыгын айтайын.
Жол азыгың болбосо,
Жулуна бербе оң, солго.
Жөндүү жердин сулуусу,
Жүргөндүгүн айтайын.
Бүркөбөй кабак ачайын,
Бурулуп артка кайтпайын.
Басыздын кызы Асилкан,
Жергеме келип калганын.
Жердештерге айтайын,
Караңгы-Колот жерим ук.
Акман, Ачы элим ук,
Кары, жашың баарың ук.
Кудалашып эл болгон,
Өзгөндүн эли калбай ук.
Жайыты кенен илгертен,
Салам-Алик журтум ук.
Майкөчүктөй баатырдын,
Туугандары баарың ук.
Карга баатыр ошондо,
Жыйырмага толуптур.
Күрөштөн бербей ооматты,
Сайыштын бербей ооматты.
Эл оозунда болуптур.
Салам-Алик жеринде,
Салам-Алик элинде.
Чоң жыйын өткөн мезгилде,
Балбанды аттан оодарып.
Эңгенин жерге кулатып,
Жамбашы жерге тийбептир.
Жегенин жерге кустуруп.
Эл оозуна элек жок.
Отургандыр сөз козгоп,
Акылдуулар ой болжоп.
Көзү ачыктар жыл козгоп,
Бир бүтүмгө келиптир.
Карга баатыр баланын,
Бой экенин билиптир.
Кетирбей жакшы ооматты,
Козгошуп жакшы салттарды.
Майкөчүктүн кызына,
Үйлөйлү деп чечиптир.
Баш ийишип Басыз журт,
Балли, балли дешиптир.
Жакшы сөз жерде жатабы,
Бакы, Назар, Кулболду.
Эл көзүнө көрүнгөн,
Бий, болуштар чогулду.
Камчыны салып желкеге,
Салттарды сүрбөй чекеге.
Майкөчүктүн алдына,
Кулдук уруп барышты.
Эртесинде той болду,
Эсептешти жакшылар.
Эки жашка аташып,
Үй көтөрдү жакшылар.

Салам-Аликтеги той

Салам-Алик бүт эли,
Салтты сактап илгерки.
Майкөчүктүн кызынын,
Тоюнун камын көрүштү.
Кудалар келет бүгүн деп,
Кубанычты бөлөт деп.

Кудагыйлар келет деп,
Кудайым бизге берет деп.
Күйөө бала келет деп,
Көрүндүк алыш керек деп.
Жүгүрүп жүрөт жеңелер,
Жүгүрүп жүрөт энелер.
Жүгүрүп жүрөт селкилер,
Аппак сакал карылар.
Илгертен элге баркы бар,
Отурушат сабырдуу.
Ойлору бийик тоодой бар,
Кулундары Басыздын.
Кулун минип жүрүшөт,
Кулундары Басыздын.
Жакшылыкты билишет,
Кулундары Басыздын.
Көк жалдыгын ыйык билишет,
Кулундары Басыздын.
Эрендигин билишет,
Кулундары Басыздын.
Кенендигин билишет,
Кулундары Басыздын.
Тереңдигин билишет,
Мундуз менен Басыздын.
Тууралыгы билинди,
Мундуз менен Басыздын.
Туугандыгы билинди,
Мундуз менен Басыздын.
Бир боорлугу билинди,
Мундуз менен Басыздын.
Кенендиги билинди,
Мундуз менен Басыздын.
Белендиги билинди,
Кең Ачынын элинен.
Кең Ачынын жеринен,
Жандуудан башка жаралган.
Үйлөйбүз деп Карганы,
Аттуу, баштуу жыйналды.
Караңгы-Колот жеринен,
Бакы, Назар, Кулболду.
Эл бийлери баштаган,
Бай, болуштар баштаган.
Билермандар чогулду,
Үйлөшкө баатыр Карганы.
Кудаларга кудасы,
Кызыр эмди тай сойду.
Аламан жалпы элдерге,
Бышты чыкма бээ сойду.
Кой эсебин айтпайын,
Казандарга эт толду.
Жамгырдай жаап күлкүлөр,
Салам-Алик бүт тойду.
Ызаттап сыйлуу жеңелер,
Карга баатыр баштаган.
Жаштарга көңүл бөлүштү,
Көрүндүгүн бериң деп.
Билектерин түрүндү,
Бергенине ыраазы,
Жеңелер абдан сүйүндү.

***

Айдай сулуу кызыбыз,
Алдыңарга келет деп.
Күндөй сулуу кызыбыз,
Көрүшкөнү келет деп.
Алдыртан кабар айттырып,
Алаарын алды жеңелер.
Мурунтан кабар айттырып,
Мулуңдады жеңелер.
Назданып кабар айттырып,
Нурданышты жеңелер.

***

Күн нуруна нурданган,
Күнү келди Басыздын.
Ай нуруна нурдалган,

Айы келди Басыздын.
Көздөрүнөн нур жанган,
Кызы келди Басыздын.
Тулку бою келишкен,
Таңы келди Басыздын.
Күлсө күлкү жарашкан,
Шаңы келди Басыздын.
Кырк өрүм чач буралган,
Назы келди Басыздын.
Жүзүндө гүлү жайнаган,
Жазы келди Басыздын.
Байкаганга керемет,
Багы келди Басыздын.
Мөмөсү бышкан жетилип,
Шагы келди Басыздын.
Ак куулар сүзүп ойногон,
Көлү келди Басыздын.

***

Карааны тоодой көрүнгөн,
Карганы көрдү Асилкан.
Кырдач мурун алп дене,
Кыйынды көрдү Асилкан.
Бешенеси жайнаган,
Бүркүттү көрдү Асилкан.
Эриндери барбайган,
Эренди көрдү Асилкан.
Боюна кийим жарашкан,
Бозойду көрдү Асилкан.
Токтоо мүнөз кең далы,
Тоону көрдү Асилкан.
Жоолашканын койбогон,
Жолборсту көрдү Асилкан.
Аңдыганын койбогон,
Арстанды көрдү Асилкан.

***

Байлыгы ташкан жүзүндө,
Барды көрдү Асилкан.
Аялуу ак жүзүнөн,
Айды көрдү Асилкан.
Күлкүсүнөн Карганын,
Күндү көрдү Асилкан.
Эбегейсиз колдогон,
Эрди көрдү Асилкан.
Мал жайыттуу көп адыр,
Жерди көрдү Асилкан.
Ак куулар сүзүп ойногон,
Көлдү көрдү Асилкан.
Адыры жапыс мистелүү,
Жерди көрдү Асилкан.

***

Тойдун да келип акыры,
Кетүүгө элдер камынып.
Карга менен Асилканды,
Колтукташып жеңелер.
Эл алдына чыгарды,
Жабыла бата бериштн.
Болушсун деп өмүрлүү,
Артын мал, алдын бала бассын деп.
Карага турду жылмайып,
Жүзүнөн накта нурданып.
Асилканды алдыртан,
Байкатпай тиктейт уурданып.

***

Аттанышты кудалар,
Салам-Алик жеринен.
Күнөстүү Ачы жерине,
Бакынын жүзү албырып.
Назар менен Кулболду,
Сүйүнүшүп жым болду.
Кучагына шаң толду,
Бай, болуштар бул күнү.
Оозанды той, күлкүнү,
Караңгы-Колот жерине,
Кайрылышып жөнөштү.

ИШЕНИМ ӨМҮРДӨН АРТЫК

Кийинки кылым бою жүрүп келген саясаттын кесепетинен бүгүн кыргыз өзүн тааныбай, сыйлабай, өз тарыхын билбей, рухун, маданиятын, наркын, салтын жоготуп, мекенин кемитип, эне тилин жээрип, чаар тилге айлантып, өзүнө, өз мекенине ишенбей, бактысын, ырыс-насибин, дөөлөтүн сырттан, бөлөк элдер, өлкөлөрдөн, алардын ишенич, тилек, максат, жүрүм-турумунан издеп, рухий селсаякка айланып, кайыр-садага сурап тилемчилик менен жашап, көңүл калганы ачуу чындыкка айланбадыбы.

Кыргыздын мамлекеттүүлүгү мурда болбосо кантип ири кандыктарга кыргыз сиңип, жок болуп кетпей, сакталып келди? Кыргыз ынтымаксыз болсо, бейиштей жериң ушунча кылым перс, араб, кытай, жуңгар жана башка элдерге алдырбай, кантип XX кылымга чейин сактап келди?

Таштык маданиятты (б.з.ч. III – б.з.ч V кылымы) кыргыздарга таандык экенин 1951-жылы Россия илимпоз, тарыхчылары аныктэле жазып чыгышканын кыргыз бүгүн билеби? Андан миң жыл мурун калыптанган Андронов, Кара.. маданиятында кыргыздын талашсыз белгилери табылганын (уруулардын эн тамгалары жана башка) бүгүнкү кыргыз айтып бере алат?

Кыргыз байыркы тарыхын билбей, аны уурдатып, өзү ишенбей, улутун эс-тутуму өчкөнүн талашсыз далили катары төмөнкү маалыматты келтирдик:

- Непал мамлекетинде бийиктиги 8128м Манаслу деген чоку бар (жергиликтүү элдин тилинде улуу ыйык Манас дегенди түшүндүрөт).
- Индия мамлекетинде узундугу 500 км Манас дарыясы агат, Манас аттуу улуттук корук бар, аянты 50 миң (Камруп чөлкөм Ассам штатында)
- Тибетте 4557м бийиктикте Манас (Манам-Цо) деген көл бар, аянты 500 чарчы км. Жергиликтүү калк аны ыйык тутуп, сыйынып турушат.
- Батыш Кытайда Ирен-Кабыр мөңгүлөрүнөн башталып, узундугу 402 км. Манас дарыясы агып Манас көлүнө куят.

- Кавказ тоолорунда Манас дарыясы агып, Каспий деңизине куюлат. Анын жээктеринде Манасмахи, Манасавлан, Манасматоб, Манаскент деген шаар, айыл кыштактар жана Манас курорту бар:

- Өзбекстанда, Самарканд менен Сурхандарыя областы тарыхын курган жерлерин сугат менен камсыз кылган Манас каналы бар, узундугу 300 км б.з.ч мин жыл мурун казылган, секундасына 50м 3 суу агат.

- Алтайда Манас көлү бар, 2331м бийиктикте Манас деген чоку бар, 2038м бийиктиги.

Ушуну канча кыргыз билет?

Кайсы элдин (Мейли орус, немис, француз, грек, жөөт, перс, кытай, монгол, жапон) түпкү бабасынын ысымы ушундай улуу чоку, дарыя, көл, тоолордун аты болуп айтылып калган? Кайсы эл дүйнө жүзүндө түпкү бабасын тендешсиз, эң ири дастан кылып көтөрүп, бүгүнкү күнгө чейин айтып келатат?

Кыргыздан башка дагы кимде комуз аспабы, ак калпак, белдемчи, эмгек кийимдери, ордо, упай, жамбы атмай, тыйын эңмей оюндары, бозо, гүлазык, эжигей тамактары бар. Өлкөбүз кичинекей, табигый байлыктарга жарды дегендер Кыргызстан аянты жагынан 117 дүйнө өлкөлөрүнөн чоң, таза суу байлыгы менен 110 өлкөнүн алдыда турганын билеби? (АКШ, Германия, Италия, Испания, Корея, Израил, Венгрия, Монголия, Украина, Өзбекстан, Казакстан, Түркия, Кытай, Франция, Шан, Египет. Сауд Арвия жана башка канча адам болсо элибиздин сабаттуулугу боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн аралында Кыргызстан 14 орунда турганын (АКШ 19, Россия 22, Франция 22, Германия 30, Япония 31, Канада 58, Израил 62, Малазия 94, Туркия 100, Кытай 102, Египет 102 ж.б.). Демек, б. з. ч. V-VII-кылымдарда эле кыргыз эли сабаттуу болгонун Россия окумуштуулары совет доорунда эле жазып чыгышкын. (КПСС кыргыз XVI-XVII- кылымдарында эле араң калыптанган деген саясатына карабай) кыргыздар тарыхта аталгандан кийин 800 жылдан кийин гана "Түрк" деген соз пайда болгону, кыргыздар алардан кыйла байыркы эл экендигин далилдейт.

Түрк: азербайджан, якут, хакас элдеринин басымдуу өкүлдөрү бүгүн: "Кыргыз – биздин бабабыз, Кыргыз – колдун билеги

ИШЕНИМ ӨМҮРДӨН АРТЫК

Кийинки кылым бою жүрүп келген саясаттын кесепетинен бүгүн кыргыз өзүн тааныбай, сыйлабай, өз тарыхын билбей, рухун, маданиятын, наркын, салтын жоготуп, мекенин кемитип, эне тилин жээрип, чаар тилге айлантып, өзүнө, өз мекенине ишенбей, бактысын, ырыс-насибин, дөөлөтүн сырттан, бөлөк элдер, өлкөлөрдөн, алардын ишенич, тилек, максат, жүрүм-турумунан издеп, рухий селсаякка айланып, кайыр-садага сурап тилемчилик менен жашап, көңүл калганы ачуу чындыкка айланбадыбы.

Кыргыздын мамлекеттүүлүгү мурда болбосо кантип ири кандыктарга кыргыз сиңип, жок болуп кетпей, сакталып келди? Кыргыз ынтымаксыз болсо, бейиштей жериң ушунча кылым перс, араб, кытай, жуңгар жана башка элдерге алдырбай, кантип XX кылымга чейин сактап келди?

Таштык маданиятты (б.з.ч. III – б.з.ч V кылымы) кыргыздарга таандык экенин 1951-жылы Россия илимпоз, тарыхчылары аныкэле жазып чыгышканын кыргыз бүгүн билеби? Андан миң жыл мурун калыптанган Андронов, Кара.. маданиятында кыргыздын талашсыз белгилери табылганын (уруулардын эн тамгалары жана башка) бүгүнкү кыргыз айтып бере алат?

Кыргыз байыркы тарыхын билбей, аны уурдатып, өзү ишенбей, улутун эс-тутуму өчкөнүн талашсыз далили катары төмөнкү маалыматты келтирдик:

- Непал мамлекетинде бийиктиги 8128м Манаслу деген чоку бар (жергиликтүү элдин тилинде улуу ыйык Манас дегенди түшүндүрөт).
- Индия мамлекетинде узундугу 500 км Манас дарыясы агат, Манас аттуу улуттук корук бар, аянты 50 миң (Камруп чөлкөм Ассам штатында)
- Тибетте 4557м бийиктикте Манас (Манам-Цо) деген көл бар, аянты 500 чарчы км. Жергиликтүү калк аны ыйык тутуп, сыйынып турушат.
- Батыш Кытайда Ирен-Кабыр мөңгүлөрүнөн башталып, узундугу 402 км. Манас дарыясы агып Манас көлүнө куят.

- Кавказ тоолорунда Манас дарыясы агып, Каспий деңизине куюлат. Анын жээктеринде Манасмахи, Манасавлан, Манасматоб, Манаскент деген шаар, айыл кыштактар жана Манас курорту бар:

- Өзбекстанда, Самарканд менен Сурхандарыя областы тарыхын курган жерлерин сугат менен камсыз кылган Манас каналы бар, узундугу 300 км б.з.ч миң жыл мурун казылган, секундасына 50м 3 суу агат.

- Алтайда Манас көлү бар, 2331м бийиктикте Манас деген чоку бар, 2038м бийиктиги.

Ушуну канча кыргыз билет?

Кайсы элдин (Мейли орус, немис, француз, грек, жөөт, перс, кытай, монгол, жапон) түпкү бабасынын ысымы ушундай улуу чоку, дарыя, көл, тоолордун аты болуп айтылып калган? Кайсы эл дүйнө жүзүндө түпкү бабасын теңдешсиз, эң ири дастан кылып көтөрүп, бүгүнкү күнгө чейин айтып келатат?

Кыргыздан башка дагы кимде комуз аспабы, ак калпак, белдемчи, эмгек кийимдери, ордо, упай, жамбы атмай, тыйын эңмей оюндары, бозо, гүлазык, эжигей тамактары бар. Өлкөбүз кичинекей, табигый байлыктарга жарды дегендер Кыргызстан аянты жагынан 117 дүйнө өлкөлөрүнөн чоң, таза суу байлыгы менен 110 өлкөнүн алдыда турганын билеби? (АКШ, Германия, Италия, Испания, Корея, Израил, Венгрия, Монголия, Украина, Өзбекстан, Казакстан, Түркия, Кытай, Франция, Шан, Египет. Сауд Арвия жана башка канча адам болсо элибиздин сабаттуулугу боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн аралында Кыргызстан 14 орунда турганын (АКШ 19, Россия 22, Франция 22, Германия 30, Япония 31, Канада 58, Израил 62, Малазия 94, Туркия 100, Кытай 102, Египет 102 ж.б.). Демек, б. з. ч. V-VII-кылымдарда эле кыргыз эли сабаттуу болгонун Россия окумуштуулары совет доорунда эле жазып чыгышкын. (КПСС кыргыз XVI-XVII- кылымдарында эле араң калыптанган деген саясатына карабай) кыргыздар тарыхта аталгандан кийин 800 жылдан кийин гана "Түрк" деген соз пайда болгону, кыргыздар алардан кыйла байыркы эл экендигин далилдейт.

Түрк: азербайджан, якут, хакас элдеринин басымдуу өкүлдөрү бүгүн: "Кыргыз – биздин бабабыз, Кыргыз – колдун билеги

болсо түрк элдери манжаларбыз деп ачык эле айтып жүрүшөт. Айта берсе, мындай тарыхый жактан далилденген мисалдар ондоп жүздөп саналат. Турмушта болгон тарыхый чындыкты далил менен келтирип жазса да күмөн саноо, ишенбөөчүлүк канын бызда бар. Негедир эт-бетибиз менен берилип окубай "Кантип ушундай болсун?", "Койчу", "Ашыра макталып калыптыр" деген күмөн саноодо болобуз. Кечээ эле Ачы жергесинде жашап, өзүнүн элин тышкы жана ички душмандардан сактаган Кунназар деген баатырды жазганымда, - Кантип эле төрт аялы болсун, мингендери чын эле жарым тулпар бекен, жолборсту жалгыз кантип өлтүрсүн? - дегендей толгон- токой суроолорду беришип мазамды алышкан. Асмандан алып жазсам бир жөн эле Кунназардын накта өзүнүн канынан өмүр улап келген уруктарынан билип жазып жатканымды айтсам, мени биринчи жолу көргөндөй мыйыктарынан күлгөнүнө түтөп кетет экенсиң. Сузак, Базар-Коргон, Ноокен райондорунун айланасында жашаган канча түтүн мундуз болсо, Кунназар баатыр ошолордуку да. Биздин баатыр деп талашкан эч ким болбогондон кийин сыймыктаныштын ордуна жеригендей болгондоруна таң каласын. Айтса-айтпаса да мундуз элин Кокон хандыгынын салтынан бошотуп ээн-эркин жүрүүгө мүмкүнчүлүктү түзүп бериш үчүн өзүнүн өмүрүн тобокелге салып, жолборсту өлтүрүүгө барган. 10 жылдын ашык убакыт Мундуз журтунун ичине чоочундарды киргизбей көзүнүн карегиндей сактап келген. Ушакчылардын жеткизген маалыматтары боюнча Кунназар Кокондун душманы болуп жүрсө Осумбек аркылуу кийинки 10 жылдан ашык убакыт хандыктын оң колу болуп жүрдү. Баатырдын баатырдыгы эр сайышта эмес, өзүнүн элин жыйырма жылдан ашык чоочун адам эмес, чымын кондурбай баккандыгында, тегирмен, устакана курдуруп, дыйканчылыктын жол- жобосунун төмөнкү чөлкөмдөн алып келген дыйкандардан үйрөтүп баккандыгында. Өзүнүн күнүмдүк тиричилигин ойлобой күнү-түнү эл ичине болуп жер-жерлерге мыкты уулдардан башчы шайлап, элдин абалын сурап тургандыгында. Ошол учурда күн кечкирген мундуз эли Кунназардын корккондугунан баатыр деген эмес, сыйлаганынан баатыр дегенин ар бир окурман өз акылы менен түшүнүп баа берсе экен деген гана ой.

Кунназар коомун түзүштү

Алтымыш ашып ыр жаздым,
Аллахым менен сырдаштым.
Ачыны кенен кыдырып,
Ааламга кенен жол ачтым.
Топту жарып чыкпадым,
Тогуздап ырды жазбадым.
Тил катып калган мезгилде,
Тилиме бал тамыздым.
Кысынып жалгыз чыкканга,
Күч жетпей көптү жазышка.
Карааны болуп Мундуздун,
Калбаса болду алыста.
Каймактай сөздү таппадым,
Кыдырып жерди кыйналдым.
Кеми жок пенде жок экен,
Кемисем да кайтпадым.
Кызыккандар жокпу деп,
Күйүттү жүрдүм этектеп.
Калк төбөлү силерди,
Кыялда жүрдүм жетектеп.
Кашыма мына келдиңер,
Кыялга күндү бердиңер.
Кан жүгүртүп тамырга,
Көңүлдүн гүлүн эктиңер.
Орундалып талабым,
Олуттуу ойдо турамын.
Оболоткон акынды,
Оту өчпөй жанды чырагым.
Кулак угуп, көрбөгөн,
Кунназарды жок десем.
Күнөстүү Ачы элинде,
Карааны элим бар экен.
Айтылып бирок көрбөгөн,
Ален ырчы жок десем.
Айтылуу Ачы элинде,
Атагы элим бар экен.
Жүзүн үйрүп кетпеген,
Жакындары жок десем.
Жылдызы жанган Ачыда,
Журтташтары бар экен.
Карааның үзүп кетпеген,
Кыйындары жок десем.
Канатын жайган Ачыда,
Кандаштары бар экен.
Ойлонуп оюн он болгон,
Ойчулдары жок десем.
Ооматтуу Ачы элинде,
От жагары көп экен.
Тагдырына шерденген,
Туугандары жок десем.
Тумар болгон Ачыга.
Көтөрүлгөн даректын,
Көлөкөсү бар экен.
Көнүмүш болгон Мундузга,
Көрүнүшү бар экен.
Жүрүшүнөн адашпай,
Жүрөк болгон жалпыга.
Эригишпей жаманга,
Эр болуптур жалпыга.
Улууларды ардактап,
Урмат болгон жалпыга.
Кичүүлөрдү урматтап,
Кичик болгон жалпыга.
Жалпы элди ардактап,
Жалын болгон жалпыга.
Көкүрөктө кетпеген,
Кумар болгон жалпыга.
Мүңкүрөтпөй өз элин,
Мүрөк болгон жалпыга.
Тамагына тепчилбей,
Тумар болгон жалпыга.

Көздөрүнөн кадалган,
Карек болгон жалпыга.
Задисинде бар болуп,
Зирек болгон жалпыга.
Туугандары бир экен,
Тутунуп тил эмизди.
Жакындары бар экен,
Жанымды мени эритти.
Сөздүүлөрү бар экен,
Сөөгүмө чейин эритти.
Атабыз биздин Кунназар,
Атагын анын жаз деди.
Агабыз биздин Алендин,
Атактуу ырын жаз деди.
Кой-Таштын суусун ич деди,
Кошулуп бизге жүр деди.
Беш той Бообек элинин,
Баатырын Жеңиш жаз деди.
Тагайдын улуу акыным,
Тууганың болот бил деди.
Тууганды чанып кетпестен,
Туугандай болуп жүр деди.
Эринбеген жан элем,
Эрип жүрдүм бул күнү.
Багынбаган жан элем,
Багынып жүрдүм бул күнү.
Жибибеген жан элем,
Жибип жүрдүм бул күнү.
Жоюлбаган жан элем,
Жоюлуп жүрдүм бул күнү.
Ийилбеген жан элем,
Ийилип жүрдүм бул күнү.
Жеңилбеген жан элем,
Жеңилип жүрдүм бул күнү.
Алендей ырчы акындан,
Айбыгып жүрдүм бул күнү.
Кунназардай баатырдан,
Коркуп жүрдүм бул күнү.
Ачыгын айтсам силерге,
Алыма ал кошулду.
Сүйүнүп айтсам силерге,
Сөзүмө сөз сөз кошулду.
Коркпой айтсам силерге,
Кыялга кыял кошулду.
Кошулуп улуу, кичүүсү,
"Кунназар" коомун түзүштү.

***

Кунназар баатыр Кой-Ташка өргөө көтөртүп, медресе, мечит салдырган учурда, ошол эле жерге көөрүк менен иштете турган устакана да салдырган. Ал анчалык чоң болбогону менен 200 атка ылайык така, мык, жаанын огу, найзанын учу сыяктуулар жасалган. Кийин орустар келгенде, керектүү шаймандарды төмөндөн алып келүүгө өтүшкөн. Өгүзгө моюнчаны тегерек катуу жыгачтан жасашып, темир менен алкактап коюшкан. Орок, чалгы жасашкан.

Шатыректын этегинде биз билип калган кампа, устакана бар болчу, Санжырачылардын айтуусуна караганда, ошол кампа менен устакананын күн чыгыш тарабында, адырдын түбүндө мурда устакана болгон.

Биз көрүп калган устакананы 60-70 жылдар илгери Манасов Рай деген иштетер эле. Бактын ичинде кампа бар эле. Алмалуунун оозунда Бакыбай, Анарбай деген кишилердин үйүнүн жанында да устакана болор эле, аны орустар иштетчү. Атка, өгүзгө чегиле турган шатысы бар арабаларды жасашчу. Өгүз чегилген кош менен жер тилип, зыгыр, буудай, арпа эгишчү. Зыгырдан май алышчу.

Акчалууда Чыны-Булак суусу менен Шатырак, Алмалуунун суусу куп кошулган жерин Чат деп коюшар эле. Ал жердеги Мырза деген багбан адамдын багынын жанында суу тегирмен боло турган. Бул тегирменди Каранын уулу Сайранбайдын үйүндө жүргөн чолок киши иштетчү. Ал бузулгандан кийин Молтоев Тургунбай суу тегирмен курган. Жаман айылда Калматтын тегирмени болор эле. Казыбек уруусунун бир кызы Пати Чоной абабызга турмушка чыккан, бул тегирмен илгертен бар экен.

Рысбай деген киши эки жактан издетип, орус сокосун, темирлерди таап келип турган. Буудайчы деген киши такачы чоң уста болгон, орок, чалгы, кетмен соккон дешет. Суран бийдин кызы турмушка чыгып, бир кыздуу болгондон кийин күйөөсү Назиркан дүйнөдөн кайтат. Жесирди Буудайчыга ника кыйып алып беришет.

Кунназар баатыр 12 жашынан намаз окугандыктан, көп мечиттерди салдырган, айтымдан Кытай тарапка мечит салдырган экен. Ал адам өлтүрүү кудай алдында кечирилгис күнөө экендигин билгендиктен эр сайышка түшкөндө киши өлтүргөн эмес дешет. Бала кезинде, жыйырмаларга барып калганда, кытайда сайышка түшүп, ачуусу менен бирөөнү өлтүрүп койгон экен. Кийин Сейдикумда, багыштар тарапта сайышка түшүп жеңген экен, бирок тигинин найзасын кагып жиберип, найзанын арты менен түртүп жыкчу дешет.

***



Машрапов Андалбек 1925-жылы Акман айылында туулган. Башталгыч классты Базар-Коргондо ачылган ШКМ-дан (Колхозчу жаштар мектеби) алган, 7-классты 1941-жылы Октябрь районундагы Дзержинский атындагы толук эмес орто мектебинен эң жакшы баалар менен аяктаган. Райондук билим берүү бөлүмүнүн жолдомосу менен Жалал-Абаддагы мугалимдерди даярдоочу алты айлык курстан окуп, 1943-жылы Жаз-Кечүү мектебине мугалимдикке жиберилген. 1946-жылы Таш-Булак айылына мугалимдикке которулуп, өз күчү менен мектеп куруп, малчылардын балдарын окуткан.

1949-жылдан баштап Колот, Кызыл-Ай, Ильич, Токтогул атындагы мектептерде катардагы мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, жетекчи, элге билим берүү бөлүмүнүн ага инспектору болуп 1985-жылга чейин иштеген. Токтогул атындагы орто мектептин жаңы курулушуна активдүү демилгечи катары катышып, Б. Осмонов атындагы орто мектептин биринчи кышын коюп берип, аларды толук бүтүрүүгө чоң салым кошкон. Жогорку билимдүү, 70 жылдан ашык убакыттан бери КПССтин мүчөсү, отуз жылдан ашык убакыт партиялык уюмдун катчысы болгон.

Анын окуткан балдарынан илимдин кандидаттары, докторлору, ЖК депутаттары, райкомдун секретарлары жана эл чарбасынын түрдүү тармактарында үзүрлүү эмгектенген жүздөгөн мыкты адистер чыгышкан. Ошону менен бирге эле ал Улуу Ата Мекендик согушта жетим калган 6 баланы улутуна карабай багып, тарбиялаган, алардын ичинде кыргыз, өзбек, татар, чечен улутундагылар болгон, алардын баары азыр, үй-жайлуу, балачакалуу.

Аксакалдар кеңешинде иштеп турган мезгилинде, 2004-жылы, Улуу Ата Мекендик согушка катышып, бирок 50-65 жыл бою тиешелүү документтери жок жүргөн, согуштун ардагери катары пенсиясын ала албаган Мергенбаев Жакып менен Токторалиев Жакыптын согушка катышкан дарегин, рота, батальон,

дивизиясына чейин тактап, арыз жазып, согуш ардагери катары пенсияларын алышына чоң жардам берген.

Аксакалдар кеңеши аркылуу карыяларды ар жылы курорт, санаторияларга, Кыргызстандын кооз жайларына жиберүүнү уюштурган. Райондогу коомдук иштерге активдүү катышкан. Эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ болгон. Өзү он баланы тарбиялап өстүргөн, алардын бардыгы түрдүү кесиптердин ээлери.

Ал бир нече орден, медалдар менен сыйланган. Эл агартуунун отличниги, мугалимдердин 4-съездинин, райондук, областтык курултайлардын делегаты. Учурда 90 жашта, 10 бала, 35 чебере, 37 небереси бар.

Андалбек аба сөз сизде,
Айтуудан такыр эринбе.
Аба жиреп көккө учкан,
Алтындай сөзүң бул кезде.

Оодарып тарых барагын,
Орундуу сөздү айтарсыз.
От өмүр өткөн күндөрдү,
Орду-орду менен тактарсыз.

Көңүлдү буруп өткөнгө,
Кеп салып өткөн-кеткенге.
Кең өрөөн Ачы ичинде,
Кунназар баатыр бар беле?

Бар болсо ал ким эле,
Байлыгы ташкан бай беле?
Бооруна элди сактаган,
Баатырдыгы бар беле?

От беле чыны бир күйгөн,
Оозунан жалын бүркүлгөн.
Толтуруң мээни ач келген,
Тарыхты тактап тил менен.

Билим саяпкери, ыйман данакери

(Андалбек Машрап уулунун
90 жашка толушуна арналат)

Өлчөмү аз өмүрдөн артар барбы,
Өлүм деген кас экен тартар жанды.
Тирүүлүктүн мыйзамы, ыйык парзы,
Унутпайлы окуткан агайларды.

Алтын, зерге алмашкыс асыл башы,
Агартуудан агарган айдар чачы.
Айыл, элет жеринен чыккан алгач,
Андал агай билимдин карлыгачы.

Билим берип акмандыктын көбүнө,
Улуу, кичүү – бардыгына агай ал.
Мээр чачып, акыл айтып жаштарга,
Бүгүн эми эл-журтуна Бакай ал.

Айтматовдун Дүйшөнүндөй чалыкпас,
Мектеп десе күйүп-бышып турдуңуз.
Миң-миңдеген жаш муундун дилине,
Кут билимди кут куйгандай куйдуңуз.

Өмүрүңдүн жарым кылым ашыгы,
Өткөн тура балдар үчүн сарпталып.
Адеп, ыйман айкалышып билимге,
Акыбети кайтты мээнет акталып.

Тамыр жайган саябандуу даректай,
Бүчүрүңөр көктөп турат көкөлөп.
Суктандырып, кубандырып жалпыны,
Бөпөлөгөн Бүажар эже экөөлөп.

Он бир перзент, небереле жетилип,
Оозго алынып баары бүлө билимдүү.

Атасындай сыймыктуу да, өрнөктүү,
Адам болду өз калкына күйүмдүү.

Байырлап аруу дилди, ак тилекти,
Багынттың 90 жаштын туу сересин.
Аман болуп байбиче, балдар менен,
Ашып өтүң бир кылымдын белесин.

Дат баспаган алтындай, каухар таштай,
Ардакташып муундар атың жаттай –
Андалбек агай жасаган асыл иштер,
Айтыла берсин кылымга эр Манастай!

Шайдулла МАМАЖАНОВ.

***

Мен төмөндө мундуз (сол) уруусунун Базар-Коргон, Ноокен, Сузак аймактарында жашап келген Кааба атадан таркаган топтордун (уруктардын) баянын жаздым. Маркум атам, абам Матан, абабыз Калмурза аксакал жана аны-муну ажырата билген карыялар, узун кулак жаштардан сурап, тактоого, толуктоого аракет кылдым. Булардын ичинде анча-мынча кемчиликтер, мүчүлүштөр да болушу мүмкүн. Окуп чыккан адамдар сунуш-пикирлерин айтышса, ыраазылык менен толуктоого аракет кылабыз.

БАЗАР-КОРГОН МУНДУЗДАРДЫН ОРДОСУ

Мундуздар Кыргызстандын бардык район-шаарларына салыштырганда Жалал-Абад областында көп жайгашкан, анын ичинен Базар-Коргонду мундуздардын ордосу деп койсо да болот, буга негиз бар., анткени Мундуздун 9 баласынын ичинен Зулумдан тарагандардын 99%ы Базар-Коргондо жашашат. Зулумдан – Кааба атабыз.

Каабадан – Атакан, Акман, Дашман.

1. Атакандан үч бала – Карача, Жалай, Таталай.
2. Дашмандан үч бала – Сейит, Мамыт, Камыт.
3. Акмандан үч бала – Абакан, Алдозбай, Абышка.

1. Абакандын байбичеси Шайдабүдөн – Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көкайдар.

Экинчи аялы Орунбүдөн – Көкчөгөз, Ожурай, Каракул. (Буларды бээ байлабастын беш уулу деп да коёт).

2. Абышкадан – Карабек, Кырабек, Майданбек.

3. Алдоздун Таластын Берен уруусунан Сарыбайдын кызы Кылымайдан – Бообек. Экинчи аялы кушчу Кубатбек бийдин кызы Өмүркандан – Өтөмүш. Үчүнчү аялы адигинеин Токма уруусунан Шералынын кызы Жаркынайдан – Жараке. Төртүнчү аялы Акталаалык Тагай уруусунан Жаңыбай бийдин кызы Канымайдан – Жаныбек (Тырайма) төрөлөт.

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт, Жаныш, Байыш. Манастан – Акылбек, Казыбек, Оморбек (Коноко).

Зуркайдан эки уул – Мааничекир, Кожояр туулат. Мааничекирден – Жолуке, Жоомарт. Жолукеден – төрт топ Сүткорлор (Токтоной, Эдилбай, Байгозу, Карабала), Чуурунду деген бала калган. Жоомарттан төрт топ – Ойсуректар. Кожоярдан эки бала – Бакай, Шүкүр. Бакайдан – Дарга, Серке. Шүкүрдөн эки бала – бирок кайда экени белгисиз.

МУНДУЗДУН АТА-БАБАЛАРЫНЫН САНЖЫРАСЫ

Акман – Адам ата, Обо энеден тараган эл топон суу жүргөн чакта набыт болуп, Азрети Нух пайгамбардын үч уулун, үч келинин алып калып, адам көчүн улап калгандыгы үчүн Нух пайгамбарды экинчи Адам ата деп коюшат. Жер бетинде жашаган азыркы элдердин баары ушул үч бир туугандын тукуму болуп эсептелет. Биз, кыргыздар, жана башка түрк, монгол элдери Жапастан таралыптырбыз. Жапастан кийин да ондогон аталар өтүп, түпкү атабыз Дөлөн бий дүйнөгө келип, андан Ак уул, Куу уул, Кызыл уул деген үч уулдуу

болот. Ак уулдан кыргыздардын оң канаты, Куу уулдан сол канаты, Кызыл уулдан ичкиликтер таркалат.

Куу уулдан (Кабылдан) мундуздар таралат. Мундуздан Зулум, Зулумдан – Каба, Кабадан – Атакан, Акман, Дашман деген үч уул төрөлөт. Ошол Акмандан тарагандар Жараке, Кош-Коргон, Жон, Кайырма, Колот айылдарында жайгашып жашап жатышат. Падышалык Россияга чейин, андан кийин Акмандын балдары жазында Ачы өрөөнүнө малы менен көчүп барып, кышында кайра келишип жашап жүргөндүктөн, алардын урпактары Ачы өрөөнүндө, Кара-Көл, Жаз-Кечүү, Чкалов кыштактарына чейин жашап калышкан.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы жеңгенден кийин «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураандын негизинде Беш-Бадамдын этеги Колотко чейин Акман айылдык кеңеши деп аталып, борбору Жон айылына жайгашып, Чыйбыл болуштун тамы кеңсе катары берилген, 1960-жылга чейин айыл өкмөт Акман деп аталып келген. 1960-жылдан кийин Беш-Бадам айыл кеңеши түзүлгөн. Акмандын аймагында Колот, Кайырма, Кош-Коргон, Жараке айылдары калды. 1993-жылдан бери Акман айыл өкмөтү аталып калды.

Колот айылы – Базар-Коргондон 9 км, чыгыш тарапта жайгашкан. Колот деп атылышынын себеби чыгыш тарабынан батышка чейин, Топурак-Белден, Үч-Эмчек, Сасык адырлары, түндүк-батыш тарабынан Айгыр-Жал кырка адыры курчап, колотко окшоп тургандыктан болгон. Деңиз деңгээлинен төмөн турат, Чыгыш-түштүк тарабы кокту-колоттуу, адырлуу келип, мал жайыт, дыйканчылык үчүн өтө ыңгайлуу.

Азыркы Базар-Коргон суу сактагычынын түндүк чыгышында XIV кылымдарда хан Шырдак ордо куруп, эл сурап турган экен. Кол алдында жашаган эл Кара-Үңкүр дарыясынан суу чыгарып, тоо менен өткөрүп, өрөөн суу менен толук камсыз болгон. Шырдакбек калмактар менен тынымсыз согушуп, калмактарды жеңип, элди аман сактайт. Айласы кеткен калмак ханы мунун сырын тартуу үчүн Шырдакбектин аялын колго алып, бир аялды паралап, ордосуна жиберет. Ал аял Шырдакбектин Кара-Үңкүр дарыясынын кайсы жеринен суу чыгартканын, үстүнө суу койсо төгүлбөгөн Боз жоргосун билип бер деп аялын алдайт Шырдак-

бектин аялы "Мен аларды кантип сурайм?" десе, "Сен үч күнгө чейин тескери карап, сүйлөбөй, күлбөй жатып ал, капа болуп тура бер. Сенин түрүңдү көрүп, хан Шырдак эмнеге капа болгонуңду сурайт, сен көпкө чейин айтпайсың, менин суроомо жооп берсеңиз гана айтам деп шарт коёсуң. Макул дегенден кийин, Акманга сууну кайсы жерден чыгаргансыз? Үстүнө суу куюлса төгүлбөгөн Боз жоргоңузду эмне үчүн мага мингизип ойнотпойсуз?, - деп таарынасың. Шырдакбек баарын айтып берет", - дешет.

Аял алардын айтканын кылып, үч күнгө чейин оокат жебей, күлбөй, сүйлөбөй жатып алат. Хан Шырдак эмне болду деп сураса, жооп бербей тескери карап жата берет. Акырында ал сен эмне десең да аткарайын деп убада берет. Ошондо аялы: "Кырк кара кой союп, чучугуна аш демдетип бересиз, түндөсү кырк сабам пахтанын үстүнө жаткырасыз, агып жаткан сууну кайсы жерден чыгаргансыз, аны айтпадыңыз, суу куюлса төгүлбөгөн жоргоңузга мингизбедиңиз, мен ошого таарындым",- дейт. Хан Шырдак: "Суунун кайсы жерден чыгарылгандыгын айтуу шарт эмес, Боз жоргону мингизбегеним, ал оозун бербейт, шамалдай учат, сени мине албайт го дегем. Сурооң ошол болсо, мейли, айтып берейин, Суу Тентек-Сайдан алынган, Таш-Көпүрөдөн жогорураак жерге атайын түтүк орнотулуп, жер алды менен жүрүп олтуруп Кочкор-Атанын коктусунан сыртка чыгарылган. Андан бери өзү эле агып келет. Эгер коркпосоң, Боз жоргону токуп берем",- деп эркелетет да, Боз жоргону токуп берет.

Байлоодо бук болуп турган Боз жорго хан сарайдан чыккандан кийин аялды ала качып, Калмак-Дабандан ашып кетет. Кол курап, даяр турган калмактар Боз жоргону эптеп кармап, хандын аялын колго түшүрүшөт. Суу кантип чыгарылгандыгын айттырат. Шырдакбектин суу чыгарткан жерине саман жүктөп келип, дарыя аркылуу агызып, саман уюлгуп калган жерден түтүктү таап алышат. Кийиз төшөп, шак кыйдырып басып, суунун кирген жерин бүтөп, суу чыгарбай коёт. Шырдакбек калмактар менен согушуп, Ак-Талаага чейин кубалап, акыры жеңет. Ак-Талаанын Чоң-Кайың кыштагынын түндүк тарабына, суунун жээгине чеп курат. Анын дубалынын узундугу 120 метр, азыр да сакталып калган дубал пакса менен урулган, бурчтарына, эшиктерине му-

нара курулуп, бооруна жаа атуу үчүн тешиктер жасалган. Чептин сыртынан айланта жазылыгы 20 метр келген аң казылган.

Азыркы учурда Шырдакбек Акталаалык болуп жүрөт. Ошол хан Шырдактын Акмандагы ордосунун ордунда азыр 1962-жылы ишке киргизилген суу сактагыч бар. Анын сыйымдуулугу 22,5 м3, узундугу 2,4 км. Туурасы 2 км. Келет. Эң терең жери 23 метр, аянты 2,67 чарчы км.18 миң ге жерди суу менен камсыз кылат. Балык өстүрүлөт.

1876-78-жылдары Мерген уулу Мамыр баатыр Акмандын Колот айылында төрөлөт. Жаш кезинен падышалык бийликтин адилетсиздигин, элди түрдүү салыктар менен кыйнагандыгын, эл оор турмушта жашагандыгын көрүп жүрөт. Эр жеткенден кийин өзү курактуу эр жүрөк жаштардан кол курап падышалык бийликке каршы чыгат. Падышанын салык жыйноо үчүн келген өкүлдөрүнө эч нерсе төлөбөгүлө деп элди үндөп, аларды куup салат. Бийлик өкүлдөрү Мамырдын салык төлөбөгөндүгүн, падышага каршы экендигин жамандап жеткизет. Мамырды кармап келүү үчүн солдат жөнөтөт. Мамыр аларды куup талкалап, көбүн колго түшүрүп, өз колун чыңдай баштайт. Бийликке ачык каршы чыгып, алардын колундагы бар байлыкты элге таратып берүүгө убада кылат. Кунназар баатыр, Бешбак баатыр, Таласбай баатырларды кол башчылыкка дайындап, жортуулга чыгат. Кокон кыштак, Үч-Көзө, Анжиян, Айым, Ош, Кара-Суу, Өзгөн элдерин бийликке каршы үндөйт.

Айласы кеткен бийлик Мамырдын кудайлашкан Базаркоргондук досун таптырып, аны эптеп колго берсең, каалаганыңды орундатам деп киши жиберип, убадасын алат.

Мамырдын досу кыргыз үй тиктирип, кой союп, мончо жагып, жортуулдан келген Мамырды эс алып кет деп чакырат. Мамыр барып чечинип, эми отурганда буктурмадагы аскерлер ороп алып, колго түшүрөт. Колу-бутуна кишен салып, арабага отургузуп, Базаркоргонду үч айлантып, андан кийин Анжиянды көздөй алып кетет. Ал жерде дарга астырып, үч күн той берет. Мамырдын жигиттери Кунназар баатыр менен Бешбак баатырды бир жыл орго салдырат. Бир жылдан кийин жигит бөлүп берели, ханга кызмат кылгыла деп суранышат, бирок алар "Биз өлсөк өлөбүз, ага кызмат кылбайбыз",- деп болбой коюшат. Буга ыраа-

зы болгон хан: "Чыныгы баатыр экенсиңер, азат болдуңар",- деп бошоттурат. Алардын туугандары хан өлтүрүп койду деп аш берип жаткан күнү баатырлар келип калышат. Кийин алар өз ажалы менен көз жумушат. Демек, Акман айылынан ханга тете Мамыр баатыр чыккан.

Санжыраны улайлы

Башкадан эмне кемминби,
Топтой албай жүрөмүн,
Талкаланган өмүрдү.
Таарыныч батпай денеме,
Түртүлүп жинди кишиче,
Кан өтүп кетти ичиме,
Кудайым өчүң бар беле?

Кой-Ташты жүрөм аралап,
Топурак уучтап, үн тыңшап.
Кунназар үнү угулбайт,
Өзүмө айттым миң наалат.

Кокондун каны кекенип,
Өчөшкөн сага жоолордон.
Колтугуна суу бүркүп,
Койдубу сени өлтүрүп?

Мечиттер жок Кой-Ташта,
Талкаланган душманга.
Кароол дөбөң түз болуп,
Калыптыр жердин алдында.

Мал-жандын баары тонолгон,
Суу аккан арык жок болгон.
Куурап калган даректар,
Дүмүрүн койбой омкоргон.

Сени жүрөөр эскерип,
Курушар сага эстелик.
Туугандарың жок болгон,
Артыңдан сени издешип.

Бирге миңиң уланбай,
Баатырдыгың айтылбай.
Бозоруп өңүң өтөбү,
Жер алдынан чыга албай.

Эрдигиң кана кечээги,
Ылайдан эшек өттүбү?
Тарыхтан өчүп кетипсиң,
Баатырым мыкчып жүрөктү.

Жер тепкен төрт катының,
Жел менен жылып акырын.
Из жашырып кеттиби,
Койнуна катып балдарын.

Душманды сүрүп жериңден,
Элиңе берип жерди кең.
Бейиштин даамын таттырып,
Баатыры болдуң эле сен.

Сөздүн да келди аягы,
Сүзөктөп жан кыйналды.
Сөзөмөлдөр сөзгө кел,
Санжыраны улайлы.

Баатыры элдин Кунназар

Алыска күлүк чаппадым,
Айылдан сыртка чыкпадым.
Ачыдан чыккан баатырды,
Ачыдан билип дайынын,
Ачыга кайра даңктадым.

Белгилүү элдин ичинде,
Берилер миңдин бирине.
Баратап тарых барагын,
Баатырын айткан элине,
Билермандар көп бизде.

Эки кылым өтүптүр,
Эки ирет жер көчүптүр.
Төрт ирет эл жаңырып,
Тарыхын жерге көмүптүр.
Туш-тушка тарап кетиптир.

Кунназар баатыр такталбай,
Калкына кайра даңкталбай.
Күлүгүн минип кайрадан,
Колуна найза кармабай,
Калыптыр элде айтылбай.

Чынбы, же бул төгүнбү,
Чыгарган сөзүм бүгүнкү.
Чындыкты айткан адамдар,
Чыркырап көп бүгүлдү,
Чыгарып сырды сүйүндү.

Акырын жойлоп жер кезген,
Аламан жандар миң келет.
Ачкарын элин сактаган,
Айтылуу адам бир келет,
Аллага кылгын каниет.

Билинбей жойлоп жер кезген,
Булуттай жандар миң келет.
Бактысын элдин ойлогон,
Баатыр адам бир келет.
Бактыбызга бул себеп.

Кылымды тойлоп жер кезген,
Кыраан кандар миң келет.
Кунназардай баатырды,
Кудайым элге бир берет.
Көңүлгө алуу каниет.

Өнөр улап жер кезген,
Өкүмдүүлөр миң келет,
Өмүрүн элдин сактаган,
Өлбөстү кудай бир берет.
Өлчөнүү жан керемет.

Ачыны бойлоп жер кезген,
Ачылыктар миң келет.
Айбаты күчтүү баатырды,
Алла таала бир берет.
Акылга салуу каниет.

Ага, ини баарың ук,
Айтылар бүгүн сөз улук.
Андыз жыттуу Ачынын,
Ачылса сыры даңк улук.
Артка кайтпа бек туруп.

Беш салаанын аты бар,
Бешене жарган багы бар.
Беш топ Бообек элинин,
Баатыры болот Кунназар,
Баркынды элим билип ал...

Кунназар баатыр менен Калымбет баатыр Кокон ханы тарабынан орго салынганын, бир жыл жаткандан кийин ордон чыгарып, ханга кызмат кылгыла деген сунуш болгондо, алардын баш тартып, эрдиги менен ханды жибиткенин жогоруда айттык. Айтымга караганда ошондо хан үч шарт койгон экен, биринчи шарты – ханга кызмат кылуу ошентип аткарылбай калат. Экинчи шарты – ордо атуу болот. 15 таман тегерек чийип, ортосуна ашыктарды тизип ашыктарды сыртка чийинден бөлүп чыгаруу керек эле.

Биринчи томпойду Кунназар атат. Томпою ашыктарга тийгени менен сыртка чыкпай чийиндин ичинде калат. Жолу болбогон баатыр ордуна барып олтурат. Кезек кандын ордочусуна келет. Кылдат байкап олтурган Кунназар кандын ордочусу чийинден эмес, башка жактагы чийиндин ичинен атып жатканын көрүп калып, акырын басып барып караса, 8 таман чийинден атып жаткан экен. «Сен кандын ордочусу эмес, көзү болсоң да «Каныңды ичем»,- деп эки бутунан кармап ыргытканда колунда ордочунун чокою калып, өзү чийинден алыс учуп барып жатып калат. Көрсө хан 8 таман чийин да чийдирип, үстүнө топурактан сээп, билгизбей койгон экен. Ошентип экинчи шартында да хан өз мүдөөсүнө жетпей калат.

Кандын үчүнчү шарты өтө оор эле. Ордодо ар кандай баатыр адамды чайнап коё турган атан төө бар эле. Ушул төөнү өлтүрөсүңөр деп шарт коёт. Өлтүрө албасаңар – төө силерди өлтүрөт. Өлтүрсөңөр бошсуңар дейт. Аргасыз баш ийип макул болушат. Мындай окуяларды башынан көп өткөргөн Кунназар баатыр канга менин да бир шартым бар дейт. Кан кандай шарт дегенде, эң бышык жыгачтан 10 таяк жасатып бересиң, ал таяктарды өзүм сынап көрөм, дубалга урсам сынбай калган таяк биздики болот дейт. Кан макул болот. Кандан уруксат сурап Кунназар баатыр менен Калымбет баатыр эки ракат намаз окушуп, атаң төө жүргөн сарайга кирмекчи болушат. Колдорунда бышык эки таяк эле. Башка эч нерсе жок. Атан төө турган сарайдын эки эшиги бар эле. Кунназар биринчи бул эшиктен мен кирем, мени көргөндө төө мени көздөй умтулганда экинчи эшиктен сен үн чыгарасың сага алаксый түшүп башын буруп караганда таяк менен урамын мага бурулганда сен урасың деп убадалашып кирип, айткандай

болуп атан төө Кунназарга оозунун көбүгүн чачып бакырып умтулганда, Калымбет экинчи эшиктен кирип үнүн чыгарат, атан төө бурулуп карай бергенде Кунназардын шилтеген таяк даана тийип, эки буту сынып, чөгөлөй калганда Калымбет башка салат. Ордунан умтулуп өйдө болгуча Кунназар башка урганда эки көзү чанагынан чыгып, дубалга жабышып тыбырап жатып жан берет.

Атан төөнүн өлгөнүнө көздөрү жеткенден кийин Калымбет баатыр Кунназар баатырдын ак көбүк болуп калганын байкап, сыртка чыгарып сууга жуудуйт. Көйнөгүн чечип сууга жууп жатканда жүрөгүнүн тушуна бармак басып жериндеги аттын жалынына окшогон кылдар бирде ылдый жатып бирде жогору жатып калганын байкап калат. Жүрөгүндө жалы бар баатыр экен деп Калымбет баатыр сырды ичине сактап айтпай коёт экен.

Санжырачылардын айтымына караганда Кунназар, Калымбет, Бешбак баатырлар миң башы болгон экен. 1873-74-жылдары да Мерген уулу Мамырдын, Полот кандын көтөрүлүшүнө катышкан.

Элдердин санжырачылардын баяндап беришине караганда Кунназар Калымбет баатырларды ошол жылы Кушбак болуш бошотуп келген экен.

***

Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү элдердин Кокон хандыгынын алык-салыгына болгон нааразылыгы күч алып турган учурда жергиликтүү бийлик башчыларынын ортосунда да ич ара пикир келишпестиктер күч алып, адам өлүмүнө алып келген, күнөөсүз ондогон, жүздөгөн адамдарды алыс жактарга айдатып жиберүү сыяктуу жаман аракеттер да күч алат. Мындай жаман кабар элден-элге өтүп отуруп Кокон ханына чейин жетет. Өлкөнүн билермандары окуянын чын-төгүнүн териштириш үчүн Базар-Коргон өрөөнүндөгү жергиликтүү эл башылардын тобуна адам жөнөтөт. Базар-Коргон жана Ачы өрөөнүнүн эл башылары, бийлери, аттуу-баштуу адамдары ийри отуруп, түз кеңешип, Кокондон келген эки орус кыз, бир жигит, бир котормочу жана эки жан сакчыны ашуусу татаал жолдор менен Кетмен-Төбөгө ким

баштап барып келет деп көпкө талашып-тартышып, акыры бул жооптуу ишке Кушбакты тандашат.

Кушбак жаштайынан зирек чоңойгон, ар кандай оор кырдаалдарда ишти оңунан чече билген, эч нерседен коркпогон адам болгон экен. Анын үстүнө Кетмен-Төбөгө бара турган жолдорду коён жатагынан бери билчү.

Аттуу-баштуу адамдар Кушбакка иштин жөнүн айтышып, айрыкча орус кыздар менен жигиттин коопсуздугун сактоо керектигин катуу дайындашат, бир нерсе болсо башың менен жооп бересиң деп эскертишет. Кушбак Кызыл-Үңкүргө чейин кыздар үчүн араба керек, булар ат мине алышпайт экен деп, кийим-кечек, оокат-аш камдатып, эртеси таң заардан жол тартат. Кызыл-Үңкүргө жеткенден кийин, жүктөрүн түшүрүп, арабаларды артка кайтарат. Атайын даярдалган мингичтерге кыздарды туурасынан отургузуп, алып жөнөшөт. Ысык күндө муздак суу ичип алышпасын, ичи ооруп калат деп, тилмечине катуу дайындайт. Менсиз суу да, оокат да жешпесин деп буйрук кылат, талаа, түздө жүрбөгөн немелер ысык, суукка алдырып койбосун деп, кийим-кечесин ырастап берип, жолдорун арбыта берет. Топудай булут келсе мөндүр төгүп өткөн ашуулардан Кушбак бирде жөө, бирде унаа менен жүргүзүп, жаан-чачындан калкалап, агыны катуу суулардан көтөрүп өтүп, унаа учуп кетчү тар жолдордон жаш балача колтугуна кысып өтүп, Кекилик дабанын ашып, Кара-Суунун боюна келип өргүү алышат да кайра Кетмен-Төбөгө жол улашат. Мерчемдүү жерге жеткенден кийин, кыздарды эс алдырып, жуундуруп, тамак даярдатып, чай ичире жүрөт.

Он күндөн ашык эл аралап, иштин жөн-жайын сураштырып, эл башылар, болуштар менен жеке сүйлөшүп, ар кимисинин ойлорун тилмеч аркылуу угуп, дептерине бир нерселерди жазып ала беришет. Жергиликтүү эл бийлегендерден бул жорукка жини келип, терс мамиле кылгандары да болду. Тоготпой, суроолорго ооз учунан жооп беримиш болуп да жатышты.

Чындыкты жашырып, ушул кыздардын колунан эмне келмек эле дегендей ойдо болуп, этегин кагып сыртка чыга жөнөгөндөрдү Кушбак кайра кайтарып, "Мага сенин эмес, мына ушул кыздардын өмүрү кымбат" деп, чындыкты айтып бер деп жарга такап да турду. Тилмечтин оозу тынбай, болгон ишти кыздарга которуп берип жатты.

Түнкүсүн кыздар жаткан үйдүн айланасына сакчы коюп, Кушбак өзү да кирпик какпай түн күзөтүп жүрдү. Айрым бозого тоюп алган көпкөлөң жигиттер кыздарга тийиштик кыла коёбуз деп, Кушбактан таяк жегендери, таң аткыча байланып жазасын тарткандары да болду. Берген тамактарын үй ээсинин өзүнө ооз тийгизип, анан ичирип турду. Кыздар эс алганда тегерене карап, бирөөнү сурап жаткан учурда маңдайында болду. Акыры барган иштерин бүтүрүп, кайра тартууга туура келет, Кетмен-Төбөнүн төбөлдөрү ат араба таап, ашууга чейин узатып коюп, коштошуп кетишет. Ашууга жакындай бергенде аларга он чакты адам кыйкырып кол салып калышат. Кушбак кенебей, кыздарга: "силерге мейман келе жатат", - деп коюп, кыздарды аттан түшүрүп, бийигирээк таштын үстүнө чыгарып коёт да такай жанына ала жатып уктаган найзасын алып, келе жаткандарды бет ала жөнөйт. Келаткандарды найзанын учу менен тосуп алып, алдыңкы экөө-үчөөн кулатып, кача бергендерин найзанын арты менен аттан учура сайып, заматта жаңжалды бүтүрөт. Муну көрүп турган эрке кыздар анын эпчилдигине аябай таң калышат. Ошентип алар алты саны аман Базар-Коргонго кайтып келишет, ал жерден аларды ат араба менен Коконго узатып коюшат. Ханга салам айта баргыла деп, жергиликтүү эл бийлегендер көп белек-бечкек, тартуу беришип, узатып калышат. Кушбак баатыр найзасын жерге жөлөп, сол ыптасындагы кылычы күн нуруна чагылып, көкүрөгүндөгү күмүш каптаган тумары жаркылдап эл менен кошо турду, Коконго тирүү жетерине эми көздөрү жеткен эки орус кыз анын колунан өөп, сапарларын улап кетишти.

***

"Кокон хандыгына каршы Көк-Арт өрөөнүнөн кол топтоп Кунназар баатыр Тескей жана Күңгөй тоолорун ээлеген адамдардын башын бириктирип жатыптыр" деген ушак сөз Кокон хандыгына, андагы төбөлдөргө жетет. Тымызын "Бөрк ал десе, баш алган, чылпагын ал десе, көзүн оюп алган" баш кесерлерди топтоп туруп Кунназарды өлтүрүп, мага башын алып келгиле деген буйрукту алган адамдар бар экенин Кокондун ишеничтүү адамынан укkан Осумбек таңды аттырбай Кунназарды издеп

таап, тууган-уругу менен шашылыш түрдө өзүнүн ишеничтүү адамдарын кошуп, Ак-Талаага көчүрүп жиберет. Күндүсү эс алып түнкүсүн жорткон баш кесерлер көп өтпөй Кунназарды издеп Осумбекке келишет.

Бирок алар ишти тетири түшүндүрүшүп, Кунназарды Кокон ханы чакырды эле дешет. Сөз төркүнү кайда кетип жатканын айттырбай байкаган Осумбек бул ушак сөздү жеткиргендер багыштар экенин баамдайт. Бирок сыртынан билгизбей, «Жакшы кабар экен",- деп сүйүнүмүш болуп коёт. Меймандар чай ичип, кичине дем алгандан кийин, «Мени Кунназар досу катары көрбөгөнгө көп болду. Андан кабарым да жок, укканым да жок деп улутунуп алды. Кийинки учурда куралын таштап дыйканчылык, чарбачылык менен болуп калган, адам менен сүйлөшпөй түнт болуп кеткен. Жинди десең жинди эмес, соо десең соо эмес болуп калган. Бир сөзүнүн үстүнөн чыкпай, унутчаак. Шордуунун катындары көп, балдарын да багыш керек. Узун сөздүн кыскасы, азыр ал бул жерде жок»,- деди. Бул сөздөн кийин баш кесерлер бирин-бири тиктеп, унчукпай калышты. Осумбек: «Өткөндө өткөн-кеткенди сүйлөшүп келейин деп атайын өзүм барсам, туугандары дайынсыз жоголгонуна эки айдай болуп калды деп айтышты»,- деп үнүн бийигирээк чыгарып коюшту. Дайынсыз жоголгону эмнеси деп үйгө баса бердим»,- деди.

Кыраакы Осумбек үйүнө келген меймандарын кимдер узатып келгенин, келген адамдар кайсыл тарапка кеткенин аңдап тургула деп, эки тыңчы тургузуп, окуядан кабардар болуп турган. Осумбектин үйүнө бурулган жоон топ атчандан бөлүнүп, бир аттуу Кой-Ташты көздөй кеткенин да укkан. Өзүңөрдөн келеби, башкалардан келеби, түндө келеби, күндүз келеби, аял келеби, эркек келеби – Кунназардын өлүк-тиригин билбейбиз, дайыны жок, үч айдан ашып кетти деп айткыла деп түтүнгө кабар бердирип койгон эле.

- Атайы жакшы кабар менен келипсиңер, Кунназар болгондо жакшы болмок экен,- деп Осумбек бир кара күрпөң козуну сойдуруп, казанга да салдырып койгон эле. Казандагы шорпо кайнап калганда, аттуу тааныбаган бирөө атчан келди да, үйгө кирип кетти. Ким экендигин өзүнүн тыңчысынан толук угуп, унчукпай үйгө кирди.

- Ушундай жинди болуп калыптыр, жок экен, үч ай болуп калыптыр, - деген чоочун кишинин үнү Осумбектин кулагына шак деп угулду. Баары жайында экен деп Осумбек эч нерсени билбеген адамдай кийинки келген меймандарды төргө отургузуп, ысык чай берди. Убакыт зымырык куш демекчи, козунун шорпосун ичип, этин жегенден кийин, келгендер жатпастан, жол азыктарын камдап алышып, Коконду көздөй сапар алып кетишти.

Жайдын күнү болгондуктан, ысыкта айдаган жылкы, койлорун эс алдырып, көбүнчө түнкүсүн айдап, көп жоготууларга учураса дагы Кунназар баатыр Ак-Талаага жетип барат. Суунун жээгинен жайыты кенен жер тандап алып жайгашат. Айдап барган төрт түлүк малды толуктап, жайытына жараша туугандарына бөлүп берет. Ак-Талаада жүргөндө тез элге таанылып, Тайлак батыр, Мамаке баатырлар менен таанышат. Аларга ак кызматын өтөп, алкоолоруна ээ болот. Өзүнүн уулу Шадыбектин кызын Карымшак дегенге турмушка берет. Билинбей күндөр өтүп, төрт жылдан кийин туугандары менен Кой-Ташка кайра көчүп келет.

Кой-Ташка көчүп келишине да Осумбек себепкер болот, себеби багыштар суулуу жерлерди ээлеп, булак чыккан жерлерге отуруктаашып алышкан эле. Кунназар баатырдын кокусунан пайда болушу жерди ээлеп алган багыштын билермандарынын эсин оодарды. Кунназардан биротоло кутулдуң, башынан айнып, жинди болуп, жер кезип кетти дешип, көңүлдөрү тынчып калган экен. Азыркы Ак-Баш айылынын жогорусундагы тикесинен казып суу жүгүртүп эгин-тегин тигип эктирген жерлерди толук ээлеп, ошол арыкты көмдүрүп, ар ким өз-өзүнчө баш аламан арык салып алган экен.

«Бардыкы барман менен, жоктуку арман менен» дегендей бай, колунда барлар, суунун алышын ээлеп, кембагал, бечаралар суу барбаган куру жерлерде калган экен. Ошондо мээ кайнаткан ысык болгондуктан, чаалыгып-чарчап үйдө отурбастан, жоожарагын колго алып, өзүнүн ишеничтүү жигиттерин ээрчитип Кунназар баатыр талаада жүргөн. Көргөн көзүнө ишенбей, укkан кулактарына ишенбей, эл ичи өзүнчө будуң-чаң экен. Жерге өзүнчө өкүмзорлук кылышып, мундуздардын эгин эгип, жан баккан адамдарын кууп чыгып, жерлерин тартып алышып, төрт

жылдан бери үстөмдүгүн жүргүзүп, утуру жогорулап, адырдагы булактын көздөрүн да ээлешип калган экен. Карапайым, мал бакан, эгин эккен бүлөсүн баккан адамдарда эмненин күнөөсү? Аларды сөөмөй учунда башкарып, тур, отур деген атка минерлерди таап жазалаш керектигин жакшы түшүнгөн Кунназар эч кимге, эч нерсе деп айтпай, карапайым элдин үлүшүн алып адырдын түбүндө суу жээгинде жумурткадай аппак кооз үйлөрдү көздөй аттын башын бурду.

Үйлөргө жакындаганда үрүп чыккан иттердин үнүн жок кылыш үчүн Кунназар жаа тарткан жигиттерин карады эле, алар дароо түшүнүшүп, эки жигит найзада калып, экиден төрт жолу ууланган огу бар жебе тартканда төрт ит бирдей кыңшылап барып ала салып өлүп калды. Тең катар жарышып келе жаткан калган иттердин аягы көрүнбөй жок болуп кетти. Кунназардын келгенин укkан бул үйлөрдүн билермандары үйдүн ичинде эле. Сыртка чыккандан коркуп эмне кылаарын билбей турганда, -Бешим намазына чейин силерге убакыт берем көчүп кеткиле эгерде тилди албасаңар өз убалыңар өзүңөргө,- деп төбөлдөр отурган үйдү ат үстүндө туруп көтөрүп, ошол бойдон эч жерин бузбай, сындырбай, башка жакка коюп, бастырып кеткен экен. Коркуп калган дыйкандарга кайрылып: - Силерди мен жакшы түшүнөм, бала-чакаңарды бешене териңер менен багып келе жатасыңар, коркпой-үркпөй дыйканчылыгыңарды жыйып терип ала бергиле, силерге эч ким тийбейт, бирок түшүмдү жыйнап болгондон кийин элиңерге көчүп кеткиле,- деп чекеде ойноп жаткан жаш баланы ат үстүнөн көтөрүп алып эки бетинен өөп, «Кеч күзгө калбай кеткиле»,- деп баланы жерге жумшак коюп бастырып кеткенде, өлүк сыяктуу катып калган көпчүлүктүн ичи жандана түштү. Жандарынан түңүлүп турган эл Кунназар баатырдын бул жоругуна астейдил таң калып калышты. «Канкор деди эле го», «Кан ичкич деди эле го», «Андай эмес экен го» деген сөздөр көпкө чейин уу- дуу болуп айтылып турду.

Ачынын ичиндеги суулуу жерлерди, булактын бойлордун ээлеп алган төбөлдөрдүн тил албаганын төбөсүнө коюп, зордоп көчүрүп, өзүнүн элин жайгаштырды. Тоноочулукка учураган кой-жылкыларды кайрадан тартып алып, ээлерине кайтарып берди. Бул иштер кээде кан төгүлүүгө чейин барып жатты. Эки

ай убакыттын ичинде гана Кунназар баатыр тарттырып жиберген жерлердин өз карамагына каратып болду. Осумбек досунун да жерлерин кайтарып алып берди. Арадан бир жыл убакыт тез эле өтүп кеткени билинбей калды.

Ак-Талаада жүргөн кезинде өзүнүн уулу Шадыбектин кызын Карымшак дегенге (бул Мамаке баатырга тууган) турмушка берет. Экөө турмуштарын улантып жашай беришет. Кунназар баатыр өздөрүнө ылайыктуу үй тиктирип берет. Бул жерге келгенден кийин Алдос, Семетей, Али аттуу уулдуу болушат.

***

Күйгөн отту өчүрбөй отун салып алоолонтуп туруу Осумбектин милдети эле. Коконго Кунназар экөө келгенден кийин күн мурунтан сүйлөшүлгөн иш боюнча ишин жүргүзө баштады. Кокон хандыгында белгилүү аталык Алымкул Басыз уруусунан эле. Осумбектин ишенген адамы ушул Алымкул болчу. Алымкул бир гана Кокон хандыгына эмес, көптөгөн жерлерде башы көрүнгөн адамдардын да ишеничине кирген. Иш билги уюштургуч, жөндөмдүү адам эле. Азыркы Ак-Баш, Кызыл-Сеңир, Таштак, Ачынын ичи толук картага киргизилип, Күрөбөс, Жакшына жайлоолору да кош Кунназардын карамагына өткөзүлүп берилген. Кокон хандыгынын мөөрү басылган бул жер карта Осумбсктин колуна тийгенден кийин ошол эле күнү артына көздөй жөнөштү. Жер салыгынан Кунназар толук бошотулган. Кунназар менен Осумбектин башына түшкөн дагы бир оор жумуш Тешик-Таштан баштап азыркы ортокко чейин жыгач мисте болгондуктан айына бир жолу ат, эшек, өгүз арабалар менен жыгач мистенин отунун алып келүү жумушу милдеттендирилди.

Мындан тышкары алчанын чогун алтын, күмүш эритиш үчүн Коконго алып келүүнү да буйруду. Окурмандарга түшүнүктүү болуу үчүн алчанын чогу кандай даярдалаарын айтып өтөлү. Чоң түп алчаны кыйып эки очок даярдалат. Биринчи блокко арчанын чырпыгы алоолонтуп жагылат да улам-улам чокту көбөйтүш үчүн алчанын түбүнө чейин кыркылып салына берет. Очокто чок кызарып толгондон кийин чоң-чоң ат кулактын жалбырактары менен чокту жаап, же брезент капты суулап, чокту жаап, топу-

рак менен көмүп салып, эки күндөн кийин ачыш керек, ошондо муштумдай томпойдой болгон чычала пайда болот. Ошол чычаланы зергерлер көөрүк менен үйлөшүп алтын күмүштү эритишкен. Көмүргө караганда жылуулукту бирдей берип иштөөгө өтө жакшы ыңгайды түзөт.

Суу жалбыракты, же капты жабуу ыңгайлуу болот, илгери Кокон хандыгынын тушунда Тешик-Таш, Ак-Мечит, Падачы мазары, Чаңгыр- Таш, Топурак-Бел, Кой-Таш, Чаар-Мисте, Чыны-Булак, Үч-Кызыл, Көк- Булак, Кашка-Терек, Кара-Булак, Сары-Булакка чейин жыгач мисте болгон экен. Кокон хандыгынын ордосуна жагылган экен. Себеби жалыны күчтүү чыгып ачуу түтүнү жокко эссе экен. Кокон хандыгына алынып барылат деп жергиликтүү элдер өзүлөрүнүн пайдасына колдоно беришип мына азыркы күндө жокко эссе болуп калды. Адамдардын жаратылышка болгон тескери мамилесинен көп нерселерден ажырадык айбанаттар эмес канаттуулар бизден алыстап кетишти. Кудайдын берген белеги көп мөмөлүү даректар түбү менен жок болду Кыйроолорго учурашып күнүмдүк тиричиликке кеңейип орду толгус ордуна эч нерсе экпедик. Токойлуу жерлер түсүн өзгөртүп, таш бака менен жыландардын мекенине айланды.

Жүздөгөн, миңдеген адамдардын алкоосу жазылган ондогон китептерди баратап сүйүнүчтүү сөздөрдү окуганда бир мүнөзгө кайтышпаган. Бүгүнкү күндөгү Осумбек менен Кунназардын кубанычы айтылып бүткүс жомок эле. Кунназардын жашы кургабай жол ката үн сөзсүз келе жатышты. өткөн кеткен адамдардын саламдарын да угушкан жок. Минген аттарын минишип «Чү-чү» деген үн эле угулбаса жымжырттык өкүм сүргөн аттарды чаалыктырып алалы деп алды да бара жатышкан жол башчы айтканда калгандары унчукпай макул болушуп аттарынан түшүп Осумбек менен Кунназар суунун жээгине салынган төшөктүн үстүнө келип отурушту. Көп убакыт өтпөй чай да даяр болуп быштак эт менен нанды жсшип кайрадан жолду улап жөнөштү....

Көп күндүк жол жүрүүдөн кийин өзүлөрүнүн жерине келгенде аттарынан түшүшүп кучакташып көрүшүшөт. Куттуу жерибизге келдик, кутту элибизге келдик дешип кокон хандыгынын мөөрү басылган кагазды өпкүлөп турушту. Эртеси күнгө Кунназардын үйүнө Кой-Таштагы салынган мечитке кудайы өткөрдү.

Адеп Ачынын билермандарын чакыртышмай болушту кандын мөөрү басылган кагаздагы жерлердин аттарын атап Кунназардын мечитине берилгенин жар кылышты. Салыктан бошотулганын да айтышты. Сүйүнүшкөн Ачынын билермандары өзүлөрүнө чакырып бүгүндөн баштап жерлерибизди ээлеген адамдарды кууп кетиребиз деп убадалашып жоо жарактарын алып түзгө бастырып кетишти. Ошончо элдин көзүнчө Осумбекке тийиштүү болгон булакты, Ак-Талааны азыркы Таштактын түзү менен экендигин айтышты. Талашып тартышууга кереги жок экендигин да түшүндүрдү. Карапайым адамдар талашып тартышуунун да кереги жок экендигин түшүнүп өзүлөрү эле кетип жатышты. Кичине мойну жоон өзүмчүл дүйнөсү бар адамдарга кагазды көрсөтүп эки күндүн ичинде түз жерлерден толук тазалатып Ачынын ичин болгондо да шаштырышып сулуу жерлерин ээлегендерди кичине чочулатып найзанын учу менен сүрүп чыгууга туура келди. Кунназар менен Мамаке баатырлар багыштарды Кыз-Көлгө оодарганда атынын башын туура тартып Бечел дагы бир аксакал…

«Куда болсо күн тиет, дос болсо доо кечет», деп эми баатыр кудалашып жүрөлү деп Кунназардын бир кызынын бутуна жип байлап, Бечел да өзүнө караштуу бир кызын бутуна жип байлашып абалды жакшы жакка бурган экен.

Элдин ымдап көзүнө түшкөн бул инсан өз убагында Осумбек досу аркылуу кокон хандыгына барып Базар-Коргон районунун Ачы тарабында Кызыл-Байрак, Мундуз арыктан баштап азыркы Таштак, Үч-Көз, Мундуз арыктан жогору аэропорт Кызыл-Сеңир, Ачынын ичинде (ал кезде багыштар) жашаган жерлерден кууп чыгып толук бойдон өзүнө каратып Бел көлдү Жаз-Кечүүнү, Күрөбөс жайлоону Жакшына жайлоону (Жинди суунун үстү Ак Зоонун) алдынан элден түшкөн салыктарды кокон хандыгына төкпөй жер жерлерге айыл айылдарга мыкты адамдарды бий кылып шайлап багаар көрөөрү жок жетим-жесирлерге кембагалдарга бөлүштүрүп берип турган экен. Сырткы жана ички душмандардан сактап өздөн чыккан чыккынчыларды ийге келтирип элди жайгарып жүргөн. Кокон хандыгынын мөөрү басылган картанын түпкү нускасы Осумбекте болуп. Байжигит бергенден кийин жоголуп кетет. 1916-жылга чейин Осумбектин төртүнчү

уулу Гүлжигит кокондон көчүрмөсүн алып келет. Көчүрмө бир нече жылдан кийин Байжигиттин уулу Мейманкулга тийип, иниси Абдырахмандын колунда көпкө сакталып жүрүп 1976-жылы Абдырахман кайтыш болгондо жоголуп кетет. Асилбектин айтуусу боюнча Абдырахмандын уулу диний бир тышы жок китепке сакталганын көргөнүн мезгили келгенде атайын картаны алып күнгө кактап ным жерлерин кургатып салып коёт эле деп эскерет. Кийин эсине келип атасы койгон жерди караса жок болуп чыгат. Азыркы учурда Асилбектин туугандары ошол түпкү нусканы, көчүрмөнү издештирүүдө. Табылып калса күн үстүнө нур болмок. Осумбек 116 жашка чыгып өлөт. Баласы Байжигит 115 экинчи уулу Карамурза 65 жашка чыгып өлөт. 50-60-жылдардын аралыгында кокон хандыгы жана түштүк Кыргызстандын коомдук саясий абалы чыр-чатактар козголоңдор менен коштолуп жүргөн. Кокон хандыгынын саясий турмушуна Кунназар баатыр менен Осумбек мурдагыдай эле жигердүү аралашып жүргөн такты үчүн күрөшкөн ханзаадалар кыргыз, кыпчак феодалдарына коолдоо сурап кайрылып жүрүшкөн.

1865-жылы Бухара эмирдиги менен кокон хандыгынын стратегиялык маанидеги эң ири шары Ташкентти орустардын басып алышы үчүн ыңгайсыз кырдаал түзгөн. Мүмкүндүктү текке кетирбеш үчүн май айында генерал М. Г. Черняев өзүнүн аскерлери менен Ташкентке жөнөшкөн. Бул салгылашта кокон аскерлеринин башында жүргөн Алымкул аталык үч күндүк салгылаштан кийин өлөт. Ташкент орустардын колуна өтөт. Алымкул аталык өз ажалынан өлбөй, өзү менен кошо жүргөн удайчысынын (дене сакчысы) колунан өлөт. Орустарга сатылган удайчы артынан кошо өлөт. Батыш уруусунун билермандары да шаан-шөкөт менен Кокон хандыгынын төбөлдөрүнө ортомчу салып өзүлөрүнүн жерине карта түшүрүп беришин сурашканда (хандын бир сөзү басат) ал жерлер тийиштүү адамдарга берилди. Ошолор менен барып сүйлөшүп алгыла деп артына кайтарып жиберет экен.

Алымкул аталыкты аткан адам Мойдун кол башчынын атасы Чотон маңка эле. Нүзүп бийди да өлтүргөн адам ушул болчу.

***

СОЛ КАНАТ
БАСЫЗ УРУУСУНАН ТАРАГАН
БАКТЫ УУЛУНУН УРПАКТАРЫ

Бактыдан -Чыбылдай, Жолдош, Чомой, Орус уул.
Жолдош бийден - Жакаш
Жакаштан - Жол, Бокчу
Жолдон -Борчо Кара-Моюн, Сары моюн
Карамоюндан - Байгелди
Байгелдиден -Бердалы
Бердалыдан -Токо
Токодон - Рысбай, Жайчибек
Рысбайдан -Таштанбек, Мырзакул, Осумбек

Рысбай 1785-жылдары Акталаадан Кара-Шорого ашып өтөт, мал жандыгын айдап, андан Өзгөнгө, андан Отуз-Адырга, андан Алтын-Көлдү жердейт. Көчүп-конуп отуруп Бүргөндүгө келет. Бүргөндүдөн Апыртанга (Шайдан сай) келет. Карылыгы жетип көз жумат. Сөөгү Анделек мазарына коюлат.

Апыртанда жашап турган мезгилинде Рыспайдын агасы Таштанбектин уулу Маман бирөөнүн сөйкө салып койгон кызын жакшы көрүп калып алат. Кыз тарап казыга барып күнөөгө жыгат. Тогуз айып тартат. Ошондон калган сөз бар «Байпак сакал Мырзакул, балача сабыр кылган жок, ормондогон Осумбек, оңор намыс алган жок», - деп эл оозунда ушул убакка чейин айтылып жүрөт. Андан кийин бул жер бизге болбой калды дешип Шайданга өтөт.

Ал жерден да көчүп Базар-Коргонго келип (азыркы Партсъездге) суунун жоктугунан (азыркы Осумбек) булакка же эски шыбак белге көчүп барышат. Рысбайдын көкүрөк күчүк уулу Осумбек 1790-1906-жылдардын аралыгында Алтын-Көлдө туулган экен. Жаш кезинен зирек өсүп, оңду-солду байкаштырып, ошол убактагы кандык атка минерлер менен байланышы бар жетик киши болгон. Айрыкча Алымкул аталык менен катташуусун үзгөн эмес, керектүү учурда жардам алып жана берип турган. Ошондой эле жыл сайын канга тартуу берип, конок

болуп келип турчу экен. Окууга жөндөмү бар балдарды алып барып медресеге окутуп, алтын-күмүштүн күчү менен ордого ишке киргизип, ордодо иштеген атактуу адамдардын кыздарына куда түшүп турган.

Осумбектин атасы да өзүнө караштуу адамдарды ордонун тегерегине Алымкул датка (аталык) аркылуу ишке орнотуп турган экен. Баш аягы ондон ашык төбөлдөр Алымкул датканын (аталык) тегерегинде абройлуу иштерде орношуп калган экен. Ошол адамдары аркылуу ар кандай иште кыйналбай эле бүтүрүп тураар эле. Рысбай баласы Осумбек күзүндө семиз малдардын (уй, кой, эчки) жылкыдан башкасын саттырып, алтын, күмүш кылып сактап жаз келгенде коконго барып алтын менен күмүштү акчага айландырып ордун толуктап турган.

Жемге да, чөпкө да үнөм болгон. Анын үстүнө убарагерчиликти тарттырган эмес. Мал жайытты кенен, дыйканчылык кылганга жер суу кенен болгондуктан, кандай гана болбосун ушул жерди ээлеп келүүнү көздөп Кунназарды өзүнө тартканынын себеби да ушул экен. Чоң жайлоо Жакшынага, Күрөбөскө чыгууга да шарт түзмөк. Өзүн жана туугандарын ойлогон Осумбектер кимдер кайрылып өтөлү.

Осумбектен – Байжигит ажы, Карамырза, Жанжигит, Гүлжигит.

Жанжигиттен – Мейманкул, Асан, Абдырахман.

Мейманкулдан – Чойбек.

Абдырахмандан – Кадырбек, Насирбек, Асилбек.

Асилбектен – Азатбек, Тынчтыкбек.

Менин досум классташым Осумбектин тукуму Абдырахманов Асилбек 1948-жылы 25-мартта төрөлгөн. 1967-68-жылдары Советтик Армиянын катарында болгон. 1970-71-жылдары Кара-Көл шаарында Политехникалык институтка кирип окуган. (кечки бөлүмүндө) инженер-механика бөлүмүндө 1972-82-жылдары айдоочу болуп иштеди. 1982-96-жылы Автобазарда диспетчер склад башчы болуп иштеди.

1987-жылы Саратов шарынан жогорку алты айлык диспетчерлик курсту бүтүрүп келген.



Азыркы учурда ардактуу эс алууда. Осумбектин өмүр жолун деги эле сол канат Басыз уруусунан таркаган Бакты уулунун урпактарын башынан аягына чейин баяндап айтып берген досум Асилбекке терең ыраазычылыгымды билдирмекмин. Мынчалык сөз болгондон кийин Осумбектин уулдары Байжигит менен Карамырзанын өмүр жолуна да кайрыла кетели.

Осумбектин экинчи уулу Карамырза жашынан соода ишин мыкты өздөштүргөн адам болгон экен. Ак-Талаадан Кара-Шоро аркылуу бир короо койду, үйүр-үйүр жылкыларды айдап Анжиян, Коконду аралап соода ишин жүргүзүп кайра Ак-Талаалыктарга керектүү болгон буюм-тайымдарды алып барып эки элдин мүдөөсүн аткарып турган экен. Жылдардын бар жылдарында соода ишин жүргүзүп күч алып турган убагында Кара-Шородон Муратаалы бий Карамырзага өзүмдү болуштукка коюп жаттым эле жакшы жагдай түзүлүп турат. Бир короо коюңду, жылкыларыңды берип тур, болуш болсом да болбосом да кийинки жылы кайтарып берем дейт. Сөз кайтарбастан соодага багытталган бардык кой жылкыларды берип болуш болушун каалап таштаган экен. Муратаалы бий кийинки жылы кайтарууга мүмкүнчүлүгү келбей 7-8 жылга жакын убакытты кетирип жиберет. Ошондо да Карамырза жагдайына кара деп доолаган эмес экен. Мүмкүнчүлүгү келип чакырганда Карамырза соода иши менен эл кыдырып жүргөндө бир тууганы Байжигит барып аласасын өндүрүп Карамырзага айтпастан барып малды койду жылкыларды сатып ажыга кетет. Тынч эсен-аман ажыга барып ажы болуп келгенден үйүнө чакырып сыйын көрсөтүп, «Менин дүнүйөм сиздики мага ажыга барып келгениңиз чоң дөөлөт, бакыт»,- деп кучактап сыйын көрсөткөн экен.

Сүйүнүчтүн көз жашы ушул убакка чейин кургабай Карамырза менен Байжигиттин укум-тукумдарынын майдалап жааган ак жаандай жүздөрүн жууп тургандай. Досу үчүн бир тууганы үчүн опол тоодой бийик, дүнүйөсүн аябаган азаматтардын бири Карамырзага ичинен ыраазы болуу менен таң да калат экенсиң.

Байжигит ажыга 1910-15-жылдардын аралыгында барган.

1910-15-жылдары Байжигиттин уулу Арзыбай начальник НКВД болуп иштеген. Басыз уруусунан 1941-45-жылдары Ата мекендик согушка жыйырмага жакын жигиттер барып көпчүлүгү келбей калган.

Разабаев Токтосун – Сузакта начальник, айылдык кеңешке депутат болгон.

Канетов Бакыт Эменович – райондук кеңешке депутат бизнесмен.

Ажыга барып келгендер: Сатар ажы, Салмоорбек, Абделкайым жана бир аял.

Канетов Салмоорбек - физика, математика илимдеринин доктору.

200 жыл мурда 20 кожолук болсо азыркы учурда 140 кожолукка жетишти.

***

Дыйканчылык жер шартына байланыштуу ар кайсы аймактарда ар түрдүү деңгээлде болгон. Кыргыз элинин дыйканчылыгы менен кошуна өзбек, тажик, уйгур сыяктуу элдердин жер иштетүүсүндө окшоштуктар бар. Бирок бизде жер шартына жараша түндүккө караганда, түштүктө дыйканчылык күчтүүрөөк өнүккөн. Түштүктө негизинен пахта, буудай, арпа, жүгөрү, зыгыр жана башка жашылча-жемиштерди өстүрүшкөн, бирок кыргыздар жашылча-жемишке анча маани беришкен эмес.

Арыктарды казганга кетмен, темир күрөк, чөкүр сыяктуу шаймандар колдонулган. Жаңы казылган арыктарга суу коёр алдында курмандык чалышып, аксакалдардын көрсөтмөсү менен иштешкен. Суунун агуу ыңгайын көз болжол менен эле аныкташкан, тоонун капталдарында болсо кексе уйду капталдатып бош айдап, ошонун изи менен арык тартса, суу шыдыр кетип, аны тээ бийик тектирлерге чейин чыгарып кетүүгө болорун билишкен. Жыгачтан жасалган ноолорду, керки менен чаап даярдашкан. Мында байтеше дагы кеңири колдонулган. Айдалган эгиндерин жайлоодон маал-маалы менен түшүп ке-

лип сугарып, карап турушкан, же жатакчыларга каратышкан. Мал жайлоодон түшүм жыйналгандан кийин гана түшүрүлгөн.

Жер айдаган негизги шайман буурсун, же биздин тил менен айтканда омоч болгон, анын тиши чоюндан жасалып, курч болгон, ал эми кетмен дыйканчылыктын бардык түрлөрүндө колдонулуп, азыр да пайдалануудан калбай келе жатат. Эрте жазда эгинди кол менен себишип, шак мала тартышкан. Темир соко, кыязы, трактор чыккандан кийин гана пайда болду окшойт. Эгинди кол орок менен оруп, бастырып алышкандан кийин да Баба дыйканга багыштап курмандык кылышкан.

Сугат жерлерди ээлеп алган адамдар эгилген эгиндерин жыйнашып жаткан учурда Кунназар батыр жатакта калган дыйкандарды чогултуп, кийинки жылдын камын көрүп, суу жүгүртүүчү арыктарды тазалатып, ар кимге жөндөмүнө жараша жер бөлүштүрүп берип жүрдү. Азыркы Ак-Баш айылынын жогору жагындагы цемент бетон төшөлгөн арык ал кезде Мундуз арык деп аталчу. Ошол арыкты башынан-аягына чейин тазалатып, суу көп чыга турган жерлерге жүгөрү эктирип., суу начар жете турган жерлерге буудай, арпа, сулуу айдаткан. Кунназардын досу Осумбек чөл тараптан дыйкандарды алып келип, жер берип, эгин айдатып, күзүндө ыраазы кылып жөнөтүп турган. Анын өзүнө тиешелүү, жер айдаганга керектүү шаймандары болгон, Кунназар аларга жер бөлүп гана берген.

Күздүк буудай саргая баштап, жаздык буудай эми баш алып, жүгөрүнүн алды дүмбүл болуп калган кезде, Кокондо болгон окуяны кыскача түшүндүрүп, Осумбек Кунназарды Ак-Талаага экинчи жолу качырат. Бул сапар ал үй-бүлөсүн таштап, күлүк аттары менен саяпкерлерин ала кетет. Кунназар жеринен кууп чыккандан кийин багыштын билермандары Коконго өкүл жиберип, «Силер таппай кеткен Кунназар келип, тополоң кылып жатат, азыркы учурда талаада эгин айдатып жүрөт, ишенбесеңер барып көргүлө», - деп айттырганын Осумбек өзүнүн ишенимдүү кишисинен укkан. Мындай кабардан кийин Кокондон шашылыш чыккан хан кишилери жетип келип, Кунназарды дагы таппай калышат. Осумбектен сураса, көрбөгөнүн айтат, ал тургай эгин айдаган дыйкандар дагы керек болсо Кунназар дегенди

тааныбайбыз дегенге чейин барышат. Окуянын чын-төгүнүн далилдей албай, жини келген хан кишилери кабар айттырган адамдарды келип кекетишет. Бизди ушуну менен экинчи жолу убара кылдыңар деп катуу чара колдонуп, жер бердирбей да коюшат.

Кунназар Осумбектин адамдары менен Ак-Талаага жетип, жай алып, чарбачылык ишин уланта берет, арадан билинбей эки жылдай убакыт өтөт. Мен жок элим кантип жатат болду экен, мал-жаны аманбы, бала-чакам эмне болду деген сыяктуу суроолор күнүгө мазесин алат. Ошентип санаа тарта баштаган мезгилде Осумбектен келсин деген кабар жетип, ал сүйүнүп жолго чыгат.

Кунназарды Ак-Талаага качырып, артынан келген Кокон ханынын кишилерин тынчытып кайра кайтаргандан кийин Осумбектин көңүлү айттагыдай болуп, дыйкандары да түшүмдү ойдогудай жыйып алышат. Түшүмдү дүңүнөн баалап, жай бою иштегендерди ыраазы кылды. Дыйканчылыктан тышкары мал-жанга да карап, акылын айтып турду. Иши оңунан чыгып, сүйүнгөнү менен Осумбектин эсин эки кылган оор маселе али алдыда эле. Тууган элинин, кара чечекей туугандарынын эртеңки тагдыры аны көп ойлондурду. Бир башты жамандыктан сууруп кетсе болот, туугандарды, эли-журтту кантем деп кыйналды. Азырынча жер талашып араздашып турган эки уруу эл эртең эле куда түшүп жарашып алса, биздин күнүбүз кантет деп ойлонду. Мундуз менен багышты эзели ымалага келбейт деп ким айта алат? Алардын ойлору жумшарып, бири-бири менен ымалага келип, биригип кетсе, мен кайда барам? Кунназарга канчалык жакын болбоюн, талаш маселеге келгенде анын да сол колу көтөрүлүп кетиши мүмкүн. Ошентип күн суугуна тартып турганы менен Осумбектин ойлору алоолонуп күйүп, өз элинин ташпишин тартты.

Осумбектин Кокон хандыгынын ичинде таасирдүү тамыры бар эле, ошол адамына: -Эки айдын ичинде Коконго барып калам, азырынча эгин-тегинди жыйнаштырып алалык, сүйлөшө турган иштер бар,- деп кайра-кайра дайындаган эле. Баса, эмне үчүн Кокондон Кунназарды кармайбыз деп чыккан адамдар Осумбектикине келишет, башка жер жок беле? Осумбекке бил-

дирбей эле тымызын келе беришсе болбойбу? Кокондо болгон сөз чагылгандай көктү жарып кандайча Осумбекке жетип калат? Жүз жылдан ашык жер кезип, эми гана мундуздардын катарынан башпаанек таап отурган Осумбектин мындай сыры анча-мынча пенденин колунан келе бербей турган иш.

Ал Кунназардын жардамы менен өз ишин жөндөп алгандан кийин, эми элдин башын бириктирип, ички-сырткы душмандардан коргоп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгартып, ынтымакта кармап турган Кунназарды Коконго жаман көрсөтпөй, анын актыгын далилдөөнүн ылайыгын издей баштады. Мына эми Коконго алып барып, ишти бир жөнгө салайын дегиче эле түрдүү ушак-айың тарап, иш жамандыгына айланып кетпесин деп, Аны Ак-Талаага эки жолу качырууга тура келди. Кунназар экинчи жолу Ак-Талаага кеткенден кийин багыштар мурдагы жерлерди кайрадан ээлеп алышат. Бул сапар Кунназар Ак-Талаадан өзү эле келбей, Мамаке баатырды да ала келет Эки баатырдын алдынан тосуп чыккан Осумбек: «Азырынча элге көрүнбөй, күндүзү токойдун ичинде болуп, түнкүсүн гана үйүңөрдө болгула»,- деп катуу табыштап, өзү бир жумага жетпеген убакыттын ичинде Коконго барарын айтат. Силер эч нерсени ойлонбогула, иш буюрса, жакшы болот», - деп сүйүнүч билдирет.

- Коконго куру кол барыш кыйын, алар алтын, күмүшкө муктаж да эмес, силерден өтүнүч, мага бир тирүү жолборс керек, аны эч жерин жаралантпай, канын агызбай кармоо керек»,- дейт. Эки баатыр бирин-бири тиктеп, макул дегендей ишара берет.

Ал кезде Топурак-Белден ашуу үчүн чытырман бал камышты аралап өтүүгө туура келген, азыркы Сузак, Жаңы-Дыйкан айылдарынын ордунда отурукташкан эл болгон эмес, Кара-Дарыяга, Анжиянга, Базар-Коргонго өтүш үчүн жалгыз араба бата турган сокмо жол болгон. Адамдар ошол жол менен катташып, турмуш-тиричилигин өткөрүп турушкан. Кунназар менен Мамаке ошол Топурак-Белге чыкчу сокмо жолдо бала жолборс пайда болуп, кишилерге чейин кол салып жаткан имиш деген кабарды Осумбектен эшитишет. -Экөөңөр барып, жагдайга жараша аракет кылып көрсөңөр кантет, убара кылбай, издетпей, келчү жолборс өзү келиптир, эми аны жаралантпай тирүү кармагыла. Мен

аңчылардан бүркүт алдырып, боо тактырып даярдатып койдум. Темир тору менен араба да даяр,- дейт ал.

Кунназар менен Мамаке багымдат намазынан кийин Топурак-Белди беттеп жөнөштү, соот кийимдерин таштап, найза, калкан, чокмор башын алып алышкан. Мамаке баатырды Топурак-Бел аркылуу ылдый түш деп коюп, Кунназар өзү Кара-Дарыяга өтө турган жол менен Топурак-белге карай өрдөп чыга турган болду. Күн шашкеден өткөндө бала жолборс азык издеп чыгып, сокмо жолдон Кунназарга туш болот. Уйкудан эми ойгонуп, али толук өзүнө келе албаган бала жолборс Кунназар менен тиктешип туруп калат. Акыры анын пияладай көздөрүнөн жолборс көзүн ала качып жер тиктей бергенде, Кунназар чокмор шилтейт. Чокмор башына дал тийгенге жолборстун эси оой түшөт. Атынан түшүп байламак болуп жатканда Мамаке батыр келип калып, экөөлөп бала жолборстун төрт бутунан жыгачка аса байлап, башын дем алганына ылайыктап жогорулата коюп, чырмап алышат. Бошонуп кетип калбааны салбасын деп кыл аркан менен кошумча дагы байлашат. Мамаке баатырды бир буйгага калтырып Кунназар арабаны алып келгени кетет. Жолборс тирүү жана жарадар эмес экенин уккан Осумбек сүйүнүп, эки күндөн кийин жолго чыкмай болот.

Жолборсту тирүү кармады

Жолборстун керек экенин,
Жолдуу баатыр түшүндү.
Айбандын керек экенин,
Акылдуу баатыр түшүндү.
Жырткычтын керек экенин,
Жолдуу баатыр түшүндү.
Эссиздин керек экенин,
Эстүү баатыр түшүндү.
Тилсиздин керек экенин,
Тилдүү баатыр түшүндү.
Безээри керек экенин,
Беттүү баатыр түшүндү.
Коконго керек экенин,
Коркпос баатыр түшүндү.
Канга керек эненин,
Кыраан баатыр түшүндү.
Ордого керек экенин,
Ойчул баатыр түшүндү.
Өзүнө керек экенин,
Өнөрлүү баатыр түшүндү.
Мундузга керек экенин,
Муңбас баатыр түшүндү.
Ачыга керек экенин,
Ачыктап баатыр түшүндү.
Басызга керек экенин,
Барктуу баатыр түшүндү.

Кушчуга керек экенин,
Күчтүү баатыр түшүндү.
Акманга керек экенин,
Алдуу баатыр түшүндү.
Журтуна керек экенин,
Жүйөөлүү баатыр түшүндү.
Элине керек экенин,
Эстүү баатыр түшүндү.
Жерине керек экенин,
Жеңилбес баатыр түшүндү.
Осумбектин айтканын,
Оюнан он өткөрдү.
Агасынын айтканын,
Акылынан өткөрдү.
Жолдошунун айтканын,
Жүрөгүнөн өткөрдү.
Курдашынын айтканын,
Көңүлүнөн өткөрдү.
Кыйбасынын айтканын,
Кыялынан өткөрдү.
Сырдашынын айтканын,
Сынынан көп өткөрдү.
Муңдашынын айтканын,
Муңунан көп өткөрдү.
Тирегинин айтканын,
Тилегинен өткөрдү.
Көсөмүнүн айтканын,
Көз жоосунан өткөрдү.
Жердешинин айтканын,
Көңүлүнөн өткөрдү.
Баатыры элдин Кунназар,
Билимине таянган.
Эрени элдин Кунназар,
Эрдигине таянган.
Жөлөмөлүү Кунназар,
Жөлөмүнө таянган.
Тиреги элдин Кунназар,
Тирегине таянган.
Жүрөгү элдин Кунназар,
Жүрүшүнө таянган.
Сөзү элдин Кунназар,
Сөөлөтүнө таянган.
Бели элдин Кунназар,
Белдешине таянган.
Көзү элдин Кунназар,
Көсөмүнө таянган.
Шамы элдин Кунназар,
Шердигине таянган.
Багы элдин Кунназар,
Байлыгына таянган.
Өртү элдин Кунназар,
Өнөрүнө таянган.
Тоосу элдин Кунназар,
Толгонуна таянган.
Багы элдин Кунназар,
Болгонуна таянган.
Таңы элдин Кунназар,
Таалайын таянган.
Өңү элдин Кунназар,
Өз элине таянган.
Кыйыны элдин Кунназар,
Кудайына таянган.
Омогу элдин Кунназар,
Ооматына таянган.
Жомогу элдин Кунназар,
Жоругуна таянган.
Кушчу, мундуз элинин,
Колдоосуна таянган.
Басыз, мундуз элинин,
Беделине таянган.
Беш топ Бообек элинин,
Болгонуна таянган.
Ачы түмөн элинин,
Айдыңына таянган.

Кең пейилдүү элинин,
Кеңдигине таянган.
Санжыралуу элинин,
Сыймыгына таянган.
Түбү бекем элинин,
Түндүгүнө таянган.
Келечектүү элинин,
Күлкүсүнө таянган.
Байлыгы көп элинин,
Беделине Таянган.
Жалгыз үйдө жатпады,
Жолборсту кармап келүүгө.
Жоо жарагын камдады.
Билинбей үйдө жатпады,
Билгичтик менен камынды.
Көрүнбөй үйдө жатпады,
Көздүүлүк кылып камынды.
Унчукпай үйдө жатпады,
Ушарлык кылып камынды.
Үйдө тынчып жатпады,
Тыкандык менен камынды.
Баш катып үйдө жатпады,
Баатырлык менен камынды.
Арбалып үйдө жатпады,
Алгырлык менен камынды.
Бекинип үйдө жатпады,
Билгичтик менен камынды.
Кызык ишти баштады,
Кылычын үйгө таштады.
Каалаган ишти баштады,
Канжарын үйгө таштады.
Наар албай чыкпады,
Найзасын үйгө таштады.
Чочубай баатыр чыйралды,
Чокморун үйгө таштады.
Калканы менен келтегин,
Колуна бекем кармады.

Атына минип ашыгып,
Кыл арканын алды да.
Топурак-Белге шашылды.
Жалган түш болуп калганда,
Жетип келди Кунназар.
Буйгоодон жолборс чыгарын,
Билип турду Кунназар.
Жаман ойго алдырбай,
Жеңилдеди Кунназар.
Арам ойго алдырбай,
Алдуу болду Кунназар.
Сасык ойго алдырбай,
Сергек болду Кунназар.
Талуу ойго алдырбай,
Таза болду Кунназар.
Бечара ойго алдырбай,
Белдүү болду Кунназар.
Жетим ойго алдырбай,
Жеңил болду Кунназар.
Көтөрүлүп көңүлү,
Көлкүлдөдү Кунназар.
Болжолуна күн тийип,
Балкылдады Кунназар.
Сонoруна күн тийип,
Солкулдады Кунназар.
Таалайына күч тийип,
Тарсылдады Кунназар.
Көөдөнүнө күн тийип,
Кырсылдады Кунназар.
Маңдайына күн тийип,
Мулуңдады Кунназар.
Жамалына күн тийип,
Жымыңдады Кунназар.
Кабагына күн тийип,
Кымыңдады Кунназар.
Аягына күн тийип,
Алгыр болду Кунназар.

Төбөсүнө күн тийип,
Төрдү ээледи Кунназар.
Беделине күн тийип,
Белди ээледи Кунназар.
Түнөгүнө күн тийип,
Түздү ээледи Кунназар.
Айланып баатыр тынбады,
Алдынан жолборс чыкпады.
Из чалып баатыр тынбады,
Ийинден жолборс чыкпады.
Күмөндүү жерди карады,
Күркүрөп жолборс чыкпады.
Белгилүү жерди карады,
Бакырып жолборс чыкпады.
Намазын окуп ал күнү,
Наар алып түштөндү.
Бешим намаз бүтсө да,
Буулугуп баатыр кетпеди.
Көрүнүп калар бекен деп,
Кыйкырык салып издеди.
Билинип калар бекен деп,
Бакырык салып издеди.
Ойгонуп калар бекен деп,
Ойду бузуп бакырды.
Жүгүрүп келер бекен деп,
Жонду бузуп бакырды.
Бирок, жолборс келбеди,
Буулугуп баатыр жиндеди.
Эми эмне болот деп,
Эси кетип жиндеди.
Баралына келе албай,
Башы ооруп жинденди.
Өзүнө баатыр келе албай,
Өзөгүн өрттөп жиндеди.
Турпатына толо албай,
Талаада баатыр жиндеди.
Коконго кантип барам деп,
Коркуп баатыр жиндеди.
Ордого кантип барам деп,
Ойлонуп баатыр жиндеди.
Кандарга кантип барам деп,
Кан өтүп ичтен жиндеди.
Кечке күтүп турса да,
Кайрылып жолборс келбеди.
Түгү чыгып бетинен,
Түндөп баатыр кайгырды.
Жели чыгып көтүнөн,
Жиндеп баатыр кайгырды.
Жашы чыгып көзүнөн,
Жамгырдай жаап кайгырды.
Жылдызы өчүп өнүнөн,
Жаш баладай кайгырды.
Түнү бою уктабай,
Түн күзөтүп кайгырды.
Таңга маал болгондо,
Тараза жылдыз толгондо,
Уктап кетти Кунназар.
Эсепсиз санаа артынан,
Эрип кетти Кунназар.
Түбүнө түпсүз уйкунун,
Түшүп кетти Кунназар.
Амалы көп ашуудан,
Ашып кетти Кунназар.
Кыйыры көп ашуудан,
Качып кетти Кунназар.
Белимчидей санааны,
Белге тепти Кунназар.
Ойлондурган санаасы,
Ойго тепти Кунназар.
Кунназардын түшүндө,
Күн түнөптүр үйүнө,
Алгырымдын түшүндө,
Ай түнөптүр үйүнө.
Тулпарын минип түшүндө,

Топ жыйында жүрүптүр.
Кыдырып тоодо куш салып,
Көңүлдүү ойноп жүрүптүр.
Оңтойсуз жатып алганбы,
Ойгонуп кетти карачы.
Оңунан чыксын түшүм деп,
Оозанып келме атады.
Ары-бери жүгүрдү,
Аябай баатыр сүйүндү.
Даарат алып шашылбай,
Багымдат намаз окуду.
Окулган куран соопторун,
Өткөндөргө жолдоду.
Бер, кудайым бергин деп,
Белгилүү жерди болжоду.
Жолуктур деп суранды,
Кудайдан бала жолборсту,
Кездештир деп суранды,
Жараткандан жолборсту.
Жолго жолдуу тору атын,
Жүгөндөдү Кунназар.
Тойго минер тору атын,
Токуп минип Кунназар.
Суу жукпаган жалынан,
Сылап койду Кунназар.
Табыштуум деп мандайдан,
Таптап койду Кунназар.
Кере кулач моюнун,
Кучактады Кунназар.
Өрөпкүп өз алдынча,
Өпкүлөдү Кунназар.
Башкачам деп тору атка,
Башын ийди Кунназар.
Ооматтуум деп тору атка,
Оюн бөлдү Кунназар.
Жолборсум деп тору атка,
Жобурады Кунназар.
Жараткандан жалынып,
Жол сурады Кунназар.
Топурак-Бел түзүнө,
Тору атын минип жөнөдү.
Колунда алп баатырдын,
Кыл аркан менен келтеги.
Ээр кашка илинген,
Эшме кылдуу арканы.
Бүгүн жолум болот деп,
Башка нерсе албады.
Буйругуна өзүнүн,
Башын ийип аткарды.
Өкүмүнөн өзүнүн,
Өжөрлүк кылып кайтпады.
Кечээги жүргөн жерлерин,
Келтирип келме кыдырды.
Келишин бала жолборстун,
Кайра-кайра суранды.
Жалган түш болгон мезгилде,
Жай алып четтей берерде.
Топурак-Белдин түзүндө,
Түңүлүп четтей берерде.
Токтоп калды тору ат,
Улантпай жолун арыштап.
Кулактары тикчийди,
Көздөрү жанып балбылдап,
Чу, десе да болбоду.
Тору ат чындап токтоду.
Бышкырып койду өзүнчө,
Коркунучтуу боолгоду.
Кан жүгүрүп жүзүнө,
Кунназар баатыр чыйралды.
Атынан түшүп Кунназар,
Алышууга камынды.
Тору аттан түшүп Кунназар,
Тоорушууга камынды.
Күлүктөн түшүп Кунназар,

Көрүшүүгө камынды.
Кучактап атын Кунназар,
Качпа деп айтты насаатты.
Тору аты ага түшүнүп,
Телмире тиктеп карады.
Кычыратып тиштерин,
Катышуусун кандырды.
Ээсин эрчип тору ат,
Ээн жерде качпады.
Баатырын ээрчип тору ат,
Бышкырып алыс качпады.
Ооздугун оозунан,
Чыгарып койду Кунназар.
Жүгөнүн түрүп мойнуна,
Жүрүш алды Кунназар.
Артынан аты калбады,
Айбанды аңдып ал дагы.
Баатырдан аты калбады,
Беттешүүнү самады.
Оңтойлоп улам калканын,
Оңтойлоп улам келтегин.
Кунназар барат алдыга,
Унутуп жашоо түйшүгүн.
Унутуп бардык дүйнөсүн,
Унутуп бардык эсебин.
Бир эле максат анда азыр,
Тирүү кармаш жолборсту.
Жолборско күчү жетеби,
Жолборско күчү жетпейби.
Аны менен иши жок,
Ойлонуп деле койбоду.
Колдогону бар экен,
Көрүндү жолборс көзүнө.
Каарданып алыптыр,
Көрүнүп киши көзүнө.
Жаалданып алыптыр,
Жолунан чыккан кишиге.
Ачуусу келип калыптыр,
Алдынан чыккан кишиге.
Кереметин кишинин,
Көкжал жолборс билбеди.
Баалуулугун кишинин,
Бала жолборс билбеди.
Алгырлыгын кишинин,
Айбан жолборс билбеди.
Кезегинин келерин,
Көк жолборсуң билбеди.
Эсебинин келгенин,
Эссиз жолборс билбеди.
Элестеп Кокон көзүнө,
Элирип турду Кунназар.
Көрүнүп Кокон көзүнө,
Көбүрүп турду Кунназар.
Чубуруп Кокон көзүнө,
Чуу салып турду Кунназар.
Тизилип Кокон көзүнө,
Тиктешип турду Кунназар.
Сербеленделп оолуккан,
Секирди жолборс ордунан.
Барбаландап оолуккан,
Бийиктеп жолборс ордунан.
Кунназарга умтулду,
Көкөлөп жолборс бийикте.
Кунназарды тооруду,
Оозун кере ачыптыр,
Оолугуп жолборс калыптыр.
Кулачын кең жайыптыр,
Кууланып жолборс калыптыр.
Көзүнөн от жаныптыр,
Карайып жолборс калыптыр.
Азыр баса калчудай,
Ачууланып алыптыр.
Чаңырып баса калчудай,
Чымырканып алыптыр.

Жылдырбай баса калчудай,
Жаалданып алыптыр.
Көтөрүлгөн жолборсту,
Көрүп турду Кунназар.
Баласынтып өлтүрбөй,
Багып турду Кунназар.
Жакыныраак келишин,
Жалгап турду Кунназар.
Оозун ачкан жолборстой,
Оолукпады Кунназар.
Түрү качкан жолборстой,
Түйүлбөдү Кунназар.
Түрү суук жолборстун,
Түрүн билди Кунназар.
Өңү суук жолборстун,
Өңүн билди Кунназар.
Күркүрөгөн үнүнөн,
Күчүн билди Кунназар.
Өзүнө жакын келерде,
Өкүрүктү салды эле.
Көктөгү жолборс ийменип,
Көзүн жумуп ийди эле.
Келтегин катуу шилтеди,
Шилиге чаап жиберди.
Жерге келип түшкөндө,
Желкелеп минди Кунназар.
Калканын төшөп алдынан,
Эсине жолборс келгиче.
Эсебин алды Кунназар,
Калканга чырмап жолборсту.
Байлап салды Кунназар,
Бир колу менен бир бутун.
Бириктирип келтекке,
Байлап салды Кунназар.

***



Осумбектин көңүлүнүн айттагыдай болуп жүргөнүнүн да себеби бар, ал Кунназарды экинчи жолу Ак-Талаага качыргандан кийин Кокондогу тамырына жолугуп, өткөн-кеткенди алдыда боло турган иштерди кеңири сүйлөшүп кайткан. Кунназарга тийиштүү жерлердин картасын чийдирип, ага Кунназарды түздөн-түз ээ кылдырып, өзүнө Булактын айланасын түзү менен Ак-талааны ала турган болгон. Мындай маселени чечип берүүгө Кокондогу таасирдүү адамы катуу жардам берген. Анын атын айтуудан мурда Осумбектин өзүнүн ким экендигине токтоло кетели.

Осумбектен – Байжигит, Карамырза, Жанжигит, Гүлжигит

Байжигиттен – Капар, Шорук, Айдар, Жандубай, Жакшыбай, Арзыбай, Сайранбай.

Карамурзадан – Түркмөн, Пусурманкул

Жанжигиттен – Мейманкул, Асан, Абдырахман

Гүлжигиттен – Бегимкул, Мурат, Разабай

Мейманкулдан – Чойбек

Асандан – Калмамат

Таштанбектен – Маматкарим, Маман, Карымшак

Маматкаримдан – Темир, Карагул

Темирден- Нуру – жок

Карагулдан – Ормотай

Мамандан – Канет

Канеттен – Эмен

Карымшактан – Бегимат, Сатар

Бегиматтан – Байгазы (1 аялда), Каратал(2 аялдан), Алпамыш Токсон (3 аялдан)

Сатардан – Кырабек, Байыш, Жаныш

Мырзакулдан – Токо, Өмүрзак, Мами

Токодон – Шераалы, Кудайберди

Шераалыдан –Алыкул – кыздар

Кудайбердиден – кыздар

Өмүрзактан – Тиллебай, Дөөлөт, Аттокур

Тиллебайдан – Маматтемин, Мамасали, Адимбай

Дөөлөттөн – Аширбек, Жамшитбек

Аттокурдан – Бакир

Мамидан – Кошали, Аширали

Осумбекке тиешелүү жерлери (картадагы) Кызыл-Пахтачы айылынан азыркы Винсовкозго чейинки сугат жери караган болжол менен миң гектар жер. Ушул жерде дыйканчылык иштерин жүргүзүшкөн. Дыйкандарды ылдыйкы чөлкөмдөрдөн алып келишкен. Осумбек өзү жашаган жериндеги Ак-Талаа, Ташбака – Күңгөй, Сары-Талаага чейин. Үстү жагы Кочкор-Атага чейин Кенжекейди ээлеген. Кенже кызына себине кошо бергендиктен Кенжекей деп аталып калган. Түзү азыркы Таштактын түзү болгон. Жайлоосу Чалыкей (азыркы Кызыл-Кыя) Каракыр кунажындын куйругунан өгүздүн жонуна чейин болгон. Осумбек булак деп аталып калышынын себеби Бешик-Жондон келгенден кийин түрдүү жерге жайгашып эс алат. Түшүндө "топ камышты кучактап түбүн тазаласаң суу чыгат",- деп аян берет. Чындап эле түшүндө берген аяны туура келип бир тегирмен суу чыккан экен. Такталбаган маалыматтарга караганда бир төөнүн мойнунан жасалган чаначта толо катылган алтыны сакталып турат деген кеп да бар.

***

Фергана өрөөнүндө Кокон хандыгынын бийлиги алсырап, башкаруу орустарга өтө баштаган мезгилде Кетмен-Төбөдөгү кырдаалды болушту алмаштыруу менен гана жөнгө салынып кетерин түшүнгөн төбөлдөр ары ойлонуп, бери ойлонуп, болуш шайлоо күнүн жайдык ысык күндөрүнө белгилешти. Ал кезде ашуулар да ачык болмок.

Ким болуш болот, болуштук кимдин бешенесине буйруган – бул маселе али эч кимге белгисиз. Баш көтөрүп эл бийлегенге аралашкан төбөлдөр, бийлер, колунда бар бардар адамдардын ичинен "ушу мен болуп калып жүрбөйүн" деп ичинен кымындагандары да жок эмес. Убакыт куштай учуп, шайлоо белгиленген күн жакындагандан жакындай берди. Жай толуп, мал семирип, жайлоо берекесин төгүп турган убак. Кетмен-Төбөдөгү элге да кабар айтылып, шайлооого даярдыктар башталды. Шайлоонун жүрүшүн эл кеңири көрө турган, анан да келген адамдардын табитине ылайык келе турган, табияты кооз жер керек болду. Ошондо Коргон-Жардагы Кушбак кайкы деген жер көпчүлүктүн көөнүнө туура келип, шайлоонун ошол жерге өткөрө турган

болушту. Күндү белгилеп, ар бир болуш, бийлер аттуу-баштуу адамдар бештен кыргыз үйдү, көрпө-төшөк, идиш-аяк, отундары менен даярдашып, кызмат кыла турган адамдарына чейин белгилешти. Комузчу, ырчылар, дастанчылар, манасчылар, балбандар да даярдалды. Ар бир үйдүн алдына бирден жылкы, ондон козу согумга байланып, бээ байлап, кымыз даярдашты. Келе турган коноктор кимдин үйүндө боло тургандыгы да такталды. Шыдырдан Төрөгул болуштун төрт түлүк малы суу ичкенде суунун этеги чыкпай калчу дешет. Топон уруусунан Молдали, Кара-Көлдөн Бекташ бий, атасы Мусакун бий, Казыбек уруусунан Көгөн баатыр, Кушбак бий, Тоскоолдон Ботобек болуш, андан тышкары да бир катар малдуу-баштуу адамдар чакырылган. Дөөлөт уруусунан Ысма, Кудаке, Калмурза байлар да бар. Акыры той даярдыгы да бүттү.

Кокондон, кетмен-Төбөдөн келген меймандар, өзүбүздүн бийболуштар аламан элди кантип, кандайча башкарып ийгеребиз, ошого жараган адам барбы деп акыл тегеретип турушту. Ошентип чоң мааракелерде соорундарды калыс бөлүштүрүп, келген коноктору жайгаруунун сырын мыкты билген, сөзмөр, туура сөздүү, Кара-Көлдөн келген Мусакул бийге бийлик ыйгарылды. Бүтүм чыгарып келген эл жакшылары таркап кетишти.

Мусакул бий өзүнө керектүү адамдарды эскертип, Кушбакты колтуктап обочого чыгарып, "Эртең Кайкыдан жолугалы, сөз бар", - деп коюп бастырып кетти.

Кайкыга таң заардын чыгып, атын ары-бери бастырып турган баатыр өзүнө караштуу адамдарды ишке чегерип, кимдин, кайсы өңүттө турарын тактап, мерчемдүү жерлерди кароолго алып турууну колго алды. Элдин сак карап, меймандардын аттарын, колубуздагы малды ууруга алдырбай, сак-сактап туруу милдети биздики деди ал. Ошон үчүн күндүзү болсун,, түнкүсүн болсун сак турууну катуу эскертти. Баатырдын айткандарына үндөбөй макул болгон жигиттер ар бири өз ордун тактаган соң, жерде күндүн жарыгында мерчемдеп алыш үчүн жөнөп жатышты. Ошентип он жерге күзөт коюлуп, өзү салтанат учурунда эл ичинде боло турган болду.

Жоон топ атчандар Мусакул бий менен Кушбактын артынан ээрчип, кайсы болуштуктун өргөөлөрү кайда тигилерин тактап

жүрүштү. Жаа сымал тигиле турган боз үйлөр бири-бирине көрүнүп турсун, сыйлуу меймандардын аттары да чачыранды болбой, уй мүйүз тарта байлансын, аламан келген меймандар тигилген кыргыз үйлөрдүн ортосунда болсун дешти. Кокондон келген меймандарга бирден ат берилип, шайлоону ат үстүндө, ачык асман алдында өткөрүүнү чечишти. Ар болуштан бештен мыкты ат даярдап, шайлоо күнү алып келе турган болушту.

Мусакул бий Кушбак менен Мусалини чекеге тартып, эч кимге айтпадым эле, силерге айтып берейин, түндөгү көргөн түшүм чынга айланып, Кудайым ишти оңунан берсин, не бар, не жок, бир бээ даярдап койгула, ак булуттун үстүндө, ийниме ак куш кондуруп жүрүпмүн деп, жылмайып туруп, эгер түшүм чынга айланса, мага да бир кысыр эмди тай болсун деп койду. Мындай күтүлбөгөн сөзгө Кушбак не дээрин билбей, эки бети тамылжый түштү. Түшүңүз түш эмес – туш болсун, Кудайым ишиңизди оңунан чыгарсын деп Мусали да карс-карс күлүп калды.

Ачуусу чукул, эч кимден тайманууну билбеген, эр жүрөк, кең далылуу Кушбак да ушул эки ооз сөзгө багынып, жүрөгү жибип турду. Жанында жүргөн Мусалинин кулагына шыбырап, - Сөз бекерге кетпесин иш оңунан чыкса, Мусакул бийге бир ат сүйүнчү берип, жетегине кысыр эмди тай болсун, азыр балдарга айт, бир күрпөң козуну садага чалышсын,- деди. Мусали атынын башын бура тартып өзүнө тийиштүү кишилерге жогорку ишти айтканы жөнөдү.

Түштө Тоскоол элинин болушу Ботобек Кушбактын экинчи уулу алып келген кекиликтин этин ортого коюп жегенден кийин, шайлообуз тынч өтсүн деп бата тартышты. Садагага чабылган козунун шорпосун ичип, этин жеген соң, тек гана: -Силер менин мейманымсыңар, кур ооз кетпесин дедик,- деп койду. Мусакулдун түшү айтылбай, сыр боюнча калды. Бирөөгө эмес, өзүнө да катуу бул адам көргөн түшүн балдарына да айткан эмес эле. Атка, төөгө жүктөлүп келген боз үйлөр эртеси түшкө калбай тигилип бүттү. Боз үйлөрдүн ичи түрдүү саймаларга, килем, шырдактарга, санап бүткүс кооз буюмдарга, идиш-аяктарга, куштардын кебине, аң терилерге толду. Отун-суулар камдалды.

Ак элечек кийген аялдар, шөкүлөчөн келин, такыячан кыздар, шаптай жигиттер кызмат кылып да үлгүрүп, түрдүү оюн-

зоокторду уюштуруп, ага да жетишип жатышты. Жалпы элдин күткөн тою эртең болмок. Ар бир болуш, бийлер, өздөрү менен ырчы, чоорчу, комузчу, акындарын, башка өнөрпоздорун да ала келишкен. Албетте, мындай мааракe күрөш, тыйын эңмей, кыз куумай, улак, оодарыш сыяктуу оюндарсыз өтпөйт эмеспи. Жөө жүргөндөн атчаны көп бул тойдо ошондой иштердин баарына шарттар түзүлгөн, келгендер кайсы тарабынан келсе да ортодогу аянт даана көрүнө турган ылайыктуу жер тандалгандыктан, ал тургай жаш балдар да ортодо болуп жаткандын баарын көрө алгыдай болду. Бул жер биз сөз кылып жаткан Кушбактын эрте жаздагы жайлоосу боло турган, келгендерди "Силер менин мейманымсыңар" - деп жатканы ошондон.

Күн батарга аркан бою калганда Кетмен-Төбөдөн 12 атчан меймандар келип калышты. Жол жүрүп келген меймандардын өңүнөн эле чаалыккандары билинип турду. Аларды аттан түшүрүп, атайын даярдалган үйгө киргизип, орун алышкандан кийин, ысырык салып, колго суу куюлуп, дасторкон жайылды. Элдин эсенчилиги сураштырылып, аркы-бөрки сөздөр айтылды. Мурдатан даярдалып коюлган адамдар буттун учу менен чуркап, өз милдеттерин эч бир чекиликсиз аткарып жатышты.

Аңгыча каш карайды. Эки дөңгөлөктүү арабалар, атчандар болуп убай-чубай келе беришип, сай жээгине топтолуп кетишти, Мусали өз жигиттерине белги берип коюп, кайкыга араба чыга албасын эске алып, белендетип койгон жыйырма чакты ат менен меймандарды алеки саатта Кайкыга алып чыгып кетишти. Шаан-шөкөт, жакшы жөрөлгөлөр менен ысык нан, боорсок, сары май кармап, сыйлуу коноктордун алдынан тосо чыгышып, бирдей окшош кийинишкен келин кыздар ызаат кылып турушту. Меймандардын арасында орустар да болгондуктан, котормочу аркылуу аларды үйлөргө бөлүштүрүштү. Бир кезде котормочу бул жердин бийи ким болот деп сураганда, ансыз деле жанында турган Мусакул "Менмин" деди. Бийдин жанында турган Кушбак котормочуну тааный койду. Котормочу да илбериңки салам айтып, Кушбактын жанына басып келип, кол алышып көрүштү. Көпчүлүктүн көзүнчө болгон бул жолугушууга Кушбак ичинен сыймыктанып, көпчүлүк ичинде өзүн салабаттуу кармап турду. Анан калса ошол күнү болушунча жасана кийинип да алган эле.

Ары-бери басып, жердин кооздугуна суктанып, түрдүү куштардын, суунун шарын тыңшап, баарына сын көз менен карап турган бул адам – капитан Ионов эле. Генерал Скобелевдин жардамчысы болуш шайлоо кандай өткөнүн байкап эле тим болбой, биротоло бүтүрүп келүү үчүн атайын жиберилген. Мусакул бийди жанына чакырган Ионов котормочу аркылуу: "Биз эс алышыбыз керек, жеңил оокат ичип эс алалы",- деди. "Сиз айткандай болот",- деген Мусакул меймандарды үйгө киргизип, бар тапканын жайнатып, жыгач чыны менен шорпо тартып, ага удаа күмүш табак менен устукан узатты. Жаңгактан чабылган табактарга өрүк-мейиз коюп, кымыз сунду. Эки чыны кымызды удаа тартып жиберген Ионов: "якши кумыс, якши кумыс" деп мактап, катар-катар коюлган балыштарга жөлөнө берди. "Кыргыздар тамак ичкен жерине жатып алышат экен",- деп ойлобосун деген ой менен атайын бөлөк үйгө жай салып беришти. Күчөтүп күзөт коюшту. Котормочу кожоюну менен бирге жатып эс алды. "Кушбак болуш болсун, ал жакшы адам" деп айтып барган эки орус кыздын үндөрү кулагына жаңырып, такыр кетпей турду. Эки кайчылаш ойдун ортосунда калган котормочу бир топко ойлонуп жатып, көзү илинип кетти.

Таң сүрүлүп, кобур-собур көбөйө баштаганда кайкыда жаткан Кушбак да ойгонуп, меймандарын козгой баштады. Күн чыга топураган эл мурдатан көрсөтүлгөн жерге барып жай ала башташты. Баштарын бири-бирине тийиштире сүйлөшкөн адамдар, болуш ким болор экен, кимдин бешенесине буйруду экен дешип, күбүр-шыбыр менен алек. Бири билип айтса, бири билбей айтып, ар ким өз көмөчүнө күл тартып, ушул эле ылайыктуу деп өздөрүнө караштуу адамдарын санап да жатышты.

Кетмен-Төбө өрөөнүнөн келген меймандар болуштукту бизден башка ким алат эле дегендей, баштарын дымактуу көтөрүп, салабаттуу турушту. Обочороок тигилген боз үйдөн чыгышкан жыйырма чакты урматтуу меймандар да колдорун жууп, аттарын минишип, эл арасына келип орун алышты. Келген элди сыдыра караган Мусакул жыйынды баштай берейинби дегендей Ионовго караганда, ал "Ооба" дегендей башын ийкеп койду. Мусакул оң колун көтөрүп элди тынчтандырды. Ошол күнү жалпы Коргон-жарлыктардын бешенесине бүткөн Кушбак кайкы бөтөнчө

көркkө келип, сулуу да, сүрдүү да көрүнүп, шамал айдаган булуттар да асмандан болуп жаткан ишке назарын төшөп тургандай туюлду.

- Улуу урматтуу мырза Ионов, Кетмен-Төбөдөн келген азиз меймандар, ардактуу коноктор, куттуу элим! Биз көптөн күткөн болуш шайлоо күнү да келди. Балким бул күн укум-тукумга айтылып калар, ушундай жоопкерчиликтүү ишти баштоонун Алла таалам менин бешенеме насип эткенине шүгүр кылуу менен жыйынды баштай берели. Азыр Кокондон келген урматтуу мырза Ионов сүйлөмөкчү. Болуштун ким болорун мына ушул мырза билет, - деди Мусакул. Анын ар бир сөзүн котортуп угуп, мындай жыйындардын далайын башынан өткөргөн Ионов атын темине алдыга чыгып, уй мүйүз тарта кырка тизилген атчандар менен олтургандарга бир сыйра көз чаптырып алган соң:

- Ассалоому-алейкум!,- деди. Орус адамынын кыргызча салам айтып жиберерин күтпөгөн көпчүлүк дуу дей түшүп, "Валейкума ассалам" деп жапырт алик алып жиберишти. Бир тобу бирин-бири карап, чын эле уктукпу дегендей элейип калыптыр. Мусакул бий сөздү угалы дегендей ишара кылып, уу-дууну басты. Булуттай аппак аргымак минген Ионов:

- Шайлана турган болуш Оруссия мамлекетинин, улуу урматтуу падышабыздын ишенимин актай турган, улуу империяга ак кызмат кыла турган, буга чейин да ушул максатка салым кошкон адам болууга тийиш. Биз ошондой адамга гана ишеним бере алабыз. Андай адам силердин араңарда бар, ал мына менин жанымда турган Кушбак,- деди. Калган сөз угулбай, элдин ичи чуру-чуу түшүп эле жатып калды.

Бир чай кайнам созулган чуру-чууну Мусакул бий басты: - Куттуу элим, Ионов төрө болушубуздун ким болорун ачыктап берди, ал өзүбүздүн Кушбак экен. Кушбак, сен эми баягы Кушбак эмес, Кушбак болуш болдуң, Кудай буйруган болуштугуң кулдук болсун,- деди да Кушбакты жанына чакырып, элден бата сурады.

- Кадырман калайык, жаңы шайланган болушубуз Кушбактын зоболосу көтөрүлө берсин, Ионов мырза жол тартайын деп турат, ага азыртан эле ачык айтып коёрубуз, Кокон тарапка биздин өрөөндөн эч кандай сел агып барбайт, Бул жагынан ка-

дырыңыздар жам болсун,- дегенде, Ионов төрө өзү баштап кол чаап жиберди, аны коштой калгандар да алакан чабышты. -Кудай алдында да эл алдында жүзүү жарык болсун! Ишиң оңолуп, элге жарыгың тийсин! Оомийин. Бата тартылган соң эл кайрадан бийди карап калышты. Бий: -Кудай таала кудурети менен адам баласына арнаган канча жакшылыктары болсо ошонун баары арабызда болсун, Кыдыр жылоолоп жүрсүн,- деп батасын улантып, Ионовго карап, Урматтуу төрө, сиз уруксат берсеңиз, болуш шайлоонун урматына той өткөрүп коёлу деген элек, эми ошондой таң-тамашага орун берели,- деди. Эл тамаша өткөрүлө турган жерди көздөй агылды.

Капитан Ионов баштаган адамдарды сай боюнда күтүп турган арабаларына отургузуп, Анжиян багытына узатып коюшкандан кийин, бир козуну түлөөгө чабышты. Үч-Терек, Кетмен-Төбө тараптан келишкен кишилерди аттанып калышкан жеринен кайра кайтарышып, кысыр эмди тай союп коноктоп, эртеси күнү узатышты. Бара турган күнүн белгилешип, тосуп ала турган шарт-жагдайды макулдашты. Онго жакын адам Кушбак болуштун үйүндө калып, өткөн-кеткенди сүйлөшүп олтурганда, Кушбак өзү сөз баштады:

- Кошуна турганы менен бөтөн журт саналган элге болуш болуп баратам, алар сөздү бетке айткан, оңой менен аркы-беркиге ийиле бербей турган эл. Андыктан ар кандай ишке даяр туруу үчүн акылы зирек, чечен, сөз орунун так билген адамдар керек болот. Адам бар жерде ачуу сөз да, таттуу сөз да болот, кокус иш чатагына айлана турган болсо, ачууну баса турган айбат керек болот. Уулдарымдын бири Төрөбек, жандоочу болуп, дайыма жанында жүргөн узун бойлуу, кишини тик карап өз баасын бере билген, дымактуу, эч нерседен тайманбаган, бүркүт тумшук, суюк сакал Мусалини сен барасың,- деди да, - Ат багып, кызмат кыла турган адамдарды кошкондо баш-аягыбыз жыйырмадан ашпасын, барып жайгашып алгандан кийин бала-чаканы алдырып алабыз,- деп кебин тамамдады.

Сай боюна жумурткадай аппак он боз үй тигилип, болуш отурганга он эки канаат өргөө көтөрүлгөн. Мерчемделген жерге тоолук эл күткөн меймандар жакындаган сайын, күтүп тургандар толкуй түшкөндөй болду. Өргөөнүн ичине кол килем са-

лынып, шырдак, кийиш төшөлүп, төрдү бүтүндөй ээлеген аюу талпак ташталган. Арча менен аластап, отургандарга жагымдуу ыңгай түзүшкөн. Өргөө ээсинин белгиси менен отуздай жигиттер болушту утурлай торпок улак тартыша зуу коюшту. Торпокту урмат иретинде Кушбактын алдына ташташып, аттарынан түшө кала, "Келиңиз болуш" деп ийилип ызат көрсөтүштү.

- А-а, өркөнүнөр өссүн, ызатыңарга ырахмат,- деген болуш койнунан бир кочуш алтын тыйын алып чыгып, торпок улакты таштаган адамга уучтатты. Мусали дей бергенде, ал торпокту шып илип ала коюп, аттын башын коё берип, ак өргөөлөрдүн эң сөөлөттүүсүнүн алдына таштап коюуга үлгүрдү.

Кушбак болуш эки жагына тең коюлган жаздыктарга чыканактабай, тизе бүккөндөн баштап мандашын бузбай, эрдин бек кымтыган боюнча бул өрөөндүн келген аттуу-баштууларынын сөзүн угуп, алдыртан сыйлай да олтурду. Биринин да сөзүн бузбай, алардын айткандарын кубаттаганы же жактырбаганы билинбей, куштай тикчийип, сак. Керектүү адамдарынын айрымдары атайын чакыртса келбей койгонуна ичинен сынып, эч кимисине тиш кагып, ооз ачпады. Таанышабыз деп келгендердин аягы үзүлгүдөй эмес. Күнүгө түш ченде сыртка чыгып, эс алган учурда, чекедеги үйдөн бир чокчо сакал карыя келип, жандай калат, ошону менен чай ичип, ошону менен сүйлөшө турган болду. Чал да эзелки таанышындай эркин сүйлөп, сөзүнөн илинчек таптырбайт. Акырын ошону сөзгө тартты:

- Байкашымча, бир жумадан бери келип, кимдердин келип-кеткенин байкап жүрөсүз. Мен күткөн адамдардын айрымдары келбегенин да көрүп турасыз, ошолорду ийге келтирүүнүн кандай айласы бар, кичине сес көрсөтүш керекпи, жылуу сүйлөп, жакынга тартсакпы?

Чокчо сакал адам болушка сынагандай карап туруп:

- Уруш-жаңжалы жок эле чечсе болот, анын бир гана жолу бар, аларда бир кыз бар, ошого күйөөлөп койсоңуз, араңар жумшарып кетер, - деди.

Кушбак болуш чалдын айтканын туура көрүп Мусакул баш болгон 10 адамды мурдагы болуштун айлына көкүлүнө пахта байланган аргымак жетелетип, кудалыкка аттандырды. Алар атайы эки жолу чакыртсак, барбайсыздар, өзүбүз келдик деп, та-

маша-чынга салып жатышып, Кушбак болуштун күйөө бала болоюн деген ниетин айтышты. Аны айыл үстүндөгүлөр да туура кабыл алышып, бата тартылды.

Ошондон Эки күндөн кийин мурдагы болуштун жакын сааалаш атка минерлери каада-салты менен келишип Кушбак болуштун белине күмүш жасалгалуу курду тагып, манжасына мөөрдү кийгизип, "Зоболоңуз көтөрүлсүн, болуш, ар качан эл менен болуңуз" деп куттук айтып кетишти. Көп узабай кызды алып келип, нике кыйышты. Кушбак болуш ошол бойдон Кетмен-Төбө элине он бир жыл болуш болду, өтө калыс, эл урматтаган бийлик эгеси болду. Кийин орус бийлигинин чакыруусу менен айлына кайтарда, жергиликтүү төбөлдөр дагы бир он алты жашар кызды кошуп берип Күрөбөс жайлоосуна чейин узатып келишкен экен. Ошондогу он алты жашар кыз Айымпашадан төрөлгөн Кушбак болуштун урпактары азыр Жаңы-Акманда жашашат. Карыбек, Насырбек деген эки уулу болгон. Кийин ал Акманга өз уулу Төрөбектин ордуна болуш болуп дайындалат. Ошондо болуштун дайындалышынын урматына той кылып, байге өткөрүшөт. Күндүк жолго аттар алмашылбай чабыла турган болот, ошондо мындай деген жар айтылган дешет:

Улуке Кушбак кеп айтат,
Угуп турсун деп айтат.
Байгеден аттар келгенче,
Аттан түшсүн деп айтат.
Айткан сөзгө болбосоң,
Камчы тийет мойнуңа,
Кан шорголойт койнуңа...

Кийинчерээк Кушбак болуш орус кишилердин колунан өлөт, айтымга караганда, мас болгон немелер Уулу Төрөбек менен келе жаткан жеринен, капыл-тапыл чыга калып эле мылтык кезеген экен. Уулу Төрөбекти кач деп коюп, Кушбак болуш күлө багып тике бастырат, аңгыча мылтык тарс деп, кайрылып караган Төрөбек атасынын атка өбөктөп калганын көрөт, уулун кач деп колун жаңсап белги бергенге үлгүрөт. Орустар Төрөбекти да кубалап, бирок таппай калышат да Чарбак тарапка бастырып кетишет.

Кушбак болуштун сөөгүн оогандыктар Сары-Булакка коюшат. Сары-Булактан түшкөн суу жээкти жеп, мүрзөгө жакындай бергендиктен Абдыгапар деген небереси суунун нугун буруп, көрүстөндү темир тор менен тостуруп койгон дешет. Ал жерге Сары-Булактын, Чкаловдун көзү өткөндөрүнүн, аттуу-баштуу адамдардын сөөктөрү коюла берип, чоңоюп кетиптир. Орус төбөлдөрүнө ак кызматы менен жаккан, элине талыкпай кызмат кылган, акырында көпкөн казак-орустардын колунан мерт болгон Кушбак болуштун урпактары азыр бир айыл болуп кетишкен.


МУСАКУЛ БИЙГЕ КОШУМЧА


Мусакул бий балалуу болбой көп аял алып ажырашат. Бир күнү Кокон-Кыштактан келе жатып, Кан-Арыктын башындагы Жеке-Тал деген жерде эс алып олтурган адамдарга учурап калат. Ал адамдардын дагестандык экенин угуп, "Силер ушул жерде өргүй тургула, эртең ат, өгүз жиберип, Кара-Көл деген жерге алып кетемин", - дейт. Башпаанек таба албай турган мусаапырлар дароо макул болушат.

Кийин ошол адамдардын ичиндеги бирөөнүн бойго жеткен кызын көрүп, ортого адам салып, ошого үйлөнөт. Келген адамдар кыдырша уруусунан экен, Мусакул ошол кыдырша аялынан эки кыздуу болот, Арзы деген кызы аркага Токтогул дегенге турмушка чыгып бала-чакалуу болот. Экинчи кызы кашкарлык Данаш дегенге тийип, Акманда туруп калат. Аныкталбаган маалыматтарга караганда ошол эки кыздан тарагандар көп.

Мусакул Ак-Булактын боорунан, тулпарлардан болот. Баатыр адам болгон. Аркалык, Садык, Шакир деген туугандары бар эле, өтүп кетишти.

***


Шайбалда
Бекбоо
Ормон
Сөлпү
Субан
Курбаналы
Өмүралы
Мамаш
Эримбет
Нармат
Бөбөш
Алибай
Базарба
Бөрүбай
Абдрахман
Маканбай
Абдразак
Жаныбек
Жапар
Кошбай
Сасыкбай
Жээнбай
Мундузбай
Кылыч
Азамат
Алмаз
Аскар
Шабдан
Нургазы


Эмил
Осмон
Топон
Кожоберди
Саргалдабий
Мадыш
Калпкара
Коеназар
Шайбалда
Шайбек
Шайылда
Чүңкүл
Кычыке
Мамбет
Жапаш
Назирбек
Сабирбек
Сыдык
Кене
Жолдош
Абдыкерим
Шайылда
Акбото
Бекбото
Жаркынбий
Асан
Маданбек
Акун

Шери баатыр Тогуз-Тородон келгенден кийин Кемпирээк эли менен бирге Таласка барат. Таласта үч жыл туруп мекенине кайтат. Кайра Фергана чөлкөмүнө келгенден кийин мундуз элинин баатыры Кунназарга жезде болуп, эжесин алат. Шеринин балдары Абдылла, Ысакул, Алдос, Мамыт бой тартып ат жалын тартып минип калышат. Абдылла менен Ысакул атасы Шериден өткөн эр жүрөк, айтканынан кайтпаган, ажалдан башын тартпаган азамат болуп чоңоюшат.

Айрыкча Ысакул айтканынан кайтпаган өжөр, көк, эр жүрөк баатыр болот. Абдылла ага караганда токтоо, сабырдуу, албууттанып кетип жаткан Ысакулдун тизгинин оң жакка бура тарткан, эстүү жигит болот. Ысакул тагасы Кунназар менен бирдикте алыстан жылкы тийип келип Кой-Ташка өрдөтүп жиберип, турушкан. Артынан келген куугунчулар бул жерде Кунназар менен жээни Ысакул бар деп, көп учурда батына албай кете беришкен. Күндөрдүн бир күнүндө чоң маарекеде Тескей тоодон келген бир балбан эңиште Ысакулдун иниси Алдосту эңип коёт. Ысакул өч алыш үчүн эңишке түшкөндө, баягы Тескей тоодон келген кайра чыкпай коёт. Ошондон кеги ичинде калган Абдулла менен Ысакул бир чоң тойдо өздөрүн билгизбей, той болуп жаткан айылдан бери жакка жатып, эрте менен аттанып тойго барышат. Баягы балбан билегин түрүнүп эңишке чыгат. Абдулла чыгып алиги балбанды колунан кармап катуу силккенде мурунунан кан атып кетет. Колу шылкылдап ишке жарабай калат. Жакасынан кармап жаш баладай көтөрүп ыргытып жиберет. Карап турган көпчүлүк Абдуллага дуу ат коюп жиберет. Ысакул баатыр кынсыз кылычын колуна алып, жаландатып, ач кыйкырык салып чыкканда эл токтоп калат.

Бир аксакал чыгып: «Токтогула айып меймандарда эмес, биздин Балбанда, булардын Балбанын так ошентип эңсек, биз макул болушубуз керек»,- деп чатакты басат. Эл тынч таркап кетишкен экен.

Кемпирээктен чыккан Шери баатыр Кунназар баатырдын жездеси тууралуу сөз кылсак, тарыхты баракта, артка бир аз кайрылууга туура келет. Керкитамга эли Көлмө, Көк-Жаңгакта туруп өсүп-өндү. Көбөйгөндүгүнөн өзүнчө Асан тукуму деп аталып кетишти. Асан деген өзү ким болгон? Дагы тарыхка атка

кайрылалы. Калмактарды кубалап чыгууга (он сегизинчи кылымда) Иртыш дарыясынын боюнда түзүлгөн кыргыз-кайсак ордосу чоң роль ойногон. Ордонун башында Абылай хандын чоң аталары менен кыргыз төбөлдөрү турушкан. Кийин алардын кайсак аты өчүп кыргыз ордо аталып, кеткен., орустун улуу акыны А. С. Пушкиндин: «степний кыргыз, северный тунгус» деген кеби ошондон улам айтылган. А бизди алар кара кыргыздар деп аташкан. Ушул чөлкөмдөгү калмактарды казак, кара калпак, кыпчак, кыргыз хандыктары биргелешип өз Мекенинен кубалап чыккан доор ошол мезгилге тура келет, Курманбек баатыр чыккан доор да ошол калмак дооруна тушташ болгон.

Керкитамгадан Кожомат Курманбектин жигиттерине бек болот. Кылычтамгадан Абдымомун бек, саруудан Тобок батыр жана башка мундуздардан, багыштардан, саяктардан, Адигине, Тагай урууларынын баатырлары биригишип, Тейитхандын алдына баш коюшуп, калмактарга каршы чыгышат. Кожомат бир топ жигиттеринин башчысы болгон себептүү Кожомат бек аталып кетет. Анжияндан Кытайга чейинки аралыкта согуш жүргөн, Абдымомунбекти таякеси моңол уруусунун батыры Санжар баатыр Самарканга эмирге кызматка алып кетет. Тейиткандын кыйдылыгынан улам тоолук баатырлар менен кыпчак баатырларынын ортосунан ырк кетет. Кожомат Кашкарда жоокерчиликте жүрүп набыт болот, кашкардагы аялынан бир балалуу болуп, аны туугандары кербендер аркылуу алдырып алышат, үч жашар бала болот. Мына ошол баланын аты – Асан эле. XVI кылымда ушул чөлкөмдө калмактар кыргынга учурап, оору тийип, кылычтан өлүп, көп жоготуу болот. Ал кезде азыркы Көк-Арт өрөөнүндө түз, тайпаң жерлер кеңири болгон экен. 1997-жылы Калмыкиядагы калмактар 500 жылдыгын өткөрүштү, мындан көп убакыт өтпөй бизде Курманбек баатырдын 500 жылдыгы белгиленди, ушундан деле тарыхтын бүктөмүндө калган окуялардын дал келип тургандыгын байкоого болот.

Жылдан жыл өтүп олтуруп Кудаяр хандын доору келди. Ал күч алып турган мезгилде элден чоң ооз, туяк пул, жайыт пул деген сыяктуу салыктар көбөйүп кеткен. Тоолук кыргыз баатырлары алыстагы элден жылкы сүрүп келип, салыкка берген учурлары да көп болгон. Алсак, керкитамгадан чыккан Байыке

уулу Сары баатыр саяктарга барып жылкы тийип, керкитамгаңы салыктан куткарып калганын айтышат. Сары баатыр менен бирдикте Кемпирээктен чыккан Шери баатыр да жортуулга чыгып турган. Бир жолку жортуулда, болжолу 1860-жылдарда, Кең-Колдо кушчу баатыры, Кудаярдын досу Агышай менен бетме-бет келип калат, ошондо Сары баатырдын инисинин аты Агышайды өмгөктөп барып, аттын башы Агышайга тийип кетет. - Кантет, сен эмне көрсүңбү?,- деп кыйкырган Агышайды камынта койбой, "Мына сага көр", -деп найза менен киндикке сайып өлтүрөт. Көрсө, Сары баатырдын инисинин көзү чалыр экен. Болуп өткөн ишке Сары баатыр катуу кайгырат, анткени ал Агышай менен дос болгон экен, ошентип үч-төрт айда барып бул окуя басылат. Бирок кушчулар Сары баатырдан күмөн алып калышат, анткени ал кушчуларга жээн эле, кийинки жылы таякелериникине барып калат, кымыз сунуп жаткан жеңеси: "Жээн, биздин баатырыбызды сен эле өлтүргөн окшойсуң",- деп капыс суроо бергенде, колу калтырап, кымыз чайпалып төгүлүп кетет. Тайжеңеси эшикке чуркап чыгып, бир бээни жайдак минип чаап: "Канкор табылды!, Канкор табылды!", - деген бойдон айылма-айыл кыдырып айтып чыгат.

Жыйынтыгында Кудаяр бүт кушчуну Ак-Тайлак-Атага чогултуп, Сары баатырды жазаламакчы болот. Дарага чогулган элдин ичинен калкан жана кылыч берип жети баатырды чыгарат да Сары баатырды өлтүрүп, канын ичесиңер деп буйрук берет да Сары баатырга эр болсоң, кутулуп ал дейт. Сары баатырдын жонунда карыш жалы болгон дешет. Жатып өлгөнчө алышып өлөм деп, илбирстей секирип, жети баатырга тике бет алат, жонундагы жалы бирде тик туруп, бирде жатып калып көргөндөрдү таң калтырат. Жети баатыр тике чыга албай тайсалдап кармашат, ошондо көрүп турган эл, "Бул канкор Агышайга кошуп, дагы жетөөнүн канын ичкидей" дешип, урушту токтотуп, керкитамгага жети баатырдын кунун салат. Хан жети жылга чейин керкитамгадан такалуудан ат, жакалуудан тон калтырбай жыйып алып турууга буйрук берет. Ошентип Керки тамга 1860-жылдары Көлмөдөн көчөт. Керкитамгадан чыккан Мадыш, Сары баатыр баш болуп Акбото тукумдары менен Тогуз-Торого көчүп барып, Уй-булак деген жерге отурукташат. Сары баатыр менен Тайлак

баатыр кыйыр дос болушат. Ошондо саяктан чыккан Атантай менен Тайлак Ак-Талаа, Жумгалга батышпай, Тогуз-Торону талашып, бирин-бири жеп койгону турган. Бир чоң ашта Атантай Мааке деген баатырын атка мингизип, эр сайышка чыгарат. Ал ат ойнотуп ортого чыкканда Тайлак буурул атка мингизип Сары баатырды чыгарат, Кабагын түйгөн Сары баатыр элден бата алат. Биринчи беттешкенде эле Мааке найзасын какгырып жиберип, сестейе түшөт. Төртүнчү бет келгенде Сары баатыр сайып түшөт, салт боюнча баатырдын кунун аш ээси төлөшү керек. Ошондон кийин керкитамганын аксакалдары: "Бул жер бизге болбой калды, кан чыгарып алдык дешип, бир тууган эл эртең эле биригип кетет, биз докко калабыз" дешип, күкүк сайраган эрте жазда өз жерибизге көчөлү" - деген пикирге келишет.

Кийинки жылы эрте жазда керкитамгадан чыккан Мадыш атанын Бектору деген кызы жерин сагынып, күкүк сайрай электе эле "Куу арчага конуп, күкүк сайрады" деп атасына барат. Анын тилине кирген атасы элди көчкөнгө камынтат, араң турган эл жапырт көчүп жөнөйт, али убакыт эрте болгондуктан, Сары-Кыр ашуусунда кар жаап, бороондо калышат. Күн ачылгандан кийин кырылган малынын калганын алып, өлгөндөрүн көмүп, Кара-Алмага өтүшөт. Ошол жерден ич ара бөлүнүшүп, отурукташып калышат.

***

Кан Жантайдын уулу Шабдан баатыр кайтыш болгондон кийин 12 жыл арадан өтүп, анын ашын бермекке дүрбөп калышат. Ошол кезде эки Кеминдин элин Самсаалы бий башкарып турган болот. Кыргыз, өзбек, казак, тажик, түрк элдеринен конокто чакырылды. 400 боз үй тигилип ар бир үйгө мейман күтө турган кызматчылар даярдалат. Самсаалы, Эсенали, Кожомберди, казактардан Кененсары, анжияндык кыргыздардан Эгемберди болуш, кылычтамгадан Жаныбек казы деген алты адам аштын башкаруучулары болушту. Ошондо түштүктөн Жаныбек казы, Култай бий, Абдраим болуш Төрөгулов – ал 1870-жылы туулган, Малабеков Алымкул 1860-жылы туулган, Дайырбек манасчы 1850-жылдары туулган, Эгемберди болуш, Жолборс казы, Мав-

лян кары, Акназар болуш деген сыяктуу атактуу адамдар ар кимиси өз жан-жөкөрлөрү менен барган. Мавлян абабыз күрөшкө салам деп Абдыракман деген Балбанды ала барыптыр. Абдыракман Балбан ошондо 50 жашты чамалап, салмагы 160 кг тегерегинде болгон дешет. Бир канча теше жерге жүгөрү эктирип, 50 күн дүмбүл менен багып, анан алып барган дешет. Эгемберди болуш саяктан чыккан Балтабай Балбанды оодарышка салам деп алып барыптыр, Балтабай ошондо кырк жашка чыгып, салмагы 120 кг чамалуу болгон экен. Ал тууралуу айтылуу Эшмамбеттин Токтогул менен айтышында:

Арстанбап,
Чарбактан келген Балтабай,
Балбандыгын айтам ай.
Алын билбей кармашып,
Аркасында бир сарттар,
Асылып жүрөт калтадай,- деп ырдаган эмеспи.

Конокко жайгаштырылгандан кийин, аларга Аркан деген бийдин боз үйүнө жакын жерден орун тийет. Эгемдерди болуш Сейит деген эпчил кишисин атайлап маңыроо көрсөтүп, делбөө кылып, өзү менен өзү болуп жүрө берген сыяктанып көрүнгөн Сейит ошол үйдөн алыстабай сөз тыңшайт. Чогулган бийлер сынчыларга аттарын сынатканда, алар: "Анжияндан келген Акназардын боз аты байге бербейт, бир өкүнүч жүрөгүн кичине май баса түшкөн экен, үч чакырым жерге айланта чаап, бир чака айран ичирип, туурдукка ороп таң ашырса жүрөктөгү май жукарат. Ошондон кийин бул атка биердеги аттар чендей албайт",- дешет. - Дайырбектин чаар аты экинчи келет, бирок мунун ичинде катка кан тезек бар, аны үч чакырым жерге чаап, туурдукка ороп, үйдун сүтүн сууга кошуп ичирсе тезек түшөт". Сынчылар андан кийинки келе турган аттардын да божомолун айтышат. Ошондо аттар 40 км жерден чабылып 100 атка байге сайылган дешет. Баш байге кош өгүз сокосу менен, экинчи атка килем жабылган төө кылып, элүүдөн кийин келген аттарга акча сайылат.

Күрөш башталып, анча-мынча адамды ыргытып ойногон Абдыракманга Сары Өзөн Чүйдөн Кожогелди деген Балбанды салышат, экөө бир сааттан ашык алышып, акыры Абдыракман жеңет, бирок өзү менен тең тайлаша кармашкан Балбанга ыраазы

болуп, аны колтуктап тургузат. Балтабай Балбан эңишке түшүп, казак Балбанын аттан оодарат. Ошол ашта чоң улак, эр сайыш сыяктуу кыргыз оюндары да жасалган дешет. Анжияндан барган коноктору Самсаалы алып калып сыйлап, жолго жетерлик азык-оокатын камдап жөнөтүп, Балтабай Балбанды айылынан Акылкарачач деген жесир аялды алып берип, алып калган дешет. 1916-жылы Кара-Үңкүргө келип, Балтабайды өзүнүн элине тапшырып кеткен дешет. Бул окуяларды Шабдан баатырдын ашында бийлик кылган Самсаалынын уулу Ачы районуна начальник милиция болуп келгенде, болжол менен 1950-жылдары март айында Маматкулов Бырышпайдын үйүндө айтып берген экен. Ошол кезде Бырышпай райондо ревизор экен. А бизге болсо мунун баарын Ташматов Төлөнбай айтып берди. Жашы сексенге таяп калса да кыймыл-аракети тың, акылы зирек бул адамдын көп кайталап, "Ушундай байым",- деген сөзү бар экен.



Төлөнбай Ташматов

Балтабай Акылкарачачтан эки уул көрөт, тун уулу Эсеналы Москвадагы Ломоносов атындагы университеттен агрономия адистиги боюнча жогорку билим алып, кийин Фрунзеге келип, Скрябин атындагы университетте көп жылы ректор болгон. 1993-жылы 80 жашында кайтыш болгон. Ал эми экинчи уулу 4-класстан кийин окуусун уланта албайт, көп жылдар бою бригадир, ферма башчысы болот, 70 жаш курагында дүйнөдөн кайтат. Алардын сөөктөрү Чоң-Кеминге коюлган. Атактуу Балбандан өзүн тарткан Балбан эмес, окумуштуу туулганы таң каларлык...

***

СИЗДЕР БИЛЕСИЗДЕРБИ?

Манастын Акылбек, Казыбек, Өмөрбек деген үч уулу болгон. Ортончу уулу Казыбектен тараган молдо Эркул абабыздын дубандан чыккан күлүгү тууралуу эл оозунда көп сөздөр айтылат. Базаркул менен Каранын атасынын ашында Алмалуу-Булакта дар ойнотулуп, күлүк да чаптырышкан экен. Эркулдун аты ушундай мааракелерде биринчиликти алып, баш байгени берчү эмес. Дөөлөт уулунан чыккан Жолдошбайдын Эркул менен катташы болгон, себеби анын Чолпонкул деген абасы Эркулдун Бүалима деген карындашын алып, күйөө бала болгон экен. Ошол байланышы аркылуу Эркул абанын атактуу күлүгүн үйүргө кошуп, эки эркек кулун алат. Анын бирөө кунанында жоголуп кетип, Жолдошбайдын жээрде күлүгү атасы менен тең тайлашкан күлүк болуп чыгат.

Жоголуп кеткен кунан Нарында бир мааракеде биринчи чыгып, аксакалдар атты таанып калышып кармап алышат. Өзүнөрдөн чыккан ууруну билбейт турбайсыңарбы дешип, аттын сүйүнчүсүнө жүз кой берели дешсе, да тигилер көнбөй коюшат. Акыры ким уурдап бергенин айтып бересиңер деп талап коюшуп, анын атын айттырышат. Аны уккандан кийин "чатак иштер өзүбүздө турбайбы" дешип, кутулган экен.

Жолдошбай колхоздоштуруу башталганда башка малын ортолукка берип, күлүгүн бербей коёт, бирок кайненеси Айкан болуш кийлигишип, күлүгүн ортого бердирип, өзүн колхозго мүчө кылган экен, күлүктү колхоз башкармасы минет. Ат бошонсо эле үйрөнгөн акырына келип, көзүнүн жашын агызып тура берчү дешет.

Кийин Чуңкурчак жайлоосунда улак чабылып жаткан жерден Ниязалы, Кушбак корбашылар 40 атты алып кетишет, Кызыл-Үңкүрдөн чыккан корбашылар Максат абабыздан 40 чырбанга (акча, червонец деген сөздүн бузулган түрү - ред) алган чоң карагер атын алып кетишкен дешет.

***

Ыман аксакал Алчалууда жашап турган учурунда Эгемберди болуш Базар-Коргонго барып келели деп чакыртат. Ыман келет. Кенжекейде Эгембердинин агасы Ороз бай бээ байлап, кымыз болуп турган убак экен. -Экөөбүз кымызга тоюп алып, анан аттаналы, - дейт болуш.

Агасынықына келишсе Ороз кой артынан кетип, жеңеси үйдүн жанында ийик ийрип олтуруптур. Эгемберди: -Кымыздан куюңуз, чаңкоо басты кылып кетели, - десе, жеңеси: - Кымыз ачыбай калыптыр, - деп, алдына эки талпакты ыргытып таштайт. Эгемберди түйүлгөн бойдон камчысын бүктөй кармап, аттанып кетет.

Базар-Коргонго барып келгенден кийин, агасына Аширбай дегендин жесири, Кулжыгачтын кызын алып берет. Ошол аялдан агасы 5 балалуу болот, үч кыз, эки уул. Бир уулунун аты – Манап. Манап ажынын балдары – Абдыш, Ашым.

***

Жаз-Кечүүдөн баштап Сагызганга чейинки сай боюндагы түз жерлерде азыр деле темир устачылыктан калган нерселер кездешет. Темирдин күйүктөрү Жаз-Кечүүдөн баштап эле мындан 40-50 жыл илгери чоң-чоң болуп жатчы эле, азыр чүкөдөй болуп майдаланып кетти. Чал жайлоодогу үңкүрдө адамдын сөөктөрү азыр деле бар, ушул убакытка чейин ал үңкүрдүн төрүнө эч ким жете элек. Археологдор да келишип, бирок алар да төрүнө жетпей кайтышкан дешет. Сураштырсак, "Кен казылган, бирок эмне казышканы белгисиз", - дешет.

Кандын үңкүрүндө (Күрөбөскө жетпей) кендин кырында, Үч кайкысында да үңкүр бар. Кире беришинде арчадан жасалган супачалар бар, бирок ал жерде эмне иш кылышканын эч ким билбейт.

Коло алынышы мүмкүн деп болжолдоого болот. Айкан болуштун абышкасы Токтогул мергенчилик кылып жүрүп, Зындандын зоосундагы таштын үстүнө отун жыйдырып жактырып коюп баса беришип, бир жумадан кийин эриген коргошунду алып келишип, ок жасатчу экен. Ташы калып, эрип түшкөн коргошунду чогултуп алышкан. Көл-Кайыңдан табылган көөрүктүн оозунан түтүктөр чыгарылган. Чанач байланчу жери да кургак

тура турган кылышып, түтүк улашкан. Түтүктөр кумдан жасалып, технологиясын эч ким билбейт. Бир трубаны алып кетишкен, ал Бишкектеги Тарых музейине коюлган, дагы бири Кочкор-Атанын музейинде сакталуу. Бишкектеги түтүктө аны жасаган адамдын манжаларынын изи сакталып калыптыр, буларды мага айтып берген Жалилдин эки манжасы, түтүктөгү бир манжага туура келиптир.

Үңкүрдүн ичинде калган сөөктөр археологдордун айтуусунда мындан 600-700 жыл мурда коюлган адамдарга тиешелүү экен дешти.

***

Сүйлөсө үнү керемет,
Султанга ким тең келет?
Санжыра айтса мээ токтойт,
Сырдуу сөз менен чечмелеп.

Билгенге үнү керемет,
Булбулга ким тең келет?
Баян кылса тарыхты,
Булуттар тиктеп дем берет.

Тирүүлөр кулак түрүшөт,
Тил билгисин сүйүшөт.
Теңирге баары ыраазы,
Тоодой күчтү берди деп.

Унчукпай койбой болбоско,
Урууну бөлүп топ-топко.
Угузат ширин сөз менен,
Ууртунан күлүп ортого.

Санжыранын накта ээси,
Султанга сөз берели.
Сүйлөңүз анда абаке,
Сүйүнсүн түптүү Ачы эли.

Бирди экиге улаңыз,
Билдирип ойду санаңыз.
Баатырын Ачы элинин,
Баяндап эми айтыңыз.

Ооздо сактап келмеңди,
Оолуктурду термеңди.
Отуз ата баянын,
Оожалып айтып бер эми.

Куушуруп далы кетпейли,
Кудайдын барын эстейли.
Коргогон бизди салыктан,
Кунназарды эстейли.

Чындыкты чындай сактайлы,
Чыр чыгарбай барктайлы.
Түптүү элдин баатырын,
Түптүү элдей даңктайлы.



Султан Ыманкул уулу 1926-жылы Ачы өрөөнүндөгү Алчалуу айылында туулган. Соку-Таш мектебинен 7-классты бүтүргөн. "Ачы" совхозу жоюлганга чейин мал чарба тармагында эмгектенген. Төрт уул, 2 кыздын атасы. Миңдин бирине бериле турган куйма кулак, эске тутуу жөндөмү күчтүү, зирек, сөзгө бай, санжыра айт кан адам. Уулдары – Токон, Эрмек, Мадаш, Азимкул, 36 небере, 30 чебере көргөн.

1948-жылдан баштап "Ак-Терек"колхозунда, кийин 1958-жылы Карл Маркс колхозу болуп уюшулгандан кийин ошол колхоздо жылкычы болгон. Жакшы иштегендиги үчүн колхоз тарабынан эки жолу жылкы, бир нече жолу акчалай сыйлыктар менен сыйланган. Кушбак болуштун, андан тараган Рыскул бийдин урпактарынан.

***

Акылбектен – Шадык, Атабай, Чымын. Шадыктан Кара-көлдүктөр, Атабайдан – Ак-Булак, Алчалуулуктар, Чымындан – Акмандыктар, Бакир, Каримдин балдары.

Атабайдан – Айтпай, Рыскул 1-аялынан, Алчыкен 2-аялынан, Тойто, Токтогул 3-аялынан.

Алчыкенден – Кушбак болуш, Бешбак. Айтпайдан – Молдо Осмон, Мураталы. Молдо Осмондон – Али ажы, Стамкул ажы.

Мураталыдан – Бегмат, Эрмат.

Тойтодон – Раимберди, Раманберди. Раимбердиден – Өмөш. Раманбердиден – Калмурат, Досмурат.

Рыскулдан – Эримбет, Досумбет, Молдо Мамадали, Абдылла бий. Эримбеттен – Айдарбек, Нурбай. Айдарбектен – Боромбай, Сарыбала, Жапы, Казак. Нурбайдан – Сарке, Муса, Апсатар, Жапы. Мусадан – Тагай. Апсатардан – Кылыч, Акун.

Кушбак болуштан – Төрөбек болуш, Ботобек болуш, Каримжан, Карыбек, Саипжан. Төрөбек болуштан – Абдыкапар.

Боромбайдан – Төлөш. Төлөштөн – Акматбек, Ысмайыл.

Сарыбаладан – Авазбек. Жапыдан – жок. Казактан – Канболот, Тургунбай, Аскар, Болуш.

2. Досумбеттен – Кара Пасаң ажы, Ыман, Ажыкул. Кара Пасаңдан - Турду, Бечел, Кубатбек. Турдудан – Касымбек. Бечелден – Аттокур, Жумабек, Осон, кыз.

Кубатбектен – Ысакул, Бекмурза, Досумкан, Өмөрбек. Ымандан – Султан, Масиркул. Султандан – Токон, Эрмек, Мадыш, Азимкул. Масиркулдан – Үркүнбай, Маматжан.

Токондон – Эркул, Абдрахман, Абсалам. Мадыштан – Шарабидин, Нуралы, Эламан, Элдияр. Азимкулдан – Кушбак, Рахматилла. Ажыкулдан – Калбай, Багыш.

3. Мамадалиден – молдо Мотой, Молдо Жээнбай, Молдо Токтоназар. Молдо Мотойдон – Маша, Арзымат, Шады. Машадан – жок. Арзыматтан – Кадыр, Мадан, Баратали.

Шадыдан – Дубана, Тополоң.

Молдо Жээнбайдан – уул жак, кызы Иража (Мырзакулдун апасы).

Молдо Токтоназардан – Тагай, Султан.

4. Абдылладан – Айдаркан, Айдаркандан – кыздар.

***

Акылбектен таркагандар



Абдыкапар
Амиракул
Рахман
Эркин
Жең иш
Гуля
Мамат
Жусуп
Пазыл
Бакай
Раимжан
Каримжан
Чынар
Искендер
Мунар
Кумар
Равшан
Урустам
Эсен
Батыркан
Мускакан
Урубай
Рустам
Кадыр
Тамара
Майрам
Соня
Дини
Махбурат
Орозбү
Жалал
Канжар
Алимжан
Абаз
Токтосун
Мусакан
Урустам
Урубай
Низам
Кылыч
Гулбарчын
Гулдаркан
Гулумкан
Кутманбек
Айнуска
Мамажан
Нышанбай
Мырза
Шайлоо
Анарбай
Бакай
Мурат
Талант
Майрам
Актилек
Гулшайыр
Сайипжан
Келдибек
Алтынбек
Сайпидин
Бегмат
Нуржан
Аким
Алимбек
Алтын
Улан
Нурлан
Алмаз
Темир
Мамыш
Талант
Кыял
Сарыбай
Залимбек
Улан
Мирлан
Куку
Ташболот
Шадыкан
Парпибай
Арзыбай
Койлубай
Кең еш
Асылкан
Ысали
Низа
Шарабидин
Аким
Имали
Дадыш
Улугбек
Бахтияр
Мыктыбек
Канболот


Атабай
Осмон
Ырыскулбий
Айтбай
Айчике
Эримбет
Досумбет
Молдомамадали
Абдилла
Сарыбала
Боронбай
Жаны
Казак
Пасан
Кара
Досумкан
Бечел
Ыман
Атикул
Тенизбай
Арзымат
Билал
Султанбай
Мамыркул
Малике
Аалиажи
Айдарбек
Темир
Паташ
Аширбек
Аманкул
Торогул
Кошмат
Оморбек
Матраим
Адан
Шарабидин
Акматбек
Аваэбек
Асилкан
Андалбек
Бактыжан
Азамат
Дооран
Зулум
Айсулуу
Ырыс

Акылбектин Шадысынан таркагандар



Акылбектин Чынкожосунан таркагандар




Атабай
Ырыскул
Айтбай
Алчике
Аалиажы
Осмон
Эримбет
Досумбет
Мамадали
Абдилла
Сарыбала
Боронбай
Жакы
Казак
Арзымат
Билал
Шамши
Осмон
Пасан
Кара
Досумкан
Бечел
Ажикул
Ыман
Султан
Маматкул
Малике
Дарманкул
Абаз
Мейлибай
Бакыт
Кайрыл
Мунун
Орозали
Элчибек
Мавлянкул
Жакып
Ташмат
Токтоболот
Молдоболот
Асан
Үсөн
Төлөгөн
Алманбет
Манас
Карим
Аманбү
Кыдырали
Айтмат
Тайлак
Анарбек
Алмазбек
Бакыт
Аширали
Шукурали
Дурусбек
Дарбагай
Акматкул
Аманкул
Торогул
Кошмат
Оморбек
Аширбек
Матраим
Адан
Акматбек
Абазбек
Айдарбек
Андабек
Тунтой
Айчеке
Доолдай
Мамбеткул
Токтосун
Парпибай
Ыса
Султан
Бакир
Раим


Төрө бектен
Абдыгапар
Каримжан
Сайипжан
Жалал
Низам
Мамыш
Абжапар
Кошалидан
Алимтай
Мамажан
Акмат
Мырзакандан
Шадыкан
Ыман
Ботобектен
Сарыбаш
Сайпидин
Самидин
Кадыркулдан
Бадам
Анаш
Карыбектен
Анарбай
Алымбек
Залимбек
Тайыр
Мыктыбек
Баракандан
Ташболот
Жанболот
Кочконбай
Адилбек
Кабылбек
Мираида
Гулсара
Нарботодон
Райимжан
Савлат
Карим
Аким
Касым
Сейитбек
Венера
Клара
Базарбай
Бакытбек
Жакыпбек
Космосбек
Жаркынбек
Эргешбай
Эрамамат
Нурмамат
Азамат
Гулзина
Озгонбай
Алтынбек
Акылбек
Салирбек
Гулжигит

Акылбектен тарагандар

Атабайдын биринчи аялынан туулган Рыскул бий Акман менен Ачынын аралыгындагы болуштуктарда бийлигин туура, калыс жүргүзгөн адам болгон экен. Эл ичинде жарым тулпар деп аталган өзүнүн Суркызыл деген аты менен Сыр-Дарыяны кечип өтүп Кокон хандыгына жетип, элдин жамандык, жакшылык иштерин бүтүрүп, элчи катары да кызмат өтөйт. Айтканы айткандай туура келип, ар ишти орду менен чечкен бул адам өзүнүн тун уулу Эримбетке багыштын билерманы Акынбектин кызы Толгонайды алып бермекке аттуу-баштуу адамдары менен Кашка-Терекке куда түшүп барат. Акынбек аксакал карып калгандыктан, анын сегиз уулу бар экен, меймандарды ошолордун бири Сейит кабыл алат. Ал меймандардын эмне максат менен келгенин сурабастан эле колунан келген дүр-дүнүйөсүн чачып сыйлай берет.

Качан гана сөз Рыскул бий тараптан чыкканда кепти муюп уккан Сейит: "Сизди жакшы тааныйбыз, Кокон хандыгына чейинки кадырыңызды, эл ичине кылган эмгегиңизди да билебиз, улуу башыңызды кичүү кылып келип олтурганыңыз деле биз үчүн сыймык", - дегендей көп жүйөлүү сөздөрдү айтып, бирок карындашы тууралуу же макул дебей, же жок дебей, атам чечсин деп боюн четке тарта берет.

Атасы Акынбек: "Эл кылган каада-салтты жасап, кызды алып кете бергиле, мен кызыма калың сурап, малга окшотуп сата албайм",- дейт. Буга уулу Сейит да кошулат. Кудаа түшүп келгендер да ыраазы болушуп, сый-урматын кылышат. Аңгыча Сейит: "Суркызылды боз үйдүн кырчоосуна байлап койсоңуз эле, кыз сиздики",- деп ички оюн эми билдирет. Рыскул бий Суркызылын бергиси келбей кыйылып калат. Мундуздун билермандары: "Акынбек аксакал баласын аяган жок, бир жылкы эмнени чечмек эле, бизди сөзгө калтырасыз",- дешип атты бердирип жиберишет.

Суркызылдын капшытка байланганын көрүп Сейит кызыл тукабадан жабылган кыргыз үйдүн ичин жашыл тукабадан жасалган буюм-тайымга, жашыл тукабадан жабылган боз үйдүн ичин кызыл тукабадан жасалган көрпө-төшөк, буюм-тайымга толтуруп, кийин арабаларга жүктөтүп, сеп жасап берет. Ошондо төшөнчүнүн көптүгүнөн кыз-жигитти үстүнө олтургузганда түндүктөн баштары чыгып калган экен деген да аңыз айтылат.

Суркызыл колдон чыккандан кийин Рыскул бий Коконго барып,, кайтканда Суркүлүк деген экинчи аты менен дайрага кирип агып өлгөн дешет. Сөөгүн суучулдар таап беришет, аны эки дөңгөлөктүү арабага жүктөшүп, жол ката мундуздун аламан элдери коштоп өкүрүп келишет. Алчалууга алып келип ариетин жасашат. Өйүз-бүйүздүн эли бүт чогулуп, сөөктү Азирети Аюп пайгамбардын жанына коюшат. Ошондо кыздарынын бири:

Сырды тайыз дединби,
Сүрдү кайык дединби.
Сүрү күчтүү дайрада,
Сууга чөкпөйм дединби.


Долоно саптуу найзаңыз,
Топко тийген пайдаңыз.
Топтун чоңу айылда,
Буга тийген пайдаңыз.

Карагай саптуу найзаңыз,
Калкка тийген пайдаңыз.
Калктын чоңу саналган,
Буга тийген пайдаңыз.


Учтуу эле найзаңыз,
Урууга тийген пайдаңыз.
Уруунун чоңу Кокондо,
Буга тийген пайдаңыз, - деп кошок айткан дешет.

***

Жаныбектен (Тырайма) таркагандар


Жаныбек
Мойнок
Ормон
Карагул
Мерген
Сатыкул
Мамыр
Жанай
Тынай
Карача
Досмат
Молдобай
Ташмат
Ажимат
Асанбай
Калбай
Турган
Бостонбуш
Упол
Мусабай
Ысабай
Кармышак
Ысак
Канат
Аттокур
Тагай
Тешебай
Шайылда
Тилла
Адан
Закир
Одон
Тайлан
Амиракул
Абдилла
Алтыбай
Осмонбек
Ырысбек
Ырысбек
Тойгон
Омуркан
Жакут
Сатыбалды
Попон
Садырбек
Кеже
Кедейбай
Кадырбай
Чакан
Кайып
Кыдын
Оморбек
Айдарали
Токтор
Умот
Кудайберди
Эгемберди
Файзилла
Кишим
Сооронбек
Курманбек
Султанбек
Ырысбек
Кылычбек
Кубаныч
Турдали
Калдарбек
Максат
Мамат
Пакыр
Шамшы
Апжир
Ысман
Мамытбек
Ырысбек
Досбай
Бостонбай
Абдыкадыр

Чынкожо
Эсенбай
Жакып
Кары
Жапаркул
Дубана
Нурбай
Назаркул
Акматкул
Кайрынса
Сабинка
Палван
Нооман
Мамасали
Кочкор
Мамажан
Бакыт
Максат
Молтой
Жантай
Салижан
Набижан
Жениш
Боруш
Энекан
Уулкан
Таалай
Шакир
Бай
Белек
Имин
Абджадыр
Мырзабек
Мсабек
Жуманазар
Шарип
Ырысбу
Канышай
Эрмек
Таши
Абдрахман
Сатар
Абдилла
Касиет
Асан
Калдар
Урайим
Манас
Нышан
Каримжан
Маткасым
Омурзак
Мансур
Коктом
Оскон
Омурбек
Мамакадыр
Абдираим
Арапбай
Абдыкайым
Абдыкайыр
Абдыкамал
Абдыжалил
Абдырайим
Алмаз
Абдыкалил
Алтынбек



Тынай
Кармышак
Ысак
Майрык
Абдысопу
Айылчы
Тагай
Тешебай
Садык
Турдумбет
Козубай
Кожо
Торобек
Баяман
Осмонбек
Ырысбек
Сулайман
Байымбет
Тезекбай
Зайырбек
Жакут
Жаныбек
Карагул
Бегмат
Токтогул
Кедей
Нурпазыл
Дубанакул

Бекиш
Шамурза
Матназар
Макабай
Арзымат
Кудайберди
Матмуса
Разакул
Малик
Зулумбек
Калмат
Рахман
Эгемберди
Асан
Майра
Жолдош
Усон
Бурул
Чыныгул котормодо
Икрамидин
Санталат
Тажи
Ажар
Жамбила
Чырмаш
Тумар
Кумар
Анарбай
Замирбек
Темирбек
Сырга
Назира
Нурзида
Сами
Залимбек
Камчыбек
Аскар
Каныбек
Асылбек
Каламбек
Тачидек
Ашир
Базарба
Закир
Мукаш
Мурат
Зулайка
Кадырали
Каракожо
Карабай
Камал
Ашам
Омон
Бакыт
Аташ
Маман
Тугол
Монду
Дубана
Чынгыз
Тынчтык
Нуртилек
Шакир
Жунус
Абжапар
Болот
Абдимиталип
Абдисатар
Жумагул

Акылбектин Коёшунан таркагандар
(лакабы Чымындар делет)




Эскертүү:
Чокобайдын Айшакан кызынан Матай төрөлөт. Аманбусүнөн Абдырайымдын апасы төрөлөт (Кайырмадагы)


Жаныбек
Мерген
Мойнок
Ормон
Карагул
Мамыр
Сатыкул
Молдобай
Карача
Жанай
Тынай
Шайылда
Адан
Тилла
Мусабай
Ысабай
Сатыбалды
Калмат
Попуш
Садырбек
Кеже
Мундуз
Жылдыз
Кундуз
Закир
Амиракул
Одон
Тайлан
Тойгон
Жакут
Омуркан
Андалбек
Жалал
Мария
Чынар
Ысман
Мамытбек
Ырысбек
Аттокур
Абдилла
Алтыбай
Ырысбек
Карача
Ажимат
Ташмат
Асанбай
Калбай
Пакыр
Шамши
Мамат
Сиражидин
Соорон
Курманбек
Султанбек
Ырысбек
Кылычбек
Кубаныч
Кыдын
Оморбек
Досбай
Абдыкадыр
Токтор
Досмат
Кеденбай
Кадырбай
Чечен
Кайып
Умот
Кудайберди
Эгемберди
Файзулла
Бостонбай
Айтбай

Жаныбек
траймалар
Акман
Алдозбай
Абакан
Абышка
Турдумбет
Байымбет
Турдали
Ысмайыл
Абдысопу
Майрык
Салык
Салайдин
Кулбай
Ысак
Тешебай
Осмонбек
Ырысбек
Самидин
Ныйза
Балыш
Пазыл
Саке
Бообек
Жаныбек
Жараке
Отомуш
Мойнок
Ормон
Карагул
Сатыгул
Мерген
Мамыр
Тынай
Жанай
Калмат
Мусабай
Ысабай
Кармышак
Закир
Амиракул
Одон
Тайлан
Тойгонбек
Нурлан
Нурбек
Мирбек
Соорон
Курманбек
Султанбек
Ырысбек
Кылычбек
Тынычбек
Кубанычбек
Турдали
Калдарбек
Максат

Молдоштон тарагандар



Жогоруда белгиленгендей Акмандын үч уулу болгон – Абакан, Алдосбай, Абышка. Абакандын байбичесинен (Шайдабүдөн) 5 уул. Алар – Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көгайдар. Экинчи аял Орунбүдөн – Көкчөгөз, Ожурай, Карагул. Бул сегиз баланын лакап аттары: Биринчилери – Бээ байлабастын беш уулу, берки үчөөнү кошкондо "Ак үйлүү бай мундуз" деп аталат.

Алдосбайдан – Эшпер, Манас. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмөрбек. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт.

Абакандын 4-уулу Дүрбөлдөн кийин бир нече ата өткөн соң, азыркы учурда өмүр улап жүрүшкөн жарандар жөнүндөгү маалыматтар Барболот ажыдан баштап берилди. Булардан Садир бий чыккан. Ал Базар-Коргондогу атышууда өлгөн. Сашка, Мишка деген орустар бийди таанып, кечирип койгула билбей калыппыз дешкен экен. Ал соодагерчилик да кылып, жанынан алтын үзүлчү эмес дешет, Кашкардан короосу менен кой алдырып, төлдөтүп козусун саттырып, кийин койлорду семиртип сатып бей-бечараларды салыктан кутултчу экен. Аны өлгөндөн кийин сууга алып жатканда, каткырып бир жолу күлүп жиберген экен дешет.

Барболот ажы – Маат, Садыр бий, Ажымамат, Исак. Садыр бийден – Масиркул, Рысбай, Кочкорбай, Парманкул.

Ажымаматтан – Барпы, Каныкей.

Исактан – Муктар.

Масиркулдан – Шарип, Зымырат, Базарбү, Жакып, Калдык, Кайры.

Рысбайдан – Эсенбай, Эркинбай, Майрамкан.

Кочкорбайдан – Тургунбай, Турдубай. Парманкулдан – бала жок.

Барпыдан – Базарбай, Мисир.

Муктардан – Бакыт, Дурус, Манас, Надир, Анипа, Фатима.

Эсенбайдан – Абделнасир, Абделзакир, Абделкапар, Сулайман, Абдисамат, Айтикан, Жумакан, Назгүл.

Эркинбайдан – Азамат, Кубаныч, Нургүл.

Тургунбайдан – Самаган, Сүйүнбек, Мира, Гүлжан, Аида.

Мааттан – 1-аялдан: Капарбек, Кадырбек. 2-аялдан – Жанызбек, Жакыпбек, Улаш, Жакып, Адылбек. Капарбектен – Аскарбек, Авазбек, Кубаныч, Гүлнар, Толгонай.

***

Ыманкулдан – Атчабар. Атчабардан – Ашимбай, Эшабат, Самидин, Сайпидин, Саламат.

Ашимбайдан – Эркин, Надир, Байыш. Эркинден – Кыял, Курал.

Надирден – Раушан, Канат, Кайрат.

Самидинден – Жусупбек, Шадибек (Шакан), Акбарали, Орозали, Көчөн, Нурлан, Жыпар, Гүлнур, Акбермет, Жылдыз.

Сайпидинден – Аскарбек, Айбек, Нурбек.

Ыманкулдун аталары Кунназар баатырга жээн болушат. Азыркы учурда Ыманкулдан таркагандар Шатырак (Жаңы-Ачы), Мундуз айылдарында, Көк-Арт дайранын жээгинде өмүр улап келишүүдө. Мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштешүүдө.

***

Бактыбайдан – Мисир, Кожомберди. Мисирден – Зупан менен Абжанбайдын апасы Орун.

Кожомбердиден – Нышанбай, Анарбай, Ырысбай. Нышанбайдан – Калдар 1-аялынан, Алимбек 2-аялынан, Саякбай, Өскөнбай, Ташкенбай 3-аялдан.

Анарбайдан – Акмат.

Ырысбайдан – кыз бар, аты Пазилат

Санжырачылардын айтуусу боюнча Батырбайдын чоң аталары Кулназар баатырдын аталарына тууган болот экен. Азыркы күндө Шатырак (Кичи-Ачы) айылында жашоо улап өмүр сүрүүдө.

***

Илгери Жаңы-Дыйкан, Орто Азия, Благовещенка, Кызыл-Сеңир, Кызыл-Байрак, Ак-Баш (Спасовка), Таштак айылдары турган аймак Ак-Баш деп аталган. Жаңы-Дыйкан деген жерде жашагандарды канчылар деп аташкан. Ошол канчылар жашаган айылдын этегинен Базар-Коргонго өтө турган жерде, түнт, камыш баскан, майда бадалдар аралаш өскөн токой болгон экен.

Ошол токойду аралап өткөн жалгыз араба жолдон Кокон хандыгынан келип салык жыйнап жүрүшкөн адамдардын оро-парасынан бир бала жолборс учурап калыптыр. Андан өтүп кете алышпай айласы куруп турганда, арасындагы бир адам: «Мунун айласын мен билем, силер кыймылдабай отуруп тургула»,- дейт да арабадан бир атты бошотуп минип, жогору көздөй кетет. Ошол бойдон токтолбой жүрүп олтуруп Кунназарга барып болгон окуяны айтат. Кунназар баатыр да бүгүн салыкчылардын келип-кетер күнү экенин билип, Кой-Таштан ылдыйлап келе жаткан экен. Жоо-Жарагын албастан, «Бала жолборс болсо, анын айласы оңой эле деп, Мамаке баатырды ээрчитип өзү келет. Колуна болгону аса таяк баштанган катуу келтеги болот. Үрөйлөрү учуп, коркуп калган арабакечтердин жанына келип, учурашып, дагы бир топ нерселерди айтып кобурашып, алп денеси менен салыкчылар кучакташып, буттарын жерден жаш балача үзүп ала коюп көрүшөт. Ошол жерде канча адам болсо да Кунназарды бири да тике карай албайт, анткени Кунназардын көзүндө ошондой керемет күч болгон.

Андан кийин буйдалбастан бала жолборсту көздөй жөнөйт, атка минерде Кунназар кыл арканын жаңынан үзчү эмес, оттуу жерге келгенде атын аркандап койчу. Бу сапар да ээр кашка илинген кыл арканды кармап, алдыга бастырды. Жыт алган ат кошкуруп, кулактарын тикчийтип, бала жолборстун жакын эле жерде экенин туйдуруп турду. Кунназар таягын оңтойлуу кармап, жолборс кайсы тараптан ыргыса да ошого даяр болуп алгалай берди. Бала жолборс камышты шатыратып келип, ачыкка чыгып, ырылдап, анан секирип, Кунназарга бой урду. Анын ар бир кыймылын байкап турган Кунназар баатыр таяк шилтөөгө үлгүрдү. Катуу кыйкырык чыгып, бала жолборс жолго төрт аягы сунулуп жатып калды. Атынан түшүп, жолборстун буттарын кыл чылбыр менен таңып, кемечтеп, желкесине салып, атын жетелеп, салыкчылардын жанына келет да: «Мышыктын баласынан да коркосуңарбы?»,- деп арабага жолборсту таштап, Топурак-Белге чейин узатып барган экен. Салыкчылардын иреңине эми гана кызыл жүгүрүп, жолун улап кетишет.

***

Орустар тац калышты

Айыбы жок адамдар,
Аландашып калыптыр.
Ачык асман астында,
Айланасы таарыптыр.
Күнөөсү жок адамдар,
Күдүңдөшүп калыптыр.
Көк асмандын алдында,
Көрөөр күнү таарыптыр.
Дини башка адамдар,
Дирилдешип калыптыр.
Сөзү башка адамдар,
Сөзгө келбей калыптыр.
Жини башка адамдар,
Жинди болуп калыптыр.
Эси башка адамдар,
Эсинен такыр таныптыр.
Жыты башка адамдар,
Жыгылганы калыптыр.
Көзү башка адамдар,
Көрөр күнү таарыптыр.
Ою башка адамдар,
Ойлонуудан калыптыр.
Тили башка адамдар,
Тентиреширип калыптыр.
Теги башка адамдар,
Тилден такыр калыптыр.
Өзү башка адамдар,
Өлөйүн деп калыптыр.
Арабага үйүлүп,
Аландашып калыптыр.
Жүрөгү начар адамдар,
Жыгылышып калыптыр.
Шайтаны көп адамдар,
Шашылышып калыптыр.
Коркуп калган орустар,
Эстерине келишти.
Эли башка адамдар,
Бою башка адамдар.
Сүрү башка адамдар,
Түрү башка адамдар.
Көздөрү менен көрүштү,
Шордууларда эмине.
Шор мээнет баскан кезинде,
Шашылыш батып кайгыга.
Оозуна кирбей эч нерсе,
Туруп калган кези эле.
Алдынан чыгып ач жолборс,
Айкырыкты салганда.
Аландаган орустар,
Оозунан ыргып сөздөрү.
Батышкан укмуш кайгыга,
Көздөрү шордуулардын.
Жолборс кеткен тарапта.
Колдору эле кыймылдайт,
Сөздөн кетип калыптыр.
Белдери эле кыймылдайт,
Буттан кетип калыптыр.
Баштары эле кыймылдайт,
Эстен кетип калыптыр.
Шайтандар шаштын алыптыр,
Шалакташып калыптыр.
Коркунуч шаштын алыптыр,
Колоктошуп калыптыр.
Безилдеп шашын алыптыр,
Безилдешип калыптыр.
Эпилдеп шашып алыптыр,
Эпилдешип калыптыр.
Азыткы шаштын алыптыр,
Акылдашпай калыптыр.
Жиндер шаштын алыптыр,

Жылбай туруп калыптыр.
Тоорума шаштын алыптыр,
Толбой туруп калыптыр.
Азгырык шаштын алыптыр,
Айласы кетип калыптыр.
Коркконго кош көрүнүп,
Коркунучта калыптыр.
Жылбас оору багынтып,
Жылас болуп калыптыр.
Турбас оору багынтып,
Турбас болуп калыптыр.
Жүрбөс оору багынтып,
Жүрбөс болуп калыптыр.
Күлбөс оору багынтып,
Күлбөс болуп калыптыр.
Тилмечтин сөзүн укпады,
Тирилип көзүн ачпады.
Суу сепсе да жүзүнө,
Суу экенин туйбады.
Бечара тилмеч аларды,
Ойгото албай кыйналды.
Урса дагы жаагына,
Уйкулуу көзүн ачпады.
Кунназар тиктеп аларды,
Коюп ийбей жаагына.
Коркунучтуу бакырды,
Орустардын уйкудан,
Ошондо көзү ачылды.
Дөө турганын алдында,
Дароо эле байкады.
Тоо турганын алдында,
Туурасы эми байкады.
Шаа турганын алдында,
Шашылышпай байкады.
Ажалы жетпей калганын,
Ажалсыздар байкады.
Жолборс кеткен тарапты,
Жобурашып айтышты.
Тилмеч турду которуп,
Түшүндүрүп жагдайды.
Уксун деп кеткен жолборсту,
Кунназар дагы бакырды.
Айбанды тилсиз жойлогон,
Беттешүүгө чакырды.
Зоот кийимин кийбеди,
Зоодой эле жүрөгү.
Сол ыптага канжарды,
Кынына салып байлады.
Чокморун кармап колуна,
Чочулоо жок салмактуу.
Сол колуна калканын,
Сонун кылып кармады.
Согуучудай жолборсту,
Сан эсепсиз айлантты.
Келе бер деп жолборско,
Кунназар дагы бакырды.
Адамдын үнүн укканда,
Айбан да болсо токтоду.
Артына кайра бурулуп,
Адамды издеп жойлоду.
Келээрин билип жолборстун,
Коркпосун деп орустар.
Алыстап барып токтоду,
Канча убакыт өткөнүн.
Кунназар да билбеди,
Канча убакыт өткөнүн,
Орустар да билбеди.
Бир кезекте аркырап,
Жолборстун үнү угулду.
Чочулашып орустар,
Денелери курушту.
Эми эмне болот деп,
Тилден калып турушту.
Кенебеди Кунназар,

Бакырыгын жолборстун.
Элебеди Кунназар,
Бала жолборс экенин.
Билип турду Кунназар,
Беттешүүгө келээрин.
Сезип турду Кунназар,
Көөдөнүнө өзүнүн.
Толуп турду Кунназар,
Бүркүт болуп учаарын.
Буйдалбай тез аларын,
Боолгоп турду Кунназар.
Сокмо жолго батпаган,
Бала жолборс көрүндү.
Чочубады Кунназар,
Айкырыгы таш жарган.
Ааламга кең батпаган,
Айбаттуу жолборс көрүндү.
Акылынан ой тообо,
Айныбады Кунназар.
Мыйыгынан жылмайып,
Муюп түрдү Кунназар.
Ууртунан жылмайып,
Уюп турду Кунназар.
Күчүнө күч кошулуп,
Күлүп турду Кунназар.
Алына ал кошулуп,
Ашып турду Кунназар.
Кайратынан тайбастан,
Карап турду Кунназар.
Оролунан бөксөрбөй,
Оргуп турду Кунназар.
Эриндери барбайып,
Эргип турду Кунназар.
Көздөрүнөн от жанып,
Карап турду Кунназар.
Булчуңдары түйүлүп,
Бөлүнбөдү Кунназар.

Оң колдогу чокморду,
Оңдоп турду Кунназар.
Сол колдогу калканды,
Сомдоп турду Кунназар.
Ач жолборстун келишин,
Аңдып турду Кунназар.
Бала жолборс жүгүрдү,
Бара-бара күүлөндү.
Айбандын бир милдети,
Алышаар жоого секирүү.
Аны билген Кунназар,
Алдыга кадам шилтеди.
Асмандаган жолборстун,
Айбатынан коркподу.
Эки көзү балбылдап,
Күйгөнүнөн коркподу.
Ач тырмагы жандууну,
Аларынан коркподу.
Таштын кулап төбөгө,
Тийээрине коркподу.
Селдин агып жандууну,
Аларынан коркподу.
Көзүнөн кызыл от жанып,
Тиктегенде Кунназар.
Асмандаган ач жолборс,
Көзүн жумуп жиберди.
Айбатынан адамдын,
Жоголду алдуу бир деми.
Кунназардан башка жан,
Бул сыйкырды билбеди.
Жолборс жакын келгенде,
Катуу уруп калканды.
Оң жакка боюн таштады,
Калкандан от чыкканын.
Орустар көрүп таң калды,
Эси оогон ач жолборс.
Эсинен таңып жыгылды,

Ажалы жеткен ач жолборс.
Жерге түшүп жыгылды,
Жыгылганда ач жолборс.
Чокмор менен башка урду,
Кайрылып кайра урбады.
Жолборсту алсыз аяды,
Мыйыгынан жылмайып.
Жонунан таптап сылады,
Эси оогон ач жолборс.
Эсине кайра келгенче,
Жыгачка керип буттарын.
Жыгачка керип колдорун,
Байлоону баатыр каалады.
Бул ойду баатыр самады,
Өз атын көрүп Кунназар.
Беш, он кадам баспады,
Бакырып калды орустар.
Артынды баатыр кара деп,
Чаңырык салды орустар.
Тилмечтин үнүн тааныды,
Артына баатыр карады.
Артына баатыр караса,
Асмандан көрдү жолборсту.
Ойлонбостон болбосту,
Артка таштап бир кадам.
Күүлөнүп калган жолборстун,
Күүсүнө күүсү болбостон.
Күүлөнүп баатыр асманга,
Кекиртектен кармады.
Күүлөнүп калган жолборсту,
Күүсүнө күү кошту да.
Күчүн топтоп бир жерге,
Күүлөнтүп жерге бир койду.
Онтоп ийди ач жолборс,
Эси оогон бойдон жым болду.
Буга баатыр көнбөдү,
Бугу чыкпай жиндеди.
Көтөрүп жерден жолборсту,
Үч жолу жерге бүктөдү.
Буттарын кербей жолборстун,
Колдорун кербей жолборстун.
Тумчуктуруп өлтүрдү,
Терисин сыйрып алгын деп.
Тилмечке баатыр сүйлөдү,
Орустарга айтып кой.
Оюна ойду салып кой,
Мышыктын бул баласы.
Мыёолотпой терисин,
Тилмечим эрте сыйрып кой.
Орустар көрүп таң калды,
Опол тоодой адамды.
Канап жаткан далысын,
Топурак сээп токтотту.
Топурак кургап калганда,
Күүп салып баарысын.
Сийдигине жууду да,
Атына минип Кунназар,
Көздөн учуп жок болду.

***

Ат үстүндө бел чечпес,
Айтса сөзү түгөнбөс.
Акылдуу жан Акимбек,
Айтканын эч өзгөртпөс.

Тактыкты дайым жактырган,
Талабы күчтүү башынан.
Туура сөздү пир тутуп,
Теңирсиз иш кылбаган.

Эзелтен ак жүрөгү,
Эл башкарып күн көрдү.
Эсепсиз ишти аткарып,
Элинин жүгүн көтөрдү.

Көргөнүн айтып дайыма,
Калтырбай көз жаздымга.
Кылымдын ачып барагын,
Күн тийгизет тарыхка.

Алла күч берип тилине,
Атаган миңдин бирине.
Санжырачы Акимбек,
Сыналды элдин ичинде.

Уламыш ойго табыштай,
Укканын айтат шашылбай.
Угузат элге ширин сөз,
Унутта такыр калтырбай.

Берилген миңдин бирине,
Бал тамызган тилине.
Бүрдөнөт күндө Акимбек,
Белгилүү элдин ичинде.

Оожалгын тарых изилдеп,
Оомат сага Акимбек.
Оош-кыйыш заманда,
Оюңду койбо жүгөндөп.

Жолумдан күндө тосорум,
Жаныма өбөк болорум.
Жазылган, жазаар ырларга,
Жан киргизер ойлорум.

Жеткилең ой мендеги,
Жакшы ырларды береби.
Санжырачы сендейдин,
Сынынан деги өтөбү?

Таасын ойлор мендеги,
Таасирин ырга береби?
Туура сөздүү тарыхчым,
Тууруңа сенин жетеби?..



Солдон оңго отургандар:
Төрөбек Мамашов, Ыман уулу Сұлтан.
Тургандар: Акимбек Акматов, Мамашов, Жеңиш Тагаев.



Кызыл-Туу айыл округунун ардактуу атуулу Акматов Акимбек 1953-жылы 10-февралда Ачынын Ак-Терек айылында туулган. 1970-жылы орто мектепти аяктап, 1973-жылга чейин чарбада эмгектенген. 1973-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетине тапшырып, 1979-жылы бүтүргөн. Университетте сырттан окуган. 1970-73-жылдары Сузак районунун Сузак айыл өкмөтүндө бухгалтер болуп иштеген. 1973-76-жылдары райкомпрофсоюзда инструктор-ревизор болгон. 1976-79-жылдары Кара-Алма орто мектебинде мугалим, 1979-1985-жылдарда Карл Маркс атындагы колхоздо райком комсомолдун укугу берилген комсомол комитетинин катчысы, 1985-89-жылдары Эл депутаттарынын Кызыл-Туу айылдык кеңешинин аткаруу комитетинин жооптуу катчысы болуп иштеген. 1979-89-жылдарда эл депутаттарынын Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган.

1989-93-жылдары Жалал-Абад канаттуулар фабрикасынын профсоюздук уюмунун төрагасы, 1993-95-жылдары Жалал-Абад шаардык кесипчилик техникумунда коомдук башталыштагы элдик контролдоо комитетин жетектеген. 1995-98-жылдары Кызыл-Туу айыл округундагы мундуз айылынын башчысы болгон. 1998-жылдан 2004-жылга чейин Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын социалдык маселелер боюнча орун басары, 2004-жылдан 2007-жылдар аралыгында Коомдоштукту өнүктүрүү жана инвестициялоо (АРИС) боюнча өкмөт башчынын орун басары болуп иштеп туруп, 2007-жылдын октябрь айында Сузак райондук социалдык фонд башкармасынын башчысынын орун басары болуп которулган жана ал жерден ардактуу эс алууга чыккан. Ал кайсы жерде иштебесин өз ишин мыкты билген жана туура иштеген адис катары таанылган. 2006-жылы райондук кеңештин депутаты болуп шайланган.

Бир катар Ардак грамоталар менен сыйланган. Өмүрлүк жары Акматалиева Курванбү – Баатыр эне, учурда ардактуу эс алууда

экендигине карабастан "Росинка" балдар бакчасынын директору болуп иштеп жатат. Алардын үч уул, төрт кыз, 13 небереси бар.

Кыргыз элинин санжыра, каада-салттарын жаштарга түшүндүрүү менен учурдагы саясаттын эл колдогон жагын жактайт. Уруусу – мундуз, жетинчи атасы – Назар.

Назардан – Көрпөбай, Келтеней, Солтоной, Сөлпү. Көрпөбайдан – Эсенгелди, Эсенгелдиден – Эркебай, Эркебайдан – Ашыр ажы, Көчкөнбай, Кожомкул. Эркебай атабызды оң, сол тааныган, ал атактуу баатыр адам болгон экен, элин сырткы душмандардан коргоп, уруктун эркин жашоосун максат кылып жүрүп, Эркебай куу найза деген атка конгон. Азыр деле Ачы өрөөнүнүн Кой-Таш айылынын сол тарабындагы узун колот Эркебай кыштоо деп аталат, аны жалпы эл билет.

Эркебай кыштоого чоң атабыз бадам, мисте, жаңгак жана башка көптөгөн мөмө-жемиш отургузуп, бак-даректуу гүлзарга айландырган экен, андан бери канча мезгил өтсө да, бадам, мистелери бүгүнкү күндө да мөмө берип келет.

Эркебайдын урпактарынын жана улгайган, санжыраны билген адамдардын айтуусунда азыркы учурда да сакталып калган Супа дөңсөөсү Эркебай жигиттеринин күчү менен турпак төктүрүп, бийиктигин он беш метрге жеткирип көтөртүп, ал жерге боз үйүн тигип, жанына жоо-жарактарын илдирип, мамыга тулпарын байлатып, Найзасын сайдырып койчу экен. Муну көргөн сырттан келген душмандардын тыңчылары сыртка кабар берип душмандардын басып кирүүсүн токтотуп турган дешет. Ошондой эле мерчемдүү кырлар менен чокуларда сакчылар турчу экен.

Өмүрүнүн акырында Өзгөн-Кытай чек арасында эр сайышка чыгып, оор жарат алып калат. Аны уккан ошол жердик бир мундуздун кызы чоң атабызды дарылап, эл көрбөгөн тоо арасында, шар аккан суунун боюнда карайт, бирок ага болбой жараты ырбап көз жумат.

Эркебайдын көзү өткөндөн кийин ошол эжебиз табытын салкын жерде сактап, Ашир атабызга кабар жеткиртет. Молдо Ашир кабарды уккандан кийин сөөгүн алып келип, Азирети Аюп мазарына койдурат. Чоң атабыз Эркебай чоң уулу Аширди Ак-Терекке бөлүп, үй-жай салып берген, ал эми Көчкөнбай

менен Кожомкул деген уулдарын Акманга бөлгөн экен. Бүгүнкү күндө алардын урпактары Акманда жашашат.

Ашир атабыздан – Койчу, Жусуп, Калымбет, Жолдош, Жантөрө, Асан.

Койчудан – Али, Жумали. Алиден – Беки, Бекиден – Койлубай, Орунбай. Жумалиден – Нуркалил, Нуркалилден – Улан, Нурлан.

Жусуптан – Көкө, Мамазакир. Көкөдөн – Сары, Сабыр. Сарыдан – Максат, андан Абжапар, Талант, Кунанбай. Сабырдан – Автандил, Куштарбек. Мамазакирден – Улан.

Калымбеттен – Өсөр, Борбугул, Бусурманкул, Балбай.

Жолдоштон – Акмат, Кочкор, Адылбек. Акматтан – Акимбек, Акимбектен – Алымбек, Зулумбек, Элдарбек. Кочкордон – жок. Адылбектен – Кубан, Курманбек, Нурлан, Алтынбек, Равшан, Нургазы.


Жантөрөдөн – Токтогул, Дадый, Маматжан. Дадыйдан – жок. Маматжандан – Кыдың.


Асандан – уул жок, кыздары бар.



Солдон оңго: Жеңиш Тагаев,
Андалбек Машрапов, Акимбек Акматов.

Бообек
Манас
Акылбек
Казыбек
Оморбек
Талканбай
Орок
Суйундук
Эшпер
Ботобай
Доолот
Эшим
Эшбото
Молдо
Найман
Маман
Семетей
Карагул
Келтекей
Така
Солтокой
Омон
Чирикчи
Ажибай
Эшкожо
Токто сопу
Абдракман
Нурак
Корпобай
Эсенгелди
Баястан
Мингуш
Эркебай
Аширбай
Кочконбай
Кожомкул
Баку
Назар
Кулболду
Сопу
Муратбек
Назаримбет
Уметали
Акмат
Кара
Мойдун
Залимбек
Орозбек
Жоробек
Нурумбет
Кулназар
Энназар
Куши
Салма
Мурзаким


Эгемберди
Жээнбек
Абакир
Полот
Кылыч
Келдибек
Орозбек
Кожомберди
Ысмайыл
Исирайыл
Алсатар
Апсамат
Абдубали
Султанали
Абдираим
Камбарали
Айдарлаи
Калыбек
Кочкор
Чолто
Дадай
Абдыкерим
Шералы
Эралы
Бакыт
Назар
Солпу
Муратбек
Кара
Акмат
Назаримбет
Умотали
Нурумбет
Адилбек
Кулназар
Эназар
Абдыкалык
Мааткалык
Анарбек
Абдилаш
Турат
Жок
Кулаш
Мурзаким
Мойдун
Замиш
Орозбек
Жоробек
Пусурман
Сулайман
Алишер
Тологон
Тазабек
Таалайбек
Калбай
Мухамбет
Жалал
Токтосун
Ырысбек
Дурусбек
Арстанбек
Асан
Амира
Улан
Азамат
Максат
Кубаныч
Ибраим
Коконбай



Назар
Корпобай
Келтепей
Солтоной
Солпу
Эсенгелди
Баястан
Мингуш
Эркебай
Ашир
Кожомкул
Кочконбай
Жусуп
Маман
Койчу
Калымбет
Сатар
Молдош
Жолдош
Жанторо
Асан
Коко
Мамазакир
Табылды
Ысман
Аали
Жумали
Искандар
Батырбек
Бекей
Маматкул
Осор
Борбугул
Бусурманкул
Балбай
Кежебай
Токтогул
Аттокур
Мамажан
Толгон
Перизат
Кадабай
Сарыбай
Сабыр
Улан
Аталык
Мадумар
Тажибай
Акмат
Кочкор
Адилбек
Жунус
Баатыр
Эраалы
Усон
Кулпидин
Нурдин

Бакы уулу Назардан таркагандар





Биз биринчи Бактыбай уругунун таралуу схемасына токтололу:



1 Айылчынын 4-уулу Жумадан

Гулайым, Айымбү , Канымбү

1 Бакы уулу 5. Талканбайдан таркагандар

1 Сарыбай

1

1 Садык

1 Капар	2 Эркин	Калсыз Суусар


1 Ысмайыл	2 Шайданбек	3 Батырбек	Марапат, Пазылат, Төрөайым Жамила, Жумакан, Жыпдыз

1 Мавлянбек	1 Шайданбек	1 Нургазы
2 Дө ө лө т	2 Ниязбек	2 Расул
Клара Гү лзат Барчын	3 Жү сү пбали Бактыгү л Назира Бурулай	3 Алымбек Айчү рө к


1. Ботобай уулу 3-Кулболдудан таркагандар




1. Ботобай уулу 1-Бакыдан таркагандар




Карагул уулу 4-Кожомбердиден





Карагул уулу 5-Көчөрдөн




Карагул уулу Базарбайдан










1. Эшим уулу 2. Наймандан
1. Машрап
1 Андалбек
2 Аскарбек
3 Бактыбек
4 Анварбек
Жамал, Чынар, Бермет
1 Асилбек
2 Таалайбек
3 Замирбек
4 Зарылбек
5 Айбек
6 Союзбек
Кипариса
Гулнара
Шайыргүл
Майгүл
Эльвира
Аиса
1 Мыктыбек
Венера, Гулмира, Бактыгул
1 Азамат
Жипариса, Айпери, Мээрим, Сүездбек
Асель, Алина, Зирек, Сейил, Эрмек
1 Нурсейит
Элнура
1 Бексултан
2 Сыймык
Айчолпон, Айтурган
1 Мелис
2 Азизбек
Анара, Динара Бибигул
1 Данияр, Айида, Таттыбүбү
1 Улукман
2 Самаган
Гулзада
1 Байыш
2 Курманбек
Үрүнүса
1 Рахманали
2 Осмонали
3 Шавкат
4 Адыл
5 Асанбай, Анаркан, Рахима
Толкун
1 Пусурманкул
2 Акман
3
Кумар, Тумар, Улар, Мунар, Акман


2. Эшбото уулу 2. Үзөнбектен
1. Айылчы
2. Жайчы
1. Мамыт
2. Нуру
3. Максат
4. Жума
1 Сатыкул
2 Татыкул
3 Мусакул
4 Алтымыш
Абаз
Жумукан
1 Кубанычбек
2 Арапбай
3 Бактыбек
4 Шамилбек
5 Шаирбек
1 Таштанбек
2 Сүйүнбек
3 Арзибек
4 Дамирбек
Мээркан
Калия
Жыпар



1 Айылчы уулу 2-Нурудан
1 Апаз
2 Абдилла
3 Табылды
Өлмас
1 Түмөнбек
2 Акимбек
3 Адилбек
Разия
Лайли
1 Анарбек
2 Кочкорбай
3 Мурат
4 Жантай
Тоту
Уулкан
Калыскан
Алтынай
1 Равшан

1 Айылчы уулу 3-Максаттан



Бакы уулу 2-Эшботодон таркагандар




1. Жанибек уулу 3. Акайдан
1. Осмонали
2. Султан
Асель , Турдубуш, Гулшан
1. Мамажан
2. Мамирали
1. Мавлянкул
1. Үмөтали
1. Зулпукар
2. Маратбек
3. Чолпонбек
Зымырат
Жакут
1. Маматазим
2. Абдилазим
3. Махмал
Бүжажар
Калбү
Бегимай
2. Айтбай
3. Сүйөркул
4. Советбек
5. Парманкул
Салия
Гүлбара
2. Ниязалы
3. Шумкарбек
4. Эламан
Элмира
1. Манас
2. Жениш
Эльвира
1. Гүлжигит
2. Эржигит
Нуркыз
1. Алтынбек
Айгүл

Кийинки учурларда акмандыктардын жана Ачы элинин үшүн алган окуя Жолборс токойдо чоң жолборстун пайда болушу болду. Болжол менен 300 гектар чамалуу жерди ээлеген бул түнт токойдун келбети анда азыркыдай эмес эле. Ал жерде мөмөлүү даректардан баштап, түркүн бак-даректар арбын болгон экен, жаратылыштын бузулушу, тынымсыз болуп турган жер көчкүлөрдүн, адам баласынын этибарсыз аракеттеринен улам ата-бабаларыбыз көргөн ал токойлор жок болуп кеткени, азыр токойдун жок санда болуп калганы өкүндүрбөй койбойт. Азыр долоно, караган, алча сыяктуулар гана калган. Кээ бир жерлеринде бака теректер бар. Кудаанын кудурети, азыр ошол Жолборс токойдун бардык түзү, түндүгү менен түштүгү, чыгышы менен батышы жолборс өзү тырмагы менен зерикпей тырмап чыккандай көчкү, бут коёрго жер жок. Эми гана тамыр жая баштаган даректардын көчөттөрү асманга бой керип, көчкөн жерлер аз-аздап түзөлүп барат.

Айылдан жайылып чыккан уй, жылкыларга чейин кол салып, жара тартып кетип жаткан жолборс тууралуу аңыз кептер улана берди. Ал тургай ачыгып калган учурда жалгыз-жарым атчандарга ыкыс бергени тууралуу айтып жатышты. Тек койсо, айылга кирип келбейт деп ким кепилдик бере алат. Аксакалдар өз ара кеңешип Кой-Ташта жашаган Кунназар баатырга кабар бермек болушту. Жолборско каршы бара ала турган жолборс жүрөк жалгыз адам ошол болуучу.

Кунназар баатыр элдин өтүнүчүн кабыл алды. Жок деген жок. Жолборско каршы баруу канчалык опуртал экенин билип турса да, баргандарга сыр билдирбей, “Бу ажалы жетип өзү келген жолборсту мурда эле эмнеге айтпадыңар”, - деп суроо таштап койду. Баргандар бешим намазын окуп кайра тартышты, Кунназар алардан жолборстун кайсы маалда жортуулга чыгарын, кайсыл чендерде эс аларын, жем издеп чыгар жолун сураштырып алды. Жалгыз жүргөнүнөн улам жолборс үйүрүнөн адашып калганын байкады, же өз аралынан куулуп чыккан болушу ыктымал. Ач калган жолборс алдынан эмне чыкса жара тартып кете берерин эбактан эле билет. Кандай болгон күндө да кечиктирбей камынып, ишти эртелетүү керек.

Анан Ак-Теректеги Мамаке баатырга, Кызыл-Күнгөйдөгү Эркебай куу найзага кабар берди. Эртеси керек боло турган шаймандарын бүт алды. Кунназардын биринчи аялынан Шадыбек, Арап аттуу уулдары болгон, Арап атасынын эки атын бакчу, саяпкерлиги укмуштай болчу дешет. Кунназар алдынан жолборс катар чыкса селт этип койбогон көк атын алдырып минет. Карагер атын Мамаке баатырга мингизет, Эркебай менен Арап да атка минишет, төрт атчан Жолборс токойго бет алат. Мерчемдүү жерге жеткенде Кунназар ат үстүнөн эле жолборстун изин көрдү, "Суу ичкени төмөн түшүп кетиптир, бир аздан кийин кайра ушул жерден артына өтөт, тосуп турушубуз керек", - деп Эркебайды "Сен жолборско көрүнүп коюп жогору көздөй жөнөй бер, сага өчөшкөн жолборс артыңдан кууганда бизге жолугат", - деп Эркебайды ылдый жөнөттү. - Бир чай кайнамга жетпеген убакыттын ичинде келет, даярданалы, - деди ал Мамаке менен Арапка. - Бир мышыктын баласы кантип эле үчөөбүзгө батынсын, коркпогула, - деп жайгарып да койду.

Анан Арапты чакырып, "Көк ат менен Карагерди жетелеп тээ кырга барып тур, биз, Мамаке экөөбүз жөө барабыз,- деп узатты. Арап эки тулпарды жетелеп, үнсүз узай берди. Артына уламулам карап коюп, аттарды жетелеп узап баратты, кырга кандай жеткенин байкабай да калды.

Күн мурунтан даярдалган мээлейди колуна кийип, билектеринен баштап, ийнине чейин кыл чылбырды ороп, анын үстүнөн жибек арканды чырмап, колун өйдө көтөрүп, кайра түшүрүп кыймылын баштады. Анан далысын калтырып, денесине да аркан ороду. Башына тор кийип, эки колуна тең канжар алды. Ал даярдыгын бүтүп калганда Эркебай куу найза "Жолборс келе жатат" деп жогору көздөй чаап өттү, Кунназар боюн далдоого тарта берди. Мамаке анчалык алыс эмес бадалга жашырынды. Ага: "Мен жолборско бет алганда, сен артынан кол сал",- деп катуу дайындаган. Суусунун кандырып, эми олжо издеген жолборс өз изи менен келе жатты. Кунназарга тушташ келип, жыт алып токтоп калды, ушуну эле күтүп турган Кунназар жолборс ыкыс бере бергенде сол колун оозуна салып жибергенге үлгүрдү, оң колундагы кош миздүү канжарды матырып бурап алды. Эки ирет канжар сайылгандан кийин жолборс кайра кайратына

келе албай, шайы ооп жыгылды. Кунназар колун эптеп кайра тартып алалбай көпкө аракеттенди, жолборстун тиши карышып калган экен. Кайра-Кайра оролгон кыл аркандан өтүп, тиши этине кирип кеткен жерлери да бар. Шериктери кырылдап жаткан жолборстун оозуна найза салып, жаактарын ачып, араң-зорго бошотуп алышты. Мамаке баатыр: Мени эмнеге апкелдиң эле, жок дегенде жолборстун терисин сыйрып берейин эми, - деп азил ыргытты. - Жолборс сени көздөй бурулганда эки көзүңдөн от жана түшкөнүн көрдүм. Адамдын көз оту жолборстукунан да күчтүү болорун ошондо байкадым, жолборс дароо секирбей буйдала түшпөдүбү, - деп карс-карс күлүп, жолборстун терисин сыйрыганга жардам бер деп Арапты кол шилтеп чакырып алды.

Кунназардын жолборсту жеңгени

Айбаты күчтүү баатырдан,
Айбыгып жолборс качпады.
Кайраты күчтүү баатырдан,
Корунуп жолборс качпады.
Сүрү күчтүү баатырдын,
Сүрүлүп жолборс качпады.
Бели бекем баатырдан,
Бекинип жолборс качпады.
Сөөлөтү күчтүү баатырдан,
Сүрдөп жолборс качпады.
Көөдөнү күчтүү баатырдан,
Коркуп жолборс качпады.
Эбегейсиз баатырдан,
Элеңдеп жолборс качпады.
Жалтанбаган баатырдан,
Жалтанып жолборс качпады.
Каарданган баатырдан,
Кызыгып жолборс качпады.
Опол тоодой баатырдан,
Ойгонгон жолборс качпады.
Ала-Тоодой баатырдан,
Азыксыз жолборс качпады.

Күңгөй тоодой баатырдан,
Күркүрөп жолборс качпады.
Тескей тоодой баатырдан,
Тилсиз жолборс качпады.
Кабагы калың баатырдын,
Каардуу жолборс качпады.
Жүрөгү тоо баатырдан,
Жаалуу жолборс качпады.
Жабыкпаган баатырдан,
Жаш алып жолборс качпады.
Көзү күйгөн баатырдан,
Көзүгүп жолборс качпады.
Оттой күйгөн баатырдан,
Ойт берип жолборс качпады.
Түрү суук баатырдан,
Тирүү жолборс качпады.
Кош мүйүздүү канкордон,
Коркуп жолборс качпады.
Азыр келчү ажалдан,
Айбыгып жолборс качпады.
Күтүп турган ажалдан,
Көрүп жолборс коркподу.

Чакырып турган ажалдан,
Чарылдап жолборс коркподу.
Андып турган ажалдан,
Аландап жолборс качпады.
Ажалы жетип калганын,
Айбан жолборс билбеди.
Күнү бүтүп калганын,
Каардуу жолборс билбеди.
Түнү бүтүп калганын,
Тилсиз жолборс билбеди.
Жаалы бүтүп калганын,
Жаалдуу жолборс билбеди.
Баары бүтүп калганын,
Баалуу жолборс билбеди.
Оту өчүп калганын,
Оттуу жолборс билбеди.
Үнү өчүп калганын,
Үмүтсүз жолборс билбеди.
Каны агылып калаарын,
Каардуу жолборс билбеди.
Баары бүтүп калаарын,
Бакырып жолборс билбеди.
Айбан да болсо зилдеди,
Айкырык салып жиндеди.
Айбаты күчтүү баатырга,
Ажалдуу жолборс секирди.
Ийилип баатыр коркподу,
Ийининен козголду.
Жабыгып баатыр козголду,
Жанын үрөп козголду.
Дирилдеп баатыр коркподу,
Далысынан козголду.
Буйдалып баатыр коркподу,
Буттарын шилтеп козгоду.
Каарынан баатыр коркподу,
Колдорун шилтеп козголду.
Дымып баатыр коркподу,
Денесинен козголду.
Көздөрүнөн от жанды,
Бакырыгы таш жарды.
Оң колунда баатырдын,
Кош миздүү канжары.
Сол колунда чырмалган,
Кыргыздын кыл арканы.
Айбан жолборс айкырды,
Адамды көздөй качырды.
Адам жолборс бакырды,
Айбанды көздөй качырды.
Алланын болуп колдоосу,
Айкырган менен болбоду.
Адамга жетпей ач жолборс,
Ала салып жыгылды.
Курч тырмактар ичинде,
Көп нерселер тыгылды.
Кайрадан турду айкырып,
Жинине кайра ачынып.
Жеп ийчүдөй баатырды,
Азыр эле качырып.
Жетип келген жанына,
Баатырды жолборс көрбөдү.
Көздөрүнө кан уюп,
Калганын жолборс билбеди.
Ала-Тоодой алп күчүн,
Алдырганын билбеди.
Кара-Тоодой алп күчүн,
Качырганын билбеди.
Чымындыктай күчүнүн,
Чачылганын билбеди.
Аарыдай топ күчүнүн,
Айрылганын билбеди.
Ажал келип алдынан,
Тооруганын билбеди.
Алп күчүн жерден чыгарып,
Алданганын билбеди.

Ажал келип алдына,
Аңдыганын билбеди.
Башын чайкап ач жолборс,
Башын чайкап карт жолборс.
Кыйын күндү көп көргөн,
Кызыталак кыр жолборс.
Кайрадан турду ордунан,
Кан чачырап оозунан,
Күүлөнүп келбей секирди.
Жебедей болуп тартылган,
Жүгүрүп келбей секирди.
Октой болуп атылган,
Октолуп келбей секирди.
Оозунан каны оргуштап,
Ордунан туруп секирди.
Белине күчүн топтобой,
Бүгүлүп туруп секирди.
Каарына күчүн топтобой,
Кайратын жыйбай секирди.
Бутуна күчүн топтобой,
Буйдалып барып секирди.
Колуна күчүн топтобой,
Куушурулуп секирди.
Жанына күчүн топтобой,
Жалынып туруп секирди.
Ажалы жеткен шору бар,
Айбандыгын билбеди.
Алты кадам арыдан,
Арыштап келбей секирди.
Жети кадам арыдан,
Жүгүрүп келбей секирди.
Жаалы күчтүү баатырга,
Жүгүнөөрүн билбеди.
Артына качып адамдан,
Айкырык салып келбеди.
Айкырып оозун ачканда,
Адамды көздөй ач жолборс.

Ажалың пенде менде деп,
Ач тырмагын салаарда.
Кыл арканга оролгон,
Сол колун салды оозуна.
Тикеленип турушту,
Көрбөгөн мындай шумдукту.
Карт жолборс сүрсө баатырды,
Артына жылат үч кадам.
Баатыр сүрөт жолборсту,
Артына жылат үч кадам.
Жыгылышпай турушту,
Айбандын иши айбанда,
Толсо да аркан оозуна.
Баш бербей турган өңдөндү,
Беттешкен болду баатырга.
Баатыр топтоп бар күчүн,
Жолборско бербей өнөгүн.
Ачып көздү жумушка,
Оң колуна кармаган.
Кош мийиздүү канжарды,
Күчүн топтоп Кунназар.
Матыра сайды жүрөккө,
Ач жолборстон ал кетти.
Ач жолборстон шай кетип,
Баатырды сүрдү артына.
Бар күчүн топтой бечара,
Анан барып жыгылды.
Кыркырак үнү угулду,
Бошошо түштү денеси.
Жолборстун күнү бүткөнбү,
Сол колуна оролгон.
Кыл аркан канга боёлду,
Азуусу батып арканга,
Чыгарыш өтө оорлоду.
Жолборс жатты суналып,
Ойронго салган оң, солду.



- Терисин бузбай чыгаргыла, башы менен тырмактары болсун!, - деп Кунназар булактын суусун көздөй басты. Акман менен Ачынын малына эмес, адам баласына да коркунуч туудуруп, жүрөктөрүнүн үшүн алган айбаттуу айбандын пайда болушу Коконго да угулган эле. Күңгөй тоодон тескей тоого, тескей тоодон күңгөй тоого каттоо кыйындап, жалгыз-жарым адамдарды жара тиштеп жеп салган бул айбанды ким өлтүрөт? Кимдин колунан келет, кимдин күчү жетет? Бул иш кокондуктардын, жергиликтүү элдин башын ооруткан оору болду. Жолборс токойдогу жана Топурак-Белдеги бала жолборстун жана чоң жолборстун пайда болушу карапайым элдин жашоосуна коркунуч туудуруп Коконго араба менен жыгач мистенин отунун ташыган арабачыларга коркунуч туудурган эле. Бул айбаттуу жолборсту ким жок кылат. Ким өлтүрөт Кокондон же атайын адамдарды жөнөтүү керекпи? Кунназар баатырды экинчи ирет Ак-Талаага качырып жиберип, Осумбек Коконго барып өзүнүн ишенимдүү адамына жолугуп сүйлөшкөндө ушул сөз козголгон эле. Осумбек өзүнүн ишенимдүү адамы менен Кокон хандыгынын кабыл алуусунда болуп Кунназар Коконго эч кандай кол топтобой эле өзүнүн тирилиги менен жүргөндүгүн түшүндүргөн. Эл ичинде өтө кадыры бар бул баатырдын Кокон хандыгына карай аккан селди токтотууга күчү жете тургандыгын, эң күчтүү тиреги боло тургандыгын айтып, элдин үшүн алган жолборсторду да өлтүрүүгө ушул баатыр жарай тургандыгын түшүндүргөн эле. Ошол убактагы элге өз бийлигин жүргүзгөн Кокон хандыгынын суранычы, өтүнүчү боюнча Осумбек Кокондон келгенден кийин Ак-Талаадан Кунназарды тез чакырып алышынын себеби да ушул эле. Коконго жолборсту өлтүрүүгө эч кандай күчтүн кереги жок Кунназар өзү жарайт деген. Эгерде Кунназар сенин айткандарыңдай чын болуп бизге каршы

чыкпаса, бизге каршы чыккан көтөрүлүшчүлөрдүн жолун тоссо, элдин үшүн алган жолборсторду өлтүрсө, бизден ага көптөгөн белектерибиз бар деп ишендирген. Ачынын ичи толугу менен Ак-Баштын жогор жагындагы Мундуз-Арыктан жогорку түзү толугу менен жайлоолордон Жакшына, Күрөбөс жайлоолору берилип салыктан бошотулары айтылган. Салыктан түшкөн кирешe менен кембагалдарды багууну милдеттендирген. Кунназарга берилген жерлердин жер карталары чийилип хандын мөөрү басылып даярдалган. Бул окуяларды Осумбек Кунназарга толугу менен айтып берген бир айга жетпеген убакыттын ичинде Коконго алып барарын да түшүндүргөн. Күндөп-түндөп жорткон узун тилдүү ушакчылар Коконго жамандап барып жүргөнүн да айтып берген. Ханга өлгөн жолборстун терисин бергенди уят көргөн Кунназар тирүү жолборсту белекке берүүнү оң көрдү. Эл оозунда айтылган сөздөрдөн Топурак-Белдин түзүндө бала жолборс пайда болуптур деп угуп калар эле. Эч кимге айтпай өзү да келип бир нече жолу баамдаштырып кеткен.

***



Камчыбек уулу Курманбек 1942-жылы Сузак районуна караштуу Соку-Таш айылында туулган. Атасы Камчыбек элдик дарыгер, сыныкчы болгон. Ошондой эле кара малдын, жылкынын ар кандай ооруларын сакайта билген. Курманбек Жалал-Абаддагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайдын дене тарбия бөлүмүн бүтүрүп, көп жылдар бою агартуу тармагында иштеген. 1983-жылы "Эл агартуунун отличниги" төш белгисин алган, 1985-жылы "Улуу мугалим" болгон. Эмгек ардагери, көп мелдештерде байгелүү орундарды алып, райондук, областтык, республикалык деңгээлдеги көптөгөн Ардак грамоталар, Дипломдор менен сыйланган.

Алтыке-Кашкардын жети уулу болгон – Калбай, Багыш, Жагыш, Кулумбет, Карбос, Кенжеш, Кебек.

Калбайдан – Ташимбет, Өмөрали, Абди. Ташимбеттен – Мамажунус, Алимуса. Мамажунустан – Кады. Кадыдан – Жаныбек, Тыныбек. Алимусадан – Абакир, Султан, Исак. Абакирден – Какен, Садырбек. Султандан – Калил, Жалил, Абдрашид, Абдрасул, Мамат. Исактан – Мотон.

Өмөралиден – Бекташ, Мырза. Бекташтан – Качак, Мырзадан – Түкү,

Абдиден – Калмурза. Буларды Ташимбеттин тобу деп коёт.

Багыштан – Карабай, Календер, Дубана.

1. Карабайдан – Тургунбай, Орунбай, Кудайберди. Тургунбайдан – Тайлак, Ботобек. Орунбайдан – Чойбек, Калыбек, Алибек, Андалбек, Базарбек, Аскарбек, Акмат. Кудайбердиден – Саңса, Сапарбек.

2. Календерден – Ороз. Ороздон – Курбан. Курбандан – Шайык. Шайыктан – Камал. Камалдан – Нышан, Төлөгөн.

3. Дубанадан – жок.

Жагыштан – Таштан, Арстан, Турдумбет.

1. Таштандан – Маматкул, Жолдош. Маматкулдан, биринчи аялынан – Исак, Кыргыз, Алдоз, Жылкелди. Экинчи аялынан – Жумабай, Шырдак.

Жолдоштон – Белек, Өмүрзак, Белектен – Каныбек. Өмүрзактан – Көчкөн, Көчкөндөн – Баатыр.

Жаныбектен – Нурлан, Баатыр, Мирлан, Жумабек.

Исактан – Турдукул, Абдилла, Жапаркул.

Турдукулдан – Абдыкерим.

Абдыкеримден – Максат, Осмонбек, Алтынбек, Азизбек

Кыргыздан – Дөөлөтали.

Алдоздон – Имин, Садыбакас, Инаят.

Жылгелдиден – Абдыкаар.

Жумабайдан – Бадат, Кубанычбек.

2. Арстандан – биринчи аялынан: Кадыр, Алим. Экинчи аялынан: Максыт, Ысмайыл, Шамшы.

Кадырдан – Амира, Калдар.

Алимден – Мурзабек, Рысбек, Разыкул, Кенжебай.

Максыттан – Абдракман, Курманали.

Ысмайылдан – Токтоболот, Зулпукар.

Шамшыдан – кыздар.

3. Турдумбеттен – Эсеналы. Эсеналыдан – Камчыбек, Жоро, Далибай.

Камчыбектен – Курманбек, Курманбектен – Исак, Бакай.

Жородон – Талип, Турдумамат, Саңгимамат, Амангелди, Төрөгелди, Шадыбек.

Далибайдан – кыз (Айымкыз).

Кулумбеттен – кыздар.

Карбостон – жок.

Кенжештен – Мадияр, Исмадияр, Мамыт. Мадиярдан – Аталы, Абдраим. Аталиден – Сами. Абдраимден – Арапбай. Арапбайдан – Матай, Жаңыбай.

Исмадиярдан – Искендер. Искендерден – ысмайыл, Балтабай, Тешебай, Сатар.

Мамыттан – Максыт, Алибай. Максыттан – Жантөрө, Байтөрө, Алтөрө.


Алибайдан – Камбаралы, Үсөн, Кадырали.

Кебектен – жок.


Кумбеттен – Суран Сурандан – Керимбек.


Керимбектен – Таалай, Баатыр, Ороз.




Борбу
Ибраим
Маматали
Абдилла
Жаныбек
Тыныбек
Кошбай
Назарбек
Пиязбек
Уламкыяз
Байзак
Мамыш
Тагай
Миташ
Апсатар
Абдыкалил
Абджалил
Курбанкул
Жакып
Тагай
Шаназар
Акыбай
Машрап
Андалбек
Аскарбек
Бактыбек
Анварбек
Кадыр
Жок
Муктар
Айдарали
Карим
Асылбек
Таалайбек
Замирбек
Зарылбек
Айбек
Союзбек
Карагул
Мамажусуп
Эгемберди
Кожомберди
Кудайберди
Кочкор
Базарбай
Кемпирбай
Ажибек
Омор
Закир
Акымбек
Казыбек
Кадырбек
Садирбек
Надирбек
Сартбай
Калдарбек
Камчыбек
Абдыгапар
Абдыжапар
Абдисатар
Токтали
Токомор

Ызабай
Бечелажы
Сейдалы
Орозалы
Манкул
Ырыскул
Кален
Чыныбай
Кемпирбай
Курманкул
Таштан
Ажибек
Жок
Эшим
Молдо
Найман
Маман
Семетей
Карагул
Узанбек
Борбу
Байзак
Муратали
Кырбаш
Камбар
Машрап
Кадыр
Муктар
Акпарали
Сейит
Ыстамбек
Казыбек
Мамажусуп
Эгемберди
Кожомберди
Кудайберди
Кочор
Турду
Алисултан
Абарбек
Монон
Келдибек
Садирбек
Чуку
Айылчы
Тажибай
Турду
Таштан
Касым
Эсенбай
Эсеналы
Курстан
Максат


Кырбаш
Бегмат
Каныбек
Жайчибек
Тургунбек
Заттарбек
Молдобек
Камбар
Ысмайыл
Замзамат
Маматжан
Ыманкул
Ырыскул
Кален
Чыныбай
Насиринбек
Шарабидин
Амиракул
Калдарбек
Батырбек
Адан
Калкожо
Салибай
Орозбай
Абдижалил
Аширбек
Нурсланбек
Акпарали
Матираим
Молдоибраим
Курбанали
Мейманали
Сейит
Амангелди
Алмаз
Кенеш
Талант
Узонбек
Айылчы
Тажибай
Турду
Казыбек
Полот
Мырза
Темир
Бакыт
Айтбек
Чыйбыл
Озгонбай
Акун
Сатибай
Токтосун
Суйорбек
Сүезбек
Суйунбек
Манап
Самат
Сейит
Абдыкадыр
Абдинасир
Доолотбек


Солтонойдон
Омон
Черикчи
Ажибай
Эшкожо
Токтосопу
Абдракман
Нурак
Нургазы
Расул
Алымбек
Ысмайыл
Шайданбек
Батырбек
Мавлянбек
Доолотбек
Талканбайдан
Сарыбай
Толокбай
Садык
Капар
Эркин
Калыпыз
Суусар
Алмазбек
Ниязбек
Жусупали
Кулназар
Кулчак
Тиленбай
Ади
Баракан
Уркунбай
Торокан
Кайып
Ален
Бешкемпир
Бактыбай
Карча
Ташибек
Сарыбай
Калыбек
Мисир
Сулайман
Кылым
Кожомберди
Ыса
Муса
Абдыкадыр
Табылды
Арап
Танатар
Асан
Тунгатар
Шадыбек
Жаныш
Толубай
Убайдулла
Кыргызбай
Адан
Турду
Абдыраман
Калык
Абдираим
Жок
Казы
Айдарбек
Жекниш

БООБЕК
ЧОҢ АТАНЫН БАЯНЫ



(Санжырачы молдо Абдишарип Тургунбай уулунун айтуусу боюнча)

Мундуздун небереси Кабанын – Атакан, Акман, Дашман деген үч уулу болгон. Булардын ичинен Акман чоң атабыз азыркы Акман айылын жердеп отурукташып, бала-чакалуу болот. Кийин ошол жер дагы чоң атабыздын атынан аталып калган.

Акмандан – Абакан, Алдосбай, Абышка. Абакандан – Авык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көгайдар. Булардын апасы Шайдабү Өзгөндөгү Мырза Султандын (лакап аты Бээ байлабас) кызы болгон. Абакан беш балалуу болгондон кийин ааламдан өтүп, балдарды агасы Алдосбай тарбиялап өстүрөт.

Алдосбайдын баласы – Бообек, таластык Берен уруусунан чыккан Садабай жегендин кызы Кылымайдан төрөлгөн. Экинчи аялы кушчу Кубат бийдин кызы Барчынайдан – Өтөмүш (Өмүркан деп да коёт) төрөлөт. Үчүнчү аялы Адыгиненин тасма уруусунан чыккан Шералинин кызы Жаркынайдан – Жараке деген уулу төрөлөт. (Андан таралгандар Жаракелер деп аталат). Төртүнчү аялы Ак-Талаалык Тагай уруусунан Жаңыбай бийдин кызы Канымайдан – Жаныбек (Тыраймалар) деген уул төрөлөт.

Алдосбайдын биринчи баласы Бообектин аялы Адигиненин Бөрү уруусунан чыккан Миңбай дегендин кызы Баянай Эшпер, Манас аттуу эки уул төрөйт. Эшпердин эки аялы болгон. Байбичеси Бадалай Ботобайды төрөп, кийин төрөбөйт.. Экинчи аялы Алтынайдын боюнда бар кезинде Кытайлар басып келип, Эшпер менен Өмөрбекти басып келип чаап алышып, Алтынайды олжолоп кетишет. Алтынайды (Сулуу болгон экен) кытайдын канына сунуш кылышат. Алтынай: “Менин боюмда бар, эсен-аман төрөсөм, эрезеге жеткирип элине жөнөтсөм”,- шарт коёт. Кытайдын каны макул болот.

Алтынай эгиз уул төрөйт. Биринчи баласынын атын Мурунсейит, экинчи уулунун атын Тынымсейит коёт. Эрезеге жеткенде Анжиянга баруучу соодагерлерге абдан табыштап кошуп берет. Балдарына – Силер Анжиян тарапка жеткенде Төрө Манас, Төөтилеке деп тууган издесеңер Бадалай деген өгөй апаңар, Ботобай деген агаңар бар, ошолорду тапкыла, Ботобай агаңар силердин калган жашооңорго кепил болот деп жөнөтөт. Мурунсейит менен Тынымсейит соодагерлердин жардамы менен Анжиянга жетип, Акман деген жерде жашаган Төрө Манас менен Төөтилекени табышат. Алтынай эненин боюнда кеткен балдар экенин билген Ботобай балдар келгенде эле бир туугандары келгендей туюп, зор салтанат менен кабыл алат.

Соодагерлерге бир күн, тууганы Асан бир күн, балдарга арнап эки күн той берет. Тойдон кийин туугандарын топтоп алып, эгиз бир туугандарга өзүбүзчө ат коюп алалы деп сунуш кылат. Бадалай чоң эне акылдуу байбиче болгон экен. Бул эгиз уулдар менин уулдарым болуп калышты деп, Мурунсейитке Дөөлөт, кичүүсү Тынымсейитке Давлат деп ат коёт.

Бой жеткенде Дөөлөттү үйлөйт. Давлат эч кимге сырын айтпай агаларына капа болуп Аркага кетип калат. Ошентип кытайда төрөлүп Акманда эрезеге жеткен Дөөлөт менен Давлатка кытайлар деген лакам ат берилип калат. Ошол Дөөлөт абабыздан тарагандарды ушул кезге чейин “кытайлар” дешет. Беш топ Бообектин Дөөлөттөн тараган уулдарынын тукумдары Акман, Алмалуу, Шатырак (Кичи Ачы) айылдарында жашашат. Алар Дөөлөттүн биринчи Келиш, экинчи Момуш деген эки уулунан тарагандар болушат. Аркага кеткен Давлаттан таркагандар Ысык-Көлдүн тескей тарабын жердеп жүрүшөт деген каңырыш кеп бар.

Манастын эки аялы болот. Чоңу тейит кызы Бергенай, кичүүсү басыздын кызы Гүлсүнай. Бергенайдан Акылбек, Казыбек деген эки уул болот. Гүлсүнайдан Өмөрбек төрөлөт. Өмөрбек Мырзакөчөк деген уулдуу болот. Көп өтпөй абасы Эшпер экөөнү жоо чаап, Мырзакөчөктү абасы Манас тарбиялайт. Мырзакөчөк он алты жашка келгенде абасы Акылбек ууда каза болот. Манастын байбичеси Бергенай өктөм аял болгондуктан, Мырзакөчөккө Акылбектин аялын алып берет. Экөөнү Талпак деген жерге алачык тиктирип, көрпө-төшөк, идиш-аяк берип, эми мындан ки-

тан кирген кишиге баш көтөрүп жооп бергенден эринчү дешет. Ошол себептен анын уулу Жаныбектен тарагандар Тыраймалар деп аталып калышкан. Шырдакбектен уул жок. Шырдакбек кезинде Анжиян шаарынын акими болгон, биягы Алай, тиягы Аксыга чейин бийлик кылган. Боз жорго минип дуулдаган. Көп аял алып, бирок балалуу болбогон. Баланын айынан Миң-Төбөлүк түрк улутунан Эркайым аттуу кызга үйлөнөт. Ал аял Шырдакбектин жалчысы менен Боз жоргону минип Исфарага качып кетет. Ошондо андан Шырдакбек кантип бакканын сурашат.

Эркайым кырк сабам пахтанын үстүнө жатканын, кырк серкенин бейбелчегинин чучугуна аш демдетип бергенин айтат. Аны уккан аким ошентип баккан Шырдакбектин кадырына жетпеген, менин кадырыма жетет беле деп, кайра Шырдакбектин астына айдатып келет. Шырдакбек окуяга толук түшүнгөндөн кийин Эркайымды эки байталга эки бутунан сүйрөтүп өлтүргөн дешет. Ушул кезге чейин ошол жер Тамаша деп аталат. (Абдишарип ажынын санжырасынан).

***

Казыбек уруусунан Ботокаранын уулу Молтой алдын ала окуяны көрө билген, жаачы, куугунчу адам болгон экен. Намаз окуп жатканда айыл ичиндеги жамандык, жакшылык иштерди, окуяларды баамдап билип, токтой калып, атаңдын көрү чоң чынар бутагынан ажырап калды деп, пендечилик кылган баланы кабарды жеткирбей алдын ала билчү экен. Кимдин ооруп калганын да айттырбай сезчү экен.

Башка айылдагы окуяларга кайрылбай эле Чыны-Булакта болгон окуяны айталы. Өзүбүздүн тууганыбыз Чокойдун бир тууган карындашы Айсара, Жамалдын бир тууганы Ырыс төрөбөй үйдө отуруп калат экен. Экөөнү үйүнө чакырып, мен намаз окуп бүткөнчө үйдө отуруп тургула деп, Молтой абабыз намаз окуп бүткөндөн кийин экөөнү тиктеп туруп, "Ырыс сенин маңдайыңда эки шам күйүп турат, тез күйөөгө чык. А, сенин Айсара, маңдайыңда эч нерсе көрүнбөйт, сабыр кыл",- деген экен. Көп өтпөй Арал жактан келген (аял издеп) бир боорукер адамга никс кыйып беришет. Эки кыздуу болуп бири чарчап, экинчиси,

Алтынай эгиз уул төрөйт. Биринчи баласынын атын Мурунсейит, экинчи уулунун атын Тынымсейит коёт. Эрезеге жеткенде Анжиянга баруучу соодагерлерге абдан табыштап кошуп берет. Балдарына – Силер Анжиян тарапка жеткенде Төрө Манас, Төөтилеке деп тууган издесеңер Бадалай деген өгөй апаңар, Ботобай деген агаңар бар, ошолорду тапкыла, Ботобай агаңар силердин калган жашооңорго кепил болот деп жөнөтөт. Мурунсейит менен Тынымсейит соодагерлердин жардамы менен Анжиянга жетип, Акман деген жерде жашаган Төрө Манас менен Төөтилекени табышат. Алтынай эненин боюнда кеткен балдар экенин билген Ботобай балдар келгенде эле бир туугандары келгендей туюп, зор салтанат менен кабыл алат.

Соодагерлерге бир күн, тууганы Асан бир күн, балдарга арнап эки күн той берет. Тойдон кийин туугандарын топтоп алып, эгиз бир туугандарга өзүбүзчө ат коюп алалы деп сунуш кылат. Бадалай чоң эне акылдуу байбиче болгон экен. Бул эгиз уулдар менин уулдарым болуп калышты деп, Мурунсейитке Дөөлөт, кичүүсү Тынымсейитке Давлат деп ат коёт.

Бой жеткенде Дөөлөттү үйлөйт. Давлат эч кимге сырын айтпай агаларына капа болуп Аркага кетип калат. Ошентип кытайда төрөлүп Акманда эрезеге жеткен Дөөлөт менен Давлатка кытайлар деген лакам ат берилип калат. Ошол Дөөлөт абабыздан тарагандарды ушул кезге чейин "кытайлар" дешет. Беш топ Бообектин Дөөлөттөн тараган уулдарынын тукумдары Акман, Алмалуу, Шатырак (Кичи Ачы) айылдарында жашашат. Алар Дөөлөттүн биринчи Келиш, экинчи Момуш деген эки уулунан тарагандар болушат. Аркага кеткен Давлаттан таркагандар Ысык-Көлдүн тескей тарабын жердеп жүрүшөт деген кабырыш кеп бар.

Манастын эки аялы болот. Чоңу тейит кызы Бергенай, кичүүсү басыздын кызы Гүлсүнай. Бергенайдан Акылбек, Казыбек деген эки уул болот. Гүлсүнайдан Өмөрбек төрөлөт. Өмөрбек Мырзакөчөк деген уулдуу болот. Көп өтпөй абасы Эшпер экөөнү жоо чаап, Мырзакөчөктү абасы Манас тарбиялайт. Мырзакөчөк он алты жашка келгенде абасы Акылбек ууда каза болот. Манастын байбичеси Бергенай өктөм аял болгондуктан, Мырзакөчөккө Акылбектин аялын алып берет. Экөөнү Талпак деген жерге алачык тиктирип, көрпө-төшөк, идиш-аяк берип, эми мындан ки-

йин Такчал мазардан ылдый түшпөйсүнөр деп катуу өкүм кылат. Ошол жакта жүрүп Мырзакөчөк Мотон деген уулдуу болот. Ал жерде таруу менен конок эгип оокат кылышат. Ошондон улам Мырзакөчөктөн тарагандар Коноко аталып келе жатышат.

Ботобайдын үчүнчү уулу Кулболдунун эки аялы болгон. Байбичесинен Бешкемпир, токолунан Кашкар деген уулдары болот. Кулболдунун экинчи аялы сулуу, дутарчы, уйгурдун кызы болгон, ошондуктан баласынын атын Кашкар койгон.

***

СИЗДЕР БИЛЕСИЗДЕРБИ?

Мундуздун кыргыз аялынан Зулум.

Зулумдан [illegible] – Каба, Кабадан – Атакан, Акман, Дашман.

Атакандан – Карача,Таталай, Жалалбай.

Акмандан – Абакан, Алдосбай, Абышка.

Дашмандан – Мамыт, Сайит, Каамыт.

Акмандын балдары: Абакан, Абык, Шыдыр, Кыйра,Көкайдар, Дүрбөл, Алдосбай (Баймундуз аталат). Бообек, Өтөмүш, Жараке, Тырайма.

Абышкадан – Карабек, Кырабек, Майдабек.

Алдосбайдын байбичеси Таластын сарууларынын Берен деген болушунун Садабай дегенинин кызы Калыймандан Бообек төрөлөт, Бообектен Эшпер, Манас.

Эшперден – Ботобай, Дөөлөт (Нурсейит).

Манастын байбичеси Бергенай, андан Акылбек, Казыбек. Экинчи аялы Гүлсүнайдан Өмөрбек. Алдосбайдын экинчи аялы кушчулардан атактуу Кубат бийдин кызы Өмүркандан Өтөмүш. Үчүнчү аялы Адыгинеиин тасма уруусунан Шералынын Жаркынай, андан Жараке. Алдосбайдын төртүнчү аялы Акталаалык Тагай уруусунан Жаңыбай бийдин кызы Канымайдан Жаныбек, Шырдакбек.

Канымай чоң энебиз Алдосбайдын көрөр көз аялы болуп, эркелиги ашынып, арчадан чапкан үкөктө жатчу экен. Сырт-

тан кирген кишиге баш көтөрүп жооп бергенден эринчү дешет. Ошол себептен анын уулу Жаныбектен тарагандар Тыраймалар деп аталып калышкан. Шырдакбектен уул жок. Шырдакбек кезинде Анжиян шаарынын акими болгон, биягы Алай, тиягы Аксыга чейин бийлик кылган. Боз жорго минип дуулдаган. Көп аял алып, бирок балалуу болбогон. Баланын айынан Миң-Төбөлүк түрк улутунан Эркайым аттуу кызга үйлөнөт. Ал аял Шырдакбектин жалчысы менен Боз жоргону минип Исфарага качып кетет. Ошондо андан Шырдакбек кантип бакканын сурашат.

Эркайым кырк сабам пахтанын үстүнө жатканын, кырк серкенин бейбелчегинин чучугуна аш демдетип бергенин айтат. Аны уккан аким ошентип баккан Шырдакбектин кадырына жетпеген, менин кадырыма жетет беле деп, кайра Шырдакбектин астына айдатып келет. Шырдакбек окуяга толук түшүнгөндөн кийин Эркайымды эки байталга эки бутунан сүйрөтүп өлтүргөн дешет. Ушул кезге чейин ошол жер Тамаша деп аталат. (Абдишарип ажынын санжырасынан).

***

Казыбек уруусунан Ботокаранын уулу Молтой алдын ала окуяны көрө билген, жаачы, куугунчу адам болгон экен. Намаз окуп жатканда айыл ичиндеги жамандык, жакшылык иштерди, окуяларды баамдап билип, токтой калып, атаңдын көрү чоң чынар бутагынан ажырап калды деп, пендечилик кылган баланы кабарды жеткирбей алдын ала билчү экен. Кимдин ооруп калганын да айттырбай сезчү экен.

Башка айылдагы окуяларга кайрылбай эле Чыны-Булакта болгон окуяны айталы. Өзүбүздүн тууганыбыз Чокойдун бир тууган карындашы Айсара, Жамалдын бир тууганы Ырыс төрөбөй үйдө отуруп калат экен. Экөөнү үйүнө чакырып, мен намаз окуп бүткөнчө үйдө отуруп тургула деп, Молтой абабыз намаз окуп бүткөндөн кийин экөөнү тиктеп туруп, "Ырыс сенин мандайыңда эки шам күйүп турат, тез күйөөгө чык. А, сенин Айсара, мандайыңда эч нерсе көрүнбөйт, сабыр кыл",- деген экен. Көп өтпөй Арал жактан келген (аял издеп) бир боорукер адамга никс кыйып беришет. Эки кыздуу болуп бири чарчап, экинчиси,

эжебиз Үрү дегени Өзбекстанга турмушка чыгып, бала-чакалуу болду.

Экинчи дагы бир кызык жери, «Мен бейшемби күнү өлүп, жума күнү жерге коюлушум керек" деп карып калганда бала-чака, кыз-кыркындарга айта берчү экен. Муну билген бала-чакасы «Бүгүн бейшемби» - деп айтышчу эмес экен. Бүгүн кайсы күн десе, базар, же дүйшөмбү деп коюшчу экен. Ошол үйгө жаңы келин болуп келген апам Шарапаттин апасы Аваз тайнем үй шыпырып жатса, «Балам, бүгүн кайсы күн?» - дейт, ал: "Бейшемби" деп жооп берет. Кокуй, бала-чаканы чакыргыла, камданышсын, бүгүн өлөм, эртеге жумага жеткирбей жерге койгудай болушсун" дейт. Айтканындай болуп, ал жума күнү коюлган экен.

Дагы бир кызыктуу окуя, Молтой атабыздын атасы Ботокаранын аялы өлүп калып, башка бир айылга барып аяшы менен сүйлөшүп отурат. Аяшы ушул айылда бир жесир келин бар ошону сизге көндүрүп берейин, тагдырыңар бир болсо баш кошуп алгыла деп айтып оозун жыйгыча, алиги жаш келин ошол үйгө бир нерсе сурап келип калат. Ботокара атабыз 40 жаштарга барып калган сакалы бар адам экен. -Чай үстүнөн чыктың, жолуң бар келин экенсиң, отур, дейт үй ээси. Жаш келин отуруп даам сызат. Аркы-берки сөздөр өтүп: - Ботокара атабыз: - Аялым өлүп калды эле, жакамды агартаар адамым болбойсуңбу - дегенде алиги жаш келин,

- Оозуңузга карап сүйлөбөйсүзбү, сиздин теңиңиз мен белем. Сиздейге тийгиче, сууга чөгүп өлгөнүм жакшы,- деп оозго коёт.

- Ээ ошондойбу, сууга чөгүп өлгүң келеби? Эрте өлүмдүн кимге кереги? Ай-ай, сөздүн башталышы жаман. Мейли, мейли,- деп ылдыйга басып кетет. Үйдүн ээси Ботокаранын аяшы келинди урушуп, этият сөз сүйлөбөдүң, өзүңдөн улуу кишиге катуу кеттиң,- деп кобурап-жобурап бир, эки пияладан чай ичкиче күн бүркөлүп кара булут улам коюуланып нөшөрлөгөн жаанга айланат. "Жакшы калың, үйгө суу болсом да эртерээк барып алайын ", - деп келин жөнөй берет. Бир аз жол жүргөндөн кийин кара чаар жыландай башын көтөрүп ышкырган селдин агымы келинди агызып жөнөйт. Шаштысы кеткен келиндин оозу, мурдуна суу толуп көпкө агып барып бир дөңсөө жерге барып отуруп калат. Кудайга айтканым бар экен, селден аман калдым,- деп

көзүн ачса, менин төртүнчү атам Ботокаранын тизесинде олтурган экен. "Кудайга айтканың бар бекен, тилазар" деп тилдегени калганда келин ордунан туруп, кайра-кайра жүгүнүп, «Сөзүмдү кайра өзүмө алдым, күчүңүз жетсе, мендей бейбашты кечириңиз, отунуңуз менен үйүңүзгө кирип, күлүңүз менен сыртка чыгайын, жакаңызды агартып жүрөр адамыңыз болоюн. Уулкыздарды төрөп берейин. Мен төрөп берген балдардын убайын көрүң», - деп кобурап, көз жашын агызган жаш келиндин колунан өйдө тартып, аяшынын үйүнө ээрчитип барып, кийин ошол келинден уул-кыздуу болот экен. Ошол келин төрөгөн уул-кыздардын учугу мага чейин уланып келди мындан ары да улана берсин. Ботокара төртүнчү чоң атам жаачы, куугунчу адам болгон деген кептин жөнү ушундай.

***

Нурбаев Акматалы 1895-жылы Кара-Инген айылында дин кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. Ал кезде мектеп болбогондуктан жашынан атасынан дин боюнча тарбия алган. 1915-жылга чейин дин илимин үйрөнүп, эл башкарууга өткөн. 1935-жылы Октябрь колхозу уюштурулуп башкармалыкка Атчабаров Калы дайындалат. Нурбаев Акматалы анын орун басары болот, ошол эле учурда ферма башчысы да болуп иштейт. 1943-жылга чейин иштеп, К. Айчабаров Чкалов колхозуна башкарма болуп кеткенде, ал Октябрь колхозуна башкарма болуп калат. Ал кезде Ачы району болуп турган.

Колхоздун ишин жакшы жүргүзүп, абийирдүү иштейт. Колхозго мол киреше киргизет. Ошондо колхоздун беш саан уюн Апсатаров Мадумар, 20 эчкисин Макеев Ташмат баккан. Чарба иши күн санап өнүгүп турган. Колхоздун кампа башчысы Токоев Төрөбек, бригадири Кулетов Бекмурат, бухгалтери Токоматов Асран эле.

Ошондо эки гектар жерди кетмендеп, жогорку түшүм алып бергендиги үчүн Токоева Касиет 1946-жылы Ленин орденине көрсөтүлүп, аны Ачы райкомунун биринчи секретары Ишимов Бекмолдонун колунан алган. Ошол эле жылы колхоздун башкармасы Нурбаев Акматалы "Эмгектеги аргыкчылыгы үчүн" меда-

лы менен сыйланган. 1950-жылы ноябрь айында Нурбаев Акматалы "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланган. 1952-жылы ноябрь майрамында да медаль менен сыйланган. 1943-жылдан 1952-жылга чейин төрт жолу Ардак грамота алган. 1954-жылы Октябрь колхозу жоюлуп, Большевик колхозуна бириккен. 1954-жылдан 1959-жылга чейин ал колхозду Ульяновский башкарган. 1960-жылдары майда колхоздор бириктирилип, Жданов колхозу уюштурулган. Ал 1970 жылы Карл Маркс колхозу болуп өзгөртүлгөн. Нурбаев Акматалы убагында 70 түтүн элге жумасына 2 кг дан берип ачарчылыктан сактаган. Эл арасында биримдикти камсыз кылган. Анын эки уулу, төрт кызы бар. Чоң уулу Тезекбай 1924-жылы туулган, мугалим. Экинчи уулу Үркүнбай 1929-жылы туулган. Милиция болуп иштеген.

***

Каба – Арстанбап жолундагы Каба айылынын Шамшейит мазарына коюлган. Аксыдан келип шам убагында каза болгон дешет.

Атакан – Урпактары – Жалалбай, Карача, Таталай ж.б.

Акман – Сөөгү Базар-Коргон районундагы Акманда. Урпактары Жалал-Абадда, Чүйдө.

Дашман – Сөөгү Арстанбапка жакын Дашманда. Урпактары Аксы, Базар-Коргон, Ноокен райондорунда.

Абакан – Сөөгү Анжиянга жакын Күрүч-Мазарда. Монголдор менен согушта Энесай тарапта каза болуп, сөөгүн бузулбасын үчүн Карача баатыр күрүчкө ороп келген. Күрүч-Мазар деген сөз ошондон калган.

Абышка – Урпактарынын бири Маматалы. Анын сөөгү Анжияндагы өзү салдырган медресенин короосуна коюлган. Азыр ал жер борбордук мечит.

Алдосбай – Сөөгү Беш-Бадамдын чыгыш жагындагы Ышкыртты деген жерге коюлган. Азыр Сузак районуна карайт.

Бообек - Анын урпагы Тилеке, ал чоң киши болуп, ошондуктан Төөтилеке дешкен. Ашуудан төө көтөрүп өтүп, ал жер азыр Төө-Ашуу деп аталат дешет. Атаке баатыр Тилекенин урпагы.

Жаныбек – Тарыхта белгилүү Полот хандын досу. Мамыр баатыр анын урпагы.

Шырдакбек – Нарында сакталып калган сепилди салган.

Ысмайыл – Байыкулдун уулу, Ышкырттыдагы жолду салган. Ал жер Ысмайыл кыя деп аталат.

Акчал – Сөөгү Анжиянга жакын Күрүч-Мазарга коюлган.

***

Даканди (аттын ысымы) Капар балбан саяпкерлик кылып алып жүргөн. Али ажынын уулу Төрөгул болуштун аты болот экен. Ак-Булактан Бийсе деген адам алып келе жатып Карабай башкармага учурап калат. Болуштардын аты экен, артында жаңжалы көп болот. Колхоздун бээлерине үйүргө кошуп кой, жаныңаман калат дейт Ошол Дакандан Алмалуунун эли көп урук алып калышкан.

Шалпаңды (аттын ысымы) Ворошиловдон Карим деген киши Тажибайга алып келет. Арык жерде кунан экен. Осмонали, Орозали деген байлар алат экен. Ошолор багып, Орозали Шалпаңды алат. Осмонали Шалпаңдын иниси жерде кашка атты алат. Шалпаңга караганда чоң толо экен.

Кашка атты Дубана Балбан чапса, Шалпаңды Календер Балбан чабат. Пош-пош деп чапчу экен. Шалпаңды Орозалиси бага албай, Кара-Көлгө Жолчубайга берет. Ал да бага албай жүрүп жүрүп, Тезекбай алат. Акматалиев Тезекбай аттын кадырына жетип көптөгөн соорундарга ээ болот.

Карагер Шалпаң менен тең таймашкан Эрматов Нурматтын аты. Кызыл-Айдын, Сейдикумдагы Ө. Атабекованын атынын балдары.

Көк ат – Манасов Тагайдын аты. Адамча сүйлөбөгөнү болбосо, айбандардын эң жоошу жана акылдуусу эле. Эңишке өтө элпек, улак чапканда өтө каардуу болчу. Мектепте окуп жүргөн кезимде өзүм жетелеп сугарып, алдына чөп салар элем. Түнкүсүн көк аттын үйү жарык болуп турар эле. Көк аттын үйү жарык болуп турат, эмне үчүн десем, апам шам жагып койгонбуз, жарыкта уктасын деп коёр эле.

Чын-төгүнүн ким билсин, балким Кызыр алейки саламдын дубасы тийип кулагына шам күйүп тургандыр. Манасов Тагайдын эл оозунда ушул убакка чейин айтылып жүргөн Көк аттын

атасы Дакандын баласы Көк аттын баласы, Мамытов Бердикулдун Тору аты. Ошондой эле Калдардын Боз аты дагы элдин эсинде сакталуу. Бегматов Миташ чапкан Калдардын Боз аты элдин эсинде сакталуу.

***

Кунназар баатырдын (мундуз уруусунан) өзүнүн туусу болгон. Баатыр 14 жашында жолборсту минген дешет. Азыркы Базар-Коргон районундагы Акман айылына жакын Караңгы-Колот деген жерде төрөлүп, кийин Кой-Ташка көчүп келишкен. Кунназар баатыр апасына өзгөчө сыйлачу экен, ак өргөө көтөрүп берген, апасына кара кочкордун куйрук майына аш демдетип сыйлачу экен.

Неберелерин чыбыктын учун тийгизип эркелетчү, анткени ал кишинин «көзү бар эле» дешет. Алдына анча-мынча адам даап келе алчу эмес экен. Келиндери намаз окуп жатканда кыргыз үйдүн сыртынан карашчу имиш. Сузак районуна караштуу Ачы айылынын тургуну Пусурманкул ажынын байбичеси Бөпөндүн тайенеси – Айымкан Кунназар баатырдын карындашы болгон (жээн карындашы болгон экен). Пусурманкул ажынын атасы Жээнбектин апасы Алайдан, Ош жактан Адигине урусунан (азыркы Ак-Таш деген айылдан болгон). Курбанбүнүн чоң энеси да ошол жерден болот. Курбанбүнүн чоң аталары:

Карга – Кунназар батыр – Шадыбек – Төрөгелди – Эшен – Эшенден – Алиш, Туку, Курманбү.

Курбанбүнүн балдары: Тотукан, Бообек, Болот, Токтоназардын (Байбарак) таятасы – Эшен. Ал Кунназар баатырдын чебереси. Куррбанбүнүн чоң энеси Алтынай хан тукуму Миңдуулат уруусунан, хан Кубатбектин урпагы.

Хан Кубатбек Ноокен районуна караштуу Кызыл-Жылдыз айылынан, миңдуулат уруусунан болот, Кубатбектин Кызыл-Ойдо, Кызыл-Суу автоном областында (кытайда) мунарасы бар.

Хан Кубатбек – Авриелде – Сүйүндүк – Баймурза – Үмөт - Керимбек, Алтынай, Керимбектен – Алтынбү, Арзи, Табып. Алтынбүдөн – Советбек. Арзиден – Исмамат. Алтынайдан – Нуру, Шери, Кудайберди. Нурудан – Тотукан, Бообек, Токтотоназар,

Болот. Алтынай хан Кубатбектин эбереси. Ал эми Нуру Шери ыбырасы болот.

***

Жолборс казы кырк бир жыл казылык кылган. Анын Жаныбек казы менен туугандык жагы бар. Кош-Коргондо Али ажы небереле-ри Төрөгул болуштун балдары Акматбек, Авазбекке сүннөт той берип, ага Жаныбек казы келген дешет.

Али ажы оң, солду, ичкиликтерди чакырган. Үч күн конок кылып, бир күндүгүн эл көтөрүп, эки күндүгүн Али ажы өзү көтөрөт. Тойго Конокко уруусунан чыккан Эгемберди болуш бийлик кылат, эл кара таандай көп келет. Жаныбек казы элди кандай батырар экен деп сынайт. Эгемберди болуш айыл башчыларын чакырып, заматта бөлүп жиберет. Ошондо Жаныбек казы: «Тиги бийиңер кимдин баласы?»,- деп сурайт. Эл Жабагынын дешет. - Оо, аттын баласы болгондо,- деп койгон дейт. Жолборс казынын ишмердигин Омор Сороновдун китебинен жарыяладык:

Эгемберди болуш революцияга чейин да, революциядан кийин да болуш болгон. Жогорудагы айтылган тойдо элди катарга тургузуп жатып, тескей тоодон келген Сары болуштун атынын башына Эгемберди болуштун камчысы тийип кетет. Сары болуш «атымды башка чапты» деп теригип жөнөп калат. Эгемберди болуш алдынан тосуп, «Болуштун болуштай аты болот, болуштай заты болот, айыбыбыз болсо кечириңиз» деп кайтарып келет. Көрсө, Сары болуш жупуну сары жорго ат минип келген экен. Сөзгө жыгылган Сары болуш кайра келип конок болгон дейт. Ошондо Төөтилекеге дасторкон жайып, Кош-Коргондон жорго минген балдар аш тарткан экен. Жолборс Казы 1926-жылы 85 жашында дүйнөдөн өткөн.

АЙКАН БОЛУШ

• Субанова Айкан Шыбанай кызы Кара-Алмадагы Чоткара мергендин эжеси. Революциядан кийин Уркуя Салиевага окшоп, эл башы болгон. Конторасы Беш-Кыштакта (Чкалов) болгон, секретары Жолчубаев Өзгөн. Москвага делегаттыкка шайланып,

кош бойлуу болгону үчүн бара албай калган. Ошол убакта Сарысакал тобунун жашаган жери Акман айыл өкмөтүнүн Көлмө деген жери болгон. Айкан болуш элди Көлмөдөн Кайнарга көчүрүп келиптир.

• Кушбак болуш Акылбек уруусунан болот, Үч-Терекке болуш болгон.

• Төрөкул болуш Али ажынын баласы. Акылбек уруусунан. Соку-Таш айылында басмачыларды алдап кармаганда кор башы катары айдалып кеткен.

***

• Адил хан (уруусу мундуз) 443-447-448 жылдары Чыгыш Римге 451 жылы Грецияга 452 жылы Италияга жортуул жасаган.

• Борбордук Америкада жашоочу майя эли биздин заманга чейинки 822-820-жылдары кытай кысымында Кошон кысыгы аркылуу Америкага өтүп кеткен. (Орозбек Айтымбетов).

• 1876-жылдары көтөрүлүшкө жетекчилик кылган Мамыр Мерген уулу 35 жашында Анжиянда дарга асылган.

• Максат миң башы Базаркоргондук мундуз болгон. Ал жөнүндө Молдо Нияз жазган.

• Абдишарип Тургунбай уулу 1990 жылы Ысык-Колдун Ак-Төбө айылында өткөрүлгөн санжырачылар сынактын жеңүүчүсү.

***

Адамдын сээрине сайып сүйлөгөн сөзөмөл, өтө зирек, чукугандай сөз тапкан, сезимтал адамдар элдин арасында саналуу гана болсо керек. Айтканы айткандай, дегени дегендей көз ачыктык жайлары да бар адамдар бири-бири менен беттешкенде, алардан эч кандай сөз качып кутулбаса керек. Мына ушундай адамдардын бири Ачы өрөөнүнүн Алмалуу-Булак айылында жашаган Шадыкандын чоң атасы «Кудаке кер какшык».

Экинчиси Базар-Коргондо жашаган Мавлян «кер какшык». Илгери адамдар 40 жаштан өткөндөн кийин сакал, мурут коюшуп, сырттан келген адамдарга чоң эле аксакалдардай көрүнөр

эле. Алмалуу-Булак айылынын тургуну Кудаке 50 жаштарга барып калган адам экен.

Сөздөн сөз чыгып отуруп Мавлян кер какшык: «Сен, Кудаке, карыганыңды билбей кыз алам дейт экенсиң, жөн эле жатпайсыңбы,- дегенде Кудаке:

«Сен менден мурда өлөсүң, буга толук көзүм жетип турат. Сен өлгөндө балдарың кара кашка атыңды жаназага коюшат, Жолборс казы жаназа өтүп, «Алың аба» дейт. Мен ошондо үйүмдөн чыкпай олтурам,- деп көзү ачык адамдай сүйлөгөн экен. Ошондон көп өтпөй эле Мавлян текебер каза болуп, кара кашка күлүк Кудаке кер какшыкка тийип, үйүндө эки жакка чыкпай отуруп калган дешет.

Мавлян «кер какшыктын» кыз алам деген оюнда бар экен дегенин төркүнү да бир эле. Кудаке кер какшык Көтөрмөдөн кыз алмай болуп барып калат. Албетте, жалгыз эмес жоро-жолдоштору, жеңелери менен.

Көтөрмөгө барып мейманчылыкта отурганда, жеңелери Кудакени сынамак болушуп, аттын басмайылын бошотуп, сыртка чыкканда «Күйөө бала атыңызга мингизип, сизди ат үстүндө көргүбүз келип турат» деп суранышат. Куу Кудаке аттын бели бош экенин билип жеңилирээк кийими менен сыртка чыгып, үзөңгүнү тээп минбестен, аттын жалын бекем кармап, ээр каштын соорусуна түздөп басып, минип кеткен экен. Бул биринчи сыноо эле.

Экинчи сыноо жүгөрүнү ысык кууруп келип Кудакенин алдына коюп: «Жеңиз күйөө бала» дегенде кочуштап алып, чайнабай акырындан жута берип түгөткөн экен.

Үчүнчү сыноо тарамыштуу этти алдына койгондо бычагы менен жука тилип, шилекейлеп жутуп, чайнабай эле жеген экен.

Төртүнчү сыноосу кызды сыртка алып чыгып: Күйөө бала, атыңызды минип келип кызыбызды көтөрүп алың?,- дегенде Кудаке атынын басмайылын бекем тартып, атты кыздын жанына бастырып келип, бир колу менен көтөрүп аттын жалынына коюп жеңелерин карап: «Жакшы калыңыздар» деп бастырып кеткен экен.

Кудаке Күрөбөс жайлоонун Муз-Төрүн жайлоочу экен. Күндөрдүн бир күнүндө кар аралаш жамгыр жаап, Кунажын деген

жайлоодо көбүргөн аралап, жолдон ылдый качып бара жатканда эки үйүр жылкысы сыйгаланып аккан сууну бөгөп, тосуп калып үстүнөн суу агып жатканын көрүп :

«Көөнү келсе жоонуку

Көөнү келсе доонуку» -деп бөйрөгүнө колун коюп, карап турган адамдарга алалдап жегиле деп таштап кеткен экен.

Кийинки жылы өлбөй калган 10 байталы, 1 айгыры менен Чуңкур-Чакта Көл-Кайында жүрөт экен деген сөз угулат. Көрсө, мергенчилер 10 байталды утуру оттуу жерге айдап коюшуп, ачкачылыктан сактаган экен. Кийинки жылы үйрөнгөн жылкылар Муз-Төргө ээсинин колуна барат. 4-5 жыл катары менен өлүмү жок төл болуп, Кудакенин жылкысы көбөйгөн экен.

***

Кунназар Кокон хандыгынын куугунтугунан экинчи жолу Ак-Талаага качып барат. Бул сапар туугандары менен эмес, өзү эки тулпарын, мингич аттарын алып барат. Эки жылга жетип-жетпей Осумбектин чакыруусу менен өз элине кайтып келет. Өзү эле кайтып келбей Мамаке баатырды бала-чакасы менен көчүрүп келет. Кунназар кудалашкан досу Мамаке баатырды Жерголоттун оозуна жайгаштырган экен. Азыркы кезде Сатыбалды аке ээлеп отурган жер.

Мамаке баатырдан таркагандар: Дүйшөнкул бай – Сатар (Чөкү), Шайымкул, Ороз, Табылды, Баймурза, Биймурза, Ташмат (Соодагер).

Мамаке баатырдын тукумдары өзүлөрүнүн тириликтерине тың, бакубат жашоо өткөрүшүп келүүдө. Ата конушун өзгөртүшпөй турмуш улап келишүүдө. Канына тарап, бардыгы бир тиктеген адамдын көзү тойгудай чымыр денелүү, бойлору узун, кең далылуу адамдар.


***

Акылбектен – Атабай, Шадык, Чымын.
Шадыктан – Бообек – Байсейит, Жорупбек.
Байсейиттен – Стамбек, Жумабай, Таштанбек, Бектенбек.
Жумабайдан – Курбанкул, Көккөз, Нышанбай, Мырзали, Акылбек, Нурбай, Мамеди.
Курбанкулдан – Шергазы, Самсали.
Көккөздөн – Какы.
Нышанбайдан – Төрайым.
Мырзалиден – Апсатар, Райымбек, Алимбек, Расул.
Акылбектен – Кундуз, Зариш.
Нурбайдан – Казыбек.
Мамединден – Сарыбаш, Тагайбек.
Апсатардан – Кадырбек, Ысман, Эсен, Ороз, Надирбек.
Райымбайдан – Турдубек.
Расулдан – жок.
Алимбектен – Болуш, Пазыл, Эркебай.

Элдин эсинде болсо керек деп ойлойм. Белгилүү инсан Кыргызстандын алгачкы соту Зулум Жамашевдин таятасы Казакбай Райымкулдун баласы болгон. Казакбайдын уулу жок бир кызы бар эле. Зулум Жамашевдин кайненеси Арзи. Арзинин эки кызы болгон. Өктөм жана Зинакан. Өктөмү Зулумдун байбичеси. Зинакан эже Кайырмага Кашкарлык дегенге турмушка чыккан. Баласы областтык соттун төрагасы. Арзи белгилүү бий Мусакулдун кызы болгон. Маамат, Бекташ менен бир тууган.


Казакбай өз убагында кадыр-баркка ээ болгон киши эле.

"Атани патини тат" деп неберелерине, досторуна, келин-кезектерине кичине ачуусу келгенде сүйлөп ийчү экен. Бул сөздүн кандай маани берээрин эч ким түшүнбөйт.


Акылбек
Атабай
Шадык
Чымын
Бообек
Байсеид
Жорупбек
Стамбек
Таштанбек
Бекменбек
Акматаалы
Карабек
Райимкул
Карим
Мусакул
Бегимкул
Жапаркул
Абдыкадыр
Көчөр
Төрөбек
Бекташ
Ташполот
Дадан
Мамат
Сыдык
Сүйөркул
Дооронбек
Исраил
Сүйүнбек
Муслим
Капарбек
Надирбек
Кутман
Куралбек
Мелис
Жусупахмат
Тайырбек
Нурбек
Нурдин
Чыңгыз
Кубанычбек
Темирбек
Жоомарт
Тилек


Райимкул
Аманкул
Чал
Ажы
Казакбай
Садык
Абдыразак
Аркалык


Жапаркул
Шадыкан
Борбу
Акан
Адилбек
Эрмат
Камчы
Буржубай
Акбар
Аким
Маташ


Карим
Назар
Темирбай
Жолчубай
Боробай
Рамаш
Авазбек
Рысбек
Турдубек
Каныбек
Шамши
Жалал
Эркин

Эгемберди болуш Базар-Коргондогу мечитте жума намазын окуп жатып саждага башы тийген боюнча жан берет. Жасатын ошол жердеги жалпы жамаат жашаган жери Кош-Коргонго алып келишип, ариетин жасашып, жол боюндагы чоң мазарга коюшат. Эгемберди болуштун минген аты – Бозжоргонун үстүнө кара жаап, кара туу сайышып, туулган жери Ачыны көздөй бет алышат. Аларды Акмандын эли тосуп алып, ыйлап-сыктап, кошок кошуп, Көлмөгө узатышат. Көлмөлүктөр сарыталаалыктарга өткөрүшөт, кыскасы, жол боюнда канча айыл болсо, ошонун баары урматын жасап, Ак-Терекке алып келишет. Эгемберди болуш өткөндөн кийин тез эле ашы берилет. Кара-Сарык деген жерге боз үйлөрдү тиктирип, үй ичинде кыз-кыркындары кошок кошот. Акман менен Ачынын эли бир кишидей тике турушуп, конок камын көрө башташат. Үч күнгө болжолдонгон аштын жалпы чыгымын эл өзү көтөргөн экен. Ошол ашта Чыйбыл болуш жана башка каадалуу меймандар кыздардын кошогун үйдүн кырчоосун ачтырып ийип угушкан дешет.


Атам өлсө Тартак бар,
Ою жерде калбаска.
Атан өлсө тайлак бар,
Кому жерде калбаска.

Түшүмдү туура сүргүдөй,
Душманың беле датка атам.
Капшытым кайра түргүдөй,
Калмагың беле датка атам, - деген кошок ошондо айтылган дешет.

Эгемберди болуштун ашы үч күнгө созулуп, тынч өткөн мааракe болот. Эңиш-күрөш, аламан, байге сыяктуу тамашалар да болот Калынын зайыбы Каракыздын үч күн бою элди ыйлата кошкон кошогуна туугандары бир ат бериптир.

Эгемберди болуш өлгөндөн кийин Машинин атасы Сары Жолдош 1928-30-жылдарда Кушбак болуш жана анын балдарынын жардамы менен төмөн жактан (Анжиян тараптан) төөгө кыш жүктөтүп келип, Акмандын мүрзөсүнө (Азыркы чоң жолдун боюна) күмбөз курдурат. Сары Жолдош өз учурунда Эгемберди болуштун жан жигити болгон экен. Акмандын тургуну Калмур-

за абабыз да тикесинен тик туруп кол кабыш кылат. Ал күмбөз Коммунисттик партиянын учурунда бузулуп, ордуна пахта кургатуучу жай салышат. 2009-жылы Эгемберди болуштун күмбөзү кайрадан тургузулуп, тууган-уруктары катмы куран окутушкан.



Кара-Көлгө, Спасовкага, Благовещенкага орустар келип, отурукташа баштаган учурда Эгемберди алардан коркпостон достошуп, үрп-адаттарын үйрөнүп, жакшы мамиледе болуп жүргөн. Орус тилин өздөштүрүп, талаа-түздө орустар менен орусча ырларды ырдап, көп өтпөй Ачыга староста болуп дайындалат. Анын уюштуруу жөндөмү кыргыздар тургай орустарды таң калтырган. Кайсы жерде болбосун айтканы айткандай, дегени дегендей болор эле. Алыскы Сибирге карагай кыркканы жиберилген кыргыздардан чиркейге таланып өлгөндөр көп болуп кеткендиктен, кийинки эки жылда орустар өздөрү кетишет да, талаага буудай эгүү, аны оруп-жыйноо сыяктуу иштер Эгемберди өз колуна алып, бир дагы орустун аялына орок карматтырбай түшүмүн ордуруп, тазалатып, үй-үйлөрүнө түшүртүп берет. Болуш шайлоо учурунда эл бир да сөз кошпой, ал тургай орустар да колдошуп, бир добуштан шайланган. Орустардын бийлигин жер-жерлерде орнотуп, орус активдерин шайлаган учурларда жергиликтүү, ичтен чыккан терс ойдогу адамдар активдерди да, орустарды да өлтүрө башташкан. Ошондон ич ара тирешүү күч алып, орустар Базар-Коргон, Сузак, Орто Азия, Октябрскиде элди күнөөсү, бар-жогуна карабастан чекеден ата баштаган. Колго түшкөн кары-жаштарын атууга даярдап жатканда Эгемберди болушка кабар жетип, ал орустар менен сүйлөшүп, отузга жакын адамды өлүмдөн алып келген экен. Кийин басмачылар чыкканда төртүнчүлөргө кошулуп, аларга каршы күрөшкөн.

Базар-Коргонго чоң мечит, медресе салдырган. Ал жерден көп талапкер адамдар таалим алышкан. Окуучуларга бекер тамак-аш уюштурулуп, идиш-аяк, төшөнчү орун менен камсыздалган. Мечиттин чыгымын Эгемберди болуш өзү көтөргөн, бирок менин атымдан эмес, элдин мечити деп атагыла катуу талап койгон дешет. Ошондон улам аны Мусулман мечити деп аташкан.

Акман айылынын Кош-Коргон деген жеринде Эгемберди болуштун эки кабат, ак тунуке менен жабылган, айланасы коргондолгон үйү болгон экен. 1949-50-жылдары мамлекеттин колу жука мезгилде ошол үйдү бузушуп, Жараке айылына салынып жаткан мектептин үстүн жаптырышкан. 1985-жылы мамлекет кубаттуу болуп турганда башка мектеп салынды.

Эгемберди болуштан тарагандар:

Биринчи аялы Гүлсанадан – Тартак, Майдачач. Майдачачтан – Султанайым, Тургунайым. Экинчи аялы Айымкыздан – Алима, Умсунай, Айжаңыл. Умсунай Төрөбек болуштун уулу Абдыкапардын жубайы, Алима – Төрөбек болуштун уулу Абдыжапардын аялы болот. Үчүнчү аялы Салиядан – Ажам.

Эгембердинин ошол Ажам деген кызы 1949-жылы Ачы районуна прокурор, милициянын начальниги болуп келген, Касымалы Баялинов деген жазуучунун тууганы Самсалиев Карасартка турмушка чыгат. Андан – Самсалиев Асан - Өзгөндө прокурордун жардамчысы болуп иштеп туруп, оорудан дүйнөдөн кайтат, Артында эки кызы калат.

Самсалиев Үсөн – Жалал-Абадда турат.

Самсалиев Райымбек – Жалал-Абадда.

Самсалиева Тамара – Сузакта, райЗАГСта иштеген.

Самсалиев Малик – Бишкекте, салык полициясында, Жалал-Абадда иштеген.

Самсалиев Таалай – Октябрскийде турат, бизнесмен.

Эгемберди болуш өлгөндөн кийин уулу Тартакты басмачылар кармап алышып, «Сенин атаң орустарга кошулуп, бизге каршы чыгып, Ташкенден курал алып келип, бизди атты. Атаңдан ала албай калган өчүбүздү сенден алабыз»,- дешип Үч-Эмчек менен Кара-Дарыянын ортосундагы белде өлтүрүп кетишет. Өлүгүн туугандары алып келишип, атасынын жанына койгон дешет.

***

Бобектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш, Жалкамыш. Жалгамыштан – Темир.Темирден – Жумабай, Жумагүл, Кыпчакбай. Жумабайдан – Эгемберди, Борбуке. Эгембердиден – Калдар, Калык. Калыктан – Мактым, Кишим. Борбукеден Ташболот, Балташ, Тешебай. Ташболоттон – Замирбек, Заирбек, Максатбек. Балташтан – Байдылда, Бакыт, Мара. Тешебайдан – Чынара, Динара, Гуля, Барчын, Элмира. Жумагүлдөн – Айдараалы, Адиш. Айдаралидан – Аскар, Бадат, Казы. Адиштен – Молдобай, Үрайим. Молдобайдан – Жээнбек, Карим. Үрайим-

ден – Келдибек, Нурбек, Камчыбек. Келдибектен – Кайрат, Мырзабек, Асилбек. Кыпчакбайдан – Бечел, Чоно, Молдокара, Жолборс, Амира. Бечелден – Адалат, Токтоайым. Чонодон – Гүлстан, Нази Нурали. Молдокарадан – Төрөайым, Сатал. Жолборстон – Жаныш- Совет.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Маматтан – Кошой, Термечик, Кудайберди, Асран, Жусуп.

Кудайбердиден – Атамкул, Пиримкул, Раимкул. Пиримкулдан – Сыдык, Орозо, Акматбай, Абдилла. Сыдыктан – Төрөбай, Турганбай, Абдикарим, Казыбек, Мамат. Төрөбайдан – Мырзакул, Асанбек, Качкынбай, Арапбай, Амангелди, Бөрүбай. Турганбайдан – жок. Абдыкеримден – жок. Казыбектен – Жаанбай. Маматтан – Мырзабай, Манапбай, Манас. Орозодон – Атали. Аталиден _ багышбек, Баатырбек, Умарбек, Асилбек, Аданбек

Акматбайдан – Атамурза, Абды жапар.

Абдилладан – Арзыбек.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Мамдинден – Темир, Кожомберди, Тойгон. Тойгондон – Акназар, Байжан, Жабагы, Боронбай. Жабагыдан – Айтикул, Ороз, Эгемберди. Айтикулдан – Арыкбай. Арыкбайдан – Шакирбек, Сатыбалды.

Ороздон – Алтынчач, Мырза, Көкө, Эшмат, Эмилбек, Жамбы, Дурусбек, Манап, Өктөм

Эгембердиден – Алима, Умсунай, Жаңылай, Ажам, Тартак, Майдачач, Султанайым, Турсунайым

Көкөдөн – Күрүчбек, Маша.

Күрүчбектен – Бабаш, Тобокел, Кожо, Садринбек, Камчыбек.

Машадан – Кадырбек, Ален.

Эшматтан – Карамат.
Эмилбектен – Байыш, Жаныш, Кочкорбай.
Манаптан – Абдраим, Ашим.
Боронбайдан – Адин. Адинден – Акимбек.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Мамадинден – Темир, Кожомберди, Тойгон. Тойгондон – Акназар, Байжан, Жабагы, Боронбай. Жабагыдан – Айтикул, Ороз, Эгемберди, Осмон, Атчабар.
Осмондон – Тоголок, Искендер. Тоголоктон – Качкынбай, Кочкорбай, Рысбек, Паратали.
Искендерден – Маман. Мамандан – Максат, Кубаныч, Рысбек, Нурик.
Атчабардан – Калы, Калыдан – Төрөгүл, Төрөмамат, Идаң (Абдылла)
Төрөгулдан – Бакыт, Канат, Нурик, Мукан.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Маматтан – Кошой, Термечик, Кудайберди, Асран, Жусуп.
Кудайбердиден – Атамкул, Пиримкул, Раимкул. Раимкулдан – Түрк, Сарт, Калык. Калыктан – Сатыбалды, Кубаныч, Асан, Үсөн, Кенжебай.
Сатыбалдыдан – Олжобай, Чолпонбай, Бактыбай.
Кубанычтан – Кумар, Кыял.
Үсөндөн – Байгазы, Нургазы.
Кенжебайдан – Кудайберди.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Мамдинден – Темир, Кожомберди, Тойгон. Тойгондон – Акназар, Байжан, Жабагы, Боронбай.

Байжандан – 1-аялдан: Сатыбалды, Айдар, Жума. 2-аялдан: Бек, Жунус, Эшмат. Сатыбалдыдан – Ормош, Бекей, Жоро.

Ормоштон – Төрөбек, Төрөбектен – Баракан, Батыркан, Тайтокур. Баракандан – Токтогул, Турдукул. Батыркандан – Улак, Марат. Тайтокурдан (Кочон) – Замир, Жеңиш. Токтогулдан – Мухаммед, Жакшылык, Абдишүкүр.

Турдукулдан – 3 кыз.

Уландан – Бектен, Сапарбай, Алишер, Хамид.

Мараттан – Бактыбек, Замирден – Рамазан.

***

Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Маматтан – Кошой, Термечик, Кудайберди, Асран, Жусуп.

Асрандан – Абдрахман. Абдрахмандан – Нурбай, Нуржан. Нуржандан Акматали, Айтали. Акматалиден – Тезекбай, Үркүнбай. Нуржандан – Досу. Досудан – Казы, Самат.

Тезекбайдан – Жумакан, Мелис, Курманбү, Талант, Жеңиш, Жылдыз, Рахат.

Үркүнбайдан – Асилкан, Гүлнур.

Казыдан – Дубана, Мазаң.

Саматтан – Сулайман, Муктар.

***

Эл оозунда эки замандын болушу болгон деп даңгазаланып айтылып жүргөн Эгемберди болуш 1853-жылы 20-июль күнү Чуңкурчак деген жайлоодо бай оокаттуу үй-бүлөдө туулат. Он жашка чыкканда атасы Маргаланга алып барып дин окуусуна окутат. Беш жыл окуп келгенден кийин 15 жаштан 25 жашка

чейин Акман менен Ачынын бий болуштары менен кошо иштешип, билиминин өркүндөтөт. 1878-жылы Кудаярхандын буйругу менен декабрь айында болуш болуп шайланат. 1898-жылга чейин Акман, Ачы өрөөнүндө болуш болуп иштейт. 1899-жылы кайрадан болуштукка шайланып, өмүрүнүн акырына чейин болуш болуп өткөн. 1928-жылы өзү салдырган мечитте 20-декабрь күнү саждага чекесин коюп, шам намазын окуп жатып жан берет экен.

***

Кыладан чыккан Аман чоң чеңгел басмачы «Эгемберди болуш отрядга өтүп кетти, Ташкенден орус мылтык алып келиптир» деп угуп, аны өлтүрмөк болуп Коргон-Жарга келет. Эгемберди болуш ошол учурда Коргон-Жарда Карабай дегендин үйүндө экенин да билет, себеби Карабай Эгемберди болуштун кайнатасы эле.

Калкка барсаң Карабай,
Кара өйүздө Танабай.
Өйүз жакта Болбур бар,

Этек жактар Шолбур бар, - демекчи, ошол учурда Саяктардан ушул төрт адам колунда бар март адамдар болгон экен. Келип калган басмачыларга Карабай ортого түшүп, «Муну атканча, мени ат, мунун аркасында канча мундуз турат, эртең келип айылды чаап кетет»,- деп жандалбас кылып турганда Ак-Терекке кабар жетет, басмачыларга билгизбей Карабай тымызын чабарман жиберип ийген экен. Кабар жеткен соң, Мырза, Карагул, Орунбай, Боронбай сыяктуу адамдар жетип барып ажыратып алышат. Ороз үнү бийик адам экен, Жаракенин маңдайынан кыйкырганда доошу Ак-Терекке, Карагулга угулчу дешет. Боз үйдүн алдында турган эки жигитти Карагул менен Мырза чапчып ыргытып, үйдүн ичине кирип барып, Аман чоң чеңгелдин этегин баса олтурат. Карабай менин үйүмдө кан чыгарбагыла деп өтүнүп, Эгемберди кайнатасынын тилин алып, Аманды бошотуп жиберет. Беркилер Эгемберди болушту тирүү алып калышканына сүйүнүп Ак-Терекке келе беришет. Карабай Аман чоң чеңгелди «Таш-Көпүрөгө салсаң мундуздардын колуна өзүң түшүп бересиң, Жай-Терек менен кетсең жаның калар», - деп жол көрсөтүп узатат.

Эгемберди Калмурза, Карагул, Орунбай, Мырзалар менен бирдикте Ташкенге барып, кыргыз жигиттеринен куралган отряд курап, аларга деп 100 мылтык алып келет. Бул окуя, албетте, Октябрь революциясынан кийин болгон. Ачынын ичине, Шатырак, Соку-Таштын түз жерлерине буудай эктирип, түшүм бышайын деп калган кезде Эгембердинин ордуна Төрөгул болуш болот. Эгемберди болуштун Умсунай деген кызын Төрөгулдун баласы Абдыгапар алып, экөө куда эле. Төрөгул болуш орустар менен иши болбой, буудайды да карабай коёт. Эгемберди элди уюштуруп, эгилген буудайды ордуруп, тазалап, ар бир орустун үйүнө түшүртүп берет. Ошол эле жылы орустар уезддин башчысына чейин даттанышып, эл да колдоп, Эгемберди кайра болуш болот. Ошентип Төрөгул бир ай чамалуу гана убакыт болуш болгон экен.

***

Батырбек кор башы Анжиянга камала элек кезинде өз инисин Эгемберди болушка жөнөтүп, мага карай аттанганда артынан атып салгыла деп тапшырма берет. Эгемберди болуш атка мингенде Батырбек корбашынын иниси болбой жатып учкашып алат, Батырбектин жигиттери андан жазганып, Эгембердини ата албай коюшат, иниси ага мүмкүндүк бербей коёт. Сүйлөшүп кайра тарткандан кийин Батырбек корбашы инисин урушуп, -Эмне үчүн менин айтканымды аткарбадың,- деп жемелейт. Анда иниси: Эгембердини атканың - жалпы мундуз уруусуна каршы чыкканың болот. Түптүү элдин кусуру урат»,- деген экен.

Ошондон көп өтпөй Батырбек кор башы камалат, муну уккан Эгемберди болуш барып чыгарып алып, отряд менен жараштырайын деп камынат. Аны уккандар: «Сен эмне жинди болдуңбу, өзүңдү өлтүрөм деп жүргөн кишини бошотуп келем дейсиң,- деп таң калышат. Аны чыгара албасам, ансыз деле түрмөдө чирийт, а кокус чыгарып алсам, ал мени көргөн сайын өлөт»,- деген экен.

Кийин көп дүнүйө сарп кылып Батырбек корбашыны түрмөдөн чыгарып келген дешет.

***

Алдосбайдан – Бообек. Бообектен – Эшпер, Манас. Эшперден – Ботобай, Дөөлөт. Манастан – Акылбек, Казыбек, Өмүрбек. Өмүрбектен – Балкамыш. Балкамыштан – Мамадин, Мамат. Маматтан – Кошой, Термечик, Кудайберди, Асран, Жусуп.


Термечиктен – Шааке, Мааке. Шаакенинин 1-аялынан – Жакып, Шыдыр, Кадыр, Матан, Кулет. 2-аялынан – Мамат, Исман, Иманкул, Осмон, Бүзейнеп, Кенжекан.

Шаакеев Кадыр орозо айында, Кадыр түн убагында, короз кыйкырып калган маалда, таңга маал төрөлгөн экен. Төрөлгөндө эле анын жонунда жалы бар экен. Эр жеткенде, эч кимден жыгылбай, эңилбей жүргөн дешет. Колунда бар Шааке тогуз уулун тең үйлөндүрүп, ар бирине үй көтөрүп берет.

Кадырдын күчү ашып-ташып элге тааныла баштаган маалда салмагы 140 кг келген торпок улакты жерден көтөрүп атына салып кетчү дешет. Жыйырма беш жашынан эл башкарып, Абдрахман, Сактан, Султан, Сарык бий – беш атанын башчысы болгон экен. 1912-жылы Бөзаш деген кызды алат, андан Абдразак (1914-ж), Бермет (1917-ж), Токон (1920-ж) деген бала көрөт. 1923-жылы туулган уулу 3 жашында чарчап калат. Андан кийин Алман (1926-ж), Кошой (1929-ж) деген уулдарды көрөт.

Кадыр палван 1930-жылы Кара-Ингенде дүйнөдөн өтүп, туугандарына «Жыл өткөрбөй ашымды бергиле», - деп кеңеш берген экен.

***



Сабырбек Жамалдинов 1948-жылы Базар-Коргон районуна караштуу Акман айылында туулган. Төртүнчү класс гана билими бар. Жыйырма жылдан ашуун Карл Маркс колхозунун коюн баккан. Слесарь болуп да иштеген. Кыркым учурунда жөндөөчү (наладчик) болгон. Колунан көөрү төгүлгөн уста. Кийим тиккен, сүт тарткан машиналарды оңдой билет. Камчы, жүгөн өрүп, ат жабдыктарынын баарын жасай алат. Бардык балдарына өз колу менен үй куруп берген, Ремонт иштерин да өзү бүтүрөт. Зергерчилик өнөрү да бар. Азыркы учурда ардактуу эс алууда. Адылбек, Надирбек, Айдай, Сапа болуп беш бир тууган. Өзүнүн беш уул, үч кызы бар. Небереле ри – 24. Жер көчкү түшкөн жерлерди оңдоп-түзөп, бак дарак отургузуп, гүлзарга айландырып койгон. Жайкысын эс ала турган ошол жайга бала-чакасы менен барып эс алып турат.

Чын, төгүнүн билбедим,
Чыны-Булак жериңдин.
Алтынданбы жолдоруң,
Акылдуу ата экенсиң.

Кызыгып көпкө эстедим,
Кызыл деген жериңдин.
Күмүштөнбү жолдоруң,
Кайраттуу ата экенсиң.

Жолдуу ата Сабырбек,
Жамалдин менин атам деп.
Жети атасын так билет,
Жактырып баары жүрүшөт.

Аркасын элге салбады,
Ардактуу өмүр улады.
Багында жүрөт бейиштин,
Бир айыл болуп балдары.

Жанынан Зуура кетпеди,
Жаратып дайым бейишти.
Жолдошум таза жүрсүн деп,
Жолуна суу септирди.

Көтөрүп четин таякты,
Койчу болуп кой бакты.
Күрөбөс жерин мекендеп,
Күнүгө олжо таратты.

Сүйүндүрүп айылды,
Суудан жарык чыгарды.
Суктанып турду баарысы,
Сүрөттөй албай жагдайды.

Колунан көөрү төгүлдү,
Кайышты ийлеп сүйлөттү.
Катуудан темир баш ийип,
Коркконунан бүгүлдү.



Китептин автору
Жеңиш Тагаев жана
Сабырбек Жамалдинов.

Казыбектен – Сарымат, Кудайменде, Көкөн.
Кудаймендеден – Пирназар, Эрназар, Мурат.
Мураттан – Мусурманкул, Иманкул, Жайчибек.
Сарыматтан – Акчал, Бекчал.
Акчалдан – Түркө, Кыркы, Асан.
Көкөндөн – Сүйөр, Байчек, Чымын, Чүрөк.
Пирназардан – Атакесопу, Тилекабыл.
Иманкулдан – Сыдык ажы.
Сыдык ажыдан – Молдо Айти, Али, Абдрахман, Акыбай, Касым, Муса, Ысса.
Молдо Айтиден – Омор, Мурат, Абдыбап, Абдыкадыр, Нурумбет.
Алиден – Ажымат. Ажыматтан – Нурдин. Нурдинден – Садыкбай, Кубаныч, Калибек.
Садыкбайдан – Талгат.
Кубанычтан – Нурлан, Мирлан.
Калыбектен – Бердибек, Бактыбек.
Абдырахмандан – Саламат.
Акыбайдан – Арзыбек – Бакыт, Бахтыяр, Элдияр, Медияр, Жолдубай.
Касымдан – жок.
Мусадан – Калил – Зулумбек, Уралбек, Жумаш.
Ысадан – Ташмамат, Нурмамат, Эрмамат, Шарабидин.
Ташмаматтан – Шумкар, Куштар, Эркин.
Нурмаматтан – Тагайбек, Алтынбек, Айдар.
Алтынбектен – Билал.
Эрмаматтан – Улан, Темирлан, Дастан.
Шарабидинден – Манас, Төрөгелди, Айбек, Элмирбек, Женишбек.
Молдо Айтиден – Өмөркул, Мурат, Абдывап, Абдыкадыр, Нурумбет.
Өмөркулдан – Жалил – Багыш, Бакыт.
Мураттан – Назиржан, Ырысмамат.
Нурмаматтан – Ороз, Замир, Жаңыбай.
Абдыкадырдан – Мукаш, Заттарбек, Акматали, Нурлан, Эралы, Шералы, Манас, Бакыт.
Нурумбеттен – Осмон – Ысса.
Ысадан – Сулайман, Кудайберди, Абдыкаар, Тайыр, Тойчубек.

1. Атаке сопу
2. Карага Темир Ботокара
3. Эралы
4. Сурөн бий
5. Маамайкул Ысак
6. Абыл

Токтакун

Абдрахман
Абдикерим
Тойчубай
Алимбек
Садирбек
Кенже
Кыздар
Айчүрөк
Айзада

Үсөн

1 Табакал
2 Рысбек
Кыздар
Майрамкан
Мавлюдахан
Максудакан
Сафаргүл
Жанигүл

Кабыл

1 Жайлообек
2 Даткабек
3 Улукбек
4 Дүйшөбек
5 Келдибек
Кыздар
Насипа
Саадат
Сырга

Абыл тобу

Токтахун

1 Иляз
2 Майрамбек
Кыз-Роза

Иляз

Жок
Майрамбек
1 Алихан

Алимбек

1 Нурсултан
2 Баястан
3 Байыш
4 Жолдубек
Кыз
Айтурган
Сабина

Абдурахман

1 Мирлан
2 Улан
Кыздар
Ыкыбал
Азиза

Мирлан

Жок
Улан
Мухаммедали

Садирбек

1 Мусурманкул

Абдикерим

1 Азамат
Кыз
Кадича

Кенже

1 Мунарбек
2 Амантур
3 Элмурат
Кыз
Айкулун

Тойчубай

1 Тынарбек
2 Бакытбек
3Мармы

Кыздар
Нургүлайым
Айпери
Акбермет

→ Тынарбек
Билал

Үсөн тобу

Табакал

1 Даниэл
Кыз
Нуриза
Зейнеп

Рысбек

Кыз
Дамира

Кабыл тобу

Жайлообек

1 Азамат
2 Баяман
Кыз
Айгүл
Айпери

Даткабек

1 Сүйүнбек
2 Арген
3 Талант
Кыз
Мээримай

Улукбек


1 Байэл
2 Сыймык
Кыз
Эркинай
Күлиза

Дүйшөбек


1 Бектур
2 Темирлан
3 Айгерим


Келдибек
Кыз
Айбийке

Атакесопу тобу




Атакесопу күчүктөр ылакабы




Казыбек
Атакесопу
Ботокара
Карача
Темир
Абдыкадыр
Чоной
Атабай
Жапар
Молдош
Турдукул
Жусупбай
Матилла
Эралы
Жолонбай
Жуманазар
Раманкул
Бекей
Суранбай
Таласбай
Жусуп
Тиленчи
Аттокур
Какей
Кокон
Жумаш
Асан
Усон
Назар
Телкабыл
Кожомберди
Кудайберди
Танатар
Омуш
Тойчубек
Койчубек
Култай
Керимкул
Мамажусуп
Арстанбек
Эргеш
Разакул
Осмон
Тойгонбай
Маша
Сары
Акберди
Мадомор
Момбай
Бабакул
Матраим
Эрежеп
Малике
Акматкул
Раимкул
Жайчыбек
Сатылган
Кудайкул
Култай
Кара
Базаркул
Сайрамбай
Ысманбай
Кокобай
Чырмаш
Мурат
Мусулман
Садыкажы
Молдоайт
Казыбек
Сулайман
Кочкор
Манапбай
Абдыгапар
Толош

Казыбек уулунун Таласбайдын тобу



Кудайберди
Тойчу
Койчубек
Култай
Мамажусуп
Керимкул
Капар
Сыргабай
Кимали
Белек
Калмамат
Максат
Танатар
Таир
Акматали
Танарали
Аширбек
Омуш
Итикул
Апыш
Ибраим
Турдубай
Эсенали
Байыш
Гулпари
Алимбек
Шайдилла
Тунгатар
Кадар
Камбар
Айдар
Сейит
Жумали
Ысманали
Мамажан
Насир
Ашимбай
Айдын
Мондош
Насир
Маткапар
Шамил
Жамшит